66.5(2Ки)
К 35

Эл аралык Интербилим Борбору



# КӨП УЛУТТУУ КЫРГЫЗСТАН:

## *Бир мекен-баарыбызга энчиленген*

Кыргызстан, Бишкек
2013

Эл аралык Интербилим
Борбору

# КӨП УЛУТТУУ КЫРГЫЗСТАН:

## *Бир мекен-баарбызга энчиленген*

Кыргызстан, Бишкек
2013

УДК 323/324
ББК 66.5 (2Ки)
К 76

«Көп улуттуу Кыргызстан: бир Мекен- баарбызга энчиленген» китеби «Эл аралык Интербилим Борбору» тарабынан басылып чыкты. Авторлор жана түзгөндөр: Өмүракунова Асел менен Касыбеков Азамат. Кыргыз тилине которгон Касыбеков Үсөн.

«Эл аралык Интербилим Борбору» ПРООНдун тынчтык жана өнүгүү Програмасынын финансылык колдоо көргөзгөнү, Кыргызстан элдеринин Ассамблеясынын Коомдук бирикмесинин жеткечилигини маалымат жагынан көмөк көргөзгөнү үчүн ыраазычылын билдирет.

«Көп улуттуу Кыргызстан: бир Мекен- баарбызга энчиленген» китеби Кыргызстан элдеринин ар кыл өкүлдөрү жөнүндө, алардын көз караштары, баалуктары, түзүчүлүк ишке багыталган турмуш жана эмгек жолдору, профессионалдык тажирийбалары, өлкөнүн түрдүү тармактарынын өнүгүшүнө кошон салымдары жөнүндө баяндайт.

Китеп «Алтын Тамга» типографиясында басылган.
Тираж: 500 орусча жана 500 кыргызча тилде.

К 76 «Көп улуттуу Кыргызстан: бир Мекен- баарбызга энчиленген». Авторлор жана түзгөндөр: Өмүракунова Асел менен Касыбеков Азамат. -Б.: 2013.01.28.

ISBN 978-9967-08-386-8

М 0803010300-13
ISBN 978-9967-08-386-8

УДК 323/324
ББК 66.5 (2Ки)

© ОО «Эл аралык
Интербилим Борбору»
Бишкек 2013

# Мазмун

**Кириш сөз** .......... 5
**Китептин бөлүмү I /** *Элдин эсинде (сакталат)* .......... 7

**Фрунзе Михаил Васильевич (1885-1925)** *Кызыл командир* .......... 8
**Юдахин Константин Кузьмич (1890 – 1975)** *Атактуу тилчи* .......... 12
**Мануйлова Ольга Максимилиановна (1893-1984)** *Күмүш доордун мууну* .......... 16
**Шубин Петр Федорович (1894-1948)** *Кыргыз нотасынын патриархы* .......... 20
**Аммосов Максим (1897- 1938)** *Адам жана пароход* .......... 24
**Раухвергер Михаил Рафаилович (1901 - 1989)** *Кыргыз музыкасынын виртозу* .......... 29
**Владимир Георгиевич Фере (1902- 1971)** *Биринчи ачкан* .......... 33
**Чуйков Семен Афанасьевич (1902 – 1980)** *Кыргыз жергесинин айтылуу уулу* .......... 37
**Месарош Владислав (Ласло) Фердинандович (1905-1938)** *Биринчи скульптор* .......... 42
**Абдылас Малдыбаев (1906–1978)** *Кеминден чыккан асыл таш* .......... 46
**Нусов Владимир Ефимович (1908-1998)** *Шаарлардын курулушчусу* .......... 50
**Гапар Айтиев (1912-1984)** *Кыргыз живописинин аксакалы* .......... 55
**Абдуазизова Нурпаша Хусамбаевна (1914-1976)** *Педагогиканын темир ледиси* .......... 59
**Махмуд Эсамбаев (1924-2000)** *Бий даарыган жан дүйнө* .......... 63
**Ольга Мартиросова (1925–2010)** *Улуу даражалуу талант* .......... 67
**Бүбүсара Бейшеналиева (1926–1973)** *Балеттин баркырап жанган жылдызы* .......... 71
**Мирсаид Миррахимов (1927–2008)** *Жүрөктүн академиги* .......... 75
**Ивашко Мария Павловна (1928-2012)** *Тергөө ишинин чебери* .......... 80
**Алиев Якуб Идрисович (1929-1997)** *Жердин тиреги* .......... 85
**Могуев Симко Алиевич (1929–2006)** *Билимге канбаган талыкпастык* .......... 89
**Брудный Арон Абрамович (1932 - 2011)** *Кудай даарыган окумуштуу* .......... 94
**Толомуш Океев (1935-2001)** *Балалыктын асманы* .......... 98
**Видугирис Альгимантас Стасевич (1936- 2010)** *Фрунзеге чейинки жол* .......... 103
**Суйменкул Чокморов (1939-1992)** *Каармандыктын үлгүсү* .......... 108
**Бажан Борис Григорьевич (1939–2008)** *Председателдин үчүнчү мекени* .......... 113

**Китептин бөлүмү II /** ***Өлкөнүн гүлдөп өсүшү ар бирибиздин колубузда*** .......... **118**

**Гулчехра Валиулина** *Кубанычка бөлөгөн шыңгыр үн* .......... 119
**Талгат Бегелдинов** *Фрунзенин бүркүтү* .......... 123

**Клара Мечукаева** *Чалыкпаган изилдөөчү* ..... 126
**Шабан Шадманов** *Королдордун Королу* ..... 130
**Самарбүбү Токтакунова** *Кыргыз музыкасынын башатындагы адам* ..... 135
**Деркембаева Ирина (кыз кезиндеги фамилясы Атанова)** *Лирикалык сопрано* ..... 141
**Роберт Хасанович Уразгилдеев** *Кыргыз балетинин летописи* ..... 145
**Алиман Усупова** *Колунан көрү төгүлгөн уз* ..... 149
**Ли Николаевич Герон** *Баштыкчан даанышман* ..... 153
**Параскевопуло Екатерина Николаевна** *Понтостон Бишкеке чейинки узак жол* ..... 157
**Ялома Петр** *Спортко арналган өмүр* ..... 162
**Ланичек Алла Оттовна** *Интергельпонун кызы* ..... 166
**Юсуп Мусаев** *Коркунуч жана жемеси жок бомбардир* ..... 170
**Макеева Фатима Хусеиновна** *Фатиманын адабий казнасы* ..... 175
**Сабырбек Жумабеков** *Кудай даарыган хирург* ..... 180
**Аракелян Ольга Владимировна** *Жошоонун өзү ажайып* ..... 186
**Алафердов Акиф Кадырович** *Кыялын ишке ашырган өлкө* ..... 191
**Афонина Галина Федоровна** *Эненин жүрөгү* ..... 196
**Евгений Ваккер** *Жүрөгүм менен Кыргызстандыкмын* ..... 201
**Шелике Карла-Мария** *Кыргыз немкасы* ..... 206
**Тагиров Юсуф Ибрагимович** *Бишкектин апологети* ..... 211
**Мамутова Светлана Калиевна** *Кан менен пайда болгон мээримдүүлүк* ..... 216
**Александр Воинов** *Чемпиондордун жана жакшы адамдардын устаканасы* ..... 220
**Гулнара Каликова** *Бизнес-леди* ..... 224
**Раимжанов Абдухалим Раимжанович** *Арыстан жүрөк доктор* ..... 228
**Ким Татьяна Михайловна** *Жаңы бурулуш* ..... 233
**Каракетов Казим Мудалифович** *Балдын аристократы* ..... 238
**Алиев Магомед Жамалдинович** *Дагестандык башкарма* ..... 243
**Кутателадзе Геннадий Платонович** *Шаарлардын куруучусу* ..... 248
**Талгат Миррахимов** *Чебердин палитрасы* ..... 253
**Басаров Рамазан Бубаевич** *Алтын өрөөндүн иштерманы* ..... 258
**Мамасаидов Мухаммаджан Ташалиевич** *Айга кол жеткенде* ..... 262
**Слензак-Бегалиева Зенона** *Европа менен Азиянын башын кошуучусу* ..... 267
**Эрнесто Инаркиев** *Каисса кудайынын сүйгүнчүгү* ..... 271
**Үкой Мураталиева** *Нон-стоп режиминде* ..... 276

# Кириш сөз

*Урматтуу окурман!*

«Интербилим эл аралык борбору» (Интербилим борбору) коомдук бирикмеси Кыргызстандагы өкмөттүк эмес уюмдардын лидерлининн бири болуп саналат. Анын миссиясы демократиялык принциптерди жана демократиялык институттарды элге сиңирүү аркылуу Кыргызстанда эркин жана калыс коомдуу түзүүгө өбөлгө болуу.

Биз, Кыргызстандын атуулдары 80 ден ашык элден турган көп улутту өлкөдө жашайбыз. Кыргызстан өлкөсү маданий көп түзүүлүктүн модели болуп эсептелет. Ар түрдүү элдердин өкүлдөрүнүн иш-аракеттеринин жана түзүүчүлүк ишмердиктеринин шарапаты менен атуулдардын мүмкүндүгүн ачып берген жана өнүгүүсүнө өбөлгө болгон маданияттардын өз ара байуусу болуп өттү. Ал эми, бул болсо кезегинде коомдун жана мамилекеттин ар түрдүү тармактарында олуттуу ийгиликтерге жетишүүгө алып келе алды.

Азыркы кезде жашоонун өзөктүү талаптарынын бири биздин мекендин кайталанбастыгын, маданий карым-катыштарды, конфессионалдык бейпилдиктин жана гармонияны сактоо, рухий биримдикке умтулуу менен өлкөнүн улуттар аралык жалпылыгын сактоо аракеттерин колдоо болуп эсептелет. Маданияттын көп түрдүүлүгү менен элдин ар кыл адат-салттары коомдун онүгүшүнү огожом, ошону менен бирге жемиштүү өбөлгөсү болуп кызмат кылууда, ал эми элдерининин бири бирине болгон өз ара сый-урматы – өлкөнүн туруктуулугунун жана бейпилдигининин негизи.

«Интербилим» борборунун орноктүү максаттарынын бири жаш муундар үчүн атайы китеп сунуш кылуу болгон эле. Китепте өзөктүү факты материалдарынын негизинде Кыргызстандын элдерининин айрым көрүнүктүү өкүлдөрүнүн басып өткөн турмуш жолу жөнүндө жандуу жана ынамдуу түрдө баяндалат. Мына ошентип Сиздердин колуңуздарда «Көп улуттуу Кыргызстан: бир Мекен-баарбызга энчиленген» деген аталыштагы китеп турат. Сиздер китептен Кыргызстандын элдерининин чыгаан адамдарынын, уул-кыздарынын

биографиясы менен гана эмес, алардын дүйнө таанымы, турмуш баалуктары, өлкөгө кошкон салымдары, ошондой эле бүгүнкү күнү жана келечекте бардар жашоо үчүн бүтпөс күрөшүндөгү бүт өлкөнүн тамыр кагышына күбө боло аласыздар.

Китепте көптөгөн адамдардын үлгүлүү турмуш жолу – тарыхы, жашоо- тумушу менен талыкпас эмгектери чагылдырылат. Ошону менен бирге чыгармада жандуу символго айланган атактуу замандаштарыбыз жөнүндө материалдар кеңири берилген. Маалыматтар базасын түзүүчү-журналистер интервьюлар, ошондой эле башка өзөктүү булактардын негизинде түзүштү.

Китептен окурмандар атактуу адамдардын өмүрү, алардын мекенине карата атуулдук сезими, эмгекке, профессияларына, башка жердештери менен болгон карым-катнаштарына карата көз караштары жөнүндө өрнөктүү мааламат ала алышат. Китепти окуп жатып адамдар жөнүндө, алардын эрдикке татый ала тургандай жашоосу менен умтулуулары, кантип өздөрүн, инсандык касиетин калыптангандары, жасаган иштерин өркүндөткөнү, жакшыртканы, жашоонун маани маңызына үң үлүп кире алышканы, ошондой эле биздин мекенибиз – Кыргызстандын рухий жана материалдык баалуктарына кошкон салымдары боюнча көптөгөн жаңылыктар менен тааныша алышат.

Биздин өлкө талантуу, эл кадырлап-барктаган адамдарга бай. Алардын өмүр жашоосу үлгү болууга татыктуу. Алар жөнүндө башка басылмаларда да сөз болооруна, татыктуу мекендештерибиз жөнүндө баян мындан ары да уланарына үмүт кылабыз.

«Интербилим» борборунуну азыркы жарык көргөн китеби бири бирин сыйлоо, ардактоо, кызматташуу жана бирдиктүү экономикалык, социалдык, саясый мейкиндикте бардык элдеринин жана улуттарынын чогуу жашаган шартындагы толерантуулугу боюнча өлкөнүн ар бир атуулу үчүн сабак болуп бере алат деген ишеними чоң.

***Сиздерди урматоо менен***
***«Интербилим» борбору***

Китептин бөлүмү I

# Элдин эсинде (сакталат)

# Фрунзе Михаил Васильевич (1885-1925)

## *Кызыл командир*



1925-жылыдын 31-октябрында Боткин ооруканасында ашказанга жасалган катардагы эле операциялардын биринде 40 жаштагы СССРдин Реввоенсоветинин төрагасы, аскердик жана деңиз иштери боюнча нарком Михаил Фрунзенин жүрөгү согуудан калды. Биздин мекендештин капилет өлүмүнүн чоо-жайы боюнча медициналык эксперттердин арасында эмдигиге дейре талаш- тартыштар уланып келет.

Борис Бажанов, ВКП (б) нын партиялык ишмери, Сталиндин секретары (1923 – 1928), Фрунзенин ордуна башка кишини, Ворошиловду кызматка алуу үчүн Сталиндин буйругу менен Реввоенсоветинин төрагасы өлтүрүлгөн деп эсептейт. Бажановдун айтымында Фрунзени Сталин келечектеги Бонопарт деп эсептеп, кескин нааразычылыгын билдирген эле.

Сталиндин Фрунзеге капысынан эле кам көрүп «биз мыкты кызматкерлерибиздин ден-соолугун таптакыр эле ойлобой калдык» деген пикирди айткандан кийин саясый бюро Фрунзенин операцияга макул болушу үчүн күч менен мажубурлады деп айтарлыктай аргасыз кылышкан. Айтырымдарыдана Фрунзеге операция мезгилинде организми көтөрө ала албай турган анестезия колдонулган дешет.

Атактуу полководец Пишпектеги эң мыкты адис деп эсептелген Василий Михайлович Фрунзе деген фельдшердин үй-бүлөөсүндө төрөлгөн. Болочоктогу командирдин чоң атасы Херсон губерниясынын Триаспол уездинин Захаровка айлынан чыккан молдован дыйкан болгон экен. Энеси Мавра Ефимовна ар нерсеге кызыккан ын-

тызар, акылдуу аялдардан болуптур. Фрунзенин балдары атасынан чечкиндүүлүктү, кыйынчылыктан эч коркпогон мүнөздү, ошону менен бирге башкалар менен мамиле түзүүдө карапайымдыкты, энесинен болсо табигий жөндөмдү, акыл калчай билгендикти жана күчтүү эркти мурас кылып алышыптыр.

1904-жылы ал Верный (азыркы Алматы) шаарында гимназияны бүтүрөт. Мындан кийин Санкт-Петербургдагы политехникалык университеттен окуйт. Жаш кезинде эле активдүү революциялык иштерге кошулат.

1905-жылкы декабрдагы куралдуу көтөрүлүш күндөрү Фрунзе иваново-вознесенский токуучуларынын куржүрмөн дружинасын жетектеп, Москва жумушчуларынын Красная Пресня районунда өкмөттүн аскерлери менен көчө салгылаштарына катышат. 1909-жылдан 1910-жылдардын ортосунда эки жолу өлүм жазасына тартылат, биринчисинде ал чечим 10 жыл каторгага кесүү менен, экинчисинде Сибирге өмүр бою сүргүнгө жиберүү менен алмаштырылат.

Сүргүндө жүргөндө өз алдынча билим алуу менен алектенет. Романовдордун бийлигинин аякташына алып келген 1917-жылкы февраль революциясынан кийин убактуулуу өкмөт түзүлүп, Михаил Фрунзе Минск шаарынын элдик милициясынын начальниги болуп шайланат.

1917-жылкы Октябрь окуяларынын учурунда эки миң Кызыл Гвардиянын башында туруп акгвардиячылар жана юнкерлер менен кагылышка активдүү катышат. Ошондо эле ал жөндомдүү командир экенин көргөзө алды.

Граждандык согуш башталган кезде Михаил Фрунзе Иваново-Вознесенской областынын аскер комиссары болуп калат, андан соң Ярослав аскердик округдун комиссары болуп дайындалат. Бул кызматтарда кызылгвардиялык отряддарды түзүү, совет бийлигине каршы көтөрүлгөн күчтөргө каршы күрөшүү иштерине катышат.

1919-жылдын баш жагында Михаил Фрунзе Чыгыш фронтунун 4-армиясынын командачысы болуп дайындалат, ал эми, март айында Чыгыш фронтунун түштүк группасынын башында турат.



Анын билгич жүргүзгөн командачылыгы менен Түштүк группасы аларга каршы турган адмирал Колчактын армиясына чабуул жасап талкалайт.

1919-жылдын августунда Михаил Фрунзе Туркестан фронтунун командачысы болуп дайындалат. Анын жетекчилиги менен совет армиясы басмачыларга каршы күрөшөт. Ал түндүк Таврия менен Крымда генерал Врангелдин орус армиясын талкалоо операциясына жетекчилик кылат.

Граждандык согуштун аякташы менен, 1918 – 1924-жылдары Фрунзе Украинанын Ревоенсоветинин ишеним берилген кызматты ээлейт, Украина менен Крымдын куралдуу күчтөрүнүн командачысы болуп дайындалат.

1921 – 1922-жылдыры Подольский жана башка көптөгөн губернияларды петлюривщинаны талкалоодо Кызыл Армиянын башында турду. 1924-жылдын март айында Фрунзе СССРдин реввонсоветининин председателининин орун басары жана аскердик жана деңиз иштер боюнча элдик комиссар болуп кызмат кылат.

Анын жетекчилиги менен 1924 – 1925-жылдары Советтер Союзунда аскердик реформа өткөрүлөт. Фрунзе бир нечеленген аскердик-теоретикалык фундаменталдык эмгектердин автору.

1925-жылдын январында М.Ф. Фрунзе СССРдин Реввоенсоветтин председатели болуп дайындалат (Троцкийди алмаштарган эле). Ошону менен бирге аскердик жана деңиз иштеринин комиссары болуп кала берет. Ал ЦК РКП(б) нын Саясый бюросунун кандидаты болчу. Тилекке каршы, анын карьерасы капылеттен үзүлдү.

1926- жылы ата мекендештери Кыргызстандын борбор каласын Пишпектин ордуна анын аты менен Фрунзе деп атоо чечимин кабыл алышты. Кадамджай сурьма комбинаты, «Электромаш» заводу, «Кожзавод», мектептер, колхоздор менен совхоздор анын ысымын алып жүрөт. Фрунзенин ысымы аскердик искусствонун летописинде жазылып калган легендардуу полководеци анын жердештерикыргызстандыкттар унутушпай такай эскерип келишет.

# Юдахин Константин Кузьмич (1890 – 1975)

*Атактуу тилчи*



Үйдүн киреше беришиндеги астананы капыстан солдаттардын өтүгү калдыратып калды. Комнатага колдоруна пистолет кармаган, булгары курткачан кишилер жулунуп кирип келишти «НКВД, Юдахин кайда?».Константин Кузьмич үй кийимичен жайма жай капарсыз отурган. Ал тигилерге эмне максат менен келишкендиктерин кызыгып токтоолук менен сурап калды эле жообу: «Сиз кыргыздын буржуазиячыл улутчулдук менен айыпталасыз»- дешти чекистер. Мындан артык абсурдук күнөө тагуунуу ойлоп табыш кыйын эле. Ошентип, атактуу илимпозду кара «воронкага» салып алышып белгисиз жакка алып кетишти.

Азыркы кезде Юдахиндин түзгөн кыргызча-орусча жана орусча-кыргызча сөздүктөрү кыргыз тили менен мадиятынын негизин түзөт. Кылымга тете келген бул сөздүктөрдүн үстүндө Константин Кузьмич өмүр өткөнчө баса отуруп иштеди. Атактуу гражданин менен изилдөөчүсүнүн кыргыз эли жасап кеткен эмгегин Кыргыз интеллигациясы татыктуу баалай алууга күчү жетет деп ишенебиз.

Болчоктогу энциклопедист 1890-жылы 31-майда кызматчынын үй-бүлөөсүндө Орск шаарында төролгөн. Диний мектепти аяктагандан кийин ал Түркстан семинариясына тапшырат да өзбек жана фарси тилдерин үйрөнүп изилдей баштайт. Бирок, ал кийин диний кызматкер болуп иштеген жок. Башка илимий ишке ооп кетти.

1910-жылдары Чимкент уездинин Манкент жана Кара-Булак деген кыштактарда мугалим болуп иштеди. Ташкенттеги Чыгыш Түркстан университетинде жогорку билим алгандан кийин Неванын жээгине келип Ленинграддагы Енукидзе атындагы чыгыш жандуу тилдери университетинде жана Ленинград университетинде сабак берет. 1927-жылы азыркы капиталдык эмгектин негизин түзгөн өзүбек-орус деген кыскача сөздүктү түзүп чыгат.

Константин Кузьмич Борбор Азиянын тилдери менен маданиятын мындан ары да терендеп изилдегиси келген эле. 1949-жылы Кыргызстандын чакыруусу менен Фрунзеге келет. Бул жерде ал СССР илимдер академиясынын Кыргыз филилалы болгон тил, адабият жана тарых институтунун кыргыз тил секторунун башчысы болуп дайындалат. Мына ушу орунда ал өмүрү өткөнчө кызмат кылды.

Көр тиричиликке алаксыбасы үчүн өлкөнүн жетекчилиги изилдөө иштеринин бүт шарттарын түзүп берди. Анын үй кызматкери бар эле, ар күн сайын тамак аш даярдап курсагын тойгузуп туруу үчүн ашпозчу, шоферу болду аны университетке, жыйналыштарга өз маалында жеткирип туруу үчүн. А түгүл короо-жайын караган багбан менен электриктин штатын ачып беришти.

Константин Кузьмич күн түндү дебей өз кичинекей да аяп койбой каржалбастан иштеди. Танапис убагында гана анын аспиранттары үчүн бир азага колу бошой калган учур болор эле. Ал илимдин ондогон кандидаттар менен докторлорду даярдап чыгарды. Ошол эле кезде окумуштуу убакыт таап эс алганды да билчү. Шаардын четине чыгып кетип табият коздугуна бөлөнүп келгенди адатка айландырды. Көп окуду. Мындан тышкары Констатнтин Кузьмич мергенчилик кылууну жанындай жакшы көрөөр эле. Ошондуктан аң улоого ылайыкташкан асыл тукум иттерди кармап турчу.

Сөздүккө материал чогултуу үчүн алыскы кыштактарды өзү барып кыдырып келчү. Бул максат ага атайы, жеке өзүнө «Волга» машинесин бөлүп беришти. Ал Фрунзенин ортосунда машинасы менен гаражы бар эң алгачкы адам Юдахин болчу. Мындай шарт түзүү атайы жогору жактан уруксаты жана талабы менен болгон эле.

Анын аспиранттары – Шүкүров, Батманов, Карасаев, Юнусалиевдердин жардамы чоң болду. Кийин алардын баары профессор болуп калышты. Мындан тышкары анын дагы бир окуучусу Б. Орузбаеванын көмөгү ченемсиз чоң болгонун атайы белгилеп кетүү керек. Биринчи кыргыз аялдарынын ичинен филология илимдеринин доктору болуп калган да мына ушу Бүбүйна Орузбаева эле.

Эл менен маектешкен учурда Константин Кузьмич ар бир жаңы, өзүнө белгисиз сөздү, түшүнүктү издеп тапканга аракет кылчу. Эгер «жаңы сөз» болуп калса сөзсүз чечмелеп берүүсүн суранчу. Аны сөздүн артынан сая түшкөн мерегенчи десек болор. Эгер маектешкени киши так чечмелеп түшүндүрүп бере албаса анда кимден тактоосо болорун сурачу. Ошол билген туугандарынын дарегин берүүнү суранчу. Юдахин ошо замат машина чакырып айтылган дарек боюнча айылга чаап жетип барганды адат кылып алган эле.

Кээде бир эле сөздүн маани маңызын түшүнүп билүү үчүн жумалаган убакытын короотууга тура келди. Юдахин ар бир сөздүн маанисин өзүнчө карточко жазып эң кымбат көргөн коллекция сакталып турган шкафка иреттеп сактоочу эле. Ал турмуш тиричилиги гана эмес техникалык түшүнүктөрдү туюндурган сөздөрдү жыйнап жүрдү. Атап айтсак медицина, биология, география боюнча терминдер. Ошентип майдадан тирмийе жыйналып жүрүп отуруп кийин Мамлекеттик сыйлыкка татыган фундаменталдык эмгек пайда болду.

Сталиндик репрессиясын каары башталганда Юдахинди буржазиялык улутчул деген айып тагышты. Шылтоосу акын Молдо Кылычка карата айтылган Юдахиндин жылуу пикири. Ал Молдо Кылыч чебер акын болгонун, ыр жазганын, болгондо да мыкты ырларды жазганын айтып коем деп балээге калып жатпайбы. «Ал деген байдын баласы болгон, өзү да бай болчу, сиз аны төбөңүзгө көтөрүп даңазалап жатасыз. Демек, сиз буржазиялык улутчулсуз» дешип күнөө артып жатышпайбы. «Мен окумуштуумун, ошондуктан ал кишинин акындык таланты болсо, жакшы ыр жазса аны баалаш керек. Бул жерде ал бай же кедей болгонун мааниси жок»-дейт

Юдахин. Чекистер Юдахинди түрмөгө алып барышып камаганда белгилүү тарыхчы Саул Менделевич Абрамзон менен бир камерада отурууга тура келди.

Тергөө учурунда аны көпкө чейин партияга кирбегенин себебин кыйнап сураган күндөр болду. Анда Константин Кузьмич чекистерге эгер мен партияга кирсем партиялык иштер менен биротоло алектенип кетишим керек эле, жыйналыштарга барып аларга үзбөй катышып турушум керек. Ал эми, бул болсо менин негизги ишиме тоскоол болот»,-деп ачык жооп берет. Юдахин түрмөдө жатканда да сөздүк түзүү ишине каскак болушпасын, иштен алаксытпашын суранат. Ачык каяша кылган профессорду аз жерден атууга буйруп тым-тым кылып коюшкан жок. Бир Кудай сактады…

Юдахиндин үйүнөн кырыгыз интеллигенциясынын арты үзүлчү эмес. Бул ошо мезгилдин интеллигенциясынын Юдахинде болгон ызатоо сезиминин учуру болсо керек деп ойлосуң. Акылдуу киши менен болгон маек аларды магниттей өзүнө тартып турар эле. Атактуу кыргыз таануу боюнча окумуштуунун орустардан достору чанда чыкты десе болор. Ал кыргызча жашаганды жанындай жакшы көрчү: кийген кийми, жеген тамагы, атүгүл итинин аты кыргызча эле. Ал кыргыз тилинин табиятын терең түшүнүү үчүн кыргыз элинин жашоо-тиричили менен жуурулушуп кетүү керек деп эсептөөчү. Адистер Юдахин кыргыз тилин, диалектилерин кандай гана кыргыз болбосун андан жүз эсе артык билчү деп эсептешет.

# Мануйлова Ольга Максимилиановна (1893-1984)

*Күмүш доордун мууну*



Талантуу аялдардын бири Ольга Мануйлова, Токтогулдун скульптурасын түзүп чыгуу боюнча ири заказ алып Москвадан Кыргызстанга келген эле. Келээр менен улуу акын туулуп өскөн жерге жөнөйт. Араба менен, мингич ат менен эптеп дегенде алыскы айылга барып жетет. Ошондон бери чайыттай ачык асманын, ак карлуу тоонун чокуларын жана байыркы элдин таза жан дүйнөсүн сүйүп калган Мануйлова бүт өмүрүн Кыргызстанга арнады, Кыргызстанда өмүрү өткөнчө жашап өттү. Кетип калган жок.

Ольга Мануйлова 1893-жылы 30-октябрдв Нижный Новгороддо туулаган. Ал менин каныңда Волга дарыясы агып турат деп айтчу дешет. Атасы Максимилиан Петрович Тихомиров– врач-терапевт, кийинчерээк ага медицина кызматынын генералы деген наам ыйгарылган. Энеси – Варвара Александровна гиназиялык билим алган, француз жана немец тилдеринде эркин сүйлөгөн адам болгон экен. Ал өмүр бою балдарды чоңойтуп, тарбиялоо, үй чарбасын жүргүзүү менен алектенген.

Ольга Тихомирова балалык чагын,үй-бүлөөдө бири бирин ызатоо, маданияттуу, искусствону барктоого үйрөткөн, балдарга болгон аяр мамиле атмосферасын түзгөн ата-энесин бүт болгон ыраазычылыгын ар дайым эскерип келди.

Өзүнүн болочоктогу кесибин Ольга Тихомирова ары кетип, бери келип көпкө чейин тандай албай жүргөнүн көп айтышат: адегенде

жазуучу болгусу келген болчу, кийин болсо аны табият өзүнө имерип магниттей тартып алат. 1913-жылы, Ольга жыйырма жашка толгондо Германияга сапар менен барат, ал жерде менчик көркөм студияга окууга тапшырат. Бирок көп өтпөй биринчи дүйнөлүк согуш башталып кетет. Ошондо ал кайра өз мекенине кайтып келип Москвадагы көркөм живопись, скульптура жана зодчество училищасынан окуй баштайт. Бул жерде ал келечектеги түгөйү А.А. Мануйлов менен таанышат.

1939-жылы кыргыз искусствосу менен адабиятынын Москвада болуп өткөн күндөрүндө Ольга Максимилиановна Фрунзе шаарынын башкы архитектору Г.А. Градов менен жолугат. Бул кездешүү анын тагдырында чечүүчү учур катары кирди десек туура болор. Скульптор архитектор сунуш кылган элдик акын Токтогулдун эстелигине долбоорлордун конкурусуна ынтызаарылык менен катышып, жеңип чыгуучу болду.

Кыргызстанда аны элдин жөнөкөйлүгү менен меймандостугу таң калтырды, жергиликтүү аксакалдардын кең пейилдиги менен акылман даанышмандыктары, аялдардын карапайымдыгы ызааткорчулугу, балдарынын тайманбастыгы менен чечкидүүлүктөрү, кичинекейлердин ишенчээктиктери менен билип алууга болгон туруктуу кызыгуусу суктандырды

Мануйлова республикадагы өзгөрүүлөргө өз көзү менен күбө болуп анын чыгармаларында чагылдырууга тырышты. Улуу Ата Мекендик согуш күндөрүндө Мекенди коргоо темасын көтөрүп чыгып талыкпай эмгек кылат. Баш калаанын борборунда жайгашкан атактуу гвардиялык дивизиянын командри Панфиловдун эстелигинин долборунун автору да Мануйлова болуп калат

Скульптордун чыгармачылык биографиясында орчундуу учур жалпы элдик курулуш – Чүй каналы темасы болуп эсептелет. Ольга Максимилиановна курулуштун катардагы бир күбөсү гана эмес, өзү катышып кыйынчылыгын башынан кечирген адамдардын бири. Кырк беш жашка келген аял ошо жердеги оор жумушта башкалардан артта калбай өзүнө тагылган норманы толук аткарып келгени көңүл



бурдурбай койбостур. Ошол кезде анын чыгармачылыгында аялдардын типтүү образы – экинчи согуш талаасына айланган тылдагы эмгекчи аялдардын, кабыргасы кайышса да моюбаган аялдардын келбети борбордук орунга чыгат.

Согуштан кийинки жылдары Мануйлованын чыгармачылыгында башкача, өзгөчө маанай үстөмдүк кыла баштаганын көрөбүз. Анын шыгы эми адамдын кыймыл аракетиндеги пластика, сызыктардын кооздугу, кийген кийимдердердин бүктөмдөрү динамикасы маанилүү рол ойногон декоративдик скульптура менен майда пластикага багытталат.

Мануйлова Манастын жашоосундагы айрым эпизоддорду туюндурган ири баральеф түрүндөгү гипс менен темирден жасалган «иллюстрациянын» сериясын түзүп чыкты. Мындан тышкары атайы белгилеп кетүү кажет, Кыргыз опера жана балет театрынын жасалгалоода ал имараттын фронтонун кооздоп турган татаал композициялык ишти жүзөгө ашырды. Театрдын жасагасындагы скульптуралык композициялар өзгөчо шедеврлердин бири катары дүйнөгө таанылды.

Скульптор В.А. Шестопалдын айтымына караганда Мануйлованын бет турпаты менен сырткы келбетинде таң калычтуу белгилер: кубарыңкы жана чыгармачыл жүзүн ак баскан чачы кештелеп тургапын көрсө болор эле. Анын терең интеллекти кимди болбосун багындыра алчу. Ал немец жана француз тилдеринде эркин сүйлөчү. Чогуу бирге окуган Маяковскийдин кылык жоруктарын көп эскерчү. Анын менен маектешкенде орус жашоосундагы Күмүш доордун

мозаикасы көз алдыңа келээр эле. Ал кандайдыр бир өткөн доордон бизге төгүлүп жаткан нур сыяктанып кетчү.

Жетимиш жыл бою түрдүү жанрыларда талыкпас чыгармачылык изденүүлөрдүн натыйжасында ал 800 дөн ашык скульптуралык көркөм туундуларды жаратты. Анын эмгектерин Кыргызстандын бардык булуң бурчтарнан жолуктурууга болот: көчөлөрдө, скверлерде, шаар менен айылдардын парктарында, кеңири трассалардын боюнда, бала бакчаларында, мектептерде жана клубдарда деги койчу бардык жерде Мануйловага кездешпей койбойсуң. Анын чыгармалары Кыргызстандын, Өзүбекстандын, Туркмениянын, Москванын музейлеринде сакталып турат. Анын аты чакан планеталардын бирине коюлган.

Ольги Максимилиановнын Бишкектеги үй-мастерскою (Тыныстанова көчөсүндө жайгашкан) көрүүчүлөр үчүн эшиги ар дайым ачык. Азыр ал үй-музейге айланган-- Венгрия, Египт, Сирия, Эфиопия, Индия, Франция ж.б өлкөлөрдөн келген жаш скульпторлор атайы кайрылып көрүп кетет турган жайга айланган.

Ольга Максимилиановна Мануйлова Кыргызстандын скульптурасынын өсүп-өнүгүүсү жана калыптанышы үчүн ченемсиз чоң салым кошкону талашсыз.

# Шубин Петр Федорович (1894-1948)

## *Кыргыз нотасынын патрирахы*



Азыркы мезгилде Шубин атындагы музыкалык мектеп республикадагы эң мыкты профилдик окуу жайы болуп эсептелет. Бекеринен маданият жана маалымат министрлиги ага «борбордук» мектеп деген статус ыйгарган эместир. Шубин атындагы музыкалык мектеп окуу системасындагы жүздөгөн музыкалык окуу жайларынын алдыңкы катарында турган флагман делинген аттакка ээ. Мектепке кирсең кенен жана жарык коридорлордо жымжырттык төнүп турганына күбө болосуң. Оор каалагалардын артынан скрипканын боздогон үнү менен комуздун шакылдата тез ойнолгон күүсүн эшитесиң. Имараттын ичиндеги эң ардактуу жеринде Кызыл туу орденин төшүнө тагынган Петр Федоровичтин портрети бапестелип илинип турат.

Шубин атындагы музыкалык мектептин азыркы деректири, маданиятка эмгек сиңирген ишмер Адылжан Абдуллаевдин айтымына караганда 1939-жылы ачылган мектепке алгач бар болгону 30 гана бала кабыл алынган болучу. Ал мезгилде окуу жайы, шаар курула элек кез эмеспи, эски имартардан биринде жайгашкан эле. 60-жылдары ошо кезде Кыргызстандын Компартиясынын БК нын комитетинин биринчи секретары болуп калган Исхак Раззаков мектеп үчүн райком партия жайгашкан имараттан орун бөлүп берет.

Азыркы күнү Шубин атындагы мектептен тарбияланып алгачкы билим алгандар кыйла коп, миңдеп саналат. Мектептен тарбия-



ланып чыккандар республиканын бардык музыкалык уюмдарында эмгектенишет. Айрымдары Россияда, Израилде, АКШда, Италияда иштеп жүрүшөт... Кыргызстандан чыккан биринчи аял-композитор профессор Жылдыз Малдыбаева мына ушу мектептен тарбияланып чыккан.

Ал учурда азыркыдай транспорт жок кези. Петр Федорович Шубин бүт республиканы жөө кыдырып музыканттарды издеп таап башын кошкону эл оозунда жомок катары көп айтылат. Акыры алдына койгон өз максатына жетишип биринчи жолу инструменталдык элдик оркестрди уюштура алды. Бул кыргыз музыкалык искусствосунда ченемсиз чоң бурулуш этабы, ченемсиз чоң кадам болгон эле.

Петр Федорович Шубин 1894-жылы 10-июлда Оренбург губерниясынын Троицский районундагы Тагил деген айылда курулушчунун үй бүлөсүндө туулган. Музыкалык таланты эрте билинген бала он жашка чыгып чыкпай жатып эле хордо ырдайт баштайт. Көп өтпөй ал музыкалык жөндөмү бар «дыйкан балдарынын» музыкалык тобун башкарып да калат. Эл тестиер композитор П.Шубиндин полька менен вальсын кадимкидей ийине жеткире аткарышканын көрүп таң калышчу экен. Жергиликтүү помещиктин аялы жаш композиттордун талантына там берген экен Петербурга алып барып музыкалык окуу жайына өткөрөт.

1928-жылы республиканын профоюз кеңеши тарабынан жаш музыкант Кыргызстанга чакырылып келет. Ошондон баштап Шубиндин тагдыры Кыргызстан менен тыгыз байланыштуу.

Ал мезгилде республикада эч кандай оркестр жана ансамблдердин болбогону белгилүү. Шубин биринчи жолу оркестр уюштуруп



ага М. Куреңкеев, К. Орозов, М. Мусулманкулов, М. Баетов, А. Огонбаев сыяктуу элдик музыканттарды тартуу ишин колго алды. 1936-жылы элдик инистурменттердин оркестрин түзүп анан биринчи көркөм жетекчиси болуп калат. Шубин оркестранттардын бардыгы тең алгач ноталык сабатсыздыкты жоюдан баштаганын, сольфеджио ырдашып, нота менен музыкалык инструменти ойношконун, ал түгүл айрымдары улгайып жашы жетип калганда деле нота менен татаал музыкалык номерлерди аткарышканын эсте эмдигиге чейин сакталып турат.

Шубин жогорку педогогикалык талантын көрсөтө алды. Кыргыз искусствосунун белгилүү изилдөөчүсү В.С. Виноградовдун айтымына караганда Шубин музыкантарды тарбиялоодо, сабатын ачууда чыныгы чыдамдуулук менен сыпайгерчиликти, өз окуучуларынын көнүл калтырбаган кылдат мамиле жасоону көрсөтө алды десек болор. Ар бир музыкант менен өз өзүнчө иштешүү артык экенин далилдеп берди.

Жашы улгайып калган, кадыр барктуу аксакалдар, атап айтканда Карамолдо Орозов, Молдобасан Мусулманкулов, Атай Огонбаев, Калык Акиев, Алымкул Үсөнбаевдер Шубиндин айткандарын мектептин балдарындай болуп кунт коюп угушканын көп айтышат. Оркестрди уюштуруу ишинин жүрүшүндө кыргыздын биринчи дирижерлары Ш. Орозов, А. Аманбаевдер Шубиндин колунан тарбияланып чыгышты. М. Абдраев, А. Тулеев, К. Молдобасанов сыяктаган көптөгөн композитерлорго чоң искуустворо путевка берген да Шубин болгону белгилүү.

1939-жылы декабрь айында республикада Токтогул Сатылганов атындагы Кыргызстандын мамилекеттик филармониясы уюштурулат. Коллективдин негизин Шубиндин элдик инструменталдык

оркестири туздү. «Биз музыкалык инструментерди модернизациялоо үчүн аспаптарды Москвага реставрация кылуу үчүн жиберүүнү чечтик. Ошентип көп убакыт өтпөй биз жаңы ошону менен бирге добушу так таамай добушка ээ комуздарга, кыяктарга, чоорлорго ээ болдук. Оркестрге европалык инистументтер--гобой, флейта, фагот андан башка бир нечеленген барабандын түрлөрүн кошууга тура келди. Европалык аспаптардыи пайдалануу оркестирге жаңы угумду, жаңы боекту киргизди, палитирасы да байыды, ошону менен бирге эле, улутттук музыканын колорити сакталып калышына аракет кылдык»-деп эскерет Шубин.

Өкмөт Шубин Петр Федоровичтин сиңирген эмгегин жогору баалады. 1938-жылы улуттук искусствого кошкон салымы жана музыкалык искусстводо улуттук кадрларды тарбиялап, өстүрүп чыгарганы үчүн, Кыргыз ССРнин искусствого сиңиргени эмгеги үчүн республикалык ардактуу наам ыйгарылып берилди. Ал эми андан бир жыл өткөндөн кийин Петр Федорович Кызыл Туу ордени менен сыйлаган эле.

Улуу Ата Мекендик согуш Шубиндин жетекчилиги менен оркестр аскердик бөлүктөрдө, госпиталдарга барып колуна курал алып Мекени коргоп салгылашып жаткан аскерлердин алдында концерт менен чыгышып, жеңишке шыктандырып турушту. Театралдык жана музыкалык искусствого сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн Шубинге 1944-жылы «Кыргыз Республикаснын эл артисти» деген наам ыйгарылган эле.

Петр Федорович чыгармачылык таланты гүлдөп турган учурда, 1948-жылы бул дүйнө менен кошотошту. Республиканын өкмөтү борбордук калаадагы музыкалык мектепттеринин бирине анын аты ыйгарылган.

Оренбургдан Кыргызстанга келген бул таланту адам бүткүл өмүрүн биздин республиканын музыкалык маданиятынын курууга жумшап, профессионалдык музыкалык чыгармачылыкка негиз салды.

# Аммосов Максим (1897- 1938)

## *Адам жана пароход*



Кыргызстандын өкмөтү Бишкек шаарына элдик сүрөтчү Тургунбай Садыковдун чыгармачылыгынан жаралаган мамилекеттик ишмер Максим Аммосовтун эстелик-бюстун орнотуу боюнча атайы токтом токуп чыгарды. Бардык чыгымдарын Якутия өкмөтү өз моюнуна алды.

Монументин ачылышына карата башында Россиядан делегация менен кошо Аммосовдун кызы Елена Максимовна да келип түштү. Аммосовдун 115-жылыдыгына арналган салтанатуу кече өткөрүлүлгөн, Кыргызстан жана Саха республикаларынын искусство чеберлеринин чоң концерти болгон.

Максим Кирович (кийин анын ысымы мектептерге, заводдорго, пароходко коюлат) 1897-жылы 10-декабрда Якут округунун Намаск улусунун Хатыр айылында Кир Васильевич Аммосовдун жакыр үй-бүлөөсүндө туулган. 1906-жылы оңунан чыгып Намаск улусундагы училищанын окуучусу болуп калат. Окууну 1909-жылы бүтүрөт. Ошол жылы билимин Якутскидеги төрт класстык училищада, андан кийин Якутскинин мугалимдер семинариясында улантат. Саясый сүргүндө жүргөн адамдар жана марксизмдин идеялары менен таанышуу ага өзгөчө чоң таасир берди.

1917-жылы ал РСДРПнын катарына өтөт. Ошондон бери коммунисттик идея анын жашоосунун өзөгүн түзүп калды десек болот. Февраль революциясына активдүү түрдө катышты. Бул күндөрү ал якут кара жумушчуларынын союзунун уюштуруучуларынын бири



эле. Якут комитетинин коомдук коопсуздугунун аткаруу бюросунун секреатары болуп калды.1918- жылы бул жерге акгвардиячылар келип башка большевиктердин катарында Аммосов дагы камакка алынып Якутиянын тышкары жерлерге айдалат.

Аммосов Сибирде совет бийлигин орнотууну ишке ашырган улуттук лидерлердин катарына кирет. Анын аракети менен 1922-жылдын 27-апрелинде якуттардын тарыхында чоң окуя болуп өттү - РСФСРдин тутумында Якут автономдук республикасы түзүлгөнү жарыяланды.

1928-жылы Аммосов бир топ пикирлештери менен Москвага чакыртылып алынат. Бул жерде ал Кызыл профессуранынын Институнун экономикалык бөлүмүнүн угуучусу болуп калат. 1932-жылдын февраль айында Максим Кирович ВКП нын Батыш-Казахстан обкомунун биринчи секратарлык кызматына сунуш этилет. Бул кызматта ал 1934-жылга чейин иштеди.

Мындан кийин Максим Кирович Кыргызстандын ЦК КПнын биринчи секратары болуп дайындалды. Ал Фрунзеге Кыргыз обком ВКПнын VIII пленуму өтүп жаткан кезде келет. Бул күндөрү

Советтердин V Чукул чакырылган Жалпыкыргыз сьезди ишин аяктап жаткан эле. Анда Аммосовдун түздөн түз жетекчилиги менен Кыргыз ССРнин Конституциясы кабыл алынат. Ошентип ал кыргыз мамилекеттүүлүгүнүн башатында турган десе болот.

Анын Кыргызстанда иштегенине узак убакыт өткөн жок: бар болгону сегиз ай кызмат кылды, ошого карабай кыйла иштөөгө үлгүрүп республиканын көптөгөн көйгөйлүү проблемаларын чечкенге жөндөмдүү белгилүү жетекчи экендигин көрсөтө алды. Ал республиканын өнүгүүсүндөгү социалдык-экономикалык генералдык багытын негиздеди, мамлекеттик түзүлүштүн перспективасын аныктады. Башкача айтканда Кыргызстан агрардуу өлкөдөн индистиралдуу-агрардык мамлекетке багыт алды. Тоо-кен өндүрүшүн көтөрүү: көмүр казып чыгаруу, түстүү металлдарды өндүрүү, темир жол жана суу транспортун жолго коюу, магистралдык трассаларды (анын мезгилинде Фрунге менен Ысык-Көлдү байланыштырып турган жол курулган эле) куруу пландары иштелип чыкты.

Максим Кирович жергиликтүү кадрларды даярдап чыгарууга жана мамилекеттик аппараты жергиликтүү кадрлар менен толуктоо ишине өзгөчө маани берди. Башкача айтканда кыргыздарды партиялык жана мамилекеттик жооптуу иштерге жылдыруу ишин баштады. Билим берүү менен маданият анын саясатынын приоритеттеринин бири болуп калды. Ачыгын айтканда Аммосов баштаган иштерди өлкөнүн мурдагы жетекчилери жасаган эмес эле.

1937-жылы Кыргызстандын БК Компартиясынын мүчөсү Турайбеков Аммосовдун ишмердигин эске түшүрүп мындай дейт: «Аммосовко чейин жергиликтүү кадрларга чоң көнүл бөлүнгөн эмес. Аммосов республикалык органдардагы жетекчилик кызматтарга көптөгөн таланту жаштарды алып келди. Алардын көбү партиялык жана советтик ири кызматкерлер болуп калышты».

Кыргызстанда иштеген биринчи күндөрүнөн баштап эле Аммосов НКВДнын зордук зомбулугуна каршы күрөшүүгө туура келди. Ал учурда Аммосовдун гана өзүн өзү билип тайраңдап турган кызматка каршы турууга чама чаркы жете алмак. Ал кызматынын акыр-

кы күндөрүнө чейин республиканын жетекечилерин, коллегаларын канатына калкалап колдон келишинче коргоп турууга аракет кылды.

Ал кезде «ежовщина» күчүндө болчу. Ашкере улутчулдар деген куру шылтоолор менен кыргыздын элиталарын түрмөлөргө тыгып жатты: Жусуп Абдрахманов, Төрөкул Айтматов, Касым Тыныстанов ж.б.

Кыргыз ССРинин Совнаркомунун председатели Баялы Исакеев, КыргызССРнини борбрордук аткаруу комитетинин председатели Абдыкадыр Орозбеков, айыл чарбасынын наркому Эринбек Есенаманов, билим берүү наркому Османкул Алиев жана башка өз элинин патриотторунун тагдыры бычак мизинде кылтылдап турган болчу.

Аммосовдун принципиалдуу позицияны кармангановы анын үстүнөн кара булуттун айланышына алып келди. Республикалык «Советская Киргизия» газетасы: «Буржазиялык улутчулар менен күрөшүүдө ал чыдай ала турбагандай чирик саясат карманып жатат. Ал улутчул Айтматовдун бетин ачууда аны кечиримсиз түрдө коргой баштады, ЦКнын курамын киргизүү аракетин жасап жатат.Эл душманы Исакеевке каршы ачылган күнөлөө фактысын унуткарууга тырышып жатат» деп жазып чыкты.



Кыргызстандын Октябрдын 20 жылдыгына карата чакырылган Кыргызстандын ЦК КП(б)нын салтанатуу чогулушунан кийин жумушунан чететилет. Кызматтан алуунун, андан кийин партиядан чыгаруунун себеби республиканын НКВДсынын

наркому Лоцмановдун чагымы, атап айтканда салтанатуу чогулуш учурунда «Комминизм, жоголсун!» деген ураан көтөргөн деген жалган жерден жалаа жабуусуна байланыштуу.

Максим Кирович атайы ойлонулуп чыгарылган фарстан кийин камакка алынып кийин 1939-жылы 28-июлда Москвада атууга буйрулган эле. 1955-жылы СССРдин Жогорку сотунун Аскердик коллегиясы тарабынан өлгөндөн кийин реаблитацияланган.

Анын өлүмүнүн күнөкөрү Лоцманов камакка алынып 1939-жылы атууга буйрулган. Кылмышкер жанан садист Лоцмановко коюлган күнөөнүн статьялардын биринде: «Революциялык мыйзамдуулукту бузандыгы, Кыргызстандын БК КП(б) нын биринчи секратары Аммосовко жана Кырыгыз ССРинн СНКсынын председатели Исакеевке каршы тергөө учурунда тыю салынган ыкмаларды колдонгону үчүн жана бурмалоо иштерине барганы үчүн» деп айтылат. Сталиндик желдеттериин биринин тагдыры ушинтип аяктады.

Аммосов алыскы Якутиядан чыккан, Кыргызстандын келечеги үчүн өмүрүн берген эң белгилүү, ардактуу кыргыз саясатчыларынын бири болуп калды.



# Раухвергер Михаил Рафаилович (1901 - 1989)

*Кыргыз музыкасынын виртозу*



Композитор Михаил Рафаилович Раухвергер Кыргызстандын опера искусствосунун негиздечүүлөрүнүн бири. Анын классикалык чыгармалары Кыргызстандын алтын фондусунан орун алганга толук укуктуу. Талантуу музыканттын жазган шедеврлери, өзү моюнуна алгандай, «эң сонун кыргыз музыкалык фольклорунун негизинде» түзүлгөн.

Ал 1901-жылы Одесса шаарында туулган. Атасы кадыресс катардагы кызматкерлердин бири болчу, музыкалык билими деле жок, анткен менен ыр күүгө шыктуу адам болуптур. Энеси болсо балдарынын музыкалык сабактарына чоң маани берип көмөгүн аяган эмес: Михаилдин агасы скрипкада ойногон, ал эми Мишанын өзү болсо фортапионун тилин өздөштүргөн.

1919-жылы гимназияны эң жакшы баалар жана алтын медал менен бүтүргөндөн кийин Михаил Раухвергер Одессадагы политехникалык институтка тапшырат, ошону менен барабар эле консерваторияга кирип окуй баштайт. Ал концерттик бригадан курамында митингилерге, ошондой эле граждандык согуш жүрүп жаткан маалда фронтко узап бараткан кызыл гвардиячыларды узаттуга катышып, оркестрде ойноп жүрөт. Жаш жигитке бири бирине таптакыр окшошпогон эки башка профилдеги окуу жайларында бир учурда окууга туура келди. Ал түгүл концертик-агартуучулук иш-

мердик менен бирге дружниктердин катарында бандитизмге каршы күрөшүүгө катышкан мезгилдери болду.

Жаш жигит Москвага келип консерваторияга тапшырат, анан кызыгы, техникалык билимин көтөрүү үчүн М.В. Ломоносов атындагы Механико-электротехникалык институтта билимин улантат. Бирок эки кесиптин бирин тандоо керек болчу. Эки кесиптин бири болгон музыканы тандап алууга Москва Консерваториясынын мугалимдери өзгөчө чоң роль ойноду.

Белгилүү композитордун тагдырындагы өзгөчө этап анын Кыргызстанга келиши болду. 30-жылдары Бобор Азияда улуттук композитордук мектеп түзүү зарылдыгы алдыда көлдөлөң туруп калат. Москвадан, Ленинградан жана башка россиялык шаарлардан Борбор Азиядагы республикаларга композиторлор, дирижерлер, аткаруучулар, педогогдор, режиссерлер, хореографтар жиберилет. Алардын ичинде Раухвергер да бар болуп чыгат. Кийин Раухвергер чыгармачылык тагдырында кыргыз улуттук искусствосунун үлгүлөрү чоң орун ээлегенин моюнуна алган жайы бар.

Кыргызстанга келип кыргыз улуттук операны түзүү ишин баштаган, негиз салган биринчи композиторлор Власов жана Фере болуп калышты. Раухвергерди кыргыз элинин жан дүйнөсүнө берилип сүйүп калган адамдардын бир десек болор , ашык деле кетпестирбиз.

«Мен чыгармачылыгымда кыргыздын сонун музыкалык фольклорун кеңири пайдаландым – өзгөчө обондуу ырлар менен инструменталдык фольклорду. Кыргыз элдик музыкасынын ички байлыгы, эмоцияга сыйымдуулугу, ритмдик конструкциясынын көп түрдүүлүгү жана лирикалык жагынан жагымдуу экендиги менин чыгармачылыгыма өзгөчө таасир бере алды, чыгармачылык жолумду аныктай алды деп тартынбай эле айта алам», -деп жазат Раухвергер. Мындай ыймандай сырын ал «Алтын-Көкүл» операсынын Фрунзеде болгон премьерасында билдирген эле. Оперrouteлык чыгарманын үстүндө ал эки жыл талыкпай иштеди. «Мени таң калтырганы, автор жазган «песниясын» кыргыз улутунан болбой туруп өз

чыгармачылыгында элдин жан дүйнөсүн терең сезип аны таамай чагылдырып бергенинде жатат. Кыргыздын инструменталдык кайрыктары анын монументалдык чыгармаларын негизин түзүп калганы, ошол эле кезде элдик музыканын баштапкы өзгөчөлүгү сакталып жаңыча түр, жаңы рол менен туюндура алганы суктандырбай койбойт»,-деп белгилеген эле кыргыздын легендарлуу композитору Калый Молдобасанов.

Композитордун чыгармачылык олуттуу ийгилиги деп «Чолпон» балети эсептелет. Либреттонун сюжети элдик жомокко негизделген. Кыргыз маданиятында бий улуттук традиция катары калыптанганбаганы белгилүү, ошондуктан балетмейстер Л. Крамаревский бий кыймылдарын, жашырганда эмне, өзү таап, өзү ойлоп чыгарууга туура келди, аргасыз болду деп айткан жайы. Ал эми композитор болсо мына ушу бий маданиятынын өзгөчөлүгүн андап түшүнүп элдик мелодияга терең кыйыштырышы керек болду. Болгондо бий кыймылында улуттук колорит сакталышы жана туюндурулуп турушу зарыл болчу.

Биринчи жолу балет 1944-жылдын 30-декабрында элдин алдына чыгарылып көрсөтүлгөн болчу. Ал дароо эл ичинде белгилүү чыгармага айланды. Либреттонун автору Отунчу Сарбагишевдин уулу Уландын пикири боюнча «Чолпон» балети Кыргызстандын театралдык турм-турпатындагы жаркын окуялардын бири болуп кала алды. Бул балет белгилүү бийчи Улан Сарбагишевдин чыгармачылык тагдырында чечкиндүү рол ойноп алды десек болот. Ал балеттеги негизги рол болгон Нуридиндин партиясын аткарып эл ичинде аттын кашкасындай белгилүү болуп калды.

Ал эми, Айдайдын ролун ийине жеткире аткарган, ажарын ачкан балерина Бүбүсара Бейшеналиева мына ушу балеттен кийин бүт элге белгилүү болду. Согуштан кийин «Чолпон» балети опера жана балет театрынын туруктуу репертуарына биротоло киргени белгилүү.

Кыргыз искусствосунун Москвада өткөн декадасында «Чолпон» балетине жазган музыка өзгөчө ачылыш болууга татыды.

Ал эми Франкфурт шаарында болуп өткөн Азиянын филимдерин көрсөтүү жумалыгында «Чолпон» балетинин негизинде тартылган «Чолпон-таңкы жылдыз» фильими көрүнүктүү окуялардын бири болуп кала алды.

Мындан соң композитор атайы Бүбүсара Бейшеналиева жеке өзү үчүн «Жаңыл» балетин жазат. Михаил Рафаилович аны учурдун эң мыкты актрисалардын бири эсептөөчү. Б. Бейшеналиева үчүн эмоция жигери туюндурулган кеңири үч монологду жаратканы белгилүү. Композитордун оюо боюнча бир гана Бүбүсара композиттордун идеясын иш жүзүнө ашыруу колунан келмек. Балерина кайтыш болгондон кийин композитор балетти сахнадан алып таштоону өтүнгөнү бекеринен болбогондур. Композитордун кыргыз маданиятыны ички дүйнөсүнө терендеп кире алганына анын фортепиано үчүн кайрадан иштеп чыккан 100 дөн ашык элдик ырлар, көптөгөн пьесалар менен хорлор күбө болуп бере алат.

Белгилүү чеберге айлангандан кийин деле Раухвергер өмүрүнүн көбүн берген Кыргызстанды эстен чыгарган эмес.1961-жылы Чингиз Айтматовдун «Жамиля» повестинин негизинде опералык чыгарма жазып чыгат. Мында да улуттук мотив негизги орунду ээлейт.

Кыргызстан виртуоздун эмгегин жогору баалады. 1944-жылы композитор Раухвергерге Кыргыз ССР инин маданиятына эмгеги сиңген искуствонун ишмери, ал эми 1961-жылы Кыргыз Республикасынын элдик артисти деген наамдар ыйгарылып берилди.

# Владимир Георгиевич Фере (1902- 1971)

*Биринчи ачкан*



Владимир Фере жөн гана кыргыздын улуттук опера жана балет театрынын негиздөөчүсү эмес. Ал алгачкы жолу кыргыз музыкалык мотивдерин жаңыча жаңырышына негиз түзүп жаңы дем берген композиторлордун бири. Фере биринчи болуп Кыргызстанда опера, кантаттлар, ораторияларды түзүп чыккан адам. Бул талантуу композитор Кыргызстандын профессионалдык аткаруучулук искусствосунун жаралышынын башатында турат десек болот.

Владимир Георгиевич Фере Саратов обулусунун Камышин деген шаарында 1902-жылы жарык дүйнөгө келген. Балалык чагы Оканын жээгиндеги кооз жаратылышы бар жерлерде өттү. Мына ушул жерде ал алгчкы ирет музыка менен алпуруша баштады. Атүгүл көркөм адабий «чыгармаларын» жазып көрүүгө да аракет кылды. Ата-энесинин кеңеши жана колдоосу менен мектепти аяктагандан кийин борборго барып Москва мамилекеттик университеттин медициналык факультетине тапшырып өтөт.

Асресе, музыкага болгон сүйүү акыры жеңип чыгып Владимир Фере медициналык факультетти таштап Москванын консерваториясына өтүп фортепиано классы боюнча билимин улантат. Консерваторияны аяктагандан кийин адегенде бүткүл союздук радиокомитетте жана мамилекеттик музыкалык басмаканда редактор, музыкалык жетекчи, андан соң ал москва консерваториясында



консултант болуп кызмат кылат. Окуп жүргөн жылдары Владимир Фере менен Владимир Власовдун ортосунда чыгармачылык тандем түзүлгөн болчу. Алар биргелешип 120 дан ашык асаптык чыгармаларды жаратышты. Композиторлордун көркөм табиттери бирдей болгону менен жеке сапаттары жана чыгармачылык индвидуалдуктары боюнча биринен кыйла айырмаланып турушчу. Аларды башын бириктирип турган касиет экөөнүн тең СССР элдеринин музыкалык фольклоруна шыктуулугу, магниттей тартылып турушу десек болор эле.

СССР элдеринин музыкасын изилдеген окумуштуу Виктор Виноградовдун жазганына караганда: «Власов менен Фере композиторлор катары калыптанышына негизинен кыргыз элдик музыкасы таасир берди, алардын Кыргызстандагы чыгармачылык ишмердиктери аларга тумуштун путевкасын берди», - дейт музыковед.

Кыргызстан менен Владимир Георгиевичтин чыгармачылык жолу 1936-жылдан бери байланыштуу өнүккөн. Фере Власов менен жети жыл бирдикте иштешип эмгек кылышты. Алардын кыргыз тематикасы алардын чыгармачылыктарынын негизгин түзүп турду десек болот. Кийин дагы алар кыргыз музыкасынан биротоло кол үзүп кетишкен эмес.

Композиторлор элдин традициясы жана үрп-адаттарын, ошону менен бирге музыкалык маданиятын дыкааттык менен изилдеп келишти. Бул болсо кезегинде Власов менен Фере иштеп чыккан белгилүү элдик ырлардын «Көл боюнда», «Күйдүм чок», «Ой, булбул» сыяктуу чыгармалардын жаралышын шарттады.

Нукура элдик мелодиялардын негизинде Владимир Власов менен Владимир Фере кыргыз темасында симфониялык оркестр үчүн би-

ринчи увертюраны, скрипка жана вилончел үчүн пьесаларды, улуттук бийлер үчүн музыкаларды жана башка толуп жаткан чыгармаларды жаратышты. Эки композитор Фере жана Власовдун жаш кыргыз композитору жана ырчысы Абдылас Малдыбаев менен болгон жолугушуусу жаңы чыгармачылык достукка жол ачып берди десек болот. Экөө кыргыз профессионалдык искусствосунун жаралышына негиз салышып биринчи музыкалык драманы, опера, балетти, кантанттаны, ораторияны түзүп чыгышты. Фере биринчи болуп «Кыргызстан» деген улуттук симфониянын, ошону менен бирге кыргыз материалдарынын негизинде көп сандаган камердик-аспаптык жана камердик-вокалдык чыгармалардын пайда болушунун демилгечиси болду. Алар кыргыз ырлары менен күүлөрүн иштеп чыгышты.

1937-жылдын май айларында музыкалык-драмалык театрда В. Власова менен В. Фере «Алтын кыз» («Золотая девушка») деген музыкалык драмасынын бет ачылышы болуп өттү. Музыкалык драма ийгиликтүү өткөндөн кийин опера жана балет театрынын чыгармачылык коллективи 120 адамга көбөйдү, хор жана балеттик труппа түзүлдү, оркестрге дагы кошумча 35 музыкант кабыл алынды. Театрда музыкалык жана актердук окуу процесси жанданды.

Москвада боло турган кыргыз искусствосу менен адабиятынын декадасына даярдык көрүү мезгилинде Власов, Малдыбаев жана Фере биринчи улуттук операны түзүүнүн үстүндө биргелешип иштешти, натыйжада көп улуттуу совет искусствосунун алтын фондусун толуктаган «Айчүрөк» операсы жаралды. «Айчүрөк» операсы республиканын жаш, профессионалдык искусствосунун чоң жетишкендиги болуп кийнки улуттук опера искусствосунун өнүгүп өсүүсүнө негиз салып берди. «Айчүрөк» чоң театрдын сценасында коюлуп табити бийик эстетикалык жагынан келгенде чыргоо москвалык көрүүчүлөрдү ыраазы кылып, жүрөгүн багындыра алды.

Андан көп өтпөй жок жарым жылдан кийин 1940-жылдын 7-ноябрында улуттук «Анар» балетинин премьерасы болуп өттү. Балеттин музыкасын композиторлор В. Власов менен В. Фере биргелешип жазышкан эле.

Владимир Георгиевич обондуу ыр такырыбыда да көп иштеп, көп чыгармалардын автору болду. Власов жана Шубин менен бирдикте «Күкөнөтай», «Утренняя песня», «Письмо Джапара», «Ботокоз» сыяктанган элдик эски ырларын жана да жаш композитордордун чыгармаларын фортепианонун үнү үчүн кайрадан иштешип чыгышты. Ошонтип алар профессионалдык ырчылардын репетуарларынын байышына, аткаруучулук маданиятын өсүшүнө,ошондой эле угучуулардын музыканын жетишкен бийиктигин өздөштүрүүгө өбөлгө болушту. 1939-жылы Малдыбаевдин төрагалыгы менен Кыргызстандын композиторлор Союзу түзүлөт.

Союздун мүчөлөрү болуп улуу музыканттар-- Мураталы Күреңкеев, Муса Баетов, Ыбрай Туманов, Атай Огонбаев, ошондой эле композиторлор Шубин, Фере, Власовдор киришет. Улуу Ата Мекендик согушта композиторлор Власов менен Фере фронтто аскерлердин алдына чыгып концерт берип жүрүштү. Алар баш аягы болуп 2500төн ашык концерт беришкен эле.

Согуш бүтөөр алдында Власов, Малдыбаев жана Ферс элдин тарыхый мурасы, баатырдык-патриоттук темасына арналган көп жылдык иштеринин натыйжасы болгон «Манас» операсын аякташты. Опера ошол учурдун духун туюндуруп турган эле. Белгилүү композитор Арам Хачатурян опера жөнүндө төмөнкүдөй пикирин билдирген эле: «Манастын кырк чоросунун жаркын жана сыйымдуу образдары жөнүндөгү трактовкада өзгөчө бөлүнүп турган ыргактар менен синкопа биротоло эсте кала тургандай таасир калтырат. Композиторлор жаркын жана назик жаш Канайымдын образын туюндурууда лирикалык ачык боекторду тандап алышканы көңүл бурдурбай койбойт».

Владимир Георгиевич өмүрү өткөнгө чейин Кыргызстанга кызматын аяган жок. Кийин Москва консерваториясында сабак берип композиция кафедрасын башкарып жүргөн кезинде да өмүрүнүн көбү өткөн Кыргызстандык студенттерге өзгөчө мамиле жасаары байкалып турар эле.

# Чуйков Семен Афанасьевич (1902 – 1980)

*Кыргыз жергесинин айтылуу уулу*



Жакында СССРдин элдик сүрөтчүсү, СССРдин көркөм Академиясынын анык мүчөсү, СССРдин мамлекеттик сыйлыгынын лауреты, Кыргыз ССРнин Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлык лауреты Чуйков Семен Афанасьевичтин 110 жылдыгы салтанат менен өткөрүлдү.

Семен Чуйковдун мемориалдык үй-музейинде анын көрсөтмөсү ачылганда жаштар көп келгендигин көрүүгө болот. Бул жерде Чуйков атындагы мамлекеттик көркөм училищанын окуучуларын гана эмес живописке түздөн түз тиешеси жок балдар-кыздарды жолуктурса болор эле. Көрсөтмөгө Семен Чуйков менен кошуна жашаган, мезгилинде чыгаан сүрөтчүнүн таанып чыгармачылыгына күбө болгон адамдар да азан-казан көп келишти. Алар, анын ичинен бир аял «школница Каниза» деген сүрөттүн алдында көпкө турганын көрүп ал кичинекей тестиер кыз кезин көз алдынан өткөрүп жатканын байкоого болор эле. Чуйковдун ысымы менен кыргыз профессионалдык живописинин калыптанышы ажырагыс түрдө терең байланыштуу. Ал Кыргызстандын сүрөтчүлөр Союзунун негиз салуучусу, биринчи улуттук сүрөтчүлөрдү тарбиялап чыгарган адам. Анын астейдил аракети менен республикада биринчи жолу сүрөт галереясы ачылып алгачкы жолу кыргыз сүрөтчүлөрүнүн көрсөтмөсү уюштурулганы белилүү.

Семен Афанасьевич Чуйков 1902-жылы 30-октябрда ал кезде

кичинекей шаарча болгон Пишпекте (Бишкек) туулган. Ата-энеси крестяндан чыккан карапайым адамдардан болгон: атасы-- Афанасий Чуйков – аскердик лазеретте катардагы карапайым катчы болуп иштеген, ал эми энеси Евдокия Георгиевна болсо лазеретте кир жуугуч болуп кызмат кылган.

Үйүндө жападан жалгыз калган бала керелдин кечке көчөдө жүргөнү адат кылып алган эле. Кыргыз балдары менен тоо кыдырып кеткен күндөрү көп болду. Мандалактуу талаадагы ышкын жыттанган боз үйдө элдик ырларды берилип тыңшаган адаты бар болчу.

Он жашка келгенде ал ата-энеси менен азыр Алматы болуп аталып калган Верный шаарына көчүп барышат. Бул шаарда ал баштапкы класста окуй баштайт. Ошондо сүрөт боюнча сабак берген Хлудов менен таанышып мамилери ысык болуп кетет. Мына ошол мугалим Хлудов талантуу баланын бийик искусствого болгон сезиминин ойгонушуна көмөк түзөт.

1920-жылы, ал кезде эле көркөм музейи, опералык театры, консерваториясы түзүлүп калаган чоң шаар деп эсептелген Ташкенттеги туркистан көркөм мектебине тапшырып окуй баштайт. Бул жерде жаш жигит үй-бүлөөлүк бактысын да табат: Евгения Алексеевна Маленина менен таанышып баш кошушат.

Чуйковдун башынан эле үнүндө мыкты опералык баритону бар болчу. Бир учурда живописти таштап вокал менен алектенүү корүү ой пайда болгон. Жазуучулук менен да алектенип өз күчүн сынап көрдү – негизи жаман эмес сүйкүмдүү аңгемелер жана чакан повестерди жарата алды. Бирок ал бир ишти артынан кубалай бербей такай отуруп бир багытта иштегенде майнап чыгаарына акыры көзү жетти.

1921-жылы Семен Чуйков Маленина экөө тең революциялык кыл калемдин устаканасы болгон айтылуу ВХУТЕМАСтын Фалькапын мастерскою болгон живопистик факультетке тапшырышат. Ошол кезде Семен Афанасьевич өзү үчүн атайы турмуштук принцип иштеп чыгат да өмүр бою ал кредосунан танган эмес. « Өз элинде



кызмат кылышың кажет, өз элиңди дактагандай болушуң керек. Элиңдин улуу иштерин даңазалап максат-мүдөөсүн туюндура алсаң анда келечекте анын өсүп-өнүгүшүнө салым кошкон болосуң. Мен муну негизги милдетим деп эсептейм. Кыргыз элин башкаларга караганда жакшы билээрим менин артыкчылыгыма жатат деп эсептейм».

1933-жылдан баштап анын чыгармачылыгы туулган жери Кыргызстан менен тыгыз байланышта өнүктү. Ал Кыргызстанда биринчи көркөм музей ачып Москва менен Ленинграддан фонду үчүн орус элинин белгилүү сүрөтчүлөрү: Коровин, Рерих, Тропинин, Верещагин жана башкалардын ондогон чыгармаларынын үлгүлөрүн алып келүүгө жетишет. 1934-жылы Чуйковдун жеке кийлигшүүсү жана демилгеси менен Кыргызстанда сүрөтчүлөдүн Союзу уюштурулуп анын биринчи төрагасы болуп калат. Ал эми Чуйков демилге көтөрүп чыгып уюштурулган сүрөтчүлөрдүн биринчи көркөм көрсөтмөсүнүн ачылышынын экспонатынын негизин профессионалдык жолго жаңыдан баш баккан жаш Гапар Айтиевдин чыгармалары түзүп калышынын символикалык мааниси ченемсиз чоң.

Согуштан кийинки мезгил адистердин айтымына караганда Чуйковдун чыгармачылыгынын гүлдөп өскөн доору болду. Анын «Ыр» («Песня» 1945 г.), «Таң» («Утро» 1947 г.), «Чак түш» («Полдень» 1947 г.), «Кеч» («Вечер» 1948 г.), «Советтик Кыргызстандын кызы» («Дочь Советской Киргизии» 1948 г.) деген картиналарынын сериясын толук мааниде музыкалык термин менен «сюита» деп атоого татыктуу. Аларда образдар менен философиялык биримдик таасын байкалат.

Чуйковдун эң мыкты чыгармаларынын бири «Советтик Кыргызстандын кызы» картинасы республикадагы белгилүү чыгарма. Бул полотнодогу кыргыз кызынын образы Кыргызстан менен анын элинин сиволикасы деп айтууга болот. Жаш чырымтал кыздын жүзүндө максатуулугу менен өзүнө бекем ишенгендик туюндурулуп турат. Көкүрөгүнө кыса кармап турган китеп: билим алуу менен гана



көздөгөн максатка жетүүгө боло турганын, талыкпай эмгекти жана табият менен адамдын бөлүнбөс биримдигин айкындап турган көрүнүш. Бул картинаны дүйнөдө соцреализмдин шедеври катары кабыл алышат.

Бышып жетилген, элге белгилүү чебер сүрөтчүнүн күтүлбөгөн жүрүштөрдү жасап жиберген учурлары көп кездешет. Сүрөтчү Давид Флекмандын эскерүүсүнө караганда бир жолу Чуйков ага адаттан тыш картинаны биргелешип жазууну сунуштап калды дейт. Ал «Иосиф Сталин, Вячеслав Молотов и Михаил Булгаков слушают оперу «Ай-Чурек» деп аталышы керек экен. Бирок, ойлогон ой ишке ашкан жок. Анткен менен мындай адаттан тыш сенсациялык деп айтаарлык ойдун пайда болушунун өзү эле таңкала турган жорук экени талашсыз.

Чуйковдун чыгармачылыгынан байыркы цивлизациядан баштап: атап айтканда Самарканддык, Индия, Италия, грек мезгилинен азыркы француз искусствосу менен кыйылышкан тилкелерди табууга болот. Бул мааниден алганда аны универсал сүрөтчү деп атоого негиз бар.

Семен Афанасьевич акыркы күндөрүн Россияда, Москвада өткөрдү. Россияга көчүп кеткени менен Семен Афанасьевич кыргыз сүрөтчүсү катары калды. Өзү дагы «Мен үчүн Москванын токойлору тар жана жайсыз сезилет, демим кысталат» деп кайталагандан эч жадачу эмес. «Чүйдүн мейкине барсам дегенде эки көзүм төрт. Дегдейм. Мен кыргыздын баласымын» деп жазганы бекеринен болгон жок.

Чуйков бир жолу мындай деп жазган эле: «Менин чыгармачылыгымдын максаты, демек, жашоомдун мүдөөсү кыргыз элин жана Кыргызстанды ызатоого өбөлгө түзүү. Анкени, мен өзүм бул элди, күнөстүү мекенди жанымдай жакшы көрөм».

## Месарош Владислав (Ласло) Фердинандович (1905-1938)

*Биринчи скульптор*



Ласло Месарош Кыргызстандын көркөм скульптурасынын негиз салуучусу болуп эсептелет. Кыргызстанда ал бар болгону бир нече жылдар гана жашады. Бирок ага карабастан эсепсиз көп иштерди жасаганга үлгүрдү. Республикада биринчи скульптуралык мастерскойду ачып тегергине шакирттерин топтоду, ошону менен бирге кыргыз скульпоторлорунун чыгармачылыгына чечкиндүү таасир бере тургандай чыгармаларды жарата алды десек болот. Анын 1916-жылдагы көтөрүш темасына арналган өкмөт залын коооздоп турган росписинин долбору сакталып турат. Мындан сырткары, Месарош борбор калаанын башкы скверин түзүүгө салым кошту. Ошону менен бирге бишкек темир жолу вокзалынын долборун түзүп чыгуудагы да эмгеги ченемсиз зор. Ал эгер НКВДынын кызматкерлери Германиянын пайдасы үчүн шпиондук кылган деген жалган жалаа менен ким көрдү кылып атып ташташпаса мындан да эки эсе артык иштерди жасаары бышык эле.

Месарош Будапеште жумушчунун үй-бүлөөсүндө 1905-жылы туулган. Атасы транспорт жумушчусу жана заводдо металл эритүүчү болуп иштеген. Коммунистерге жан тартканы үчүн жумуштан айдалып, шаардын чет жакаларында сүт сатып оокат кылып жүрдү. Болчок сүрөтчү зергердик мастерскойдо үйрөнчүк болуп турмуш жолун баштады. Таң куланөөк болгондо жумушка кетерден мурун ата-энесине жардам берип кол араба менен лавкага сүт жеткиргенди адат кылып алган эле.

Мастерскойдо иштеп жүрүп ал чоң искусство менен таанышат. Үйрөнчүктүк үчүн алаган жарыбаган жалыйласына Микеланджело, Бенвенуто Челлини, Роден сыяктуу улуу чеберлер жөнүндөгү китептерди сатып алып жүрдү. Жашынан эле жөндөмдүү зирек бала кылдаттык менен түрдүү гравюраларды жасаганга тез эле көнүгөт. Чебер мастерлердин арасында жүрүп алардын жасаган иштеген иштерин көрүп келечекте скульптор болуусу чечет.

1923-жылы Ласло көркөм Академиянын скульптура факультетине тапшырып өтөт. Ал жерде үч жылча окуп калды. Кийинчерээк Месарош таш, жыгач жана коло иштетүү мектебинде көркөм чеберчиликке үйрөндү. 1926-жылы окууну аяктайт, бирок баса отуруп скульптуранын үстүндө иштөөгө мүмкүнчүлүгү болбойт, себеби ата-энесине жардам бериши керек эле. Кол бошогондо гана, түн ичинде гана скульптура менен алектенүүгө тура келди.

Жаш, бирок таланты эрте жетилген жигит дароо эле улуу чебер экендигин көргөзө алды десек болот. 1929-жылы Будепеште реализмдин стилинде иштелип чыккан алгачкы эмгектерин көрсөтмөгө кост. Андан кийин анын жеке өзүнүн бир нече көрсөтмөлөрү ачылат. 1931-жылы Мюнхен, Берлин, Граците Месароштун чыгармалаынын көрсмөтмөлөрү пайда болгон эле. Грацтагы көрсөтмөдө анын «Эс алып жаткан жумушчу» деген скульптурасы күмүш медалга татыйт. 1932-жылдан тартып ал революциялык сүрөткер катары белгилүү болду. Коллегалары менен болго талаш-тарыштарда Ласло сүрөткер актулдуу саясый теманын үстүндө иштөө керек деген ойду чыркырап далилдөөгө аракет кылган учурлары арбын кездешет. Ошентип Месарош мындай идеяны ишке ашырууга болоруна бекем ишенген чыгармачыл адамдардын катарына киргендердин бири болчу.

Кыргызстанга бара турган жол узак болду. Скульптор Италиядагы конкурста степендия женип алат, бүт үй-бүлөсү менен коңшу өлкөгө көчүп барат. Андан соң бир аз мезгил Австрияда туруп калат. Ошо жерде Азияга болгон алгачкы кызыгуусу пайда болот. Ласло венгерлердин байтапкы мекени Азия деп эсептечү, бул бол-

со СССРге карай көчүп келигөө түрткүнчүк болуп берди десек жаңылышпас элек.

Адегенде Москвада бир жылча кызмат калып калды, андан соң Фрунзеге карай жөнөп кетет. Аны Кыргыз ССРинин өкмөтү чакырган эле. Месароштун айтымына караганда ал «ар дайым табияты кооз, таза, эли кең пейил, ал эми адамдардын тиби--эсте кала тургандай болуп өзгөчө- монголдордой бет чүкөсү чыккан, ошону менен кошо жапайы мүнөзү менен кошо ак көнүл кишилер жашаган жерди самаарын» көп айтаар эле.

Скульптордун чыгармачылыгыннын кыргыз тилкесиндеги мезгилинен искусство билермандары «Кыргыз студентинин портретин» өзгөчө бөлүп көрсөтүшөт. Айрымдардын божомолунда Месарош дайын дареги белгисиз студенти эмес, чыгаан акын Алыкул Осмоновдун турпатын чеберчилик менен көрсөткөн дешет.

Шакирттери үлүү ала тургандай чыгармаларына терең акыл катылып турган ошону менен кошо иронияга шыкалган «Дунган колхозунун төр агасы Вонмаза», «Шахтердун портрети» деген катаал образ жана «Тебетей кийген кыз» деген деталдары кылдат иштелген скульптуралары кирет.

1938-жылы Ласло Месарош НКВДынын массалык түрдө камакка алаган репрессиясынын шардасына дуушар болот. Аны « фашистердин пайдасына шпиондук кылган» деген акылга сыйбаган абсурд жалаа менен күнөөлөшөт. Месароштун аялы анны түрмөдөн кутултуу үчүн барбаган жери калган жок, колунан келген баардык аракетин жасады. Бүт инстанцияларга кат жазып көрдү, СССРдин ички министирлигинин эдик комиссарына чейин барды. Бирок баардык жерден оң жооп ала алган жок. Кийин, көрсө чыгаан сүрөтчүнү алеки заматта далили жок эле ары берип



койгон «тройка» деп аталган репрессиялык топтун чечими менен эбак аттылып кеткени билинип жатпайбы. Кийин, Кыргыз ССРинин НКВДысынын чыгааны Лоцмановдун айтымында венгер скульпторун жалган жерден караланып – «кылмыш ишин фальсификациялоо» менен атылып кетиптир. Бирок, совет карателдик машинасы акырына чейин талантуу скульптордун тагдырын ачыкка чыгарбай жашырып жүргөн экен.

Алтымышынчы жылдардын орто ченинде Ласло Месароштун жакын тууганадары анын биротоло акталгандыгы жөнундө жолдомо кат алышат. Скульптордун кызы Марта Месароштун билдиргенине караганда Ласло менен достук мамиледе болгон Чынгыз Айтматов 1999-жылы гана сүрөтчүнүн тагдыры жөнүндө КГБнын архивине документтерди алууга мүмкүнчүлүк алыптыр. Кийин, көрсө, Месарош менен мамилеси дурус болуп жүргөн венгердик сүрөтчү Бела Уитц ашынасына каршы көрсөтмө берип өзүн өлүмдөн сактап калганы белинип жатпайбы.

Марта билдиргендей анын атасы атылып кеткен тапта сүрөтчү бар болгону 33 жашка чыккан экен. Белгилүү сүрөтчүнүн сөөгү кайда жатканы азыркыга чейин белгисиз. Айрым маалыматтар боюнча өлтүрүлгөн адамдардын денесин жерге беришпептир, тоого алып барышып аскадан туңгуюкка ыргытып жиберишкен экен. Ошону менен алар ит-куштун жеми болуптур. Тилекке жараша белгилүү сүрөтчүнүн шакирттери суук көздөн алыс катып жатышып анын көптөгөн скульптуралык эмгектерин сактап калганга үлгүрүштү.

Кыргызстандыктар таланттуу скульптор Ласло Месароштун эмгектерин эстен чыгарышпай келет. Бишкекете Месароштун атын алып жүргөн көчө бар. Кыргызстандын скульптурасынын өнүгүшүнө ченемсиз салым кошкон улуу сүрөтчү жөнүндө эскерүү тоолуу өлкөнүн элинин эсинде дайым сакталат, унутулбайт, өчпөйт дагы.

# Абдылас Малдыбаев (1906–1978)

## *Кеминден чыккан асыл таш*



Малдыбаевдин ысымы аталганада дароо эле элдик, негиздөөчү, биринчи деген эпитеттер эске келет…Ал республиканын биринчи кыргыз музыкалык драмасын жазган алгачкы композитор болуп эсептелет. Анын «Айчүрөгү» менен «Манасы» элге кеңири белгилүү. Мындан тышкары ал Кыргызстандын биринчи мамлекеттик гимнинин музыкасынын автору. Кыргыз интеллигенциясынын ичинде биринчилерден болуп СССРдин элдик артисти деген наамга татыган.

Абдылас Малдыбаев Кемин районун Кара-Булак айлында 1906-жылдын 7-июлунда кедейдин үй-бүлөөдө төрөлгөн. Кичинекейинен тартып жергиликтүү байдын улагын кайтарууга арагасыз болот. Эртеден кечке чейин тоодо улак багып күн өткөрчү. Кичинекей койчу жалгыз калганда элдик ырлардын кайрыктарын үн чыгарып ырдаганды жактыраар эле. Майрам болуп калган күндөрү төкмө акындардын айтыштарын көргөндө кубанычка бөлөгөн сейрек учурлардын бири болчу. Келечекте ырчы болуп калганын дайыма түшүндө көрчү.

Абдыластын атасы комуз черткенди жакшы көрчү. Бирок композитордун өзүнүн айтымына караганда импровизацияга, ырчылыкка, обончулукка болгон шык энесинен жуккан. Келишкен сулуу Дилде курчап тургандарды бийик коңгуродой таза обону менен тамшантып таң калтырчу. Эгер кимдир бирөө айылда каза болуп калганда

Дилдени негизги кошокчу кылып дайындашчу. Ал ошо турган жеринен эч даярдыксыз өлгөн адам жөнүндө татыктуу кошок кошуп берген талантка ээ болчу.

1916-жылы ак падышанын аскерлери согушка жергиликтүүлөрдөн солдат алууга каршы көтөрүлүп чыккан элди жазалоо үчүн оккупациялык компания баштайт. Ошондо келечектеги композитордун атасы Малдыбай үй-бүлөөсү менен Кытайды көздөй качат. Кийин Октябрь революциясы болуп өткөндөн соң гана алар кайтып келишип Токмоктон конуш табышат.

Малдыбаев башка туугандары сыяктуу эле Токмокто батрактык менен күн көрөт. Энеси оокатын азабынан жергиликтүү базарда айран, сүт сатууга арагасыз болот. Энеси ооруп калганда Абдылас анын ордуна сүт сатат, обондуу ыры менен алуучулардын көңүлүн бөлүүгө аркет кылат. Анын тапкан ташыган акчасы дары дармекке, азык-түлүккө, энесин табыпка көрсөтүүгө корочу.

Кеч киргенде айылдын жаштары оюн куруп, ыр ырдашканды адат кылып алышкан. Мына ушу кезде жаш Абдыластын таланты жаркырап жанаар эле, алым сабак ырларга келгенде эч кимди алдыга чыгарчу эмес. Жаш баланы билим алууну катуу самачу. Жаңы ачылган мектепке бара баштаганда ал 11 жашка толгон.

Кийинчерээк ал Алма-Атадагы Казак-Кыргыз агартуу институтуна тапшырат, көп өтпөй Фрунзу шаарындагы Педогогикалык техникумга которулат. Студенттик жылдары ал көп убактысын элдик көркөм чыгармачылыкка коротту. Хордо ырдады, өзү музыкасын тандап сунуш кылган театр сүйүүчүлөрдүн спектаклинде ойноду. Мына ошондо өмүрүн музыкага арноо чечимине келет.

1926-жылы Фрунзедеги улуттук драма студиясына тапшырат. Ошол жерде Малдыбаевде актерлук, ырчылык жана композитордук чар тараптуу талант бар экенин байкашат.

Республикага жаңы кадрлар талап кылынып жаткан. 1930-жылы музыкалык техникум ачылып анын директору кылып Абдылас дайындалат. Педогогикалык ишмердикте ал накта мугалим экендигин далилдей алды. Ал ар дайым айтып калаар эле: «эгер адамда музы-

калык шык жана талант болсо ага жардам бериш керек» деп. Малдыбаевдин көмөгү менен кыргыздын жүздөгөн талантуу уул-кыздары Мосва менен Ленинграддын белгилүү музыкалык, көркөм, театралдык училищалары жана жогорку жайларына окууга жиберилет..

Кийин анын активдүү аракеттери жана түздөн кийгилишүүсү менен биринчи музыкалык-педогогикалык мектептер, училищалар ачылып өлкөнүн алыскы булуң бурчтарынан жөндөмдүү чырымтал, тестиер балдар келип окуй башташат. Ал И.Туманов, К.Молдобасанов, Н.Давлесов, С.Медетов, М.Абдраев, А.Тулеев, Т.Эрматов сыяктуу көптөгөн композиторлордун, музыканттар, ырчылар, дирижерлер, сцена чеберлеринин талантынын ачылышы жардам берди.

1936-жылдын жай айларында анын чыгармачылык тагдырында бурулуш этабы болуп өттү десек жаңылбас элек. Москвада ал жаш композиторлор В.А.Власов жана В.Г.Фере менен таанышат. Бул жолугуу алардын көп жылдык жемиштүү кызматташуусуна жол чаап берди. 1939-жылы Москвада өткөн кыргыз искусствосунун декадасында бул көркөм триаданын эки ири чыгармасы элдин алдына чыгарылды – бири «Ажал ордуна» музыкалык драмасы, экинчиси биринчи кыргыз операсы «Айчүрөк». Эки чыгармада тең Малдыбаев авторлордун бири жана жетекчи партиянын аткаруучусу катары катышты. Эки чыгарма тең болуп көрбөгөндөй ийгиликке ээ болду.

Мосвичтерге Малдыбаев аткарган «Евгений Онегин» операсындагы Ленскийдин партиясы эстеринде көпкө сакталып калды. Москвадагы П.М. Чайковский атындагы Концерттик залда Ленскийдин партиясын эң мыкты аткаргандардын портреттери илинип турат: алар бар болгону үчөө гана-Леонид Собинов, Сергей Лемешев жана Абдылас Малдыбаев.

Согушка чейин эле ал Ленин орденине татыган, ал кезде бир дагы кыргыз мындай орденди ала элек болчу, алгачкылардан болуп «СССРдин элдик артиси» деген жогорку наамга ээ болду. Малдыбаев ар дайым композиторлук чеберчилигин тереңдетүүнүн үстүндө иштегенден тажаган жок. Ошондуктан ал өлкөгө сиңген эмгеги бар экенине, наамына карабастан 1941-жылы Москва мамилекттик



консерваториянын алдындагы Улуттук студиясына тапшырып окуусун улантат.

Бирок согуш башталып кетип окуусу үзгүлтүккө учурайт. Ал эки ирет фронко жиберүү боюнча арыз жазат. Бирок өкмөт башкача чечти: «Сен элдик талантсың. Душман менен музыка аркалуу күрөшкөнүң тура болот».

Согуш жылдары бир жылдык айлыгын фронтко жардам берүү фондусуна которот, жеке анын демилгеси менен фронттук артистердин бригадасы түзүлөт. Ырчы С.Кийизбаева, акын-комузчу М.Баетов, акын А.Үсөнбаевдер менен бирдикте согуштун алдынкы катарындагы аскерлердин алдында концерт беришет. Согуш аяктаганга чейин Малдыбаевдин квартирасы фронтовиктер үчүн бекер мейманкана болуп берди.

Согуш фашистик Германияны жеңилиши менен аяктагандан кийин А.Малдыбаев музыкалык чыгармачылын улантып, коомдук иштерин да таштап койгон жок. Отуз жылдан ашык ал Кыргызстандын композиторлор Союзунун төр агасы болуп кызмат кылды. Айлык акы албай иштеди. Анын кадыр-баркы жогору экенин мындан билиңиз СССРдин композиторлорунун Башкармасынын, СССРдин мамлекеттик сыйлыгы боюнча Комитеттин мүчөсү болуп бир нече ирет шайланат. СССРдин Жогорку Советинин жана Кыргыз ССРинин депутаты болуп көп ирет шайланган.

Анын балдары атасынын жолу менен кетишти. Улуу кызы Толкун-пианстика. Уулу Болот хордун белгилүү дирижеру болуп калды. Ал эми кенже кызы, Жылдыз Малдыбаева, Кырыгызстанда биринчи аял-композитору.

Атактуу композитор Малдыбаевдин эл алдында сиңирген ченемсиз эмгеги эске алынып улуттук валюта-бир сомго анын портрети чегип түшүрүлгөн.

# Нусов Владимир Ефимович (1908-1998)

*Шаарлардын курулушчусу*



Нусов Владимир Ефимович биздин өлкөнүн азыркы архитектурасына негиз салчуулардын бири деп атоого толук татыктуу. Анын түзгөн эскизинин негизинде Фрунзедеги пионерлердин ак сарайы (азыркы ТЮЗдун имараты), кийинчерээк Касымалы Баялиновдун атын алган Чернышевский атындагы китепкана курулган эле. Нусовдун долбоору менен ири майрдамдар өткөрүлүп келеткан шаардык ипподромдагы салынганын айта кетүү кажет. Ошондой эле ал Оштогу педогикалык иниститунун имаратынын планын иштеп чыккан. Нусов тарабынан түштүк борбору Оштун, Талас жана Өзгөн шаарларынын архитектуралык генералдык планы түзүлгөн. Мындан сырткары Нусовдун түздөн түз катышуусу менен Манастын күмбөсү, Бурана мунарасы, Өзгөндөгү архитекуралык комплекстер реставрациядан өткөрүлгөн болучу.

Ал 1908-жылы белоруссиянын Кричев деген айылда дыйкандын үй-бүлөөсүндө төролгон. Болочок архитектор кооз табият курчап турган чакан шаарда чоңоюп өстү. Бул эл жашаган пункутта беш жыгачтан курулган жана таштан тургузулган чиркөөлөр, синогогалар, жергиликтүү пан Голынскийдин ак сарайы жана пан Белостоцкий дегендин тири суук замогу бар болчу. Туулуп өскөн шаардын кооз курулуштары анын келечекте архитектор болуп чыгышына оболго болгон түрү бар.

Атасы Ефим Никитович ден соолугу чың, олбурдуу эмгекчил адам болгон экен. Энеси-- Агафья Павловна- ар нерсе ынтызар караган аялдардын бири болгонун эскеришет. Кийин Владимир Ефи-

мович анын энеси өзүнүн он биринчи баласына турмушка астейдил мамиле жасоону үйрөтүп кийин архитектор болуп чыгышында эбегейсиз чоң рол ойногонун белгилеп кетүү кажет.

Владимир он жашынан баштап эле мектепке бара баштайт. Төртүнчү класска келгенде мектеп жабылып калат, асресе бала окуусун улатууну ак эткенден так этип тилечү экен. Айла жок, окуу дегенде жантыгынан түшкөн бала эми иштөөгө аргасыз болот. Болочоктогу архитектордун эмгек жолу мектепке чейин эле сегиз жашынан башталды десек болот. Мындан кийин ал кыйын турмушту каржалган оор эмгекти башынан өткөрүүгө тура келди: түн ичинде жылкы кайтаруу, кой багуу, жер айдоо, чөп чабуу, токойдон отун ташып келүү сыяктанган мүшкүлдүү эмгекти баштан кечирди.

1929-жылдын жай айларында Жогорку көркөм-техникалык инсититуттунун (мурдагы көркөм Академия) архитектуралык факультетине тапшырып окууга өтөт. Дипломдук проекти жактагандан кийин өзү туулуп өскөн Белоруссияга жол кат алат. Андан соң кайрадан Москвада «квалификацияны көтөөрүү» курсунда окууга туура келет. Арийне, өз алдынчалыкка болгон умтулуу, чыгармачылык изденүү жигери анын талантынын гүлүнүн ачылышы үчүн жаңы жерди издөөгө алып келди. Архитектор үчүн өз максатын ишке ашыруу үчүн чыгармачылык өз алдынчылык талап этилип турган болчу. Ошентип ал алыстагы, белгисиз Кыргызстанды тандап алды.

Беш суткадан ашык узак жол артып араң дегенде Бишкеке келип жетет. Кийин ал бул учурун эске түшүргөнүнө караганда жергиликтүүлөр «Дом дыйкан» деп атап алышкан кичинекей бир кабат үйдүн жанынан араба менен кыдырап бараткан көз алдында турат. Жол боюнда кыдыракей эки же үч кабатуу чакан үйлөр чанда чанда гана кездешип жатты дейт өткөндү эскерген Нусов.

Нусовду «Киргоспроект» деген мекемеге дароо эле көп аялдап отурушпай кызматка алышат. Бул бюро «Промпроект» деген уюм менен бирдикте республиканын граждандык жана өнөр жай курулуштары боюнча зарыл болгон бүт документациялар менен кам-

сыз кылып турган эле. Мекеменин чыгармачылык тутуму негизинен жаштардан турган, жалгыз аксакалы деген Виктор Коноваловдун жашы араң эле отуздан араң ашкан.

Жаш архитекторлордун алдында жергиликтүү өзгөчөлүктү эске алуу менен, Орто Азиянын шартында жашоо жана граждандык имараттарынын кантип куру милдети турду. Ал гана эмес болчоктогу улуттук архитектура кандай багытта өнүгүшүн аныктоо талабы да алардын моюнуна тапшырылып турган болчу.

Алгач Нусовко эл жашаган он бөлмөлүү эки кабат үйдүн долборун иштеп чыгуу милдети тапшырылды. Анын иштеп чыккан долбору боюнча Фрунзенин борбордук көчөлөрүндө үйлөр тургузулду. Мындан кийин Ак-Түз кенинин кызматкерлери үчүн курула турган бир кабатуу үйлөрдүн комплексин иштеп чыгуу милдети тагылат. Нусов долборго киришерден мурун курула турган үйлөр жайгаша турган жергиликтүү жердин шарты менен атайы барып таанышат.

Бир жума бою архитектор курулуш боло турган жерди кыдырып көрүп чыгат, курчап турган табияттын кооздугуна там берип тамшанат, балалыгы өткөн үтүрүйгөн үйлөрдү, караңгыда шам жагып оокат кылган учурду, жамачыланган кийимдерди эске түшүрөт. «Чечим капысынан келди,--дейт архитектор--ак сарайлардын долбоорун кийинкиге калтырып кое туру зарыл, жергиликтүү курулуш материалдарын пайдаланып ак сарайдын ордуна бекем, ыңгайлуу үйлөрдүү куру максатка туура келет». Кийин Нусов долбору кандайча ишке ашып жатканын өз көзү менен көрүү үчүн Ак-Түзгө бир нече жолу келип кеткен эле. Башкысы жаңы үйгө киргендер абдан ыраазы болушканы аны кубандырбай койбогон жок.

1938-жылдын жай айларында СССРдин архитекторлор Союзунун Кыргыз бөлүмү Нусов жана архитектор-техник Прищепаны экөөнө Чүй жана Талас өрөөнүндөгү «эстеликтерди иликтөө, өлчөм ченемин алуу» милдетин тапшырылат. Алар адегенде Бурана мунарасынын ченемин аныктап такташат. Анда соң Манас күмбөзүнүн конструкциясы аныктоо менен изилдөө иштерин колго алышат. Экөөнүн иликтөөсүнөн пайда болгон материалдар белгилүү оку-

муштуу-архиолог Бернштамдын «Памятники архитектуры Киргизии» деген китебинин главаларын жазууга негиз болгонун атайы белгилеп кетүү зарыл.

Архитектор Нусов зодчествонун тарыхына кызыгып артынан түшкөн адамдардын бири. Ошондуктан анын кыргыз элинин оргиналдуу формасы менен мотивдерин туюндурган улуттук орнаметинин альбомун басып чыгаруу идеясы пайда болушун түшүнсө болор. Кийин ал элдик мотивдерди, улуттук колоритти пайдалануу менен студенттердин үч кабатуу жатаканаларын, мейменкананын имаратын, бир кабатуу жети жылдык жана орто мектептин долборунун үч тибин түзүп чыккан эле. Нусовдун келечекте жүзөгө ашырам деп ойлонуштарган кеңири пландары бар болчу.

Тилекке каршы, Улуу Ата Мекендик согуш башталып кетип Владимир Ефимович фронтко, согушуп жаткан армияга мобилизацияланат. Анын согуштагы күжүрмөн жолу Кубандагы Холмск деген жерден башталып Румыния, Болгарияны, Югославияны, Венгрия менен Австрияны басып өтүп 1946-жылы 16-майда Чехослакиянын Судет облусунда аяктады.

1946-жылы Кыргызстанга кайтып келгенден кийин дароо эле мектеп, инсититуттар, ооруканалар жана маданий-агартуу мекемелеринин имраттарын долборлорун иштеп чыгуу ишине киришет. Мындан сырткары Нусов коллегалары менен бирдикте тарыхый, маданий жана эстетикалык мааниси чоң архитектуралык курулуштарды реставрация жана консервация боюнча долборлордун үстүндө иштейт.

Бүт өмүрүн арнаган анын иши кыргыз архитектурасынын тарыхынын легендасына айландырды. Ал Бишкектин жарымысына көп имараттардын долбоорун түзүп чыккан адам мына ушу Нусов болду. Ошону менен бирге Ош, Талас, Өзгөн шаарларынын архитектуралык келбетин түздү. Иш жүзүндө ал биздин республикадагы реставрациялык иштердин башталышын негиздеп башында турган адамдардын бири. Нусов практикалык иштерден тышкары Фрунзедеги политехникалык институтунун архитектуралык-курулуш факультетинде көп жылдар бою сабак берип келди.

Өмүрү бою эл жер кыдырып саякатта болду, архитектуралык эстеликтерди изилдеп үйрөнүү үчүн өмүрүн сайып койгон адам десек болор. Ал СССРдин баардык республикаларын архитектуралык эстеликтерин кыдырып көрдү, а түгүл Францияга бааруга тура келди, бирок анын бир адаты ар дайым жанындай көргөн Кыргызстанга кайтып келээри конүмүш болуп калган эле.



# Гапар Айтиев (1912-1984)

*Кыргыз живописинин аксакалы*



Эң биринчи профессионалдык көркөм сүрөтчү - кыргыз, Кыргызстандын живописине негиз салган айтылуу Семен Чуйковдун шакирти Гапар Айтиевдин туулган күнүн жүз жылдыгы Кыргызстанда салтанат менен белгиленди. Г.Айтиевдин атын алып жүргөн Кыргыз улуттук көркөм сүрөт искусствосунун музейинде кыл калемдин чеберинин юблейдик персоналдык көрсөзмөсү ачылды. Ошону менен бирге эле Айтиевдин чыгармачылыгына арналган илимий конференция да болуп өттү. Ал эми, Гапар Айтиев он жыл бою сабак берген Чуйков атындагы көркөм училищада сүрөтчүнүн мемоpалдык тактасы менен бюсту ачылды. Салтанатуу иш чаралар белгилүү сүрөтчү туулуп өскөн Ош обулусунун Табылды айлында да болуп өттү.

Гапар Айтиев 1920-жылдардын аяк ченинде Фрунзедеги Образованын жупуну мастерскоюнда чыгармачылык жолун баштаган эле. Жаш көркөм сүрөтчү, бул окуу жайында биринчи жолу чеберчиликтин сабактарын алган, натура менен иштөөнүн жол-жоболуна үйрөнгөн болчу.

Андан соң, бир нече жыл өткөндөн кийин 1905-жыл атындагы Москвадагы көркөм училищада билимин улантып пейзаж искусствосунун атактуу чебери Крымовдон таалим алат. Крымов айыл-

дан келген карапайым кыргыз баласына пленэрде иштөөнүн зарылдыгына болгон ишениминин бекемделишине үйрөттү.Талыкпай эмгек кылуу гана майнап берин түшүндүрө алды. Ошондон бери Айтиев керелден кечке «таза абада» жоголуп кеткен адат күткөн болчу. Окуп жүргөндө анын көз алдында Ала-Тоонун элеси кетпей ар дайым алга үндөп келгенин байкоого болот.

1930-жылдары Айтиев үйрөнчүк шакирттен бара бара көркөм сүрөт нукура чеберине айланат. Живописчи көңүлүн портретке көбүрөөк оодара бөлүп, жаш республиканын адамдарына болгон ынтызаарлыгы күчөйт. Колхоздун секретары Имангазы, акын Алыкул Осмоновдун портреттеринде жердештеринин, келечектеги кызыл интеллгенциянын коллективдүү образдарын түзүүгө киришет. Аны өз башынан кечирип, өзү күбө болгон дыйкандардын кулк мүнөзү, маанайы менен кажыбас кайратман эмгектерин чагылдыруунун көздөй баштайт. Булар анын «Колхозчулар эс алууда», «Физкультурниктер» композицияларында таамай чагылдырылды.

1934-жылы Чуйковдун активдүү аракеттери менен Кыргызстандын сүрөтчүлөрүнүн Союзу түзүлгөн эле. Республиканын тарыхындагы биринчи көркөм көрсөтмөсүнө кыргыздардын ичинен чыккан биринчи профессионал жаш сүрөтчүсү Гапар Айтиевдин эмгектери коюлуп элге тартууланган болчу. Бул окуя кыл калемдин чеберинин чыгармачылык жолундагы өзүнчө эле бир өзгөчө доорго теңдеш окуя болуп калган эле.

Кийинчерээк, сүрөтчүлөрдүн IV съездинде жасаган отчеттук докладында Айтиев Кыргызстандын профессионалдык көркөм сүрөт искусствосунун калыптанышы менен өнүгүүсүнө тийгизген Чуйковдун ченемсиз чоң таасири атайы баса белгилейт. Айтиев бүт өмүрү өткөнчө Семен Афанасьевичке болгон терең ыраазычылыгын унутпай айтып келди. Ар дайым аны-Чуйковду «биздин – кыргыз сүрөтчүсү» деп атагандан жадачу эмес.

Улуу Ата Мекендик согушта кан күйгөн фронтто өткөргөн Айтиевдин үч жылдык өмүрү анын жан дүйнөсү, ошондой эле чыгармачылыгына терең из калтырганы белгилүү. Баштан өткөргөн

согуш күндөрү анын чыгармаларынан да бекем орун тапты десек болот. «Фронттон кат» холсту ошол күндөрдүн драмасын таамай чагылдыра алат. Балдары менен жубайларынын фронттон жазган каттарын энелердин жана аялдардын кантип берилүү жана ашыгуу менен окуп жаткан көз ирмеми эч кимди кайдигер калтырбайт десек жаңылышпас элек. Бул сезим Айтиев-фронтовиктин ар дайым жан дүйнөсүнө дүрбөлөң салып келгенин көрүү кыйын эместир.

Кабыргасы кайышканга чейин талыкпай күч үрөгөн пахтекерлердин эмгеги «Кыргызстандын түштүгүндөгү пахта жыйноо» полотносунда чагылдырылат. 1946-жылы жазылган «Колхоздун короосунда» деп аталган эмгегинде образдын ажарын ачкан деталдарга өзгөчө басым койгону байкалбай койбойт. Жайдак калган короодо жетимсиреген жоготуу сезими орун алганын байкоо кыйын эмес. Айрыкча, адата шакардай кайнап туруучу короодо жалгыз калган мусапыр кейпиндеги карынын фигурасын көргөндө же болбосо унутулуп бараткан сокмо жолдун элеси көз алдыңа келгенде камтама болуу сезими курчуп кеткенин баамдайсың.

Элүүнчү жылдары сүрөтчүнүн чыгармачылыгы жаңы этапка өсүп өткөн учур деп мүнөздөсө болчудай. Ал эми монуметалдык живопись жана скульптура менен алектене баштайт. Фрунзедеги опера жана балет театрынын көрүүчүлөр залынын плафонун жазып чыгат. Бул кандайдыр бир деңгелде Рафелдин гениалдуу чыгармачылылрын эске салып турат десек ашыкча кетпес элек. Айтиев көп өтпөй кыргыз акыны Токтогулдун эстелиги боюнча уюштурулган мыкты долбоор конкурусунда жеңип чыгат. Ошол мезгилге оро-пара республиканын жаш сүрөтчүлөрүн тарбиялоо сабак берүү ишине олуттуу түрдө киришишкен эле.

Гапар Айтиев белгилүү чеберчиликке, огожом чыгармачылык ийгиликке жетишкен учурдан кийин сүрөтчү болууну көздөгөн жаштарга көмөк көрсөтүүнү негизги милдеттеримдин бири деп эсептейт. Кыргызстандын элдик сүрөтчүсү Баатыр Жалиев кантип атактуу чеберге барганын мындайча эскерет. «Ии, эмне жумуштар менен келип калдың, баатыр» деп сурады – дейт Баатыр Жалиев-

алгач анын кабинетине баш бакканда. Адегенде жаш бала таң кала түшөт, бүт республикага аттын кашкасындай таанымал адам кайдан менин-айылдык жаш баланын-атымды билип алган» деп. Кийин гана кыргызда адат катары улуу адам жаш жигитке «баатыр» деп кайрылаарын эстейт. Ушуну менен беш жолу көркөм училищага документ тапшырып өтпөй калган элеттик баланы айтканын кунт коюп уккан Айтиев өз көмөгүн аябаганын жылуу сезим менен эскерет Баатыр Жалиев. Улуу сүрөтчүнүн жеке кириүүсү менен ал көркөм училищага кандитат болуп кабыл алыныптыр.

Искусство изилдөөчүсү КР нын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Ош мамлекеттик университетинин искусство факультетинин профессору Тамара Кадырбаеванын 1983-жылкы Айтиев менен Оштогу жолугушуусу эсинде бекем сакталып калыптыр. Анда сүрөтчү эбактан бери кыялында алдейлеп жүргөн кичи мекенинде өзүнүн музейин ачуу тилеги менен келген экен. Болгондо да алдын ала камынып алган окшобойбу, себеби, болочоктогу Ош музейи үчүн 150 чамасында эмгегин бөлүп алганын, келечектеги имараттын долборун талкуудан өткөргөнүн айтат. Тилекке каршы, анын кыялы азыркыга чейин ишке ашпай келетат.

Айтиевдин зор эмгеги тирүү кезинде эле бaркталып өзүнүн татыктуу баасын алды. 1973-жылы ал СССРдин көркөм Академиясынын мүчө-корреспонденти болуп шайланат. Ушундан баштап анын аты ошол мезгилдин гениалдуу сүрөтчүлөрүнүн катарынан орун табат. Андан соңку 1982-жылды Айтиевдин триуфму десе болчудай – СССРдин Жогорку Советинин прездиумунун буйругу менен совет көркөм искусствосуна сиңирген эмгеги жана СССРдин элдик сүрөтүчүсү жетимиш жашка толгондугуна байланыштуу Гапар Айтиевке Социалистик Эмгектин баатыры деген наам ыйгарылып ошону менен бирге Ленин ордени жана «Орок жана Балка» медалы тапшырылат.

Гапар Айтиев кыргыз корком суротуно чеңемсиз эмгек сиңирди. Анын тагдыры кыргыз элинин профессиналдык искусствосуна алгачкы кадам таштаашы менен тыгыз байланыштуу.

## Абдуазизова Нурпаша Хусамбаевна (1914-1976)

*Педагогиканын темир ледиси*



Нурпаша Абдуазизованын ысымы атактуу педогог жана коомдук ишмер катары Кыргызстандын тарыхында биротоло жазылып калды. Ал айым 40 жылдык үзгүлтүксүз эмгеги менен Советтик Кыргызстандын билим берүү сферасына жана жаштарды тарбиялоодо ченемсиз салым кошкону үчүн эң жогорку баага татыктуу. Н.Абдуазизова В.В. Маяковский атындагы Кыргыз аялдар педогогикалык институнда ректору болуп 13 жыл эмгектенди.

Атактуу окутуучу 1914-жылы Фрунзе шаарында дыйкандын үй-бүлөөсүндө төрөлгөн. Атасы өзүбек шаары Намангандан эле, энеси Токмок шаарынан. Нурпаша үч кыздын эң улуусу болчу. Ар нерсеге кызыккан жана тирикарак, аракетчил кыз мектепте жакшы окуду. Чыйрак кыз тез эле баамга илинди, окууну аяктагандан кийин, 1933-жылы аны Ленинградга үч жылдык педогогдордун курсуна жиберишет.

Неванын жээгиндеги шаар Кыргызстандан келген кызга чоң таасир калтырды. Ал көпко дейре шаардын тарыхый көпүрөлөрүн көпко дейре кызыгып карап турар эле, музейлерге, анын ичинде легендарлуу Эрмитажга көп барды. Союздагы эң интеллигентүү шаарда ал педогогдун кесибинин сырын гана өздөштүрбөстөн, жогорку маданиятка ээ болду, илим-билимге болгон терең ызатоо сезимин алып чыкты. Бул ички тарбия, Ленинграддык маданият кийинки бүт жашоосуна таасир бергени талашсыз. Кийин атактуу



илимпоз болуп калганда деле студенттеирине ар дайым «сиз» деп кайрылчу, башкача мамиле жасоону ал билчү жана түшүнчү да эмес.

Түндүк Пальмирадагы окуусун бүтүрүп өзүнүн жан терисиндей жакшы көргөн №7 мектепке мугалим болуп келет. Бирок, мындан ары деле окууну улантуу, билимин тереңдетүү аракетин токтотууга мүмкүн эмес эле. 1937-жылы Абдуазизова Кыргыз мамилекеттик педогикалык институтка тапшырат, аны согуш башталаган 1941-жылы бүтүрдү. Жогорку билим алгандан кийин жаш мугалим Ысcык-Көл областынын Тору-Айгыр орто мектебинде жана Фрунзедеги педогогикалы училищада, ошондой эле борбордогу №5 мектепте педогогикалык ишмердигин улантты.

Ал ошону менен бирге партиялык иштерге активдүү киришти: мектепте сабак берип жүрүп, ошол эле кезде Кыргыз ССРнин Главлитинде саясый редактор деген кызматты да аткарды. Илимий жана изилдөө иштерине кызыгуусу жогору жөндөмдүү педагог Кыргыз мамилекеттик педагогикалык институттун аспирантурасына тапшыруунун чечет. Аспирантураны 1949-жылы аяктады. Үч жыл өткөндөн кийин В.И. Ленин атындагы Мамилекеттик педагогикалык институтка тарых илимидеринин кандидатыгын алуу боюнча документин тапшырып диссертациясын Москвада ийгиликтүү жактайт. Билим берүү Министирлигинин алдындагы Жогорку аттестациялык комиссия 1952-жылы Нурпаша Абдуазизованын диссертациясын бекитип, ошону менен бирге доцент деген илимий наам берет.

Ал терең билими жана эрудициясы менен гана айырмаланбастан, лидерлик сапаты бар экенин далилдеди – илим иштери жана билим берүү ганан эмес башка сфераларда б.а. коомдук ма-

селелерде активдүү ишмердикти көрсөтө алды. Атап айтсак, 1953-жылы аны Кыргыз мугалимдер институтунун директору кылып дайындашат, 1955-жылы Кыргыз ССРинин агартуу министринин орун басары болуп калат.

1961-жылы Абдуазизованы Кыргыз ССРинин БКнын вуздар жана мектептер бөлүмүнүн башчысы кылып дайындашат, ал эми, 1963-жылы В.В. Маяковский атындагы Кыргыз аялдар педагогикалык институн ректору кылып бекитишет. Бул кызматта ал 13 жылдан ашык мезгил иштеди. Анын жетекчилиги менен институт интенсивдүү өнүгүүгө дуушар болду – студенттердин жана профессордук-мугалим курамынын саны эки эседен ашык өстү. Билим берүү кызматынын сапаты да бир топ жогорулады. Мындай өсүш Нурпаша Абдуазизова педогогикалык составдын алдына илимий-зилдөө иштерин тереңдетүү жана студенттерге изилдөө тажрийбасын өздөштүрүү талабын койгонун эсебинен жетишилди.

Пединститута Н.Абдуазизованын демилгеси менен студенттик илимий коом түзүлөт. КЖПИ республиканын алыскы райондору үчүн мугалимдер кадрларын даярдоо боюнча жетектөөчү жогорку окуу жайына айланды. Нурпаша Хусамбаевна жөндөмдүү студенттерди тандоо ишине жеке өзү катышчу, өлкөнүн райондоруна жана областарына чыгып туруу анын адаты болчу.

Ал коомдук-саясый ишмердүүлүктү унутуп таштап койгон жок. Кыргызстандын компартиясынын Борбордук комитетинин мүчөсү, Фрунзе шаардык советинин алты жолку чакырылышынын депутаты болду. Мугалимдердин республикалык сьездеринин делегаты болуп шайланды, «Кыргызстан аялдары» журналынын редколлегиясынын мүчөсү милдетин аткарды.

Анын көптөгөн студенттеринин бири Базаркүл Султанкеримованын эскергени боюнча Нурпаша Хусамбаеваны баардыгы «эже» дешип сыйлап турушаар эле. Ал салабаттуу жана асылзат аялдардан болчу. Ошол эле кезде эркектик мүнөзү бар экенин көрсөтчү – кезеги келгенде катаал жана чекиндүү адам эле. Ар бир студент менен жеке сүйлөшкөндү артык көрчү. Эгер, зарыл болсо көчөодо

кезигип калган кызды токтотуп баарлашканды жакшы көрчү. Нурпаша Хумамбаевна өзүн дыкаат жана таза алып жүрдү, сынын жоготкон жок.

Нурпаша Абдуазизованын жолдошу менен студентик жылдары таанышкан Дүйшеналы Турдукеев болчу. Ал Кыргыз педогогикалык институттун химия-биологиялык факультеттин аспирантурасында окуп диссерациясын жазып жүргөн. Ага-туугандардын айтымдарында Нурпаша менен Дүйшеналы бири бирине төп келишкен түгөйлөр болчу. Алар үч балалуу болушту. Өкүнүчкө жараша, сүйүктүү жары, жаш адис, илимде чоң үмүт кылдырган күйөөсү 1944-жылы фронтто каза болуп калды.

Нурпаша Хусамбаевна күйөөсүнөн эрте 27 жашында ажыраганына, колунда чийедей болгон үч баласы калганына карабастан согуш жылдарынын кыйынчылыктарын татыктуу көтөрдү. Ал өмүрү өткөнчө Дуйшеналысы менен дилинде болду, унуткан жок, анын тууган-туушкандарынан кол үзүп кетпеди. Согуштан кийинки мезгилдерде колу бошобосо да балдарына таалим-тарбия берүү үчүн дайыма убакыт тапчу. Балдарын илим-билимге болгон ынтызарлыгн артырды, алардын музыка, поэзия жана искусствону сүйүүгө үйрөттү. Анын балдарынын баары жогорку билимге ээ болушту, энеси сыяктуу өмүрүн Кыргызстанга эмгек кылууга арнашты.

Мекенин алдында сиңирген эмгеги үчүн Абдуазизова Кызыл Туу, «Ардак белгиси» ордендери, «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы каармандыгы эмгеги» медалы менен сыйланган, «Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими» деген наамга татыган. Анын педогогика системасында кошкон салымын өлчөп-ченеп болбойт. Ошентип, ал азыркы жогорку мектепти фундаментин түзгөн адамдардын катарына кирет.

# Махмуд Эсамбаев (1924-2000)

*Бий даарыган жан дүйнө*



Махмуд Эсамбаевди эмне гана эпитеттер менен коштолбоду дейсиң: «бийдин маэстросу», «дүйнөлүк хореографиянын патриархы», «кылымдын улуу бийчиси»! Өзүнүн таланты менен дүйнөнүн көптөгөн борборлорун багындырган Эсембаев эч качан кымбатындай көргөн Фрунзесин унутчу эмес. Качан болсо да кайрылып келчү. Фрунзеде Махмуддун үй-бүлөөсү кыйын кезеңде баш паана тапкан болчу. Бул жерде ал жогорку деңгээлдеги белгилүү профессионал болуп калыптанды. Гениалду бийчи 1924-жылдын 15-июнь айында Чечен республикасынын Эски Атаги айлында төрөлгөн. Атасы Алисултан Ишхой тейпине киргени айтылат. Бийге болгон сүйүү сезими кавказ элинде бала кездеринде эле пайда болору белгилүү.

Махмуд 7 жашка чыкканда эле атасы өзү менен кошо үйлөнүү тойлоруна алып барып жүрдү. Ошондо эле кичинекей бийчи эрте жетилген таланты менен элди тамшандыра алганы көп айтылат. Чырымтал бала бир буту менен чимирилип, ошо эле кезде экинчи буту менен башын жеткен бийдин ыкмасын жасаганга жарактуу болчу. Сегиз жашка толгондо Эсембаев көчмө цирке кошулуп алып Түндүк Кавказдын айыл менен шаарларын кыдырып чыгат. Бирок атасы баланын жасаган ишине наарazы экен – анын пикиринде бий жигитке жарашпаган жорук.

1934-жылы Сталиндин өзү жакшы көрүп бапестеген легендарлуу актриса Любовь Орлова Чеченстанга келет. Ага жергиликтүү эл аны куду өзүндөй кылып туураган кичинекей бала жөнүндө ай-

тып калышат. Махмуд совет киносунун жылдызын туурап номерин аткарганда актриса көзүнөн жаш акканча күлүп, келечекте талантуу адам болорун алдын ала төлгө кылып айткан экен. Мына ошо Любовь Орлова менен кездешүү кичинекей Махмуддун болочокто артист болуп чыгышына өбөлгө болгону байкалат.

15 жашында 1939-жылы Эсембаев борбор калаанын хореографикалык училищасына тапшырып окуй баштай, ошону менен бирге эле Чечен-Ингуш ансамблинин курамында концепттерине да катышып жүрөт. Махмуд ансамблдин курамында фронтко барып концерт коюга катышкан учурулары болуптур. Ошол учурда концерт коюп жатканда бутунан жаракат да алат. Хирург жаракат алган бутун карап көрүп мындан ары бийлей албайт деген чечим чыгарат. Асресе, тагдырдын бул соккусун Эсембаев туруктуук менен тосту. Чүнчүп кеткен жок. Көп өтпөй 1943-жылы Пятигорскинин оператасы ага бир нече ролду сунуш кылышы Махмуддун келечектен үмүт үзбөгөн туруктуулугунун күбөсү болуп бере алар.

1944-жылы Эсембаевди үй-бүлөөсү Кыргызстанга күч менен депортацияланат. Республикага белгилүү болуп калган Махмуддун





өз өлкөсүндө калып калышына уруксат беришиптир. Бирок ал үй-бүлөсүнөн ажырап калгысы келген жок, эшелонго өзү барып түшүп алыскы жерге ыктыяры менен жөнөп кетти. Жолдо Чыгыш Казакстанга келгенде энеси ачкачылыкта каза табат.

Талантуу баланы эч тосколдуксуз эле Кыргыз опера жана балет театрына кызматка алышты. Ал табиятынан эле жөндөмдүү болучу – демейден тыш пластика менен табият сыйлаган экен, бою да бийик, таң калычтуу музыкалык жөндөмү да бар, эс тутуму да элди таң калтыраар эле. Ошентип ал кайрадан бийлей баштайт.

Бирок жаш жигит ар айдын бешинчи числосунда комендатурага барып текшерүүдөн өтүп турууга милдетүү болчу. Алибетте, мындай процедураны Махмуд кордоо, кемсинтүү катары кабыл алды. Колундагы паспорттун бир «өзгөчө белгилер» деген барагында «Эсамбаеву М.А., спецпоселенцу, разрешается проживать только в пределах черты города Фрунзе» деген штамп басылган. Бир жолу жини кайнап, токтоно албай калган Эсембаев ошол кагазды айрып туруп коменданттын бетине уруп жиберет. Анын бул кылыгын кечиришкен жок. Жаш жигитти республиканын алыскы айлына, тоолу чөлкөмгө айдап жиберишет. Кийин гана бир жарым жыл өткөн соң Махмуддун досторунун киришүүсү менен гана кайра Фрунзеге, театрга кайтарууга мүмкүн болду. Театр болсо Эсембаевди жакшы көрөр эле.

Узак 12 жыл, 1956-жылга дейре Эсембаев опера жана балет театрынын солисти болуп кызмат өтөдү. Ал «Лебединое озеро», «Спящая красавица», «Бахчисарайский фонтан» балетттеринде башкы партияларды аткрады. Мына ошондо элдин сүйкүмүнө айланган Махмуддун атасы бир кезде бий жигитке жарашпайт деп жаңылышканын моюнуна алаган эле.

Мына ушу таланты ачылган шаарда, Фрунзеде Махмуд Эсембаев өз сүйүүсүн да тапты. Анын чыныгы жентелмен болгонун көп айтышат. Бир жолу Панфилов паркында концерт коюлуп тепкичтен түшүп келеткан анын көптөн берки партнеры болгон балеринанын алдына үстүндөгү плащын чечип алдына төшөй койгон жоругун көп айтышат. Кийин экөө баш кошушат…

50-жылдары Эсембаев акедемиялык сценаны таштап өз алдынча бий-новелла түзүү ишине шымаланып киришет. Жеке номерлери менен кандай гана концерттик аянтчалар болбосун өзүнө багындырып көрүүчүлөрдү тез эле магниттей тартып алууга жөндөмдүү экенин эл күбө. Дүйнөнү түрө кыдырып жүрүп түрдүү элдин бийинин өзгөчөлүгүн тез эле өздөштүрүп алаган таланты бар экени да байкалды. Анын аткарган бразиялык «Макумба», индиялык ритуалдык «Золотой бог», тажиктин «Танец с ножами», испандын «Ля–коррида», башкирдын «Воин» бийлерин көргөн киши түбөлүк эсинде сактайт десек жаңылышпас элек.

1957-жылы Москвада Бүт дүйнөлүк жаштардын фестивалы болуп өттү. Махмуд ага катышууга ак эткенден так этип аракет кылды, бирок каражаттын жоктугу кендирди кесип турган. Аялы бүт болгон баалуу буюмдарын, ал түгүл кийим тигүүчү машинкасын, килемин сатып Махмудка жол кире таап берет. Ошентип Эсембаев борборду багындыруу үчүн аттанып жөнөйт. Азыр анын фестивал күндөрүндө вокзалда түнөп, ачка жүргөн учурлары болгонун эч ким эске түшүрбөйт дечи. Бир гана мурдатан тааныш Чоң театрдын балетмейтери Крамаревский менен Махмуддун капыстан жолугуп калышы кырдаалды оңдоп кетти десе болор. Крамаревскийдин Эсембаевке көмөгү тийди.

Кийинчээрек Эсембаев эске алгандай: «Мен кыргыз элине чексиз ыраазымын. Кыргызстан 12 жыл менин чыгармачылыгымдын өсүп өнүгүшүнө көмөк болду. Кыргызстанда жүргөн күндөрүмдө бир дагы ыренжиткен учур болгон жок» дечү.

Махмуд Эсамбаев Кыргыз ССРинин элдик артисти деген наамга татыганан биринчи Кыргызстандагы эркектен чыккан бийчи болуп калды.

# Ольга Мартиросова (1925–2010)

*Улуу даражалуу талант*



Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артискасы Ольга Мартиросова опералык искусстводо көрүнүктүү из калтырып кеткендердин катарына кирет. Ал Кыргыз улуттук опера жана балет театрынын примасы эле. Аны менен суктанышчу жана жогору баалап сыймыктанышчу. Чынында эле ал бүт республиканын сыймыгы болчу. Мартиросованы «сценанын королевасы» деп аташаар эле. Ырчыны Москва тынымсыз чакырып келишчи. Бирок, ал өз мекенин таштап бөтөн жерге кетип калган жок, ырчылык өнөрүн бапестеп, чыгармачылыкка жол ачкан өз мамилекетине өмүрү өткөнгө чейин кызмат кылып келди. Мекенин баарынан артык көрөөр эле.

Ал татаал жана ошону менен бирге кызыктуу: «Демондогу» Тамаранын, «Пиковой дамадагы» Лизанын, «Евгений Онегиндеги» Татьянанын, «Черевичкадагы» Оксананын, «Княз Игордогу» Ярославнанын, ошондой эле Дездемонанын, Чио–Чио–Сандын, Аиданын партияларын ийине жеткире аткарды.

19-кылымдын башында карапайым дыйкан үй-бүлөөсүнөн чыккан кыз, келечектеги опералык ырчынын энеси италиялык аристократтардын үйүнө горничной болуп кызматка орношот. Аристократтын үйүндө музыкалык кечелер уюштулуп турчу, качан коноктор таңга маал үй үйлөрүнө тарашканда жаш кыз музыкалык инстурменттерге барып ойной баштаар эле. Музыкалык анын ичинде нота



боюнча сабаты жок экендигине карабастан көп өтпөй такшалган пианистиканын деңгелине жетет. Бир жолу үйдүн кожоюн аялы анын аткарган ырын угуп айраң таң болот: «Варя, эгер мен Россияда кала турган болсом сени белгилүү ырчы кылып чыгарам» дейт. Бирок, көп өтпөй Улуу Октябрь революциясы башталып кетти. Италянка өз мекенине качууга арагасыз болот.

1933-жылы ачкачылыктан качкан ырга жөндөмдүү кыздын тууган-туушкандарынын бары бүт Краснодар крайынан Кыргызстанга көздөй бет алышат. Бул мезгилде Варя күйөөгө чыгып Оленка сегиз жашка келип калган болчу. Кайда болбосун үн чыгарып кыңылдап ырдаган мүнөз таап алган адатына карап кичинекей кызды «ырчы кыз» деп аташаар эле.

Улуу Ата Мекендик согуш учурунда Ольга чоңдор менен катар жумушчу бригадасы менен сазда чым чаап эмгек кылууга эрте киришти. Андан көп өтпөй ал заводдко орношуп өз алдынча жумушчу катары иштей баштайт. Станокко бою жетпегенинен улам анын бутунун алдына ящик коюп беришчү экен.

Кырк үчүнчү жылдары анын ырга болгон шыгын байкашкандар Күрөңкеев атындагы музыкалык училищага барып сабак алып жүрүү боюнча кеңеш беришет. Ырдаганды жанындай жакшы көр-

чү экен. Анын радио аркылуу берилген репетуардын баарын жатка билгенине таң калышаар эле. Ошентип Оленька кабыл алуу комиссиянын алдында ырдап көрүү чечимине келет.Училищага ал керзи өтүкчөн, үстүндөгү телегрейкасы менен түз эле жумуштан чыгып келет. Сырткы кийген кийиминен уялып, тартынып тургандыгы көрүнүп турган эле. Атандаштары болсо ошол мезгилде мыкты делинеген кийимдерди кийип жасанып келишкен болот.

Адегенде эле эрекетин телегрейкасын кийген жупуну кыз комиссиянын алдында «У любви, как у пташки крылья» деп созолонто баштайт. Комиссиянын мүчөлөрү чыдай алышпай жапырт күлүп жиберишиптир. Ольга болсо комиссиянын күлкүсүнүн «өтпөй калдың, жарабайсың» деп түшүнгөн экен. Училищадан атып чыгып үйүнө көздөй чуркап жөнөйт. Энеси аны көпкө чейин соорото албай убара болуптур. Бир нече күн өткөндөн кийин заводдун директору чакырып калат. Көрсө училищанын бир мугалими директорго атайы келип таланту кызды училищадан окууга кое берүүнү көптөн коп суранган экен. Ошентип Ольганын көптөн күткөн тилеги ишке ашат.

Ольга Павловна бир гана искусство менен жашады десе болор. Анын жумушчу күнү дээлик сааттар боюнча үлөштүрүлүп бөлүштүрүлгөн эле: вокал, балет станкасында машыгуу, репетиция, спектаклдер. Ырдоого келгенде ал эч чарчаган күнү болгон эмес. Айтмакчы, ал алгач жолу Фрунзенин филорманиясында ырдап баштаган эле эскертс кетели. Ольга Павловна концерт менен бүт республиканы кыдырып чыкты.

Прима болуп калгандан кийин театр талап кылынгандай айына сегиз спектаклде эмес Олга Павловна жыйырма сегизинде ойногону адат болчу. Мындан сырткары жумасына бир ирет өтө турган Алма-Атадагы спектаклдерге катышып жүрдү. Алма-Ата ырчыны өздөрүнө азгырып алып кетүү үчүн көп жолу аракет кылып көрдү. Саратов менен Кишинев дагы алдыдан жыргалчылык жашоону убада кылышып, астрономиялык жалыйна менен өз бооруна тартып алуу аракетин жасап көрүштү. Бирок ал өзүнүн кичинекей

квартирасын, көздөй көргөн Кыргыз опера жана балет театрын таштап кете алган жок.

Пенсияга чыгышын Мартиросова кезектеги жашоонун эртели кечтир боло турган этабы катары кадресе салкын кабыл алды. Ал ишсиз калгандан корккон жок. Чым этип да койгон жок десе болор. Себеби аны күтүп жаткан, андан чоң үмүт кылган шакирттери бар эле. Өзү сценага жүргөндөй болуп баардык күчүн шакирттерине коротту. Анын бир талантуу шакирти бар эле. Ал кыз такшалган москвалык мугалимдерден сабак алууга катуу муктаж болчу. Бирок каражаттын жоктугунан Москвага барууга кирере төлөй тургандай акчасы да жок эле. Педогог өзү жанындай жакшы көргөн «Циммерман» фирмасынан чыккан фортепьяносун баалап сатып шакиртине Борборго чейинки каражат таап берет.

Бир жолу жаш опералык ырчылар операдагы «эскилер» жол бербей таланттарынын ачылышына каскак кылып жатат деп даттанышат. Мартросова театрга ыймандай сырын төккөн кат жиберет: «Мен жаштарды толук колдойм. Себеп дегенде, Кыргызстандын опера театрынын жанданып өсүп өнүгүшүндө жаштар кыймылдаткыч күч болуп саналат. Жаштардын жигери жана энергиясы гана өлүп бараткан театрдын жанданышына алып келип жаңы дем бере алат».

Ырчынын 80 жылдык юблейи чоң салтанат менен тосулду. Опералык театрында дүнгүрөткөн музыкалык кече өткөрүлдү. Ал кечеде Мартиросова операнын королевасы катары сый урматка татыды. Талантты сыйлай алуу кандай болору ошондо даана көрүндү десек болор.

# Бүбүсара Бейшеналиева (1926–1973)

*Балеттин баркырап жанган жылдызы*



Ал сцена үчүн жаралган жан болчу: суйкайган сулуу, келишимдүү, мажүрүм талдай ийкем жана грациялуу. Анын ысымы эл ичинде легенда болуп калды, кыргыз балетинин тарыхына алтын тамгалар менен биротоло жазылды. Ал атагы таш жарган актриса эле. Эмдигиге чейин көп адамдар мындай ченемсиз талант жүз жылда бир жолу гана жаралат деп эсептеп келишет.

1900-жылдардын баш жагында анын ата-энеси Жумгал районунан борбор калаага жакын жайгашкан Воронцовка айлына көчүп келишет. Үй-бүлөө чакан бир үйгө отурук алат. Мына ушу үйдө бото көз кыз төрөлөт. Кызга Бүбүсара деген ысым беришти.

Отузунчу жылдары республиканын социалдык, экономикалык жана маданий жашоосунда болуп көрбөгөндөй жандануу башталды. Кадрлар жагында курч жетишпегендиктер, кемчиликтер бар эле. Кыргызстанга Ленинграддын хореографиялык училищасынын адистери келип окуу жайларына барып таланту балдар-кыздарды тандап ала башташат.

Воронцовка мектебинен ленинграддык хореографдардын биринин балдар менен кошо секирип ойноп аткан денеси ийкем кызга баамы түшөт. Кыздардын ичинен Бүбүсара өзүнүн жүрүм-турумундагы өзгөчө көркөмү жана жаш талдай болгон ийкемдүүлүгү менен бөлүнүп турган. Ошонтип, он жаштагы Бүбүсара мектеп окуучуларынын бир тобу менен Неванын боюндагы шаарга барып калганга тагдыр буюрат.

Кийин белгилүү балерина анын улуу педогодору, атактуу Улановanын өзүнүн тажирийбасын окуучуларына кантип үйрөткөнүн эске түшүрөөр эле. Алар алыскы Кыргызстандан келген окуучулардын чын пейилдеринен кетирген кемчиликтерине күйүнүп, ийгиликтерине сүйүнгөндөрүн көп айтчу. Кичинекей Бүбүсаранын алгачкы дебюту кыргыз искусствосунун жана адабиятынын Биринчи Декадасы учурунда Москвадагы Чоң театрдын сценасында болуп өттү. Анда ал кыргызстандык башка окуучулар менен бирдикте А.Глазуновдун музыкасына жазылган «Большой вальсты» сценага алып чыгат.

Күтүүсүз Улуу Ата Мекендик согуш башталып окуусу үзгүлтүккө учурайт. Он беш жаштагы Бүбүсара мекенине кайтып келүүгө арагасыз болот. Балеттин жаш артикасын дароо эле Кыргыз музыкалык - драмалык театрына кабыл алышты. Театрда ал биринчи жолу өзүнүн партнеры туруктуу Уран Сарбагишев менен кездешет. Кийин ал 18 жыл бою алар туруктуу партнеры болуп калышат. Экөөнүн алгачкы биргелешкен иши «Чолпон» балетин кою менен башталды. Мына ушу балет Бүбүсаранын «жылдызынын» балбылдап жанышына алып келип, профессионалдык жагынан болуп көрбөгөндөй бийиктикти жеңип алганга жол ачып берди.

1944-жылы «Чолпондун» партиясын аткаргандан кийин Бейшеналиева кыргыз балетинин примасы, трупанын жетектөөчү бийчиси болуп калды. Ал сөздүн азыркы маанисинде балетин биринчи жылдызына айланды: зал мелт-калт болуп толуп чыгышы кадерссе көрүнүш эле, күйөрмандар артиска менен жолугуу үчүн ак эткенден так этип күтүп турушчу, кур дегенде бир көрүп алуу алуу үчүн Бүбүсараны сагалап театрдын алдында турган топураган элди көрсө болоор эле. Атүгүл фанаттар артистка ишке бараткан Дзержинский бульварында сарыгып турушканы демейдеги көрүнүштөрдөн болуп калган. Аллеяда жүздөгөн киши чогулчу. Бүбүсара калың элди алап өтүп баратканда эл жарыла берип сый урмат менен узатышаар эле.

Бирок, ал «жылдыз сыркоосуна» чалдыккан жок. Кыргызстандын эл артиси Уран Сарбагышевдин айтмына караганда ал убакытысын



керелден кечке балет залында өткөрчү, ар бир кыймылды, ишааратты бийик деңгелге жеткирүү үчүн машыккандан тажаган күнү болгон жок, бир эле элементти ондоп-жүздөп кайталаган күндөрү болду. Анын адамдан тыш фантастикалык эмгекчилдиги жана өзүнө койгон катаал талабы кимди болбосун таң калтырбай койбос эле. Бир жолу «Ромео и Джульетта» спектаклинде рол аткарып калышты. Спектакл аяктагандан кийин Бүбүсара эс учун жоготуп жыгылып түшөт. Шашылыш чакырылып келген врач анын темпратурасы 40 градуска дейре көтөрүлгөнүн аныктайт. Ал өзүн аяган күн болгон жок.

Бүбүсаранын көп кырдуу таланты бир гана бийде эле эмес, гениалдуу драмалык оюнда да чагылдырылды. Ал кандай гана тааталл образ болбосун терең ачып берүү, каармандардын эмоциясын тамай туюндура ала тураган жөндөмгө ээ болчу. Ал адам сезиминин кеңири палитирасынын нюанстарына чейин тереңдеп, туюндуруу колунан келчү. Актерлердун кечелеринде компаниянын сүйгүнчүктүү адамы болчу. Бүбүсара маданият министри Кулийпа Кондучалованын басышын, көз айнегин ондоп коючу адатын кудум өзүндөй кылып туурап бергенде эл боорун тырмап жыгылып калышчу. Кызыгы чиновниктер Бүбүсаранын пародиясына таарынган учуру болгон жок.

Атактуу артистканын уулу Эрмек Бейшеналиевдин эскергенине караганда балалык чагы театрдын кулисинде өттү. Эрмектин атасы композитор Ахмат Аманбаев балеринанын биринчи жана акыркы күйөөсү болчу. Бирок тагдыр ушундай экен экөө ажырашып кеткенден кийин Бүбүсара турмушка чыккан жок. Энесинин гримеркасында Эрмек сабагын даярдачу, түштөнүп алагандан кийин ал

мектепке жөнөчү. Мектепти бүткөндөн кийин Эрмек милициялар академиясына тапшыруу тилеги бар экенин, келечекте каарман укук коргоочу болгусу келгенин энесине айтат. Энеси Бүбүсара уулунан бийчинин же ырчынын таланты бар деп эсептечү эмес, ошондуктан баласынын чечимине каршы болгон жок.

Бүбүсара Бейшеналиева дүйнөдөгү атагы таш жарган сценалык аянтчаларда бийледи. Бирок, ошо эле кезде Кыргызстандын алыскы булуң бурчуна барып карапайым элдин – колхозчулар, жумушчулар, чабандар, сугатчылардын алдына чыгып бийлгенден моюн толгоп койгон макул болбой койгон учуру болгон жок.

Ал Кыргыз мамилекеттик музыкальдык-хореографиялык училищада педогогикалык ишмердиги менен да талыкпай эмгек этти. Анын колунан тарбияланып чыккандар сценанын атактуу мастерлери болуп калышты. Республиканын жана чет элдик театрларда бийлешти.

1958-жылы СССР Жогорку Советинин Прездиуму буйругу менен ага «СССРдин элдик артисти» деген эң жогорку наам берилет. Кыргыз ССРнин Жогорку Кеңешинин эки чакырылышынын, ошондой эле, жогорку мамилекеттик орган болгон-СССРдин Жогорку Кеңешинин эки жолку чакырылышынын депутаты болуп шайланды. Ал ар дайым шайлоочуларга жардам көрсөтүү үчүн убакыт тапчу, убактысын эч айоочу эмес. Канчалык бийик даражага, ардак сыйга жетишпесин ал карапайым, мээримдүү, жумшак мүнөзү бар аял боюнча кала берди.

Кийин врачтар капилеттен айыкпас дартка кептелгенин аныктап чыгышат. Анын акыркы күндөрү онкологиялык ооруканада өттү. Ал башка түшкөн мүшкүлдү туруктуулук менен татыктуу тосо алды. Эмоцияга алдырып чүнчүп кеткен жок. Атактуу балеринан басып өткөн татыктуу жолу 1973-жылдын 10-май айында үзүлдү. Бүбүсара кыргыз хореографиясынын асманында баркырап жанган жылдыз эле. Чыгармычылыгы менен эл ичинде өлбөс өчпөс из калтырып кеткени шексиз.

# Мирсаид Миррахимов (1927–2008)

*Жүрөктүн академиги*



Кээде бир адам татыган сыйлыктарды, регалийлерди, даражаларды, илимий эмгектерди, ойлоп табууларды тизмелеп санап өтүүнүн өзү эле кагаздын бир нече барктарын талап кылат. Мына ушундай кишилердин катарына окумуштуу- клиницист, педагог, бийик тоо медицинасы жана кардилогиясы тармагынын Ата-Мекендик мектебин негиздеген, дүйнөгө таанымал Мирсаид Мирхамидович Миррахимовду киргизсе болор эле. Анын ишине суктанган, аны билген адистер «глыба», «титан», «легенда» деп аташат. Ырасында эле, ал миңдеген кыргызстандыктардын өмүрүн сактап калды, бүт өмүрүн Кыргызстандын элинин ден соолугун жакшыртуу, жердештерини жүрөк оорусун изилдөө ишине арнады. Атактуу окумуштуу мекенин эсинде унутпай сакталуу.

Ал 1927-жылы 27-мартта Фрунзе шаарында республикага белгилүү музыкант жана театралдык ишмер, улуту өзүбек Мирхамид Миррахимовдун үй-бүлөөсүндө туулган. Бала кезинде Мирхамид кларнетте ойногонду үйрөнөт. Согуштун алгачкы жылдары шаарга австрациялык аскер туткундарын алып келишет. Чет элдик туткундун бири шыктуу баланы кларнете ойноону үйрөтөт да, үйүнө кайтып кетип жатканда музыкалык инстурментин белек кылып калтырып кетиптир. Бул белек баланын кийинки келечегин аныктады десек болот. Болчоктогу медиктин атасы мыкты музыкант болуп калат. Ал биринчи Кыргосфилармоянын негиздечүүсү ошону менен бирге дерекири, андан кийин Кыргыз драмтеатрынын көркөм



жетекчиси болуп иштеди. Ал республикада биринчи жолу «Кырыгыз элдик ырлар» жыйнагын чыгарат.

Болочоктогу доктордун апасы, Хадича, жарым жартылай өзүбек, жарым жартылай кыргыз болчу. Өзү кырдуулар сыяктуу анын билим алууга мүмкүнчүлүгү болгон жок. Бирок табиятынан мээримдүү, акыл эстүү адам эле. Жакшы аял, эне, үйдүн тиреги болду.

1934-жылы жети жаштагы Мирсаид биринчи класска барат. Классташтарынын эскерүүсүнө караганда Мирсаид көп сүйлөбөгөн жана өзүн дыкаат алып жүргөн бала болчу. Балдардын чуулдап жаткан оюндарына анча жактырчы да, кошулчу да эмес, көбүнесе өз партасында китеп окуп отураарын көрүшчү.

Орто мектепти бүтүрүп Мирсаид Кырмединститутунун кабыл алуу комиссиясына документтерин тапшырат. «Биздин үйгө жалаң эле музыканттар чогулушчу эмес, врачттар, сүрөтчүлөр, жазуучулар да көп келишчү. Бир жолу коноктор келгенче апам кокусунан сыркоолоп калды. Ооруусу катуу кармады. Тааныш доктор, Казандан келген врач, кандайдыр бир суюктукту (баамыма караганда эфирге аралашкан анальгетика болушу керек) даярдап туруп белине басты. Жарым саатан кийин эчтеке болбогонсуп апам кулandaй соо ордунан турду да конокторду жаркырап тосуп алды. Бул окуя, оорукчал жана арык болуп чоңойгон мага чоң таасир берди, медицинанын чексиз мүмкүнчүлүгү бар экенине көзүм жетти. Кийин деле мен медицинаны тандап алышымда ата-энем да каршы болушкан жок»,- дейт Мирсаид Мирхамидович өткөнүн эскерип жатып.

Кирүү экзаменинде бул жупуну жана тарткынчаак, токтоо, ошону менен бирге дыкаат бала экзаменттэрлорго жакшы асер калтырды. Ал өзүнүн мугалимин, профессор Мирон Ефимович Вольскийди

төбөсүнө көтөргөнчө ар дайым сыйлап турчу. 1948-жылы мединиститту эң жакшы баалар менен бүтүргөн Мирсаид ишке орношуу боюнча көп артыкчылыгы бар орундар боюнча сунуштарды алат. Иса Ахунбаев өзүнө чакырат, Абрам Брудный да чогуу иштешүү үчүн бооруна тартып көрөт. Асресе, Мирсаид Вольский башкарган факультеттин терапия кафедрасын тандайт.

Кандидаттык диссертациясын жактагандан соң он чакты жыл өткөндөн кийин ректораттын чечими менен ошо кезде каплеттен көз жумган мугалими Мирон Ефимовичтин ордуна кафедранын башчысы болуп калат.

Докторлук диссертациясын көп убарачалык тартпай эле 1965-жылы Ленинградда дүйнөгө таанымал СССР ИАнын И.П. Павлова атындагы физиология институтунда жактады. Анда ал бар болгону 38 жашка чыккан эле.

1967-жылы Мирсаид Мирхамидовичтин демилгеси менен КГ-МИнин факультеттик терапия кафедрасынын алдында бийик тоо шартында организмдин физиологиясы жана патологиясы боюнча проблемалык лаборотория ачылат. Анын базасында кардиология жана терапия Улуттук борбору түзүлөт. Миррахимов 30 жыл бою ал борбордун туруктуу директору болуп келди.

Бийик тоо физиологиясы жана медицинасы боюнча академиктин изилдөөлөрү эл ичине аны кеңири таанымал кылды. Анын бийик тоо климатынын көптөгөн дарттарга (бронихалдык астма, аллергия, аластикалык анамия өнөкөт оорусу,жумшак артериялык гипертония жана башкалар) даба экендиги боюнча ачылышынын мааниси зор. Жаңы багыттагы жана приоритеттик орунга ээ изилдөөсү өз учурунда космонавттарды даярдоо программасында жана учуп келген мезгилде реаблитациялоодо ийгиликтүү пайдаланган болчу.

Бул учурда анын Россиядагы, Чыгыш жана Батыш Европадагы коллегалары Миррахимовду белгилүү кардиолог катары таанышты. Мирсаид Миррахимович пайгамбар жашына келгенге чейин өзү эң башында аныктап алган эрежесин кенедей бузган жок: ар бир жылы облустун борборуна жок эле дегенде эки ireттен барып

турчу, Андан соң райондорду кыдырып жергиликтүү врачтар менен жолугуп алар менен баарлашчу, тажирийбасы менен билгенин кийинки муунга калтырууга аракетин аячу эмес.

Миррахимов өмүр бою медицинада бапестеп келген башкы кредосу – врачтын оорулунун алдындагы жоопкерчилиги болуп саналат. Бул принцибин окуучуларына сиңирүү үчүн далалатын аячу эмес.

Талантуу доктордун практикасында кыйын учурлар да кездешти. Клиникага шаардын тегерегиндеги айылдан оор инфаркт миокарда менен жапа чеккен бир аялды алып келишет. Анын өмүрүн сактап кала турган ылаажы аз болчу. Кеч болуп калган. Кардиологдун өзү кабыл алуучу бөлүмгө барып аялдын туугандарына жаман кабары айтууга туура келди. Бөлмөдө коркуп үрөйлөрү учуп калган он төрт жаштардагы эркек бала менен он эки жаштарага келген кыз күтүп туруптур. Врач таң калып өзүнө суроо койду – эмне үчүн чоң кишилер келген эмес деп. Көрсө аялынын айыкпас дартка чалдыкканын уккан күйөөсү үй-бүлөөсүн таштап кеткен экен. Кантип эми тиги балдарга жаман кабарды айта алат? Ушу жагдайды ал өмүр бою жүрөгүндө сактап жүрүүгө туура келди. Унута алган жок.

Миррахимов бүткүл дүйнөгө таанымал жазуучу Чыңгыз Айтматовду факты жүзүндө өмүрүн сактап калды десек болоор эле. 2004-жылы дүйнө адабиятынын классигин инфаркт кармап калат. Болгондо да балее түндүн ортосунда болот. Досунун төшөгүнүн жанынан Миррахимов жылган жок. Жазуучунун туугандары чиновниктерден тезинен Аскар Акаевка телефон чалып аны россиялык коллегасы Владимир Путин менен байланышып самолет жиберүүгө көндүрүүнү өтүнүшөт.





Бирок, бюрократтар Миррахимовко шылтап, мындай кезде чечүү сөз кардиологдун айтканына байланыштуу болушу керек дешет. Токтоо жана салкын кандуу Мирсаид Мирхамидович оорулууну ашыкча толкундатпоого кеңеш берип, таң атканга чейин чыдап турууну, жай кырдаал болгондо тишелүү иликтөө жүргүзүп көрүп, анан гана керектүү чечим алууну суранат.

Экинчи күнү оорулунуу дыкат иликтеп жана анализин текшерип көргөндөн кийин Миррахимов жазуучуну Москвага эмес, Турцияга, андагы кеңир белгилүү кардиологиялык боборго алып баруу керек дейт. Операцияны бул жерде жазаса болот дечи, бирок тобокелдиктин кереги жок, «анткени Чыңгыз Айтматов Кыргызстанда бирөө гана». Жазуучуга Анкарада операция жасашты, ошондон кийин ал кадыресе жакшы сезе баштады.

Өмурунүн акыркы жылдары Миррахимов азыркы медицинанны ал абалы жөнүндө көп ойлоноор эле. Аны айлыктын төмөндүгүнөн врачтар пациенттерден акча алаары катуу өкүндүрөр эле. Ал эми, бул болсо медиктердин коомдо баркы түшүшүнө алып келип жаткан.

Азыркы күнү Миррахимов тарабынан негизделген Улуттук кардиология жана терапия борбору кубатуу окуу жана илимий-практикалык комплекске айланды. Анда жыл сайын 10 миңге жакын оорулар дарыланышат. Бул мекемеге академик Миррахимов Мирсаид Мирхамидовичтин аты ыйгарылган.

# Ивашко Мария Павловна (1928-2012)

## *Тергөө ишинин чебери*



Коркуу дегенди билип көрбөгөн сибрячка 34 жыл кыргыз милициясында кызмат кылды, анын ичинен калган 20 жылын Кыргызстандын кылмыш иштери ачуу кызматына арнады. Отставкага чыккандан кийин деле күч кубатын милициянын ишине жумшады – 28 жыл коомдук иштерден болгон МВДнин ветерандар Советинде эмгектенди

Мария Павловна Ивашко Омск областынын Васьковка айлында 1928-жылы бул жарыкка келген. 13 жашка толгондо согуш башталды, атасын башка эркектер менен фронтко жөнөйт. Кохоздогу бүт айыл чаба иштери аялдар менен балдардын моюнуна жүктөлөт. Маша колхоздогу эл менен бирдикте жер айдап, эгин сээп, эгин оргон иштерге катышат, мал бакан фермаларда кызмат кылууга туура келди. Керелден кечке эмгек этип чарчаганга карабастан башка өзү кур балдар-кыздар менен мектепте окууну үзгөн жок. Ошону менен госпиталдарда коюлган концерттерге катышып фронтто жүргөн аскерлерге кат жазууга жардам берип да жатты. Согуш анын мүнөзүн чыңады, калыптандырды. Мектепти аяктагандан кийин окуусун улантып врач болгусу келген эле. Бирок, тагдыр башкача болуп чыкты…

1944-жылдын жазында, ал бар болгону 16 жашка толгон эле, колхоздун дан сакталаган склады башкарууну сунуш кылышат. Кохоздун председатели: «Сен олутту, күчтүү кызсың, бирөөгө кор

болбойсуң, колхоздун байлыгын сактап кала аласың. Анын үстүнө 6 классты бүттүң, кат сабатың бар. Үй-бүлөөгө жардам бере турган кез келди» деп үгүттөп туруп алды. Жаңы кызматта Мария милициянын, башка мамилекеттик коопсуздук органдардын иштеринин өзөчөлүктөрү менен жакындан таанышат. Айылга органдардын кызматкерлери жашынып жүрүшкөн дезертирлер менен бандиттерди издеп тез тез келип турушчу. Ошону менен кошо түшүмдүн сакталышына көзөмөл кылып турушаар эле. Органдын иши менен таанышкандан кийин ага милицияга өтүү сунушу менен кайрылышат. Тартиптүү жана жоопкер кыз сунушка көп ойлонбой макул болот.

1950-жылы, ал кезде турмуш куруп калган эле, күйөөсү менен Омск областынан күнөстүү Фрунзеге көчүп келишет. Адегенде эки айлык машинасканын курсун бүтүрөт, ошондон кийин МВДнын секратариатында иш жүргүзүү бөлүмүнө кызматка орношот. 1959-жылы аны кызматкерлердин эркин иштеген категориясына которушат. Мария Павловна бул иш менен көп жылдар алектенди. Бир нече жылдан кийин аны тергөө системасынын кызматкери катары ишке алышты.

1968-жылы алыскы сапарага машина айдаган күйөөсү дальнобойщик жол-тарансporттук кырсыктан көз жумат, Мария колунда кичинекей кызы менен калат. (Ошо кезде күйөөсүнүн туугандары Казахстанга көчүп келгени билинет). Ошо кыйын учурда милициянын Башкармасынын начальнигине аттестанцияланууну кызматка кабыл алуу өтүнүчү менен кайрылууга тура келди. Ошентип, ал МВДнин паспорттук бөлүмүндө алименттерди төлөбөй качкандарды издеп табуу боюнча инспектор болуп иштеп калат. Алимент төлөбөй качып жүргөндөрдүн саны көп болчу. Мария Павловна кагаз жиберип өтүнүч жасап өндүрүүгө караганда «алиментщик» менен түздөн түз жолуккан натыйжалуу болоруна көзү жетти.

Алгачкы ишинин натыйжасы мындайча болду: Россиядан Фрунзеге бир аялдан сураныч келип түштү. Анын маалыматына караганда алиментищик күйөөсү Кыргызстанда жашынып жүргөн экен.



Документ боюнча ал эбак көз жумган болуп алган экен. Бир караганда издеп кереги эмне, өлгөн турбайбы. Бирок, Марияга документ бир топ шектүү болуп сезилди. Текшерип көрсө, чындап эле жасалма документ экен. Алиментщикти башка атка жамынып иштеп жүргөн троллейбус башкармасынан табышты. Начальство кийин жаш адистин бул ишин мактоого алды: «Азамат, тиги дүйнөдөн таап келгениңе» дешти. Ал алиментщик документ жасагандыгы үчүн кезегинде жооп берүүгө туура келгени түшүнүктүү дечи.

Көп өтпөй Мария Ивашкону МВД УУРнун аппаратына, кылмышкерлерди, соттон жана тергөөдөн качып жүргөндөрдү, таанылбай калган өлүктөрдү иликтөө бөлүмүнө которушат. Бул тармакта Мария Ивашко көп жылдар кызмат кылды, оперуполномоченыйдан бөлүмдүн начальнигинин орун басары, уулу лейтенаттан полковникке чейинки жолду басып өттү. Түрмөдөн качкандарды, жашынып жүргөн кылмышкерлерди издөө жана аларды колго түшүрүү иштери менен алектенди. Иште көп нерселерге үйрөндү, кийин жаң муундар менен тажирийбасы менен бөлүштү.



Ал негизинен жеке иликтөө, ынандыруу методу менен иш жүргүзгөндү артык көрөт. Күндөрдүн биринде министрдин орун басары Б.Шакиров чакырып алып түрмөгө ташып бараткан машинеден качып кеткен коркунучтуу рецидивисти издеп табуу боюнча тапшырма берет. Издөө иштери натыйжа бербегенден кийин Мария Павловнага анын, рецедивистин энеси менен сүйлөшүп көрүү жөнүндө кеңеш беришет. Экөөнүн ортосундагы сүйлөшүү эки сааттан ашык убакытка созулат. Иващко тигиге жумшак мамиле жасап баласы өз ыктыяры менен келе турган болсо жаза жеңилдетиреерине ынандырат. Качып кеткен киши күнөөсүн моюнуна алып өз ыктыяры менен келген экен.

Бир ишти аягына чыгара билген, жоопкер жана ак жүрөк Мария Павловнаны коллегалары гана эмес туугандары жана коңшулары сыйлап турушчу. Ага ишенишчү, анын граждандык калктын арасында көптөгөн информаторлору болор эле. Ага эл кыйын учурларда кайрылып турушчу. Атүгүл КГБдан жардам сураган учурлар болду. Издөө жарыяланган адамды табуу үчүн Союз боюнча кыдырууга тура келди. Алдым жутумдарды иши боюнча Ташкент менен Чирчике чейин барды, бир растратчицаны Мордовияга барып колго түшүрдү, айтылуу, элдин эсинде бар болсо керек, бир кезде чоң чуу чыгарган Токмок эт комбинатындагы иш боюнча Улан-Удеге, Читага жана Горькийге чейин барууга туура келбедиби. Ага бир нече жолу чоң айлыгы бар иш сунуш кылып көрүштү. Москванын кылмыш ишин иликтөө кызматына келүү сунушу менен көп ирет кайрылышты, бирок, ал Фрунзедеги ишин таштап кетпестигин айтып ар дайым моюн тартып койчу.

М.Ивашко башкаларды ынандыруу боюнча өзгөчө жөндөмүнөн тышкары, адамдан башкача интуцияга ээ эле, ошону менен бирге өзүн жоготуп жибербеген токтоо кармаган сапаты бар болчу. Адамдардын психологиясын жакшы билчү. Жүйөөлөрү менен баарлашкан адамды оңой эле ишендирип таштачу. Далидерди алдыга тартканда акыры келип көгөрүп туруп алган өжөр адамдар да Мариянын келтирген аргументтери менен макул болууга арагасыз болор эле. Мария Павловна башкаларды төмөн, өзүн жогору көргөн учурдары болгон жок, жупуну адам болчу. Ал эч качан өзү менен курал жарак алып жүргөн учуру болгон жок.

Анын жакын санаалаштары жана коллегаларынын айтымында Мария Павловна кылымыш иштерин иликтөөдө иштеп жүргөн кезин ыраазычылык менен эске түшүрчү. Ал коллектив гана сен алар бирге бир үй-бүлөө экендигиң жөнүндө сезим пайда кылат, коллективде гана бири бириңе жардам берүү керектигин, жоопкерчиликтин зарылдыгын түшүнөсүң. Ал экинчи жолу турмушка чыккан жок. Угро анын экинчи үй-бүлөөсү болуп калды десек болор эле.

1984-жылы отставка чыккандан кийин деле МВДнын ветерандар Советинде кызмат кылуусун улантты. Жалгыз кызын 1996 жылы жерге берет. Эки небереси үчүн ал эне да, чоң эне да болуп калат. Пенсионер кезинде жети чөбөрөсүн чоңойтуп тарбиялоого салым кошту. Мария Павловна 2012-жылы бул дүйнө менен кош айтышты.

# Алиев Якуб Идрисович (1929-1997)

*Жердин тиреги*



Ал Кыргызстандын атактуу тоо инженери, Ак-Түз тоо-байытуучу комбинаттын негиздечүүлөрдүн бири болгон. Бул ишканана мезгилинде Кыргызстандын өнүгүүсү жана СССРдин коргоо өнөр жайы үчүн ченемсиз зор мааниге ээ эле. Алиевдин ысымы полиметаллдык рудниктин жанында пайда болгон шаар тибиндеги поселек болгон Ак-Түздүн жашоосунда эң мыкты учуру менен байланыштуу. Жергиликтүү эл ошондогу рудобашкармалыгынын директорун эмдигиге чейин жылуу пикир менен эскеришет. Алиевдин аты менен поселектун бир көчөсүн аташакан.

Якуб Алиев Ингуш автономдук областынын Назран районун Насуркорт деген айлында төрөлгөн. Анын атасы, Идрис Алиев, Ингуш автономдук областынын ички иштер башкармасынын биринчи начальниги экен. НКВДнын полковниктик чинине чейин өсүп жетиптир. Ал СССРдин ардактуу чекисти деген наамга татыган.

1944-жылы Ингушетияда депортация башталат. Алиевдердин үй-бүлөөсү Казакстандың Жамбул облустына туш келет. Сүргүн башталаар алдында таасирдүү адамдардын баарын, анын ичинде Якубдун атасын командировкага жиберишиптир. Сургүндүн алдын алып алар, сыягы көтөрүлүш чыгарышат деп чочулашкан түрү бар. Идрис Белоруссиядан командировкадан өз шаарына кайтып келгенде анын үй-бүлөөсү Казакстанда экендигин билдиришет. Колуна майда буйум тейими менеи шашылыш түрдө белгисиз өлкөнү

көздөй сапар алат. Келгенде аны Алма-Ата обулустунун Красногорский районуна милициянын начальниги кылып дайындашат.

Жамбулда Якуб дурус деп эсептелген орто мектепте окуйт. Аны эң мыкты баалар менен бүтүрөт. Адегенде мореходдук училищага тапшыруу ниетинде болот. Бирок экзаменден кечигип калыптыр. Романтикага чөмүлгөн жаш бала негедир эле каплеттен кадыресе катардагы адистик деп эсептелген кесипке – Алмата тоо-металлургиялык институттун маркшейдер ишин үйрөнүүгө экзамен тапшырып жибериптир.

Ошондо эле болчоктогу инженердин лидердик сапаты байкала башталаган: чечкиндүүлүк менен жоопкерчилик. Мындан тышкары ал кылган ишинде тыккан да эле: коллегалары бары тең керзи өтүктөр менен жүрүшсө да алардан айырмаланып Алиевдин сый бут кийим кийип эч баткак жугузбаганына таң калышаар эле. Анын дагы бир касиети достукту баарынан жогору баалоочу. Балдарынын айтымына караганда анын бир бекем карманган бузулбас эрежеси болор эле: сөз бердиңби, аны өлсөң дагы аткарууга милдетүүсүң, эгер аткара албасаң унчукпай койгонуң артык.

Жогорку окуу жайын аяктагандан кийин бөлүштүрүү боюнча Кыргызстандын Ак-Түздөгү тоо-металлургиялык комбинатына жиберишет. Бул мекеме райондун, атүгүл республиканын бюджетине чоң өлчөмдөгү киреше киргизип турган кубатту ишканалардын бири болчу. Ишкана Москвадан камсыз кылынып турган, анткени анын продукциялардын баары союздук борборго – коргоо заводдоруна жиберилип туруучу. Жумушчулар дагы ошого жараша жогорку айлык алышчу.

1956-жылдан баштап Якуб Алиев түрдүү кызматтарда иштеди: кызматты мастер болуп баштап кенбашкармасынын директоруна чейин жетти. Анын активдүү кийгилигүүшүсү менен фабриканын тынымсыз иштөөсү боюнча реконструкция жүргүзүлдү. Ишкананын имараты эскирип кеткендиктен жаңысын куруу керек эле. Ошону менен бирге эскирген жабдууларды жаңылоо талап кылынып жаткан. Бирок Москванын талабы боюнча кенди токтотуп иштетпей коюга тыю салынган болчу.

Турак үйлөрдүн баарынын шарты камсыз кылынган эле, борборлошкон канализация, суу түтүктөрү менен камсыз кылынган болчу. Борбордун өзү ичи күйгөндөй шарт түзүлгөн--мектеп, балдар бакчалары курулган. Алиев шаарды түзүчү ишкананын жетекчиси катары социалдык сферага жооп берүүгө милдетүү болчу. Ага өтүнүч менен келгендер котолоп кезекке турушчу – ал эч кимге жок деп айтчу эмес. Ал эл ишеним артканы үчүн бир нече ирет поселканын жана райондук советтердин депутаты болуп шайланды. Депутат кезинде өнөр жайы жана транспорт боюнча комиссияларын башкарып жүрдү. Анын уулу Маевка айыл аймагынын башчысы Руслан Алиевдин айтымына караганда атасы убактысын баарын ишке жумшачу, кызматында түнөп калган учурлары көп болду. Демалыш күнү түштөн кийин үйгө келчү. Таң калтырганы мындай тыгыз графиги менен иштеп атып ойлоп табуу иштерине убакыт тапчу.

Иш менен жүргөндө ал жер алдында кенди казуунун технологиясын жогорку деңгелде өздөштүрдү. Смена начальниги болуп иштеп турганда өндүрүмү аз туз уратуу системасын өнүмдүү катмарлуу штректер аркалуу иштетүү ыкмасы менен алмаштыруу боюнча сунуш киргизет. Кутессай карьерасынын жетекчиси болуп иштеп турганда скавамаланалардагы кыска кыртыштуу жардырууну колдонуу менен рудаларды сорттор боюнча уратуу ыкмасынын авторлорунун бири болуп калды. Бул ыкма рудаларды жүктөө ишинде үнөм алып келген ишке жол ачып берген эле.

1968-жылы Якуб Идрисович Кыргыз республикасынын илимдер Академиясынын физика жана тоо породаларынын инсититунун аспирантурасынын тыштан окуу бөлүмүнө тапшырат. Түздөн түз ишин улантуу менен Магнитигорск тоо-металлургиялык инстутутунда кандидаттык диссертациясын жактап техникалык илимдердин кандидаты болуп калат.

Талантуу инженер өз ишинде дайыма экономикалык инстурментарийлерге таянуу артык экенин жакшы билчү. Мисалы ал өндүрүшкө рудаларды ортоктоштуруу ( бай жана кедей рудаларды биргелештирип аралаштыруу) метөдун иштеп чыгып колдоно баштайт.

Бул болсо кен казуу ишинде чыгымдардын кескин кыскарышына алып келди. Мына ушу жана башка ойлоп табуулары үчүн ал Кыргыз ССРинин тоо кен өндүрүшүнө кошкон салымы жана сейрек кездешүүчү кендерди өздөштүрүү боюнча Мамилекетттик сыйлыгынын лауреаты болуп калды.

Алиев Якуб бүт аң сезимдүү өмүрүн Ак-Түз өндүрүшүнө арнаган киши. Эки жолу инфракт да болду. Пенсияга чыккандан кийин Маевка айлына көчүп келет. Бирок, болбой эле жан этиндей болгон Ак-Түзгө чапкылап барып турар эле. Айтымдарында бир кезде гүлдөп турган ишкана урандыга айланганын көргөндө көзүнөн жаш кетчү эле дешет. Инженер кенди сатып алган чет өлкөлүктөр менен иштешкиси келген жок. Ал ар дайым Кыргызстандын кен байлыгы анын элине гана таандык дегенден тажачу эмес.

# Могуев Симко Алиевич (1929–2006)

*Билимге канбаган талыкпастык*



Бул өндүрүштүн алдыңкысы бүт аң сезимдүү өмүрүн билим алууга талпынуу менен өткөрдү. Ачкачылык башка түшкөн, үй-бүлөөдө бир үзүм нан жок кезде да кичинекей курд баласы гезиттерин айрыктары болсо да баса калып окуп жаттар эле. Жылаң аяк бала билимдүү адам болом дегенде ак эткенден так этип жүрдү. Кыргызстанда анын кичинекей кезиндеги тилеги кийин Кудай буйруп ишке ашты – ал дипломго гана ээ болбостон республикадагы эң ири фабрикасынын биринин жетекчиси болууга жетишти. Симко Алиевичтин документинде «жалпы эмгек стажы 53 жыл» деп жазылган. Демек, ал өмүрүнүн көбүн Мекенине арнады.

Симко Могуев Азербейжанда 1929-жылы 5- майда туулган. Үй-бүлөөдө үч ага-иниси бар болчу. 1930-жылы атасы кайтыш болот, энеси дагы туура он жыл өткөндөн кийин көз жумду, ошетип балдары жетим калышты. 1937-жылы Сталиндин буйругу менен башка курдар менен кошо балдарды дагы Кыргыз ССРинин Ош областынын Сузак районун Октябрское айлына көчүрүшөт.

1942-жылы 13 жаштагы Симко эртелеп ишке барып эмгектенүүгө аргасыз болот. Беш жыл бою тестиер бала совхоздо жумушчу болуп иштеди, мал кайтарды. Андан кийин өз алдынча айыл чарба техникаларын башкарууну үйрөнгөн зээндүү баланы тракторист кылып кабыл алышты. Бир нече жыл өткөндөн кийин ал шофер-

лорун курсун бүткөрөт да Көк-Жаңгакка бактысын издеп жөнөйт, ал жерде Фрунзени бүт сапаттуу отун менен камсыз кылып турган көмүр шахтасындагы курулуш башкармалыгына документин тапшырат. Ал иш, азыркыча айтканда престиждүү кызмат эле. 1967-жылга дейре машина айдоочу болуп иштеди. Бул мезгилдин аралыгында ал механиктин окуусун бүткөрдү. Ошондон кийин аны гараждын механиги кылып кызматка алышты.

Симко Алиевичтин уулу Абдулади Могуевдин айтымына караганда атасы керелдин кечке ишинде болор эле. Таң атканда жумушка кетчү, каш карайганда гана араң үйгө кайтып келчү. Ремонт гаражы үйдөн алыс деле эмес эле, 200 метрдей жерде, балдар тыштан алардын атасы иш менен алектенип жатканына көз салган учурлары көп болду. Симко Могуев техниканын тилин жакшы билээр эле, айрыкча жүк ташуучу ЗИЛ, ГАЗ-52, ГАЗ-53 маркасындагы машинаардын техникалык жагын жакшы өздөштүргөн. Көз жуумп туруп алардын кайсы жеринде «дарты» бар экенин аныктап оңдой алганга мүмкүнчүлүгү бар болчу.

Гаражда иштеп жүрүп Симко Могуев Кызыл-Кыя тоо-курулуш техникумунун «Промышленное и гражданское строительство» деген кечки бөлүмүнө тапшырат. Кечинде сабактан калбай талыкпай окуп жүрдү. Чертеждерди сызып, математика боюнча окуу китептерин дыккатык менен дептерге көчүрүп жазып чыккандан тажачу эмес. Орто мектепти бүтпөгөн адам үчүн илим ийне менен кудук казгандай эле болду. Ага жетинчи класста окуп жүргөн уулу жардам берип турду. Жумуштан кийин Симко Алиевич дароо эле үйгө кайрылбай кошумча курстарга жөнөөчү, үйгө келгенде деле түндүн бир оокуумуна дейре китептердин үстүндө үңүлүп отурар эле.

Көк-Жаңгак шахтасында жалаң эркектер иштешчү, аялдар болсо балдарын багып үйүндө бекер отурушу керек болчу. Шаардык бийлик кызматка саналуу аялдарды орноштура алганга чамасы жетээр эле: мектепте мугалим болуу, нан бышырган цехте жана башка соцкультбыт обьектилеринде кызмат кылган иштер болуп саналат. Ошондо кийим тигүүчү фабрика, тагыраак айтканда кийим тигүүчү цех тургузууну



чечишет. Цех үчүн чаң баскан эски чакан имаратты бөлүп беришип ага бар болгону 30 жакын машинка орнотушат. Активдүү коммунист катары шаар комитети Симко Могуевди директор кылып дайындашат.

Өндүрүш имаратын тургузуу, аны жабдуулар менен камсыз кылып, штаттарды алуу керек болду. Алдыда кыйын ошону менен бирге кызыктуу иштер күтүп турган. Натыйжада, фабрика шаарда-

гы дүң продукциясынын көлөмү боюнча жетектөөчү ишканалардын бирине айланды. Ишаканада эмгектенген адамдардын саны үч жарым миң кишиге жеткен учурлар болду. Кирешеси көмүр шахтасы тапкан каржаттан кем калбаган деңгелге чейин жетти.

Фабрика акырында темпи өсө баштагандан улам өндүрүштү кеңейтүүгө тура келди: кошуна Октябрское айлында дагы бир цехти ачышты. Бул жердеги тигүүчүлөр бүт өлкө үчүн спецкийимдерди чыгарышчу: бушлаттар, кебез кошулуп тигилген жылуу шымдар, комбинезондор, куфайклер, мелейлер, жеңге кийген колдомоло, аялдардын халаттары, шейшептер. Продукциялар Союздун баардык жагына, а түгүл Якутияга чейин жиберилип тураар эле.

Көк-Жаңгак фабрикасы Кыргызстандын түштүгүндө кубатуу жана алдыңкы ишканалардын бири болуп калды. Региондогу баардык тиешелүү өндүрүш кубатуулуктары башы кошулуп Көк-Жаңгак фабрикасынын филалына айладырылган болчу. Симко Могуевди түштүк кийим тигүүчү өндүрүш бирикмесинин генералдык директору кылып дайындашты.

Анын өз коллективинде кадыр-баркы өтө бийик эле. Шаарда аны сыйлап турушчу: фабриканын директору такай шаардык советтин депутуты болуп шайланып келди, партиянын аткаруу комитетинин, шаардык партиялык комитетин мүчөсү болду. Салтанатуу парад болгондо фабриканын кызматкерлери трибунада турган директору менен сыймыктанышканы адатка айланган эле.

Иш чачтан көп, ошондуктан фабрика эки сменада иштеп турду. Симко Могуев таң атпай жумушуна кетчү, кечинде саат сегизге чейин үйүнө кайтып келген учуру болгон жок. Ал жетекчиликке күчтүү составды алууга аракет жасады. Аракетинен берекет чыкты десе болот. Фабриканын механизми швейцариянын саатындай болуп эч мүдүрүлбөй иштеп турду. Ошондуктан анын фабриканын иши боюнча көңүлү тынч эле, кам санабай командировкага кетип кала алчу.

Сиңирген эмгеги, жетишилген ийгиликтери үчүн ал «Отличник легкой промышленности» деген ардак белгисине, «За доблестный труд» медалына (1970) татыды. 1984-жылы болсо ал Эмгектин Кы-

зыл Туу ордени менен сыйланды. Ошону менен бирге Могуев «Согуштун ветераны» деген ардак белгиге ээ болчу, Кыргызстандын компартиясынын съездинин делегаты болду, 1993-жылы Кыргызстандын президентинин Ардак Грамотосуна татыды.

Симко Алиевич фабрикада үзбөй толук 28 жыл эмгек кылды. 1995-жылы пенсияга чыгат. Тилекке каршы, анын кетиши менен үч жылдан кийин фабрика банкрот болду.

Басып өткөн өмүр жолунда ал фабрика тургузуп ыраазы болго жок, алты баланы тарбиялап чыгарды, аларга билимге жана эмгекке болго сүйүүнү сиңирди. Могуев балдарынын билим алышына өтө зор маани берчү. Балдарын эч качан жазалачу эмес, сүрдүү көз менен бир карап койгону эле балдарына жетиштүү болчу, жаман окугандары, сабакка барбагандары үчүн уялгандарынан жерге кире албай араң калышчу.

Эмгекчил Могуев балдарын бороон болуп турса да, нөшөрлөп жамгыр төгүп жатса да мектепти калтырбоону талап кылар эле. Ар дайым билим алуунун маанисин кайталап айтуудан тажачу эмес. Мындай тарбия өз майнабын берди: анын балдарынын бары жогорку билимге ээ болушту. Азыр кыздары билим берүү жана экономика тармактарында иштеп жатышат. Уулдары болсо мыкты адис болуп чыгышты, бир баласы Бишкектеги «Манас» аэропортун куруу жана реконструкциялоо ишине катышканы эле көп нерседен кабар берер. Белгилүү ишкер артында ишенимдүү тылы аялы Аида Могуева болбосо мынчалык ийгиликке жетишээри кыйын болчу. Аялынын моюнунда үй, үй-бүлөө, жана балдарды тарбиялоо өндөнгөн зор иш илингени белгилүү эмеспи.

Симко Алиевичти Көк-Жаңгакта эмдигиге чейин унутушаа элек, элдин эсинде турат. Жоопкер жана адамдан башкача ак ниет, бүт өмүрүн Көк-Жаңгактын жана бүтүндөй республиканын өсүп өнүгүшүнө арнаган кишини ар дайым эскерип келишет.

# Брудный Арон Абрамович (1932 - 2011)

## *Кудай даарыган окумуштуу*



Психолог, философия илимдеринин доктору, профессор, чечкидүү экспермемтатор, айтылуу окумуштуунун лекциясына келген Борбор Азия университетинин студенттеринин көптүгүнөн коерго бут жок калат. Бир жолу ал башка ЖОЖдун студенттери үчүн лекция окуп калды. Анын демейден тыш лекциясына студенттердин ооздорун ачып таң калып чыгышканын көп айтышат. Арон Абрамовичтин лекциясы эч кимди эриктирбергени талашсыз. Бир жолу лекциядан чыккандан кийин: «Таң калычтуу. Көп жылдардан бери телевиденияда «В мире животных» деген берүү чыгып келетат. Бирок ошо эле кезде «В мире людей» деген программа жок. Өкүнүчтүү. Мен андай берүү болсо такай отуруп көрөт элем».

Илимдин чыгаандары бири болгон Брудный 1932-жылы Фрунзеде туулган. Анын үй-бүлөөсү революцияга чейин курулган эски үйдө турчу. Атасы Москвадагы Бехтеревдин медициналык институтутун психоневрология факультетин аяктап, ЛОР-адис болуп чыгат. Жаш врач идиалист эле. Ал эч кандай врач дегени жок, же жокко эсе жерге барып иштегенди тандап алды. Москвалык ченем менен алганда жапайы жер болгон алыскы Кыргызстанга келип иштеп калды.

Шарттын жоктугуна байланыштуу пациенттерди ал алгач үйүндө кабыл алууга аргасыз болгон эле. Ага дарылануу үчүн чоң начальниктер келишчү – атап айтканда БК компартиянын секретарлары. 1939-жылы гана биринчи клиника түзүлдү, андан кийин мединститут

пайда болуп ал профессор болуп иштеп калды. Областык Жогорку Кеңештин депутаты болуп бир нече ирет шайланат. Врач көбүнесе турмуш тиричилик маселелерин чечүү менен аракетенди: кимдир бирөөгө квартира алууга жардам берсе, айрымдарына дарылanuuга көмөк түзүү керек болуп турду. Ага бир нече жолу Кремлдин ооруканасына, Москвага чакырып көрүштү, бирок ал ар дайым моюн толгоп баш тартып коер эле.

Арон Абрамовичтин энеси жергиликтүү орус офицеринин үй-бүлөөсүнөн чыккан. Кезегинде ак сөөк кыздар үчүн ачылган институтта окуган. Бир нече чет тилдерди билчү, пианинодо ойночу, тамак-аш жасоо жагынан эч кимди алдыга салдырчу эмес. Бир сөз менен идеалдуу жубай эле.

Брудныйдын атасы 1959-жылы Сталин өлгондөн кийин көз жумду. «Ал бүт өмүрүн илим менен үй-бүлөөсүнө арнады. Таң атканда жумушка кеткени, каш карайганда гана үйгө кайтып келгени эсимде. Ошол жумушка кеткен боюнча каза болду. Мени бул окуя өмүр бою кыжалатка салып келет»,- деп эскерет белгилүү изилдөөчү.



Атасы өлгөнө чейин Арон Абрамович терең билим алууга үлгүргөн эле. Ал КГМИнин дарылоо факультетин бүтүрдү, ошол эле мезгилде КГУнун тарых факультетин аяктаганга да жетишти. А түгүл философия менен адамдын физиологиясы боюнча аспирантурадан окуганга жетишип жатты. Белгилүү доктордун, атасын жерге бергендин кийин анын мураскоруна Академиянын президенти, академик Иса Коноевич Ахунбаев келет. Ал жаш Брудныйга мезгилинде анын атасы көп жардам



бергенин айтып ошо «карызды» кайтарууга кезек жеткенин айтат. Академияга иштөөгө чакырат. Академияда Арон Абрамович бардыгы болуп 39 жыл эмгек кылды. Ал өзүнүн жеткен илим-билими, изилдөөлөрү үчүн академиянын китепканасына жана академиянын окумуштууларына карыз экенин көп айтаар эле.

Кийин Москвада биринчи психологиялык фаультет уюштурулуп ага Арон Абрамовичти чакырышат. Бул кезде академиянын президентинин кызматын жетектеген Ахунбаевди Курман Каракеев алмаштырган эле. Каракеев: «Сен алибетте Москвага канча жолу барсаң, лекция окусаң болот. Бирок сен Кыргызстанды биротоло таштап кетсең анда биз чоң үмүт арткан окумуштуудан айрылаарыбызды унутпашың керек» дейт. Брудный бир нече жыл Москвага барып борбордук университеттерге лекция окуп жүрдү. Москвичтер аны калып калуусун көп жолу сураныштты. Бирок «кичи мекенин» таштап кетүүгө так кесер макул болгон жок. Андан соң аны психологиялык факультеттин 45 жылдыгына анын негиздөөчүлөрүнүн бири катары чакырып көрүштү. Мында баш тартты.

Жашоосундагы башкы окуя деп Арон Абрамович экинчи аялы Динара менен жолуккан күндү эсептейт. Алар Москвада жолугушат. Окумуштуу биринчи аялы менен ажырашып кеткен кези, ал эми, Динара болсо КГУнун студенткасы. Атактуу жазуучу Түгөлбай Сыдыкбековдун кызы. Адегенде экөө баш кошушканда атасы сен үчүн күйөөң картаңдык кылат деп бир аз наразы болду. Бирок Динара мектептин кызы эмес экенин айтып жооп бергенде атасы унчукпай калды.

Окумуштуунун айтымына караганда анын аялына эң чоң таасир берген кырдаал, анда жаңы ой, каплеттен пайда болгон идея. Сыдыкбековдордун үй-бүлөөсүндө интеллекке чоң мани берилип келгенин көп айтышат. Ошондуктан Динара кичинекей кезинен эле адамдагы башкы касиет жаңы ойду издеп табуу жөндөмү деп эсептөөчү.

Азыр Брудный биздин арабызда жок болсо да анын артында калтырган китептери, басма бетине чыккан макалалары калды. Ал психолингвистика, тилдик ой жүгүртүү маселелери менен тыгыз изилдөө иштерин жүргүзгөн. Брудный "Семантика языка и психология человека" деген белгилүү эмгектин автору болду. Кийин адамдын тилдик карым-катыштарын изилдеди. Анын «Наука понимать» деген эмгеги, «Психологическая герменевтика» менен деген китеби ат эки жолу басылып чыкты. Ал эми «Пространство возможностей» деген китебинде тарых адамга кандай таасир берери жөнүндөгү татаал проблеманы көтөрүп чыгат. Көптөгөн илимий журналдарга жарыяланган макалаларын айтып отурса көпкө кетээр эле.

Эң кубанычтуу учурлары деп жазуу столунда өткөргөн учурлар болду деп эсептейт. Март революциясы башталганда да ал столунан башын көтөрбөй иштеп жатты. Көчөдө ок атуулар болуп жатканына да караган жок. Ошентип чарчаган бирок, өзүнө терең ыраазы болгон күндөрүн унутчу эмес.

Арон Абрамович Брудный артында терең илимий из калтырып кетти. Ал олуттуу эмгектердин автору гана эмес, азыр Кыргызстанды негиз түзүүчүлөрү болушкан көптөгөн студенттердин муунун тарбиялаган окумуштуу катары белгилүү. Тарыхта баш тамга менен жазылган окумуштуунун ысымы ар дайым сакталып турмакчы.

# Толомуш Океев (1935-2001)

*Балалыктын асманы*



Ал Кыргызстандын атактуу кинорежиссеру болчу. Чыгармачылыгында бала кезинен бери чексиз аздектеген өлкөнүн тоолорун, сууларын, Ысык-Көл жана жан жаныбарларын аздектеп, сезимталдык менен чагылдырылды. Анын фильмдеринде миңдеген жылдар бою дүйнө жаратылышына, космоско, жер менен сууларына, абасына жана жашоонун бүтпөстүгүнө чексиз ишенип ардактаган кыргыз элинин менталитети таамай туюндурулду.

Ал төрөлгөн боз үй Тоң суусунун боюнда чоң таштын жанында тигилип турган эле. Шаркырап аккан чоң сууну ат менен кечип өткөндө ар дайым кичнекей Төлөмүшкө ата-энеси ал туулган жерди көргөзүп, эске сактап калуусун айтууну унутушчу эмес.

Атасы Оке Касымбаев согушка чейин эле гангренадан улам эки бутунан ажырап майып болуп калыптыр. Ошого карабастан тырышып жатып жети классты аяктайт, теңтуштарынын ичинде сабатту адам деп саналчу. Атүгүл Туура-Суу айлында мугалимдик кылган учурлары болуптур.

Энеси, Майра Касымбаева, Океевдин эскерүүсү боюнча кыялкеч ошону менен бирге оома аял болуптур. Ал айылдын дүкөнүндө сатуучу болуп иштейт. Ичи кенен адам болгондуктан товарларды өз билгендей чачып ысырап кылат. «Текшерүү келип жетпеген товарларды аныктаганда үй-бүлөө менен жакындарыбыз эптеп жатып ордун толтурушчу»,-деп эскерет Төлөмүш Океев.



Согуш баштааларда Океевдин үй-бүлөөсү Тоң районун борбору Бөкөнбаев айлында жашашкан эле. Үй-бүлөөнүн башчысы майыптарды жана көп балалуу энелерди камсыздаган райсобестин башчысы болуп иштечү. 8 кишиден турган баш үй-бүлөө сокмодон салынган үйдө жашашат. Эки бөлмөлүү: чоң бөлмөсү уктай турган жай, мейман тосуучу бөлмө болуп кызмат кылчу, ал эми, кире бериши ашкана, склад катары пайдаланчу тамда баш калкалап турушту. Кышы «буржуйка» деп аталаган меш менен жылытылчу, астасы жыгач пол төшөлбөгөндүктөн үйдү ичи дайыма көк жыттанып тураар эле.

Төлөмүш Океевдин эскергени боюнча алар ооздон түшө калагандай болуп жакыр жашашчу, өзөктөрү карайып ачка жүргөн кездери көп болду. Согуш учурунда балдар суук менен ачкачылыктан өлгөн кишилерди көп кезиктиришти. Үй-бүлөөнүн улуусу болгондуктан бир туугандарына кам көрүшү керек эле, түнүндө ат, күндүзү уй кайтарды – кышка карата жем-чөп да камдоосу керек болчу. Ал да баланын моюнуна тагылган.

Биринчи класска ал 1943-жылы барат. Үйү мектептин жанында эле, спорттук аянтча менен өтүшү керек болчу. Үч-төрт мүнөттүн ичинде сабак башталганча үлгүрүп жетишип бараар эле. Үйдүн кыйын тиричилиги менен алпурушуп чарчаган бала үчүн кеңири жарык класс майрам сыяктуу сезилчү. Төлөмүш жакшы окуду, өзү дайыма жанында сактап жүргөн мактоо грамотага ээ болгону эле айтканыбызга далил.

Төлөмүштүн айлы маданий очоктордон окучун жайгашкан, ошондуктан ал театралдык жана сүрөт искусствосу менен кийин



гана таанышууга мүмкүнчүлүк алды. Кийин тагдырдын буйругу менен бай маданий мураска ээ, мыкты музейлери менен театрлары бар шаарларда--Ленинградда жана Москвада окууга тура келди. Дүйнөлүк классиканын туу чокулары менен таанышуу жаш жигиттин көп нерсе өбөлгө болуп анын келечегин аныктап бергени анык. Бирок анын чебер сүрөткер болуп чыгышына кантсе ата-мекендин элдик чыгармачылыгы өзгөчө рол ойногону талашсыз.

Сегизинчи классты бүтүргөндөн соң Фрунзедеги А.С. Пушкин атындагы айтылуу №5 мектепте окуй баштайт. Айылдан келген бала үчүн бул жер жомоктогудай ажайып сезилди. №5мектептен кыргыздын маданияты, искуствосу, билим берүү жана мамилекеттик көрүнүктүү ишкерлер чыкканы белгилүү.

Төлөмүш геолог болуп чыгууну ойлойт. Бөкөмбаев айлынын жанында уран кени казылган Кажы-Сай деген жер болчу. Анда иштеген инженер-геологдор баарынан романтикалуу жана айлыгы чоң кесип деп эсептелчү. Мектепте жакшы окуса да кийин Төлөмүш инженер болбостугун түшүндү. Ошентип документин инженерликке эмес Ленинграддагы кинорежиссерлордун инстутуна тапшырды. Балким, бул ниети Союзда атактуу маданий борбор жайгашкан шаарда окуп билим алуу аракети менен түшүндүрүлсө керек.

1958-жылы институту бүтүп Океев кырыздын биринчи үн оператору болуп калды. Ал Лариса Шепитьконун «Зной», Алексей Сахаровдун «Перевал», Марианна Рошалдын «Улица космонавтов», Леонид Гайдайдын «Операция «Ы» фильмдеринин үнооператору болду.

Кыргызстанга келип жергиликтүү тема боюнча фильм тарткан режиссерлор адат катары эл аралык таанымал чеберлер болуп ке-

тишээр эле. Океевдин пикиринде алар анын фильмдеринде кыргыздын мекенин орус маданиятынын көз карашынын алып туюндурушчу, кыргыз дүйнөсүн экзотика катары кабыл алышчу. «Элдин жан дүйнөсүнө үңүлүп кирүү үчүн анын көкөй өйүгөн өкүттөрүн, кубаныч кайгысын, тилек-үмүтүн түшүнүү үчүн эл башынан кечирип жаткан жашоо менен камыр-жумур турмуш өткөрүү керек, ошол элдин өкүлү болуш кажет», -деп айтаар эле келечектеги кинорежиссер. Ошондо эле Төлөмүш Океевде режиссер болуу тилеги пайда болгон сыяктуу.

1964-жылы ССРРдин Госкиносунда жаңы ачылган Жогорку режиссерлук жана сценаристик курска өтөт. Анын мугалимдери Л.З. Трауберг менен Ю.Я. Райзман болуп калат. Советтик кинонун классиктери- М.И. Ромм, Г.Н. Чухрай жана башкалар лекция окушат. Курсташтары белгилүү киномотографистер Карен Геворкян, Глеб Панфилов, Александр Аскольдов, Василий Ливановдор эле. Алар менен достук мамилелерин кийин да үзгөн жок, такай байланышып жүрдү.



Биринчи жылкы окуу кезинде талап кылынган этюд коюунун ордуна өз мекени жөнүндө кыскаметраждуу «Это лошади» деген фильм тартууну чечет. Документалдык ал фильм дароо эле Ашхабадда өткөн Ортоазия кино фестивалында көңүл бурдуруп көптөгөн өлкөлөр кинотасманы сатып алышат. « Искусстводо чыгармачылыкты өзүн жакшы көргөн темадан башташың лазым, биринчи кадам үчүн болгон күч аракетиңди жана сезимиңди беришиң керек. Себеби ал келечектеги чыгармачылыгыңдын фундаменти болуп калаарын эстен чыгарбашың керек…», - деп жазган эле Океев.

Анын чыгармачылыгы Кыргызстандын искусствосунун кинематографиясындагы жаркын барактарына кирет. Анын өлүп-өчпөс картиналары «Небо нашего детства», «Поклонись огню», «Лютый», «Улан», «Потомок белого барса» «кыргыз ажайбы» деген атка конгон улуттук кинематографиясынын болуп көрбөгөндөй гүлдөп өскөн мезгили менен байланыштуу. Ал сандаган сыйлыктарга татыды. Ар бир жеңишинин артында СССРдин республикалары гана эмес башка өлкөлөрдүн кино ишмерлеринин эмгеги менен ардак даңы турат. Ийгилигинин туу чокусу режиссердун тизмесиндеги 1985-жылкы Берлин фестивалындагы «Серебряный Медведь» сыйлыгы болуп калды.

Союздун жана ошону менен кошо бүт совет кинематография системасынын ыдырашы менен талантту режиссер өзү сүйгөн иш менен алпурушуу кыйын болуп калды. Ал кийин сценарий жазып көрдү, ал гана түгүл италиялыктар менен бирдикте «Чынгызхан» көркөм фильимин тартууга аракет кылды. Ал аракетиниен майнап чыгып жарытып жиберген жок. 1993-жылы президенттин буйругу менен Кыргыз республикасынын Турциядагы биринчи элчиси болуп дайындалат.

Төлөмүш Океев 2001-жылы 18-декабрда Анкарада каза болот. Анын сөөгү Бишкектеги Ала-Арча меморалдык көрүстөнүнө коюлган.

# Видугирис Альгимантас Стасевич (1936- 2010)

*Фрунзеге чейинки жол*



Кинорежиссер, оператор, сценарист жана окумуштуу-этнограф Альгимантас Стасевич Видугиристин ысымы «Очкарик», «Кумдагы сепил», «Нарын күндөлүктөрү» сыяктуу эң сонун фильмдери аркылуу кыргыз коомчулугуна кеңири белгилүү. Видугиристи кыргыз киносунун негиз салучулардын бири десек ашкере кетмек элек. ВГИК-Ти окуп бүткөндөн кийин жаш режиссер 1962-жылы Кыргызстанга келет. Тоолу республиканын ажайып табияты кыялына төп келип, ошондой эле аздектеген сүйүүсү болгон келечектеги жубайы кыргыз кызы Розу Табалдиевага жолугуп Кыргызстанда биротоло калып калат.

Ал Кыргызстанга келиши-Тагдырдын буюругу десе болчудай. Литва республикасында Укмерге шаарында мектепти аяктагандан кийин Альгис Каунасстагы политехникалык институтунун гидрофакултетине тапшырат. Бирок, үчүнчү курстан иниститутту таштоого тура келди, себеби анын жан дүйнөсүн бир гана кино ээлеп алган эле. «Кино тартуу –менин негизги тилегим, көздөгөн бирден бир максатым болуп калган»,- дейт бир жолку интервьюсунда Альгис чын сырын алдыга салып жатып. ВГИКтин оператордук факультетин аяктаган соң Видиругис алыска чыгышка барууну көздөптүр. Бирок темир жол кассасында бара турган жерине саат басып билет жок болуп чыгып жатпайбы. Эгер болсо да эки күндөн кийин эле болушу мүмкүн экен.

Ошол эки күндү москвадагы кино үйүнө барып күтүүнү чечиптир. Ошол учурда кино үйүндө кыргыз фильмдерин көргөзүлүп



жаткан болот. Көрүп жүргөн кинолорду көрүп биринчи жолу Кыргызстан деген жерди билип ачылыш жасаган экен. Көзү көргөндүн баарына кызыгуу менен караган жаш жигитти мурда көрүп билбеген республика өзүнө магниттей болуп тарта баштайт. Эки күндөн кийин билетти Фрунзеге чейин алуу керек экенине биротоло көзү жетет.

1962-жылы «Кыргызфильм» киностудиясына орношкондон кийин 26 жаштагы Видугирис курсташы И. Моргачев менен бирдикте тартылган «Күнгө таазим» деген эки сааттык документалдык фильм аркылуу дебютун баштайт. Биринчи эле фильми 1964-жылы Ашхабадда болуп өткөн республикалар аралык Орто Азия жана Казахстан кинофестивалында документалистика бөлүмү боюнча кызыктуу чыгармачылык дебют катары мактоо дипломуна татыйт. Ал республиканын булуң-бурчтарын кыдырып табияттын сулуулугуна тамшанган учурлары көп болду: «Бул жерде чөл да, талаа да, жаңгак токою да, бийик тоолор да, жашыл шалбаа да, шаркырап аккан суу да, эрибеген түбөлүк мөңгүлөр да, акактай тунук көл да, көз жетпеген талаа мене жапжашыл жайыт да- деги койчу баардыгы бар»- дейт Видугирис.

1968-жылы режиссер Яков Бронштейн менен бирдикте «Кумдагы сепил» деп аталаган поэтикалык кыска метраждуу фильм тартат. Лента болуп көрбөгөндөй ийгиликке жетишип кыргыз киносуна көп сандаган сыйлыктарды алып келди. «Кумдагы сепил» өзүнүн өзгөчө лирикалуулугу жана маанисинин терендиги, сыйымдуулу-

гу менен Видугиристин эң мыкты фильмдеринин катарына кирет. Ысык-Көлдүн жээгинде тартылган бул картинасында «режиссер эркиндикке умтулган, боштукту самаган жана алдыдан кең пейилдик менен жаркындыкты күткөн «алтымышчылар доорунун» маанайын жана рухун таамай чагылдырып бере алган»,- деп эскерет Видугиристин «Очкарик» фильминин каармандарынын бири болгон Бермет Маликова. Кинокартина Краковдогу Эл аралык кинофестивалда башкы сыйлык «Алтын ажыдаарга» татыйт.

Андан кийин ОртоАзия жана Казахстан кинофествалында мыкты кыска метраждуу фильми үчүн сыйлык, ошондой эле Эл аралык балдарга араналган Тегерендагы башкы сыйлык, балдар үчүн кинофестивалда «Алтын статуетка», Тампередеги Эл аралык фестивалда кыска метраждуу фильмдердин сыйлыгы, ВЛКСМ БКнын балдар үчүн мыкты фильмдин атайы сыйлыгы, журналистердин бүт дүйнөлүк федерациясынын сыйлыктарына татыды.

Видугиристин тарткан документалдык, кыска метраждуу жана толук метраждуу фильмдеринин саны 20 га чейин чаап барат. Анын ишиндеги, ишинде гана эмес чыгармачылык биографиясындагы маанилүү учурлардын бири Нарын дарыясынын каскадында курулган гидростанциялар т.а. анын флагманы болгон Токтогул ГЭСинин курулушу болуп эсептелет. Иш жүзүндө Нарын дайрасындагы электорстанциялардын каскадынын курулушу учурунда жумушчулардын жанынан Видугиристин кинотобу бир карыш дагы алыска жылган эмес десе болот. Видугирис анда курулуштун уникалдуу кинолетописи менен жумушчулардын коллективдүү кинопортретин түзгөнүнө өзүбүз күбөбүз.

Токтогул ГЭСи менен Видугиристин «Жубайсыз эркекетер», «Катастрофага ураксат бербеймин» деген эки толукметраждуу көркөм фильминин сюжеттери түздөн түз байланыштуу. Булардын биринчси Дамаскада «Дамасканын кылычы» деп аталган Азия, Африка жана Латин Америка өлкөлөрүнүн II Эл аралык кинофестивилында башкы байгеге татыган эле.

М.Горбачев КПССтин Борбордук Комитетин башкарып кал-




ган кезде биринчи кадамдарынын бири ашкере чоң капиталдык салымдарды талап кылган «долгостройду» тоңдуруп кою болгонун азыр эч кимдин эсинде сакталып калбаса керек. Бул «кара» тизменин ичинде Камбарата ГЭСи болгон эле. Ошондо кеңири инфаркт алып ооруканада жаткан Казбек Хуриев Видугириске кайрылат: «Альгис, көмөгүң абадай керек болуп турат, жардам бер» дейт. Камбарата боюнча тартылып бүткөн материалдын баарын чогултуп кинорежиссер Москвага учуп барат. Ишке келгенде өжөрлүгү, туруктуулугу менен кандай гана адам болбосун ынандырууга жөндөмдүү кинорежиссер материалды Госпланга алып барып көрсөтөт, анан ЦКнын бөлүмүндө болот, министирликтердин тиешелүү бөлүмдөрүндө саагалап чыкпай, акыры алдыга койгон максатына жетишет. Ошондон кийин «Камбарата ГЭСи «кара» тизмеден чийилип ташталды»-дейт атактуу кинорессежер жөнүндө кеп козгоп жатып жазуучу Вячеслав Тимирбаев.

СССРдин тыркашы менен кыргыз киносу дагы жоголуу, жоюлуп кетүү коркунучу пайда болгондо Видугирис Кыргызстанды таштап кетип калуу оюна да келген эмес. Бул жерде Литвадан өзүнө чакыртып алган энесинин сөөгүн көмгөн болчу. 90-жылдары баш-оту менен Евразия элдеринин этнографиясын изилдөө ишине киришип, натыйжада, «Химеристика, логикалык-рационалистик конструкциялоо, көркөм образдардагы мифтик түзүүлөр» деген эки томдон турган илимий эмгек жазып чыкты. Альгимантас Видугирис үй-бүлөөсүнө балдарына, мурдагы киноактриса, азыркы психи-

атр жубайы Айгүл Сартбаевага милдетүү экенин ар дайым эскерип айтар эле. Видугирис 2010-жылдын 25- июнунда Бишкекте каза болду. Анын артында эки баласы - Айгуль Сартбаева менен Стасис Видугирис жана бир нече неберелери калды. Уулу А. Видугирис – Кыргызстандын Литвадагы ардактуу консулу.

Кыргыз киносунун алтын фондусуна кирген Альгимантас Видугиристин фильмдери: «Заводдогу жолугушуулар», «Күнгө таазим», «ПСП», «Кумдагы сепил», «Вахта», «Бурулуш», «Бул коркунучтуу деле эмес», «Очкарик», «Нарын күндөлүктөрү», «Күн тынчыбаган жыл», «Аялсыз эркектер», «Катстрофага уруксат жок» ж.б. Анын фильмдери 3 жылдан бери Бүткүлроссиялык киномотография институнун окуу программмасына киргизилген. Режиссура боюнча экзамендик суроолордун бири «А. Видугиристин чыгармачылык өзгөчөлүгү» деп аталат. Анын кинодо жасап кеткен иштери МГУнун журналистика факультенин, Москвадагы сценаристер менен режисерлордун жогорку курсунун, ошондой эле башка чет өлкөлөрдөгү киномектептер менен факультеттердин (Польша, Литва) окуу программаларына киргизилген.

Альгимантас Стаевич Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин (1968-жыл) грамотасы жана киноискусствого кошкон салымы үчүн киносынчылардын Эл аралык ассоциациясынын медалы менен сыйланган.1974-жылы режиссер «Кыргыз ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген ишмер» деген наамга татыйт. 1977-жылы «Күн тынчый албаган жыл» деген документалдык филми үчүн СССРдин Ленин комсомолунун сыйлыгынын лауреты болуп калат. 1982-жылдан бери Кыргыз ССРинин элдик артисти. Ал эми 2006-жылы өлкөгө сиңирген эмгеги үчүн мамлекеттик «Даңк» медалы менен сыйланат. Ошондой эле Токтогул ГЭСинин «№1 Ардактуу курулушчусу» жана Кара-Көл шаарынын ардактуу гражданини болуп саналат.

## Суйменкул Чокморов (1939-1992)

*Каармандыктын үлгүсү*



20-кылымдын аягында, 60-жылдары бүткүл кинематография дүйнөсүндө «кыргыз киноажайыбы» жөнүндө өз ооздон түшпөй айтыла баштаганы эсибиздедир. Бул улуттук киноискуувствосунун адаттан тыш дүркүрөп өсүшү Сүймөнкул Чокморовдун ысымы менен да байланышат. Анын түзгөн жаркын образдары аркылуу чет элдик көрүүчүлөр кыргыз эли жөнүндө, анын дүйнө таанымы жөнүндө жандуу түшүнүк ала алышты. Өз мекенинде талантуу актер барынан мурун улутттук мүнөздү мыкты көрүнүштөрүн жандуу туюндуручусу, жаркын кубулуштардын көркөм чагылдыруучусу болуп таанылды.

Чокморов Чүй областынын Аламүдүн районун Чоң-Таш айлында туулган. Атасы темир жана жыгач уста болгон экен, мындай кишилерди адатта колунан көрү төгүлгөн адам деп аташат эмеспи. Анын колунан баары келчү: араба жасачу, дөңөлөк ийчү, жыгачтан чөйчөк ойор эле, бычак курчутчу. Мындан сырткары металлдын бетине чегип сүрөт түшүрүү, ээрди орнамент менен коздоо иштерин жасай алар эле.

Чокмор Ормокеев ошол тегеректин биринчи жигити болуп эсептелчү. Майрамдарда улак тартууга келгенде ал эч кимди алдыга салдырчу эмес. Тоонун кыраан куштарын өзү торго түшүрүп, өзү таптачу. Ал куш салуунун билерманы эле. Гениалдуу актердун атасы мындан сырткары жакшы ырдачу, өрүктүн жыгачынан өзү жасаган комузда ойноор эле. Бирок бул киши сабатсыз болчу. Анткен ме-



нен жети уулун окутуп билим бергенге жетишти, көбү жогорку окуу жайында билим алышты. ( Дагы бир сегизинчи уулу мектептин мугалими согуштан кайтпай калды). Анын балдары атасынан өнөрүн мурас кылып алып кала алышты – бир уста болуп чыкса, дагы бири чабан, музыкант, геолог, спортсмен, сүрөтчү.

Чырымтал кезинен эле Сүймөнкул Чокморовко жеңил болгон жок, бул бир жагынан анын мүнөзүн калыптандырганы да анык. Врачтар ага сөөктүн туберклезу деген диагноз коюшат. Ооруга ал үчүнчү класста окуп жүргөндө чалдыгат. Жарым жылдан кийин ооруу ырбап кетип бала майып болуп калбай аз жерден калат. Муундары ооруп кыймылдай албай калган учурлары болгонун өзү аңгемелеп берер эле. Мектепти таштап коюга да туура келди. Кийин интервью берген кезинде оорудан кыйналган бала бул дүйнөдөн кечип кеткиси келген учулар болгонун айтат. Бирок, врачтар аны акыры оорудан сакайып мал болуп кетээрине ишендиришет. Тестиер бала акырындап спорт менен алектене баштайт. Ырас эле доктурлардын айтканы чыгып бара бара оорусунан айыгып кетет.

Кыргызстандын эл жазуучусу Мар Байджиевдин эскерсүүсүнө карап баксак ага Сүймөнкулдун атасы катуу оорулуну экенине карбай тоодо жоголуп кеткен койду таап кел деп жумшаганы жөнүндө аңгемеси чоң таасир калтырды. Бала тизеси менен жөргөлөгөнгө чейин барып жатып качып кеткен малды издеп тапкан экен. Мындай кыйынчылыкты моюбай жеңип өтүү анын бүт өмүрүн кошотоп келди десек болот. Бир жолу 53 жылдын аралыгында 40 жолуу ооруганын эскерген жери бар.

Чокморов мектепке бара албай калганда ал улуу агасы Намырбектин үйүндө борбордо жашап калат. Дубалынын боорунда кнопка менен илинген Клодаттын «Түшкү маал», Тоидзенин «Жолборус кийген батыр» жана Делекуранын «Арыстандарга аң улоо» деген картиналары болор эле. Ошондо анда сүрөт тартуу кыялы пайда болот. Кийин айыгып кеткенде тоого чыгып алып, айлана тегеректин коздугуна күбөө болуу үчүн кой кайтарганга жок дебей элпектик менен макул болор эле. «Ал эми, бул жердин болсо кайталанбас сулуулук. Айылдан Чүй талаасы алаканга салгандай көрүнүп турат. Горизонт болсо көз жетпегендей учу кыйырсыз. Мен тажабай сүрөт тарта берчүмүн, тарта эле берчүмүн…», - деп эскерет ал.



Айылдык бала сүрөт өнөрүнүн алгачкы тажирийбасын Фрунзедеги көркөм училищада үйрөндү, кийин И.В.Репина атындагы Ленинграддык көркөм институтка барып окуду. Чокморовдун мугалими СССРдин эл сүрөтчүсү, белгилүү баталист, граждандык согушка

арналган бир нечеленген чыгармалардын автору Е.Е.Моисеенко эле.

Жогорку жайын ийгиликтүү аяктагандан кийин училищада сабак берет, анан өзү окуп бүткөн көркөм училищада жетекчилик кызматтарда иштейт. Бул жылдары ал живопистин ар түдүү жанрларында иштейт, айрыкча портретке көп көңүл орнотот, себеп дегенде анда адамдын жан дүйнөсүн туюнтуруу боюнча кеңири жол бар деп эсептейт.

Кийинчерээк ал белгилүү актер болуп калды, дүйнө кыдырып жер-жерди көрүүгө мүмкүнчүлүк ачылды. Көптөгөн чет өлкөлүк маданияттын ишмерлеринин портреттерин тартты. Анын картиналарынын жыйнагында атактуу италиялык актриса Моника Виттинин портретинин бир варианты сакталып турат. Японияда Чокморов Кабуки театрынын актерлорунун сериясын жазып чыгат. Ал актерлорду гримделген, костюмчан, декорациянын шартында сүрөткө тарткан эле.



Манаска болгон терең кызыгуу аны белгилүү режиссер Болот Шамшиев менен таанышууга алып келди. Чокморовдун сырткы түспөлү ( шыңгыйган бийик бою, ийкемдүү фигурасы, келишимдүү түр түспөлү) байкаган режиссер Чокморовдун актердук практикасы болбогондугуна карабастан «Выстрел на перевале Караш» фильминде башкы ролду ойноого сунуш кылат.

Дебют жер жарылгандай, чагылган түшкөндөй ийгилик алып келди. Жаш актердун экинчи маанилүү ролу «Лютый» фильминдеги Ахангулдун образы болду . Образ актердун талантынын дагы бир жаңы кырын ачып берет. «Чрезвычайный комиссар», «Алые

маки Иссык-Куля», «Седьмая пуля», «Поклонись огню», «Улан», «Дерсу Узала» сыяктуу мыкты картиналар менен ал атактуу актерлордун катарында атамекендик жана дүйнөлүк кинодо аттын кашкасындай белгилүү болуп калды. Айта кете турган жагдай, Чокморов советтик актерлордун ичинен беделдүү эл аралык фестивалдарда эң мыкты ролу үчүн берилген дипломдорго төрт жолу ээ болгон бирден бир актер.

Чокморовдун өзү дүйнөлүк киномотаграфиянын атактуу мастери Акира Куросава менен иштешүүнү тилек кылчу. Курасава Чокморов тартылган картиналар менен кунт коюп таанышып көрүп дүйнө кинолорунлогу эң кызыктуу актерлордун бири деген жыйынтыкка келет. Бирок Дерсу Узаланын ролу башкага ыйгарылат – Чокморов ал ролүчү үчүн өтө жаш жана келишимдүү болчу. Натыйжада ага башкы каармандын досу, бандиттерге каршы күрөшкөн отряддын башчысы Чжан Баонун ролу тийет.

Акыркы жылдары, өлөр алдында врачтар опурталдуу диагноз коюштуу- поликиноз почки деген. Ал ооруну ал кино тартып жаткан учурда – тоонун муздак суусуна акканда, андан кийин аттан жыгылып бөйрөгүн жардырып алганда кириптер болуптур. Бирок ал эч качан ооруп жүргөнүн эч кимге айтып наалуучу эмес. Бул адамдын каармандыгы аны билгендердин баарын таң калтырчу эле.

Чыгармачылыктагы өлчөмсүз сиңирген эмгеги үчүн Сүймөнкул Чокморов Токтогул атындагы Мамилекеттик жана ВЛКСМдин сыйлыктары ыйгарылган. Кыргыз киноишмерлеринин ичинен биринчи болуп «СССРдин эл артисти» наамга татыган. 1991-жылы Чокморов адабият, искусство жана кино боюнча эл аралык Ч.Айтматов Клубунун сыйлына ээ болот.

Бишкек шаарынын бир көчөсү Сүймөнкул Чокморовдун ысымын алып жүрөт. Атактуу артистке арналган почта маркасы чыгарылган. Эң ири 5 миңдик сомдук акча купюрасынын бир бетинде артистин портрети түшүрүлгөн. Башкысы актердун эл сүйүп ардактаганы, талантына там берип турганында.

# Бажан Борис Григорьевич (1939–2008)

*Председателдин үчүнчү мекени*



Бул адамдын басып өткөн жолу боюнча көп сериялуу фильм тартса деле болор эле. Ал фильм айылдын жашоочулары, дыйкандардын талыкпас эмгеги, бул дүйнөнүн туткагы болгон эрки күчтүү, эмгекчил, чечкиндүү адамдар жөнүндөгү популярдуу картинага айланаарына шек кылбай койсо болор. Кыргызстандын айыл чарбасына эмгек сиңирген ишкер, таланту жетекчи Бажан Борис Григорьевич узак жана ардактуу эмгек жолун басып өттү: катардагы айдоочудан автобазанын начальнигине, «Киргизсельхозтехника» райондук башкармалыгынын орун басарынан өлкөдөгү Чүй областынын Москва районун Ф. Энгельс атындагы Садовое айылындагы эң алдыңкы колхоз-миллионердин председателине чейинки аралыкты багындырды. Бул кызматта ал чейрек кылымдан ашык, 1982-жылдан баштап жашоосунун акыркы күндөрүнө дейре эмгек этти.

Борис Бажан 1939-жылы Россия Федерациясынын Омск областынын Павлоградск районундагы Павлоградка деген айылда туулган. Анын ата-энеси Херсон областынын жашоочулары эле, Россияга алар 30-жылдары ачкачылыктан баш корголоп Украинадан көчүп келишиптир. Тилекке каршы Россияда башка бале күтүп туруптур – сталиндик режимдин репрессиясы башталат. Жалган ушактын айынан атасы менен энеси түрмөгө түшүшөт. Борис жападан жалгыз калат, кочодо чоңойот. Көчо балдары болсо белгилүү-- алдуусу

алсызын басып жеген учур. Борис дагы тигилерден кем калышпай катылгандын катыгын берет. Ошондо тажап бүткөн атасы кийим-кечесин чогултуп туруп вокзалга алып барат да баланы Орто-Азияга, эмне болсоң ошо бол деп туруп салып жиберптир.

Ошентип, тестиер бала үчүн башкача жашоо, чоңдордун көргөн күнү башталды. Казакстандын талаасы менен келеткан поездин вагонунда Борис Кыргызстандагы Беловодски айлында жашаган бир аксакал менен таанышып калат. Боорукер аксакал аны айылга алып келип өз үйүнөн баш калкалоо берет.

Кийин тагдыр дагы бир таң калычтуу адам, талантуу жетекчи аграрий Акималиев менен жолуктурат. Көп жылдар өткөндөн кийин Борис Григорьевичтен айыл чарба билимин кайдан алдың деп сурап калшыканда «Жамин Акималиев атындагы академияны» бүтүргөм деп тамаша кылып жооп берчү. Көп өтпөй Чүй областынын Москва районуна көчүп барат. Ошентип Кыргызстан анын үчүнчү, ардактаган мекени болуп калды.

Мектепте жакшы окуду. Айрыкча математика ага жеңил «жеңилип» берчү. Кээде баардык класстар үчүн үй тапшырмаларын аткарган учурлары да болду. Математикалык эсеп чыгарууга берилип кетип башка предметтерге анча көңүл бөлбөй калып жүрдү. Анын үстүнө убакыт да жетишчү эмес – Борис багып алаган үй-бүлөөдө эң улуусу болгондуктан калгандарга жардам бериши керек болчу. Кошуналарга кирпич куйганга жардам берип акысын алчу, колхоздун бакчасында, кырманында иштеди, чөп чапчу, уй кайтарчу. Анан ал тентек бала эле, тартынчу эмес, тийишкендердин жообун бербей калган күнү болгон жок – акыры педоггогикалык коллектив бүтүрүү экзаменин алдында аны мектептен чыгаруу жөнүндө чечим чыгарышты.

Феноменалдуу эс тутуму жана табиятынан чыйрактыгы анын лидерлик сапатты өстүрүүгө өбөлгө болуп берди. Кийин ал эң мыкты жетекчилердин бири болуп калганда анын фотографиясы белводскийдеги мектептин дубалында «атактуу бүтүрүүчү» деген ат менен илинип турду. Борис Гиргорьевичти мектепке анын жетишкен ийги-

лигин белгилөө үчүн бир нече чакырып көрүштү бирок ал баш тартып коюучу. Уялчу. Бирок балалык күндөрү өткөн мектепке дайыма жардам берип турчу.

Мыкты интеллектуалдык жөндөмү, эркинин күчтүүлүгү, бир койгон максаттан тайбастыгы эртели кечпи акыры ачыкка чыгышы керек эле. Айткандай эле болуп чыкты. 20 жашында ал Беловодскиде самосвал айдай баштайт, ошол эле кезде автожол техникумунда сырттан окуп жүрдү. Ал эми, 28 жашында Новотроицкой автобазысынын начальниги болуп калат. Анын жетекчилигинде сегиз жүз адамдан турган коллектив бар эле. Ири ишкананы башкаруу илимин өздөштүрүүгө туура келди. Окуусун улантып Кыргыз мамилекеттик университеттин экономомикалык факультетинде сырттан окуду.

Борис Григорьевич он жылдан ашык автотранспорт тармагында эмгек кылды. Анын келечекте мыкты карьера жасарына төлгө тартышкан, бирок тагдырында дагы бурулуш болуп өттү: партия тарабынан аны райондогу эң ири чарбалардын бири – Ф.Энгельс атындагы колхоздун партиялык уюмун башкарууга жиберишет. Ал кезде колхоз кыйын абалга кабылган болчу. Бир жарым жыл ал парторгдук, ошону менен кошо председателдик кызматты аткарып иштин чоо-жайына үңүлүп кирди. Иш акырындап оңоло баштайт. Колхозчулар Борис Григорьевичтен башканы чарбанын председатели болушун каалачу эмес.

Жетекчи колхоздо иштеген бардык адамдарды атынан чакырчу, алардын жеке чарбасы менен балдарына чейин билчү. Кантип жашап жатышканы менен кабары бар эле. Чарбанын кирешеси кандай болгонун, кантип эмгек жылын аяктаганын, кандай түшүм алынганын, канча техника иштеп жатканын, канча көлөмдөгү күйүүчү май коромжу болгонуна чейин жатка айтып берер эле. Очеттук жыйындарда кагазга карап доклад жасаган күнү болгон жок. Ар бир тармакты беш манжасындай билчү, кимдин кемчилиги, кимдин жетишкендигин ачык айтчу.

30 жылдан ашык Б. Бажан колхоз-миллионерди жетектеп келди. Бул учур тилкесинде бир нече жолу айылдын, райондун жана

областын советтерине депутат болуп шайланды, Кыргызстандын Компартиясынын Борбордук комитетинин мүчөсү болду, көз карандысыз эмес Кыргызстандын «легендарлуу» парламентинин депутаты болду. Ага жогорку кызматты бир нече жолу сунуш кылышты. Мисалы Ыссык-Ата районун раймамадмнистрациясын башкарууга көндүрүп көрүштү. Бирок, бул ардактуу кызматтардан ойлонуп көрүп баш тартат. Дагы бир жолу ал айыл чарба министринин биринчи орун басары болот экен деген сөз тарайт. Бирок, ал мурдагыдай эле дыйкан чарбасын жетектеген кызматкер боюнча кала берди, буга өкүнгөн да жок. Ал дайыма «райондун жаман башчысы болгондон көрө колхоздун жакшы председатели болуу артык» деп айтаар эле.

Кыргызстандын башка райондору гана эмес чет өлкөдөн талантуу жетекчинин өз боорлоруна тартып көрүүгө аракет кылып көрүштү. Бир жолу Садовое айлына ошо кездеги россиянын окмотүнүн башчысы Виктор Черномырдин келет. Чарба менен таанышып көрүп Бажанды Россияга чакырат. Кайсы региондо болбосун, кайсы кызмат каалабагын өзүң тандагын дейт. Бирок, Борис Григорьевич анын мекени Кыргызстан экенин, башкага алмаштырбасын айтып баш тартат.

Жетекчи кызматтарда иштеп жүрүп Окмөттүн делегациясынын курамында ал тарихий мекени – Украина бир нече жолу барууга тура келди. 1997-жылы ал «Кыргызстан–Украина» достук коомун түзүүнүн демилгечилери болду. 2002-жылдан баштап Кыргыз Республикасындагы Украина коомдук «Берегиня» Советинин мүчөсү болуп эсептелет.

Мекенине өтөгөн эмгеги үчүн Б.Бажан «За доблестный труд» (1970) медалы, Кыргыз ССРинин ВДНХсынын үчүнчү даражадагы диплому, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президимунун грамотасы(1974), «Ветеран труда» медалы (1984) менен сыйланган. 1994-жылы Борису Григорьевичке Кыргызстандын Президентинин буйругу менен « Кыргыз Республиканын айыл чарбасына Эмгеги сиңген ишкер деген наам ыйгарылган.

Мындан тышкары Борис Бажанга эмгекте жогорку жетишендиги үчүн «Ардак белгиси» берилген, Москва районундагы Садовое айлындагы өзүнүн каражаты жана колхоздун көмөгү менен тургузулган № 2 орто мектеп анын ысымын алып жүрөт. 2001-жылы III даражадагы «Манас» ордени менен сыйланды, 2006-жылы Ф. Энгельс атындагы колхозго Москвада болуп өткөн эл аралык саммитте «Лауреат национальной экономики» деген диплом тапшырылган. Меценат Борис Григорьевич кайрымдуулук ишмердиги жана Православ чиркөсүнүн алдында сиңирген эмгеги үчүн Патриарх Московский жана всея Руси Алексий тарабынан медал менен сыйланган.

Китептин бөлүмү II

# Өлкөнүн гүлдөп өсүшү ар бирибиздин колубузда

# Гулчехра Валиулина

## *Кубанычка бөлөгөн шыңгыр үн*



Улуу Ата Мекендик согуш учурунда атактуу артистика коллегалары менен республиканын шаарларын, айылдарын кыдырып жүрүштү. Артистердин бригадасынын өздөрүнүн фронтту бар болчу. Чоң сыноо башка түшкөн жана эл ачка мезилде алардын атуулдук сезимине, жеңишке болгон ишенимине колдоо көргөзүү талап кылынып жаткан болчу. Концерттер эмгек талаасында өткөрүлүп жатты: жаан жаап аткан алашалбыртты, мээ кактаган күндүн аптабын карашкан жок. Алыскы жайлоолорго барууга тура келди. Күнгө тотуккан, колдорун чор баскан колхозчулар Гүлчехра Валиулинанын коңгуродой таза үнүн, жаркын обонун берилүү менен угушту, ыраазы болушту. Валиулина оор эмгек менен күн өткөрүп үп жаткан элдин жашоосуна жандануу киргизип жаткан эле. Концерттен кийин чарчоо, ачкачылык, коркуу сезимдери мен көр, сен көр болуп жоголуп кеткенин байкоого болор эле…

Гүлчехра Валиулина Уралда төрөлгөн, Челябинский областынын сибир татарларынын үй-бүлөөсүндө бул жарык дүйнөгө келеген. Атасы партиялык кызматкер, обкомдо инструктор болуп иштептир. Аны жоопкер жана баалуу кызматкер катары «ОртоАзияны көтөрүү үчүн» Ташкентке жөнөтүшөт. Андан кийин тагдырдын буюругу менен үй-бүлөөсүн алып алып Бухарага көчүп барышат. Бир нече жылдан кийин үй-бүлөө безгек оорусуна чалдыгат. Врачтар климаты өзгөртүү керек деп табышат. Ошентип үй-бүлө Фрунзеге көчүп келет.

Болочоктогу театр жылдызынын энеси сабатсыз адам болуптур. Орус тилин да жакшы билбейт. Гүлчахранын атасын фронтко алып



кетишет. Ошо жактан ал кайтпай калды, согушта каза болот. Карапайым аял балдарды багып чоңойтушу керек эле. Ошон ал окуп жазганга үйрөнөт. Бирок мурункадай эле орус тилин жакшы билчү эмес. Ачкачылык жылдары өзүнүн үзүм нанын балдарына калтырчу. Ага фронтовиктин жесири катары америкалык паек берилчү. Кошумча ага кара мурч дагы тиешелүү эле. Ошо паек менен окат кылып жатышты. Мурчту болсо айран, сүткө алмаштырышчу.

Согуш Гүлчахра Валилунанын эрте жетилишин шарттады. Энеси кереллдин кечке жумушунда болор эле, кызы болсо кичинекейлерди карап үйүндө калчу. Ал кооз көйнөктөр, туфлилер жөнүндө оюна келген жок, кичүү инилерине кам көрүшү керек эле. Кийимдери жыртылган жокпу, курсактры токпу? Кийин инилеринин бири инженер болуп калды, политехникалык институтта сабак берчү, андан кичүүсү радиотехикалык институтту аяктап космикалык өнөр жайынын заказдары боюнча уюшулган институтта иштеди. Алар азыр эжесин экинчи энебиз деп эсептешет.

Кичинекейинен баштап эле ал ырдаганды жана бийлегенди жакшы көрчү. Мектепти бүткөндөн кийин «актриса болу үчүн» филормонияга барат. Ошол мезгилде ал жерде кабыл алуу экзамени болуп жаткан экен. Корридордо бири бири менен баарлашып, кезеги келгенде каткырып жиберишип студенттер отурушкан. Гүлчахра алардын жүрүм турумун туурай баштады. Жаш кыз кыргыз профессионалдык музыкалык корифейлеринин бири баамына илинет. Ошондо кызды ал өзүнө чакырат. Тартынчаак кыз Шубиндин алдына келет. Анын алгачкы лам деген сөзү, сураганы «ырдагың келеби?» дегени болду. Ал баш ийкеди. Шубин концертмейстерди чакырып алып: «Мына кызды класска алып барып текшерип көрүнүз» деп буйрук берди. Валулина кыргыздын

«Кимге айтам» деген ырды аткарып берет. Ошондо концертмейстер биротоло диагноз коет: «өтө музыкалдуу экен» деген. Ошентип аны окуу жайына кабыл алышат.

Ал өз көзү менен республиканын маданияты кантип калыптангана күбө болду. Шубин белигилүү титандар Саякбай Каралаев, Карамолдо Орозов, Шекербек Шеркулов, Калый Молдобасанов, Ыбрай Туманов ж.б. курамына кирген легандардуу оркестирин түздү. Жаш ырчы кыз кыргыз музыкасынын сыймыгы болгон аксакалдарга суктануу менен көз салып турар эле.

Кийин такшалып кете элек болсо артиска жашоосунда биринчи жолу гастролдорго чыга башды. Аскердик бөлүк турган тажиктердин Мургабында болду. Солдаттар агитбиргаданы кубануу менен тосушкан эле.

Көп өтпөй согуш башталып кетти. Мектептердин көбүн госпиталага айландырышты. Бул жерге фронтон жарат алгандарды алып келишчү. Жаракат болгондор, оор жарадарлар көп эле. Жаш ырчы кыз аккордионист жана дагы бир бийчи менен аскерлердин алдында концерт коюп жүрдү. Жарадар аскерлер чын пейли менен анын ырларын уккандан кийин ачка жүргөн артистер менен паекторун тең бөлүшөөр эле.

Согуш бүткөндөн кийин филорманиянын жаңы имаратын тургузушту. Гүлчехра Валиулина гастрол менен республиканын бардык булуң-бурчтарында, ошондой эле Союздун башка республикаларда болууга үлгүрдү. Биринчи кыргыз дирижери, Кыргыз ССРнин эмгек сиңирген артисти Шейше Орозовко турмушка чыгат. Анын айтымында күйөөсү олутту жана интеллигентүү киши болчу. Ал филорманиянын директору болуп калганда катталдык менен бир карап койгодо артистер анын ичинде Гүлчехра кирерге жер таппай калышчу дешет.

Ал ырчы, ошону менен бирге бийчи да эле. Асресе, биринчи уулу төрөлгөндөн кийин бийлөө кыйын болуп калат. Ал кыргыз ырларын сүйчү, кыргыз тилинде ушунчалык мыкты сүйлөгөндү үйрөнгөн экен ага эч бир жан кине тага алчу эмес. Композиторлор ырчынын кайталанбас үнү үчүн атайы мелодия жазган учурлары болду. Жумамүдүн

Шералиев «Түшүмдө», Насыр Давлесов «Саанчы жеңе» ырларын жазышты. Анын репертуары сиңимдүү жана шайыр ырлардан турар эле. Ыры элге абадан жакчу. Бир жолу Асанкан Жумакматов « Айчүрөк» операсындагы Каныкейдин ариясын аткаруунун сунуш кылат. Баш тартып коет. Себеп дегенде анын үнү драмалык ролдорго эмес кубанычка ылайыкташканын өзү жакшы билер эле.

Композитор Калый Молдобасановду көп эскерет. Композитор өтө жупуну жана жумшак адам эле. Колунда дайыма дирижердик таякча болчу, эгер ырчы аны ыраазы кылбай кое турган болсо көнүлүнө жакпай калса акырындык менен таякчасы менен башка секин какылап койгон адаты бар болчу дейт ырчы.

Анын үйүнө конокко белгилүү артистер келээр эле. Саякбай Каралев да келип жүрдү. Ал ак көңүл, боорукер, токтоо, ошону менен бирге темпераментүү инсан болчу. Бир жолу ал Ыссык-Көлдөн байбичеси, балдары Чубак жана Сыргак менен келет. Алар өздөрү менен жарым мүшөк ун ала келишиптир--ал кезде нан тартыш болчу. Аксакал байбичесин ун сатуу үчүн базарга жиберет, базарда тентек балдар байбичесинин жоолугун жулуп алып качып кетишет, алардын артынан кублап жүргөнчө, мүшөктөгү унун да уурдап кетишиптир. Каралаев ошондо катуу капа болгон экен. Ошондо Шейше Орозалиев кагазга эпосту түшүрүп жаздырып көр деген кеңеш берет. Ал кезде илимдер Академиясы чыгарманын ар бир сабы үчүн акча төлөп берчү экен. Ошону менен айтылуу жомокчу акча иштеп таап базарга барып керектүүлөрүн сатып алат.

Уулуна кырсык кабылып белин кокустуктатып алганда Гүлчехра Валиулина 40 жыл бою эмгек кылган филормониядан бошонуп кетүүгө тура келди. Ал баласынын ден соолугу менен алек болуп акыры бутунан тургузду. Азыр Гүлчехра Валиулина араң басып калаган, уулун багып жаткан кези.

Эмгеги сиңген артисканы унутушкан эмес. Мамлекет ага персоналдуу пенсия бөлүп берген. Неберлери менен алыпурушуп жүрөт. Гүлчехра-апа кыргызстан гүлдөп өскөн мамилекет болорунан, неберелери бактылуу учурда жашаарына терең ишенет.

# Талгат Бегелдинов

*Фрунзенин бүркүтү*



Самолетке снаряд учуп келип тийип жарылып жатты, мотор каплеттен иштебей өчтү да калды, башкаруу рулу иштен чыгып учкучка тил албай самолет булталаңдай баштады. Кою түтүн самолеттун куйругунда пайда болду. Кабинанын ичи адам чыдай албагандай болуп ысып чыкты. Машина кескин түрдө төмөндү көздөй кулап бараткан эле. Ошондо учкуч Талагат Бегелдинов аткыч радист Яковенкого «секир» деген буйрук берди. Радист борттон чыгып парашют менен секирип кеткенден кийин Бегелдинов дагы тар кабинадан эптеп суурулуп чыгып төмөн көздөй боюн таштап жиберди. Көп өткөн жок парашютун куполу жогору жактан пайда болду. Бегелдинов жогору жакка көз салып шаша түштү: себеби үстүндө душмандын «мессери» айланып жүргөн эле. Фашист парашютиске карай кыска очеред менен атып жаткан болчу…

Талгат Бегелдинов 1922-жылы Пишпекете (азыркы Бишкек) жумушчу казак үйбүлөөсүнө туулган. Орто мектепти жана аэроклубду аяктагандан кийин борбор калаадагы Чкалов атындагы аскердик авиациялык училищага тапшырат. Асманда учуу анын жашоосунун маңызы болуп калды.

1942-жылы Бегелдинов Оренбургдагы учкучтардын аскердик авиациялык мектебин бүтүрөт.1943-жылы февралда фронтко барагаида согуштук биринчи жолу күжүрмөн учуусун баштайт. Көп өтпөй немец истребетилин атып түшүрүп алгачкы аба жеңишине жетишет.

Кийинчерээк Харьков шаары үчүн согушта командачысыны тапшырмасын аткарып келаткан кезде өзү атылып түшүрүлөт. Күйүп жаткан самолеттон парашют менен секирип кетүүгө үлгүрөт, бирок

душмандын тылында калууга арагасыз болот. Минага жарылып анын радисти курман болот. Оор жарадар болгон Бегелдинов эки жума бою өздөрүн көздөй эптеп жетүү амалын кылат. Боору сойлоп болсо да көздөгөн жерине көздөн учуп турган эле. Бегелдиновдун менен чогуу кызмат кылгандар аны эбак өлдү деген жыйынтыкка келишкен экен.

Асмандагы салгылаштардын бирinde Талгат Бегелдинов Белгия менен Францияда жеңишке жетишип атак алган фашисттик ас-истербителин атып түшүрөт. Колго түшкөн гитлерчи аны чырымтал жаш жигит атып түшүргөнүнө таптакыр ишенгиси келбейт.

Эки жылдын эле аралыгында Бегелдинов асманда баш аягы болуп 5050 саат учуп, 305 ке жакын күжүрмөн тапшырманы аткарат. Согушта көп сандаган аскердик техникаларды, душмандын аскерлерин, аба таймашуусунда 7 самолетту, ошондой эле Берлинге жасалган штрум учурунда немецтердин аэродромдорун өртөп жоготууга катышты.

Тилекке каршы, согуштун стастикасына караганда учкучтардын өмүрү узун болбойт экен, орто эсеп менен алганда алар ар бир бешинчи жолку учууда ажал табышканы кадресе көрүнүш болуп калыптыр. Ал эми салгылашууга даяр болгон эрки бекем, эр жүрөк учкуч-астар гана көпкө жашаарын айтышат. Мына ошолордун катарына Талгат Бегелдиновду кылчактабай эле кошуу керек.




Советтер Союзунун Баатыры деген алагачкы наам ага лейтенат Талгат Бегелдиновко эрдиги жана аскердик чебердигин көргөзүп Знаменка и Кировоград шаарларын бошотконго катышкандыгы, «аба согуштарында душмандын 4 самолетун атып түшүргөн жеке күжүрмөндүгү, СССРдин чегинен өтүп чыгууда жердеги аскерлер менен карым-ка-



тышу түзүүдөгү натыйжалуу иштери» делинип 1944-жылы октябрда берилген.

Али эми Баатырдыктын экинчи жылдызы эскадрильяны билигичтик менен башкарганы жана жеке көрсөткөн эрдиги үчүн деп 1945-жылы июнунда тапшырылган. Берлин үчүн болгон согушта Бегелдинов жапыз бийиктикте учуп гителердик ордосунун борборунун өзүн жана Тельтов-каналында танка ташып бараткан 8 баржаны жок кылат.

СССРдин эки жолку батыры анда бар болгону 23 жашка чыккан болчу. Бегелдинов Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыган 65 аскердик учкучтардын бирине кирет. Согушту аяктоонун акыркы аккорду анын 1945-жылдын 24-июнунда Жеңиш Парадына катышуусу болду. Согуштан кийин Талгат Бегелдинов СССРдин АКгү кызмат кылуусун улантат. 1956-жылы запаска кетет. Москвадагы инженерно-курулуш институттун сырттан окуп бүтүргөндөн соң Казакстандын Госстроюнда жетекчилик кызматтарда иштеди.

Азыркы кезде авиациянынын генерал-майору Бегелдинов аман эсен, өзүнүн ысымы менен аталаган эл аралык кайрымдуулук фондусун жетектейт. Фонд согуштун майыптарына, жетим калаган балдарга жардам көргөзүп келет. Актөбө шаарында жайгашкан Казахстандын абадан коргоо күчтөрү институту жана Караганда шаарындагы аскердик мектеп-интернат Талгат Бегелдиновдун атын алып жүрөт.

Экинчи дүйнөлүк согуштун баатыры Бегелдиновду туулуп өскөн Кыргызстанда кадырлап баркаташат. Ал трагедиялык окуялардын күбөсү гана болбостон өспүрүм балдар үчүн да эрдиктин мисалы болуп эсептелет.

# Клара Мечукаева

*Чалыкпаган изилдөөчү*



Белгилүү окумуштуу-экономист, чыгармачыл адам жана тажирийбалуу мугалим – Клара Мачукаева Кыргызстадагы балкар элинин көрүнүктүү өкүлү. Ал Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россиялык Славян университетинин (КРСУ) «Экономика и управление на предприятии» кафедрасында доцент болуп иштейт. 45тен ашык илимий эмгектердин, анын ичинде экономика жана финансы бюнча окуу китептеринин автору. Клара Магометовна Кыргызстандын айыл чарбасы тармагынын өнүгүшүнө бүт өмүрүн арнаган, орден жана медалдар менен сыйланган белгилүү адамдардын кызы.

К. Мечукаева Кыргызстандын Чүй областынын Ново-Покровка айлында 1957-жылы 25-сентябрда жарык дүйнөгө келген. Атасы, Магомет Мечукаев, жана энеси, Арюкез Мечукаева, кызы тестиер кезинде эле Сталиндин буйругу менен миңдеген балкарлар менен кошо Кыргызстанга зордуктап көчүрүлүп алынып келинген. Фашисттик окуппанттарга жан тарткан деген жалган жалаа менен бүтүндөй бир элди күнөөлөп мекенинен Орто Азия мнен Казахстанга репрессиялоо жолу менен жер котортулуп келинген эле.

Балкар эли жаңы келген жерде жашоо-тиричилигин бир ыңтай жолго салу үчүн башынан, нөлдөн баштоого тура келди. Кыргызстанга көчүрүлүп келингендердин көбү моюбаган эмгектери менен бутунан туруп кете алышты. Алардын баш көтөрүп оокат кылып кетишине

жергиликтүү элдин жардамы ченемсиз чоң болду: тамак-аш, кийим-кече, сыйынт кыла ала тургандай баш паана менен тең бөлүшүп жатышты. Кыргыздардын өздөрүнүн эле ал кезде бай маанасы ашып ташып турган эмес, жакырдык белден басып турган, ошентсе «жаңы тууганадарга» колдон келген жардамдарын аяшкан жок. Согуш учурунда белгилүү жетишпеген турмуш буту тушап турганы белгилүү, мындай учурда берилген жардам унутулбай эч качан чыкпай калары белгилүү. Анан да Кыргызстандын ак карлуу тоосу сүргүнгө келегендердин өз мекенин элестетип турган эле. Бул да болсо балкарлар үчүн рухий тирек болуп бере алды. Ошентип, Мачукаевдерин үй-бүлөөсү акырындап көнүшүп тиричилигин кылып телчигип кетишти.

Кийинчерээк репрессияланып келген эл акталагандан соң Магомет Мачукаев ага-инилери, карындаштары менен мекенине кайтып кетишет. Бирок, ал жакта көпкө карманып тура алышкан жок, кайрадан кайтып келишти. Алар Кыргызстан бир боор эт менен тең болуп калаган экинчи мекенине айланганын, кыргыздар менен башка коңшу жашаган эл алардын бир тууганындай болуп калышканын түшүнүштү. Кыргыздар балкарлар сыяктуу эле мусулман-сүнөттөр болуп эсептелет. Маданияты, тили менен дили, үрп-адаттарында жакындыктар өтө көп. Ошондуктан эки элдин ортосунда ыйкы-тыйкы, карама-каршылыктар болуп көргөн эмес.

Үйлөнүп үй-бүлөө курушкандан кийин Магомет менен Арюкез үч баланы тарбиялап чоңойтуп чыгарышты. Бардыгы жогорку билимге ээ болушту. Балдары тоолуктарга мүнөздүү чынчыл, ак жүрөк жана жоопкер болуп өсүштү. Ата-энелери да өз иштерине жоопкерчилик менен карашчу. Магомет Мечукаев Кыргыз ССРнин эмгек сиңирген чабаны болуп эсептелет, Ленин ордени, эки жолу «Ардак белгиси» жана «Эмгек Кызыл Туусу» ордендери, ошондой эле көптөгөн медалдар менен сыйланган. Арюкез Мечукаева да эки орденге татыган, Ново-Покровкада алдынкы кызылчасы болуп саналат. Улуу кызы менен уулу Фрунзедеги политехничекалык институтту аякташты.

Кенже кызы Клара менен ата-энеси өзгөчө сыймыктанышаар эле. Мектепте кызы жалаң бешке окуду, айрыкча математика жана адаби-

ят сабактарынан жогорку баллга татып жүрдү. Мындан тышкары ал алдыңкы комсомолка да эле: мектепте лидерлердин бири болчу. Орто окуу жайын 1975-жылы кызыл аттестат жана грамота менен аяктады. Мындан кийин экономикалык факультетке тапшырат. «Окуп жүргөндө, айрыкча аспирантура учурунда ата-энебиз бизге болгон жардамын аяшкан жок. «Башка ишке алаксыбагыла, окугула, бир гана милдетиңер окуу» деп ар дайым эскерет Клара Магометовна.

СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамилекеттик университетин аяктагандан кийин Клара 1979-жылы калкты талабы жана элдик товарларга болгон муктаждык жана конъюнктура боюнча Бүткүлсоюздук илимий-изилдөө институтунун кыргыз филалына улуу консултант болуп орношот. Эки жыл иниститута эмгектенгенден кийин окуусун улантууну чечет да 1981-жылы Киевдеги (Украина) институттун аспирантурасынын күндүзгү бөлүмүнө тапшырат. Аспирантурада жаш экономист бүт аракетин окууга жана изилдөө иштерине арнады. Үч жылдын аралыгында Клара Мачукаева талап кылган диссертациялык минимумдар боюча экзамендерди тапшырды, ошону менен бирге олуттуу изилдөө иштерин жүргүзүп «Совершенствование планирования и использования складских емкостей в оптовой торговле» деген темада диссертациялык эмгегин жазып бүтүп коргогонго жетишти.




Кандидаттык диссертациясын коргогондон кийин Кыргызстанга кайтып келет да экономика сферасында эмгек кылуусун улантат. 1990-жылы Кырыгыз ССРинин соода министирлигинин соода-сатык Башкармасынын токой чарбасы курулуш

бөлүмүнүн начальниги кылып дайындашат. Талантуу, ошо менен бирге лидерлик сапаты бар, бир нечелеген илимий иштери жарык көргөн экономистти 1992-жылы соода-фондулук биржаны башкаруу үчүн чакырышат. 1994-жылга дейре биржанынын президенти болуп турду, андан соң жаштарга орун бошотуп берүүнү чечет. Кыргыз улуттук унивеситетинин квалификацияны жогорлатуу институтунун «Финансы и кредит» кафедрасын бир топ жылдар башкарат. Бул институтта экинчи жогорку билим боюнча адистик берүүчү. Клары Магометовнын лекциясынын угуучулары кийин ишин ийиликтүү жөндөп кеткен банкирлер менен финансистер чыгышты. Тажрийбалуу экономистин сабагына катышкан студенттердин саны адата көп болуп лекция залында бут коер жер калбай калаарын билгендер көп айтышат. Студенттер аны жогорку квалификациялуу адис катары ар дайым ызаатап турушчу. Кызыгы азыркы стундеттердин бир кыйласы ошо 90 жылдары Клары Магометовадан сабак алышкандардын балдары болуп жатканында.

Азыркы кезде Клара Мечукаева эки жогорку окуу жайында эмгектенет – КРСУ жана Кыргызстандын Эл аралык университетинде. Аспиранттарынын бири кандидаттык диссертециясын коргогонго үлгүрдү, дагы экөөнүн иши даяр турат. Ал эми, магистранттарга келсек, Мачукаеванын жетекчилиги менен диссертацияны жазууну каалагандар бир бүтүндөй лекциялык залга толор эле десек жаңылбас элек. Себеби алар профессионалдык окутуучу аларга убактысын аябай туура жол көргөзүп, баалуу кеңешин берерине эч бир шек санашпайт. Өзгөчө алыскы райондордон келгендер Клара Магометовна экономиканын баштапкы негиздеринен баштап татаал кыйча жолдорун мамилекеттик тилде жеткиликтүү кылып түшүндүрүп бергенине тереӊ ыраазы.

К. Мечукаева кабардиндер жана балкарлардын «Минги тау» деп аталаган коомдук бирикмесинин башкармасынын мүчөсү, балкардын майрамдары менен жолугушууларынын активдүү катышуучусу. Жаштар менен иштөөдө ага адат катары өтө татаал деп эсептелген «участокторду» ишенип беришет. Себеби, ал такшалган педагог, мээримдүү эне катары жаштарды улууларды урматтоого, меймандостукка, эл жерди сүйүүгө тарбиялап чыгаарына бекем ишенишет.

# Шабан Шадманов

*Королдордун Королу*



«Красная речка» айылынын өспүрүм балдары чаң баскан футболдун талаасында топ кубалап жүрүшүп шайы ооп чарчашканда бир бурча барып алышып чогуу эс алышкандары адат эле. Чарчап бүткөн балдар келечекте ким болоор тилектери менен бири бири менен чуулдаша бөлүшүп турушу демейдеги көрүнүштөрдөн болчу. Кай бирлери шофер болгусу келчү, айрымдары дагы бир «популярдуу» кесипти башын чатап мактана баштачу. Ошол кезде алардын бирөө «мен деген дүйнөлүк чемпион боломун» деп жиберип жатпайбы. Ошондо балдардын баары аны шылдыңдап жапырт күлүп жиберишет. Бул «эргүл» көрсө Шабан Шадманов деген бала экен. Бою анча бийик эмес жапалдаш, анткен менен олуттуу мүнөзү бар, чымыр денелүү баланы калгандары сыйлап турушаар эле. Кай бир «юмористер» шылдың кылып эликтеп жиберишкенге даяр болуп турушчу, асресе, тигинин өжөрлүгүн жана катылгандын катыгын берген адатын эске алышып унчукпай калышчу.

Келечектеги дүйнөнүн чемпиону, Королдордун Королу титулуна татыган Шабан Шадманов 1970-жылы Чүй обулустунун Ысык – Ата районунда дыйканчылык кылган түрк-месхитендердин үй-бүлөөсүндө төрөлгөн. Ал ага инилери, карындаштары болуп ата-энесинен эрте ажыраашты. Шабан эң күчүүсү болгондуктан улуулардын айтканын кың этпей аткарчу.

Үй-бүлөөнү баарысы колхоздун талаасына кереледин кечке эмгек кылышчу. Шабан алардан калышчу эмес. Бирок, ошо эле

кезде айылдык балдар уюштурган оюнуна катышууга да убакыт тапчу. Демейде оюнда, айрыкча футбол ойногондо биринчиликти берчү эмес. Балдардын ортосунда мушташ чыгып кеткенде да анын биринчилерден болуп салгылашка кирип кетээрин көрчүсүң. Кээде жогорку класстын балдары менен коркпой мушташып жүргөнүн байкоого болор эле. Ишин кылып жеңмин жедирген күнү болгон жок. Анын коркпостугун, чечкиндүүлүгүн, өжорлүгүн теңтуштары сыйлап турушчу.

Эгер Советтер Союзунун эмгек сиңирген тренери Геннадий Аноприев ага жолукпаса, ким билет, Шабандын тагдыры кандай болор эле? Тренер красноречиялык ар дайым жөн жүрбөй өз ара мушташа кеткенге шыктуу балдардын бир тобун спорт мектеби жайгашкан Кантка чакырат. Бул жерде дүйнөгө атагы чыккан атлет Андрей Курнявка тарбияланып чыкканы белгилүү.

Аноприев темирдей тартип орнотту. Балдардан эрежени бекем сактоону катуу талап кылчу – спортзалдын тышкары жерлерде бокстун ыкмаларын колдонууга, мушташты өзү атайылап чыгарууга, зордук-зомбулук менен келишпестикти тыю салды, ошону менен бирге тартипти талап кылчу. Шабан алгачкы күндөрү эле Аноприевке жагып калды, тренер бул баладан майнап чыгаарына ишенээр эле.

Шабан, кийин, убактысы жетип кезеги келгенде армияга чакырылат. Ал Хабаровскидеги спортротада кызмат кылууга туура келди. Катаал шартта да ал талантын көргөзүп турмуштун бул сыноосунан татыктуу чыга алды десек болор – бокс боюнча мелдеште Чыгыштын чемпиону болуп калды. Атүгүл, СССРдин турниринде финалга чыккан учуру болду.

90 –жылдары мекенине кайтып келет. Аскердик формасын чечкенден кийин өзүнүн эски малдын козүндөй болуп жүрөгүнө жакын, жакшы көргөн спортзалага кайрадан барат. Бул учурда Союз тарап кеткен; бокс эч кимге кереги жок спортко айланган. Эмне кылуу керек? Кай бир спортсмендер тандап алган криминалдык жолго түшкүсү келеген жок.




Ким билет, ошону менен Шабан спорт менен биротоло коштошоор беле? Кол шилтеп басып кетмекпи? Айтуу кыйын. Бир жолу чыгыш күрөшү (единоборство) менен алектенишкен өзү кырдуу балдарга жолугуп калат. Ивановка айлында ушу-саньда боюнча спорттук клуб ачылганын угат. Аны атактуу Александр Воинов ачып, өзү жетекчилик кылып жатыптыр.

Шабан жаңы клубка психологиялык жана дене тарбиясы жагынан даяр болуп келди. Анын бул спорт үчүн талап кылыган керектүү фундаменти бар эле: физикалык даярдык жетиштүү, урган соккусу да кубатуу дегендей. Жеңил салмактагы (54 килограммдык категория) нокаут кое тургандай соккусу бар мындай спортсмендер сейрек кездешет эмеспи. Анын үстүнө Шабан сологой эле. Бул да болсо анын артыкчылына кирчү. Мындай спортсмен менен бетме-бет чыгуудан көбү чочулашып зааркана тураар эле. Көп таймаштарды ал адат катары мөөнөтүнөн эрте бүтөкөөрчү.

1991-жылы Шабан эмнеге жөндөмдүү экенин көргөзө ала тургандай шарт түзүлдү. АКШга кыргызстандык биртоп спортсмендер жөнөп калышты – алардын ичинде Маралбек Давлеткулов, Малик Борбашев ж.у. сыяктуу белгилүү атлеттер бар. Шабан биринчи ирет кытай спортсмени менен рингиде беттешти. Бир нече таамай урган соккудан кийин кытай полго кулап түшөт. Бирок, реферлер сокур болуп калгансып капыстан эле жеңишити кытай атлетине ыйгарып

жатышпайбы. Көрүүчүлөр мындай калысыздыкка чыдай алышпай орундарынан жапырт тура калышып «Кыргызстан! Кыргызстан! Кыргызстан!» деп кыйкырып киришет.

Бул «жеңилиш» спортсменди чөгөрүп чунчутуп жиберген жок, тескерисинче кайраттуу болууга тирек болду. Көп өтпөй ал Борбор Азиянын жана Казакстандын чемпионатында, ошондой башка эл аралык мелдештерде жеңишке жетишти.

Жыйырма алты жашка жетип жетпей эле Шадманов биздин спортсмендердин ичинен баарынан артык сыйлыкка ээ болгон көрүнүктүү атлетке айланды. Кик-бокс боюнча спорттун эмгек сиңирген мастери болуп калды. 1995-жылы профессионалдардын (ВАКО–ПРО) ичинде үч жолку чемпиондукту жеңип алган италиялык Марио Руджерого чакырык таштайт. Тиги болсо 10 жылы катары менен эч кимге жеңилип көргөн эмес экен. Шабанов бул беттеште италиялыкты жеңил эле утуп чыгат. Кичинекей кезиндеги тилеги орундатып ишке ашты.

Ошол эле жылы Шабан любителдердин (ыштызарлардын) ортосундагы мелдеште чемпион болуп калды. Мындай наамды жеңип алыш оңой иш эмес экени башынан айкын. Турнир Киевде өттү. Атаандаштары аны айласын курутуп чарчатып отуруп уталы деген тактиканы тандап алганы байкалды. Файтер эрежеси боюнча күнүнө эки жолу гана беттешүүгө уруксат берилет. Арийне, атаандаштар буга карашкан жок – суткасына төрт жолу беттешүүнү уюштуруп жиберишти. Минтип бут тосууларга моюн бербей баары бир Шабан финалга чыгат. Шабандын жеңиши анык болуп калганда ага келишип ортомчулар 20 миң доллар убада кылышат, эгер утулуп бере турган болсоң акчага маарытабыз дешет. «Бирок мен үчүн Кыргызстандын ар-намысы артык. Мен чемпион болом. Эмдиги дейре чемпиондукту башкаларга бербейм» дейт айтылуу спортсмен.

Шабандын ийгилигинин туу чокусу «Кик-боксингидин Королдорунун Королу» деп аталган Бишкекте 1997-жылы болуп өткөн турнирди көрсөтсө болор эле. Турнирге дүйнөнүн күчтүү деген файтерлердин баары чогулду. Шабановко Европанын бир нече

жолку чемпиону португалиялык Альберто Костага туш келди. Европалык Кыргызстандыктын темирдей соккусуна туруштук бере алган жок. Финалда Алексей Куценко дагы Шабанга утулуп берүүгө аргасыз болду.

Көп спортсмендер Шадманов менен күч сынашып көрүүгө аракет кылышты. Арийне алар бул чечимдери үчүн алар кийин өкүнүч кылышканы белгилүү. Казакстандык бир спортсмен Европанын чемпиону Шадмановдун титулун тартып алууну көздөп чакырык салат. Бирок ал мелдеште оор нокаутка туш болду. Мына ушу эл аралык турнирдеги жеңиши үчүн Шабан Шадманов «Ягуар» деген күжүрмөн ылакап атка татыды.

Шадманов чоң энесинин бир айткан сөзүн эсинен чыгарбайт. Ал кичинекей кезинде Түштүк Грузияда жайгашкан Месхетия жөнүндө аңгемелеп берген эле. Түрктөр каплеттен эле депортация кыбылып көчүрүлүп жибергенге дейре ал жерде 500 жыл бою жашашкан экен. Депортация болгондорду эшалон менен ташып чыгышыптыр. Буюм тайымын алаганга бар болгону 30 мүнөт убакыт беришет.

Чоң апасынын айтымында ал мезгилде Шадмандын үй-бүлөөсү келеген кезде кыргыздардын өздөрү ачкачылыкты башынан кечирип жаткан экен, бирок колунда бар бир үзүм нан менен жаңы келгендер менен тең бөлүшөт. «Кыргыздардын жакшылыгын эч качан унутпагыла»- дечү экен чоң апасы неберелерине. «Ким бул жерде жашап турса, ал Кыргызстанга өз салымын кошууга милдетүү. Мен дагы колуман келген салымымды коштум. Кудай буюрса, дагы да мекенимди атагын чыгарууга күчүмдү аябайм»--дейт чемпион.

Акыркы төрт жыл бою врачтар ал өзү сүйгөн иш менен алектенүүгө тыюу салып келишти. Тилекке жараша жакында медкомиссия анын ден соолугу сак, кулаандан соо болуп айыгып кеткен деген жыйынтык чыгарышты. Азыр Шадман активдүү машыгууга киришти. Келечекте Анкарада боло турган чемпионатка даярданып жатат.

# Самарбүбү Токтакунова

*Кыргыз музыкасынын башатындагы адам*



Улуттук маданияттын ири ишмерлеринин бири, байыркы элдин талантынын символу, атактуу комузчу традициялык музыкалык мурастарды бапестеп сактап жана өнүктүрүүгө 50 жылдык өмүрү менен эмгегин арнады. Кыргызстандын эч бир жеринде Токтогул, Ыбрай, Карамолодо, Ниязалы, Атай, Шекербек, Болуш жана башка комузчу-класситердин чыгармаларын ийине жеткире аткарып элге өз талантын тартуулаган ошону менен калкты суктандырып ыраазы кылган элге кубаныч алып келген Кыргызстандын эч бир танабы калбагандыр дейсиң. Ал элге аттын кашкасындай таанымал. Кыргыз комуз күүлөрү анын аткаруусунда америкалык Метрополитен-операсында, париждин «Олимпия» залында, Россиянын Большой театрында, Лас-Вегастын «Цезарь-паласе» залында, Турциянын Королевский концерттик залында жана башка көптөгөн дүйнөнүн концертных сценаларда шаңданып турду, бүт дүйнөлүк элге жетти.

Самара Токтакунова Чүй областынын Кемин районун Кызыл-Суу айлында 1944-жылдын 16-февралында төрөлгөн. Музыкага болгон сүйүүсү кичинекей кезинде эле пайда болот. Анын чоң энеси Кымкап улуттук музыкалык инструменттерде, кыл комуз менен үйлөмө ооз-комузда мыкты ойночу экен. Кичинекей Самара дайыма чоң энесинин күүлөрүн берилүү менен кунт коюп тыңшачу.

Анан да жакшы ырдай билген жөндөмгө ээ болчу, ошондуктан мектептин хоруна катышып жүрдү. Бир күнү Казакбай-устанын устаканасынан комузду көрүп жана анын уулу Сапарбайдын ойногон күүсүн уккандан кийин комузда ойноону максат кылып коет. Бирок, ал пайдалана турган керектүү инструменти жок эле. Ошондо өзү жыгачтан, картондон жана жиптен комузга окшогон аспап жасайт. Өзү жасаган «комузда» энесине күү аткарып берип жүрөт. Кыялында анын ойноп жаткан аспабы чыныгы комуз, өзү нукура комузчу катары сезет. Энеси Жумабүбү кызы чындап эле таланту экенин баамдайт. Биринчи музыкалык инструмент мандолинаны кызы кенже класстарда окуп жүргөндө ата-энеси Самарага сатып бериширтир. Ал эми ал 8-классты аяктагандан кийин 1960-жылы энеси кызын борборго, М. Күрөңкеев атындагы музыкалык- хореграфиялык училищага алып келиптир. Бирок Фрунзеге келишсе училищага документтерди эбак эле бүтүп калган экен. Асресе, Жумабүбү-апа айласы куруп мүңкүрөп калган жок, түз эле окуу жайынын директоруна кирип кызын окууга алууну өтүнөт. Мугалимдерден да суранат. Педогогдордун бири, кийин академик, Б. Бейшеналиева атындагы КГИИ ректору болуп калган Асанбек Асакеев, коллегаларын бир жолкусунда эрежени бузуп Самараны окууга алууга көндүрөт. Экзаменди жаш кыз бешке тапшырат. Эмгекчил жана өжөр Самара Токтакунова экинчи курста эле комузчулардын ансамблинде ойной баштаптыр.

Биринчи жолу публиканын алдындагы көрүнүктүү аткаруунун дебюту 1962-жылы КПССтин XXII съездин жабылышына арналган сьездер Ак сарайындагы концерте болуп өттү. Бирнчи чет өлкөлүк сапары Парижге жасалды. Бул шаарга кийин Токтакунова көп ирет барууга тура келди, бирок алгачкы сапары эсте биротоло сакталып калыптыр: кыргыз артистеринин тобу «Олимпия» залында азыркы тил менен айтканда презентация кылышкан экен, мындан соң Франциянын белгилүү артистери менен кездешип баарлашкан болчу. Самара Токтакунова Парижде меймаканада эки ай бою чогуу жашашкан Эдита Пьеха менен таанышып, достошуп да кетишкен эле.

Комузчу ага комузда кыргыз күүлөрүн аткарып берсе, атактуу ырчы ар түрдүү тилдерде ырдап берер эле.

Белгилүү комузчунун жетишкени, ийгилиги үчүн Кыргыз ССРинин биринчи фольклордук-этнографиялык «Камбаркан» ансамблинин жетекчиси, күйөөсү Чалагыз Исабаевке милдетүү. Белгилүү комузчунун жана байыркы музыкалык мурастардын үгүтөөчүсү болгон Исабаевдин музыкалдуулугу, комузда эркин ойногону, кээде тажирийбалуу артистер жасай албаган кыймылдарды жасаган өнөрү элди таң калтыраар эле.

Ал жаңыдан такшалып келеткан комузчу үчүн мыкты түгөй гана болуп бербестен, азыркы тил менен айтканда музыкалык продюсердик милдеттин аткарды. Ал Самаранын искусстводо бийиктикке жетиши үчүн колунан келген бүт аракетин жасады. Элдин кылымдан бери келеткан адат-салттарына, чыгыш менталитетине, кошуна-колоңдордун күбүр шыбырларына карабай бүт үй ишин өз моюнуна алды. Аялынын манжасына суунун жана кир жуугуч порошоктордун терс таасири тийбесин деп өзү кир жуучу, кийимдерди өзү үтүктөөчү, полду өзү жуучу, тамак жасоочу. Балдарын тарбиялоону да өз моюнуна алды. Табити мыкты күйөөсү Самаранын конценттери үчүн костюмдар менен улуттук кийимдерди өзү тандоочу. Кээде аялын бөлмөгө кулпу салып камап коюп бир нече сааттар бою машыгуусун талап кылган учурлар болду дешет. Самаранын номерлеринин мелодиясын дыкаатык менен тандачу, сырткы фигурасы менен кейп-кешпиринин жагымдуулугуна катуу талап менен карачу. Ал артиска катары ал элге жылдыздуу болуш керек ар дайым эскертип турар эле. Кечки тамак үчүн кефир менен чектеп, саат беште ойготуп чуркап, дене тарбиясын жасоого көз салып турчу дешет. Самара гастролдон келгенде, анын жакын достору аны Чакен деп аташаар эле, дайыма гүл көтөрүп, шампанский менен тосуп алганын айтышат. Адат катары үйгө келетканда балдары менен пикиник уюштурган адаты бар эле. Жетим болуп өскөн күйөөсү үй-бүлөөсүнө катуу кам көрөөр эле. Анткен менен элге белгилүү болуп калган аялын

эч качан кызганган учуру болгон жок, көп сандаган күйөрмандарына бул профессиянын бир бөлүгү деп түшүнүү менен мамиле жасачу.

Самара Токтакунованын эскерүүсүнө караганда 14 жашында курамына мүчө болуп кирген Карамолдо Орозов атындагы элдик ададемиялык оркестрдеги солистик орунду ээлешине продюсер күйөөсүнүн аркасы тийген эле. Жаш комузчу жупунулугу менен ашкере привлегияга ээ болуудан тартынып туруучу. Бирок, Чалагыз Исабаев айтканында турду да, Асанкан Джумахматовко өзү барып сунуш киргизет. Жаштар ар дайым колдоп жүргөн жетекчи макулдугун берет. Биринчи жолу эл алдына чыгаар алдында жарыя болгондо тартынгандан эмне кылаарын билбей өзүн жоготуп жиберип Самара абдырап калат. Ошондо Чалагыз аны күч менен сценага түртүп чыгарат. Артисткага чегинүүгө жол жок калган. Көрүүчүлөр күлүп жиберет, бирок Самара тез эле өз калыбына келип биринчи номерин эл жаккандай бийик деңгелде аткарат.



1978-жылы Гаванада (Куба) өткөн жаштардын IX Бүткүл дүйнөлүк фестивалында лауриаттык орунду жеңип алды. Ошондон кийин ал Россияда, КМШ өлкөлөрүндө, АКШда, Канадада, Мексикада, Германияда, Испанияда, Австрияда, Бельгияда, Швейцарияда, Норвегияда, Голландияда, Финляндияда, Данияда, Швецияда, Египте, Китайда, Турцияда, Монголияда жана Японияда Кыргызстандын таламын талашып келди. Беш ай С.Токтакуова АКШда гастрол менен болду, Нью-Йоркто, Чикагодо, Бостондо, Филадельфия

жана башка шаарларда 45тен ашык концерт койду. Комузчунун концерттик репертуары бай болчу: бул 40 программалык мелодиядан турат, алардын ичинен көбү Кыргызстандын радиотелекомпаниясынын «алтын фондусуна» жазылып сакталып турат, хрестоматиялык көрүнүшкө айланган. Анын репертуарын басымдуу бөлүгү С.Токтакунованын катаал жана академиялык тартиптеги аткаруучу стилине ылайык Карамолдо Орозовдун мелодиясы түзөт. Бир жолу комузчу Теннеси штатындагы Ноксвилл шаарына барган делегациянын курамында болгон эле. Топтун башчысы кандай болуп кетет өзүң менен кошо комузуңду жана костюмуңду алып алгын деп эскертет. Айткандай эле американын шаарында концерт менен чыгып комузда бир күү аткарып беришин суранып калышты. Ал комузда ойноп бир белгилүү мелодияны аткарып бергенден кийин таң калган зал аны көпкө дейре кол чаап кое бербей турушту. Акыры Самара Токтаукунова беш композицияны катары менен аткарып берүүгө арагасыз болот. Кийинки күнү шаардын мэрин кабыл алгандан кийин ал «Ноксвилл шаарынын ардактуу гражданы» деген наам берилет.

Анын көптөгөн чыгармачылык сапарында күйөөсү Чалагыз Исабаев коштоп жүрдү. Бирок 1991-жылы анын башына кара күн келип түштү- Самара Токтакунованын күйөсү автоавариядан каза болот. Эң жакын адамдан айырылгандан кийин жашоо кызыксыз болуп калган болчу, артистка бир жыл үйүнөн сыртка чыккан жок, колуна комуз алган да жок, качан гана консерваториянын ректору Мураtбек Бегалиев фольклор кафедрасына чакырганда гана баш көтөрдү десек болор. Артистка күйөөсүнүн жаштарга тажрыйбаны өткөрүп берүү керек деген сөзү эсине түшүп кайратын чыйралткан түрү бар. Азыркы күнү анын окуучулары Анара Эсенгулова, Токтобүбү Черикчиева, Нурзат Орозалиева, Азамат Акбыгышев жана башкалар үчүн дүйнөнүн мыкты деген залдарынын эшиги кенен ачылган.

2012-жылы Самарбүбү Токтакунова жарым кылымдан ашык иштеген Карамолдо Орозов атындагы элдик академиялык оркестрден эс алууга кетет. Азыр ал балдары, тууган-туушкандары менен баарлашып, неберелерин тарбиялоо менен алектенүүдө. Улуу ба-

ласы Калифорнияда (АКШ) скрипкадан сабак берет, кенжеси, Актан Исабаев- белгилүү ырчы жана продюсер. Самара Токтакунованын беш небереси чоңоюп жатат. Жакында анын кичинекейлер үчүн DVD форматында комузда ойноо боюнча окуу видиокурсу жарык көрдү. Азыркы кезде белгилүү комузчу өзүнүн мектебин ачуу ниети бар.

Самарбүбү Токтакунованын көп жылдык чыгармачылык үзүрлүү ишмердиги – башкалар үчүн патриотизмдин жана элине кызмат кылуунун үлгүсү болуп берет. С.Токтакуновасыз биздин учурдун маданияты жана албан улуттук музыкалык искусствону элестетүү мүмкүн эмес.

Ал СССРдин жана Кыргыз республикасынын элдик артискасы, Кыргызстандын мамлекеттик Токтогул атындагы сыйлыктын, КРнын Жаштар сыйлыгынын лауреаты, Кыргызстандын Ленин комсомолунун сыйлыгынын лауреаты, Кыргызстандын улуттук консеваториясынын профессору. Самарбүбү Токтакунова «Манас» орденине, «Данк» медалына татыган, СССРдин маданият Министирлигинин Ардактуу грамотасынын ээси, Вьетнамдын «Достук» ордени менен сыйланган, Бүткүл дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюмунун алтын медалын алган, «Руханият» жана М.Ауэзов атындагы сыйлыктарга татыган. Мындан сырткары С.Токтакунова – Гаванадагы XI Бүткүлдүйнөлүк жаштар фестивалынын лауреаты, Алматыда өткөн I Эларалык фестивалдын лауреаты, Бишкектин жана Чүй областынын, Монголия, Молдова, Турция, Түндүк Каролина штаты (АКШ) и Ноксвилл шарынын(Теннесси штаты, АКШ) гражданы болуп эсептелет.

## Деркембаева Ирина (кыз кезиндеги фамилиясы Атанова)

*Лирикалык сопрано*



Бир жолу республикага кезектеги орден тапшыруу үчүн Кыргыз ССРине Никита Сергеевич Хрущев келип түшөт. Кечинде генералдык секретар үчүн атайы өкмөттүк концерт коюлат. Анда Ирина Деркембаева өз номери менен чыгышы керек болчу. Ошондо ага: «Ал украин ырларын сүйөт, сен украин ырларын ырдашың керек!» дешет. Бирок түштөн кийин чарчап калаган Никита Сергеевич уктап калыптыр. Республиканын чоңдору аны ойготуудан тартынышат. Акыры, Хрущев ойгонгондон кийин, дароо эле радиону коет. Радиодо ошол учурда Деркембаеванын аткаруусундагы Наталки-Полтавканын ырын берип жатыптыр.

Банкетте Хрущев республиканын жетекчилигин республиканын Ленин ордени менен куттуктайт. Анын тегеригине Кулатов, Раззаков, Сүеркуловдор чогулат. Ошондо Хрущев: «Силердин мыкты ырчыларың бар экен, радиодон украин ырларын уктум» дейт. Раззаков анда «Ал ырчы Деркембаева» деп жооп берет. Ошо кезде жакын жерде артиска турган экен, тигилердин сүйлөшкөнүн угуп калган ырчы чечкиндүү түрдө колуна кармаган рюмка менен секретарга келет: «Урматтуу Никита Сергеевич, республиканын искусствосунун кызматкерлеринин атынан рюмка кагыштыргым келет. Ырахмат, көңүл бурганыңызга» дейт. Раззаков «Жанакы мен айткан ырчы ушу» деп тааныштырат. Хрущев жылмайып: «Жакшы ырдайт экенсиз» деп ыраазы болгон экен.



Ирина Деркембаева Россиянын Иркутск областынын Усть-Ордынск улуттук (бурят) округунун Үңкүрлүк деген айылда Григория Атанов деген орто чарба дыйкандан үй-бүлөөсүндө туулган. Атасы артында 11 баланы жетим калтырып эрте каза болуптур. Анын үч агасы Сталинградды коргоодо фронтто набыт болушкан. Кичинекей Иринаны Улан-Удэде жашаган эжеси колуна алат. Эжеси сиңдисин пионерлер Үйүндөгү хор жана балет кружокторуна алып барып туруптур. Бала кезинен эле кыз искусствого берилип кетет, кийин артистка болгусу келчү.

1940-жылы Москвада бурят жана монгол искусствосунун декадасы болуп өттү. Ирина балдардын хорунун курамында СССРдин Чоң театрында Сталин жөнүндө ыр ырдап менен катышкан эле. Сталин бурят балдарынын өнөрүнө кол чаап турду. Декада аяктагандан кийин хордун катышуучуларына «Артекке» жолдомо менен сыйлашты. Тилекке каршы, жайкы эс алууну өткөрө алышкан жок-согуш башталып кетти.

Ира 1943-жылы музыкалык училищанын вокалдык бөлүмүнө тапшырат. 1944-жылы искусство иштери боюнча башкармалык Москва консерваториясынын алдындагы музыкалык училищага жиберет. Ал профессор Рождественскийдин жетекчилиги менен сабак ала баштайт. Иринанын үнү табиятынан эле так жана кооз болчу.

Москвада жүргөндө ал келечек тагдыры-Асан Деркембаев менен кездешет. Деркембаев ал учурда Кыргыз ССРинин туруктуу өкүлү (посолу) болуп иштеп жаткан эле. Посолдун милдетеринин бири болуп республиканын жетекчилигин тосуп алуу, «Москва» мейманкасына жайгаштыруу, ошондой эле чогулуштарга коштоп жүрүү моюуна жүктөлгөн. Москвага Раззаков менен Кулатов тез тез келип турушчу. Разак-

ков өзүнүн түгөйү, улуту татарка, илимдин кандидаты- акылдуу аялы сыяктуу искусствону ардактап сүйүүчү.

Иринанын күйөөсү ЦКнын алдындагы жогорку партиялык мектепти бүтүрүп аялы менен мекенине кайтып келет. Аны айыл чарба министринин биринчи орун басары кылып дайындашты. Андан кийин токой чарбасын жетектеп турду, өлөөр алдында Госнабдын бүт республиканы жабдып турган материалдык-техникалык комитети биринчи орун басары болуп иштеди. Асан Деркембаев иштен колу бошочу эмес, кээде кызматта түн бир оокум болгончо кармалып калганы кадыресе көрүнүш болчу.

Ирина борбор калаанын опералык театрына кызматка кирет, адегенде майда партияларды аткарып жүрдү, бара бара Власов менен Ферениин «Айчүрөк» операсында, Гунонун Фауст» операсында, «Евгении Онегинде» Татьянын ролун, «Княз Игордо» Ярославнын, «Чио-Чио Санда» Чио-Чио Сандын арияларды ырдай баштады. Ал сейрек кездешчү лирикалык сопрано эле.

Ирина кыздуу болот. Айла жок гастролдорго чыгуу үчүн ымыркайды нянка менен калтууруута тура келди. Алмаштыра турган киши жок болчу. Бул мезгилде ал театрдын башкы ырчысы болуп калган эле.

1956-жылы Москвада Глинка атындагы Бүткүлсоюздук конкурс боуп өтөт. Ага бут Союздан вокалистер келишет. Ирина алардын катарында жогорку талапкер болуп катышат. Бирок анда өзгөчө амбиция деле жок болчу. Биздин жердешибиз Моцарттан, Власовдун «Бахчисарайского фонтанынан» бирден арияны, кыргыз тилиндеги ырды аткарат. Зал анын аткаруусун кызуу кабыл алды, эреже тыю салганына карабай узакка кол чаап турушту. Натыйжада Ирина Москванын концерттик залдарында ырдоого укук берген конкрустун лауреты болуп калды.

Мындан кийин Ирина Берлиндеги эларалык конкурска катышты. Бул жерде да дипломго ээ болот. Ырчынын концерти балалыгы өткөн Улан-Удеде болуп өтөт. Концерттен кийин анын талантына там берген жердештери аны төбөсүнө көтөрүштү. Ал эми өкмөт болсо бурят элинин кызына элдик артист де наам ыйгарып берди. Көп өтпөй эл артисти деген наам Кыргызстанда да берилет.

Гастролдор менен Ирина Деркембаева дүйнөнүн кыдырды, Индияда, Индонезияда, Сингапурда, Кореяда, Бельгияда, Польшада, Францияда болду. Азыр легендага айланган Кыргызстандын опера жана балет театрынын артисти гастрол менен Советтин бардык булуң бурчунда болду. Бул учур театралдык искусствонун гүлдөп өсүп турган учуру болчу. Бардык жерде, кайда барбагын чыныгы интернационализм менен адамдардын бир бүтүндүгү сезилип турчу.

Асан Деркембаев каза болгондо жесир беш жыл бою кара тулун чечкен жок. Бир жолу жазуучу Аалы Токомбаев менен жолугуп калат. Жазуучунун оорудан аялы каза болгон, экөөнүн тагдыры окшош болчу. Иринанын айтымында акын сөөгү таза адамдардан эле. Карапайым үй-бүлөөдө, жетишпеген турмуш тиричилик шартында өскөнүнө карабастан чыныгы интеллигенттерден болчу. «Бу, сиз Алыке, аристократ болсоңуз керек» деп тамаша кылып калат Ирина.

Токомбаев чыгармачылык менен күн өткөрчү, үй тиричилине кийгилишчү эмес. Метр жаш жазуучуларды дайыма колдоп келер эле, материалдык жактан да. Жаштар ар дайым кеңеш алуу үчүн ага үзбөй келип түрүшчү. Социалистик эмгектин батыры, академик, элдик акын ченемсиз авторитетке ээ болчу.

Ирина экинчи жолу турмушка чыкканда бү үй чарбасынын ишин үй кызматкерине өткөрүп берет. Ал консерваторияда жарым ставка менен сабак бере баштаганда да Аалы Токомбаев каршы болгон жок. Педагогика такырыбында ал 2011-жылга чейин эмгек кылды. Анын талыкпаган эмгегин ата мекен «Данакер» ордени менен сыйлоо аркылуу белгиледи. Мамлекет персоналдуу пенсия бөлүп берди.

Кызы – музыковед. Небереси МИДде иштейт, дагы бир небереси шаардык бала болсо да фермерликти тандап алганы Ирина Деркембаеваны катуу таң калтырды. Ал ар дайым сиңиримдүү деп тооктун, же коендун этин жиберип турат. Чоң энесинин ден соолугу аны ар дайым камтама кылып жатканы байкоого болот. Ал азыр деле тың, бир гана тилегени маданият мындан ары өсүп өнүгүп турса дегени. Анткени маданиятсыз бир да өлкө жашап кете албайт.

# Роберт Хасанович Уразгилдеев

## *Кыргыз балетинин летописи*



Египет, 1973-жыл. Араб-израил согушу. Каирдин көчөлөрүнүн бирин-де СССРден келген адис Роберт Уразгилдеев кейиштүү бир көрүнүшкө дуушар болду. Арабдар түшүп бараткан автобуска «Фантом» истребителинин бомбасы тийиптир. Снаряд келип түшкөн чарайнанын диаметри 30 метр. Зор машинеден майда майда эле бөлүкчөлөр чачыраган боюнча калыптыр. Согуш деген согуш. Кандуу кыргынындын кесепети балейтместерге эбактан бери белгилүү болчу. 1942- жылдын бир таңында Роберттин атасы согуштук күжүрмөн жолдоштору отурган блиндажка фашистердин бомбасы келип тийет. Ошондо үй-бүлөөсү атасынын кан жуккан, жарым жартылай өрттөнүп кеткен катын алышкан болчу…

Кыргыз балетинин легендасы 1935-жылы Пермь шаарында татардын үй-бүлөөсүндө төрөлгөн. Атасы Хасан темир жолунда жумушчу болуп иштеген экен. 37-жылы саботаж жасады деген күнөө тагышып камакка алыныптыр. Ошондон кийин энеси Накия Мухамедзяновнанын башына оор күндөр келип түшөт. Балдардын атасы түрмөдө жаткан кезде энеси үч баланы эптеп багуу үчүн пол жуугуч болуп ишке орношот. Атасы түрмөдөн чыккандан кийин өз ыктыяры менен фронтко суранып кеткен экен.

1946-жылы Роберт Хасанович 30 бала менен кошо балеттик училищанын биринчи классына тапшырат. Училищаны Роберт менен кошо кирген балдардын бар болгону үчөөсү аяктаган экен. Училища-



ны бүтүп ушу эле окуу жайына мугалим болуп орношкондон кийин ГИТИСтин сырттан окуу бөлүмүнө өтөт. Бир жолу мэтродо кетип баратса анны бирөө көз албай эле карап турганын байкайт. Боолголоп тааныбай жаткан сыяктуу. Көрсө ал бир кезде чогуу окуган классташы болуп чыгат. Илимий диссертациясын жактап физика-математик боюнча кадидат болуптур. Калгандары баары чоң адис болуп чыкты, бизден башкалары , деп тамаша кылат балетмейстер.

Роберт Хасанович аялы Инга Евгеньевна Левченко экөө Москвада дипломду алышкандан кийин кыргыз опера жана балет театрынын директору Сайра Кийзбаева аларды Фрунзеге чакырат. Инга Левченко бир мезгилде Фрунзедеги музыкалдык-хореографиялык училищада окуп легендардуу Бүбүсара Бейшеналиевдан сабак алган эле. Кийизбаеванын сунушу алардын келечек тагдырын чечти--экөө тең Фрунзеге жөнөп кетишти.

Жылдар закымдап эле өткөндөй болду окшойт. 1964-1972-жылдары Роберт Хасанович Кыргыз мамлекеттик академиялык опера жана балет театрында жетекчи солисти, педагог-балетмейстер, хореограф-постановщик болуп иштеди. Ошону менен бир катар Фрунзедеги Күрөңкеев атындагы музыкалык-хореографиялык училищада постановщиктин милдетин аркалаган ишти алып баруУга да жетишип жатты. Орус драмтердын студиясында мастер-класс катары сабак берүүгө үлгүрүп турду. Кыргызстандын элдик артистери - Владимир Москалев и Лариса Любомудрова анын окуучулары болуп саналат.

Күндөрдүн биринде, январь айында болсо керек, балетмейстердин үйүнө СССРдин маданият министрлигинен телефон чалышып уяткарып киришпеспи - Екатерины Алексеевна Фурцева өз атынан чет өлкөгө барып иштөөгө чакырык катын жиберсе жооп жок, тымпыйып ун-

чукпайсыз дешип. Бул сөздөр ага катуу тийди, алибетте. Ошол эле күнү Роберт Хасанович маданит министирлигин көздөй жөнөйт, бардык начальниктердин кабинеттерине кирип чыгат, акыры министирликтин башчысы Күлүйпа Кондучалова чейин жетет. Министир Кондучалова чакыруу болгон жок деп айта алган жок, кагаз анын столунда турган. «Сиз мени кое бересизби?», «Жок, сен бул жерге керексиң», -деди Кондучалова. «Мен каргыш тийген капиталистердин кантип жашап жатканын бир көрөйүн дебеди беле», деп тамашалады беркиниси. Кыскасы, ары кетип, бери келип жатышып акыры аны кое беришти, ырас аялын «залог» катары Фрунзеге калтырып коюшту.

1972-жылы ал Каирдин балет труппасынын директору катары Египет жергесине барып түшөт. Фараондордун мекенинде аны кызыктуу жана албан-албан иштер күтүп турган эле. Эки жыл өткөндөн кийин советспециалистердин жардамы менен уюшулган араб балетинин 15 жылдыгын белгилейт. Анвар Саадаттын өзү келип салтанатка катышат. Ал Уразгелдиевди жасаган иштери үчүн терең ыраачылыгын билдирет.

Бир жылдан кийин араб-израил согушу башталып Египтеги советтик граждандардын аялдарын, балдарын эвакуациялоого туура келди. Каирден 60 киллометрге жакын жерлерге чейин Израилдин танкалары келип жеткен эле. Ар бир күнү таң атканда Роберт Хасанович бомбадан коргонуучу жайга барууга тура келип турду. Кийничээрек СССР Каирге чон аскердик жардам берди. Ошонун себебинен тынчтык келишими түзүлгөн болчу.

Кийин кырсык болуп автомобилдик аварияга кабылат. Натыйжада, кыр аркасынын жүлүнүнө залака кеткени билинет. Ошентип бутунан башына гипстелип англиялык-америкалык госпиталда далайга жатууга тура келди. Бир айдан кийин аны Москвага чакырып алышты.

Ошол мезгилге тушма туш анын Бүбүсара Бейшеналива жөнүндөгү китеби жарык көрөт. Уразгелдиев жарык көргөн китебин белгилүү балеринага тапшырса Бейшеналива жетине албай аны сүйүнгөнүн жашыра алабаптыр. Ал Кыргыз ССР инин академиясын тыштан окуп бүтүрдү. Кандитаттык диссертациясын жазып бүтүрүүнүн үстүндө

иштеп жаткан. Бирок аны геосаясый олутту миссия болгон жергиликтүү балетти көтөрүү үчүн Иранга жиберишти. Алар, Инга Евгеньевна менен тез эле жергиликтүү элдин белгилүү адамдарынын ичинде кадыр-барктуу адамдарга айланышты.

Көп өтпөй улуу урматуу шахтын өзү Инга Евгениевнага кичинекей балдарды бийге үйрөтүү өтүнүчү менен кайрылат. Маселе атүгүл өкмөттүн деңгелинде каралаган болчу. Ал ошентип совет адамдардын ичинен шахтын ак сарайына эркин кирип чыгууга уктуу адам болуп калат. Ал кезде СССРдин элчиси монарх менен бейтарап территорияда гана жолугуга алууга укугу болгонун эскерте кетели.

Роберт Хасановтун Кыргызстанды калтырып көчүп кетип калу боюнча далай эле мүмкүнчүлүктөрү болду. Аны келип иштөөсүн суранышып туулаган жери Перимден, Москвадан сунуштар болгон эле. Бирок ал Бишкектеги ишин таштаган жок, баштаган ишин улан-та берди. Эч жакка кеткен жок. Оюнда да жок эле. Бир жолу жергиликтүү тааныштарынын бири, улуту боюнча армян, аялы жана кызы менен анын атынан уюшулган балеттик мектепке, АКШга барып иштөөгө көндүрүш үчүн жакшы эле аракет кылып көрдү. «Бул сөздү кимге айтып жатасың. Бул сөздү Союзда тулуп өскөн, уралдык адамга, 22 жашында КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынган кишиге айтып жатканыңды түшүнгөн жок окшойсуң»- деген эле анда жооп катары балатмейстер. Ошентип айтылган сунуштан баш тартты.

Азыр бийчи илимий иштер боюнча Бейшеналиева атындагы мамлекеттик искусствосунда проректор болуп кызмат кылат. Анын 90 дон ашык окучу-шакирттери бар. «Жаштар татаал муунга кирет, Конституциялык таритипти орнотпосо алар менен иштешүү кыйын», -дейт тамаша кылат балеттин аксакалы. Роберт Хасанович илимий иштер менен алектенүүсүн таштай элек. Ар бир жыл сайын анын жаңы китеби жарык көрүүдө. Азыр хореграфия кафедрасынын 20 жылдыгына арналган китептин материалдарын топтоонун үстүндө иштөөдө. «Сырттан бир караганда бардар адамдай болуп көрүнөм, бирок, мен канча айлык алаарымды айткым келбейт, башкаларды иренжитип коюшум этимал»,- тамашалайт балетмейстер.

# Алиман Усупова

*Колунан көрү төгүлгөн уз*



Ал дайым алдыңкылардан болуп жүрдү. Ал жөнүндө кезиттерде көптөгөн очерктер жазылды. Талыкпаган эмгеги үчүн Алиман Усупова Ленин ордени жана «Жеңил өнөр жайынын отличниги» деген төш белгиси менен сыйланган. Алдыңкы жумушчу кызматкер катары СССРдин Жогорку Кеңешине шайланган. Асресе, ал Фрунзеге матиматик болом деген тилек менен келген айылдык жупуну кыз катары ар дайым кала берди.

Алиман Усупова Чүй областынын Кичи-Кемин айлында туулган. Атасы колхоздун башкармасы эле. Керээлден кечке кырманды, фермаларды же айыл чарбага тиешелүү башка жерлерде жүрүп үйгө каш карайганда келчү. Энеси он бир баланы тарбиялоо менен күн өткөрөөр эле. Алиман үй-бүүлөдө балдардын төртүнчү кызы болчу. Мектепке 1941-жылы барды, ошол эле жылы согуш башталды… Оруктагылар колунда болгонун фронтко жеңиш үчүн жөнөтүп турушту, аянышкан жок. Өздөрү болсо жарым ачка, жарым ток оокат кылууга туура келди. Балдардын эс дартынын бары кантип курсак тойгузуунун амалы эле. Ошол жылы кыш өзгөчө катаал болду, тизеден кар түштү. Алиман мектептеги жылдарын эске түшүргөндө ар дайым көз алдында эрдин кесертип ачка жүрүшкөн айылдаштары түшөт.

Согуш жылдарынын катаал сыноосуна карабастан Алиман математика сабагын таштаган жок. Кийин жогорку жайында окуусун улантсам

деп самачу. Ата-энеси балдарына толук эркиндик беришкен: кааласаң окууңду улант, калаабасаң өз эркиң дегендей. Алиман орто мектепти бүтүп аттестаты колго тиер замат борборго жөнөдү. Документтерин аялдар педогогикалык институтуна берип экзамендерин да тапшырат. Бирок орто жолдон тааныш кыздары аны ремесликалык училищага экзамен тапшыргын деп азгырып кетишет. Ал бардык сыноолорду ийгиликтүү өтүп училищада окуп калат. Кийин көрсө женпедке экзамenden өткөнү билинет. Бирок, кеч болуп калаган эле. Бул жаңылыкты кеч уккан кыз ал окуя эсине түшкөндө ыйлап жиберчү.

Алиман колунан келишинче жакшы окууга тырышты. Училищада жалаң орус тилинде сабак өтчү, ал эми, айылда өсүп кыргыз мектепти бүтүргөн кыз үчүн тилди өздөштүрүү өтө эле кыйын болгону түшүнүктүү. Алгачкы кездери жакшы окуган башкалардан артта калганы көрүнүп эле турган. Бул болсо анын ындынын өчүргөн эле. Кээде жалгыз калганда ыйлаган күндөрү болду. Бирок кийин бара бара чыйралды, баары өз калыбына келе баштаган эле.

Училищаны аяктагандан кийин ал айтылуу «Октябрдын 40 жылдыгы» атындагы фабрикага катардагы тигүүчү болуп орношот, андан соң бригадир болуп, анан мастер болуп иштейт. Ишин кылып өндүрүштүн бардык тепкичтерин басып өттү. Фабрикада Алимандын басып туруп ойлогонун бары эле иш болчу. Планды кантип аткаруу керек, жаман кеп сөз укпаш керек деген ой эс дартынан чыкчу эмес… «Анда партияга жагайын дедим да» деп күлөт Алиман. Иштерман кызды жогорку жактагылар байкашты, байкашпай коймок да эмес.

Компартиянын катарына аны 1957-жылы кабыл алышты. Болгону анда 30 жашка толгон. Кабылдоо комиссиясында суроо деле болгон жок. Тез эле кабыл алышты. Анын үстүнө Алиманды талапкерликке сунуш кылган адам фабрикада кадыр-барктуу, жетекчиликте иштеген Фаина Абрамовна Суферсина эле. Анын бедели өтө бийик болчу. Партиялык функционерлер Суферсинага жаккандан кийин партияга жагат деген чечимге келишти.

Бул аял Алиманга устат болду, жол көрсөттү десе болор, баалуу кеңештерин аяган жок. Анын айтканы менен Алиман дыкаатыкка үй-



рөндү. Тигүүчүлөргө иш башталаар алдында түрмөк жип таратып беришер эле. Эгер ал жип түгөнүп кала турса запас менен толуктап турушчу. Бул болсо мастердин милдетине кирээр эле. Кай бир мастерлер тигүүчүлөрдү кыдырып көрүүдөн ышынчу, себеп дегенде, тигүүчүлөргө бир нечелеген түрмөк жипти алдын ала таратып берип коюшаар эле. Алиман эч качан жоопкерсиздик жасаган учуру болгон жок. Ал дайым өз бригадасынын ишин көзөмөлдөн чыгарчу эмес. Натыйжада, анын ишинин кайтымы болуп көрбөгөндөй болуп өстү.

Андан тышкары Фаина Абрамовна жаш адистерге өлүп баратсаң да жалган айтпагын деген сөздү кайталагандан тажачу эмес. Фабрикада иштеген көп жылдар аралыгында ал бир дагы топчу, бир дагы түрмөк жипти үйүнө алып кетейин деген ой болгон жок

Эмгектин алдыңкысын профсоюз тилкеси боюнча жылдыра баштшты – профкомдун лидери болуп калды. Ал күчтүү жетекечи боло алды десек болор. Мүнөзү да темирдей бекем эле – фабриканын директору менен айтыша кеткен күндөрү болду. Анын катаалдыгы өз жемишине бере баштады – анын коллективи Союзда 104 жолу биринчиликти жеңип алды. Дайым ишке жаңы технологиялык ыкмаларды (азыр инновация деп калышпадыбы) киргизүү тарабында болуп келди. Бул үчүн жогору жак менен талашып тартышып өз чындыгын далилдөө керек эле. Кээде талаш көптөгөн саатар созулуп акыры ган бир жыйынтык чыгарылуучу.

Ал квалификациясын жогорулатууга ар дайым кам көрүп турду. Иштеп жүрүп адегенде техникумду тыштан окуп бүттү, адан кийин университеттин экономиаклык факультетин аяктады. Ошондой эле Москвада жетекчилердин эки жылдык курсунда окуду. Окуу ачыгын айтканда кыйынчылык түзгөн жок. Кийин женпединиститут менен болгон окуяны эскергенди токтотту. Окуу кеч болбойт экен:

улуу кызы экинчи курста, ал эми кичүү кызы биринчи курста окуй баштаганда окуу жайына тапшырып өттү.

Жеке турмушу ата-энесинин айтканы менен ишке ашты. Алар келечектеги күйөө бала ким болорун өздөрү чечишти. Ата-энесине каршы чыга алган жок. Ал кездеги адат-салт боюнча жигити менен таанышып кино-ресторан деген жайларага көңүл ачуу олдоксон иш деп эсептелчүү деп эскерет Алиман. Училищада окуп жүргөндө бир жолу да киного барбаптыр. Кийин гана фабрикада иштей баштаганда биринчи жолу курдаш кыздары менен киного күндүзкү сеанска барууга батыныптыр. Кинодон келатып айылдаштарынын бирине жолугуп калышат, Алиман коркконунан ыйлап жибергенин айтат. Курдаштары болсо түшүнбөптүр эмнеге ыйлаганын. Ата-энесинин сайрандап жүргөн кыз бирди көрөт деген сөзү анын аң сезиминде көпкө дейре сакталып калган өңдөйбү.

Алиман Усупова адат-даңкка, акчага кызыккан жок, суугун артып жибербеди. Ленин ордени менен сыйланганда монголиядан делегация келип кандайдыр бир кагаз ташырышкан эле. Ал конвертти ошондо ачып көрүүнү да ойлогон эмес экен. Унутуп калыптыр. Жыйырма жыл өткөндөн кийин гана көрсө монголиянын жаштар делегация өз өлкөсүндө болуп кетүүнү өтүнгөн чакыруу кагазы менен жолго деп калтырган билет экен.

Кийин Алиман СССРдин Жогорку советинин депутаты болуп калды. Өкмөт курорторго путевка, чет өлкөлөргө командироавка бере баштады. Асресе, ал ата-энеси жашаган айылда, алар менен бирге жайлоодо эс алганды артык көрчү. Балким, бала чагында ага ата-эненин мээрими жетишкен эместир дейсиң.

Пенсияга чыккандан кийин эстетикалык борбордо кичинекей кыздарга тигүүчүлүк, уздар жазай алган иштерди үйрөтүү менен алектенди. «Менин жашоом жакшы. Күйөөм да жакшы киши. Төрт баланын энеси болдум, небере, чөбөрөлөрүм бар. Мага мындан артык эмне керек?», - дейт Алиман. Таң кала турганы Кыргызстандын жеңил өнөр-жайына өлчөсүз чоң салым кошкон аял мурдагыдай эле жупуну мүнөзүн өзгөртпөгөнүндө турат.

# Ли Николаевич Герон

*Баштыкчан даанышман*



Герон Николаевич Ли- корея тарыхынын жана азыркы мезгилдин билерманы, публицист жана энциклопедиялык билими бар адам. Ал корея эли компактуу жашап турган жерлеге барыш үчүн жүздөгөн, миңдеген чакырымды жөө басып өткөн учурлары болгон. Максаты кичененкейден майдалап чогултуп иретке салган илимий баасы чемисиз материалдарды элге жеткирүү эле. Ал бул аракетин «жол кескен жолоочу кабинете отурган окумуштуудан артык да, акылдуу» деп түшүндүрүп корея элинин макалын алдыга тартат. Анын калеминен көп тилдерде басылган, 8 калың китеп, Кыргызстандык жана дүйнөдөгү корейлер жөнүндөгү көп сандаган макалалар чыкты.

Герон Ли Россиянын Приморский чөлкөмүндөгү Бух-Прохори деген айылда 1932-жылы жарык дүйнөгө келеген. Анын ата-энеси: Ли Дор Тюн менен Ким Сунн Гир 1928-жылы кореялык Хамчембукто Сендингун провинциясынан ачкачылыктан арачалап калат деген үмүт менен Россияга келишкен. Герон Ли жүргүзгөн изилдөөлөргө карап көргөндө биринчи 13 корей үй-бүлөөсү 1864-жылы Россиядагы Тезенхе Дген айылда турукташкан экен. Корейлердин көбү чиркөөдө чокунуп провославия динине өтүшүп орус ысымдарына ээ болушуптур. Ошентип, 2014-жылы биринчи отурукташуу башталганына 150 жыл толот.

Качып келгендер адегенде колхоздо эмгек кылышат. Андан көп өтпөй Сталиндин буйругу менен корейлердин баардыгын Орто







Азия менен Казахстанга зордук менен көчүрүлөт. Ыраакы чыгыштан Орто Азияга көчүрүү корея эли үчүн трагедия болуп калды. Жүздөгөн, миңдеген эл жолдо келетканда ачкачылыктан кырылып калышты. Жолдо Герон Николаевичтин инилери менен карындаштары каза болушат. Балдардан аман калгандары эки гана баш. Герондун үй-бүлөөсүн Казахстандын жылаңач ээн талаасына алып келип кондурушат. Ал жерден кийин гана, 1951-жылы климаты жумшак Кыргызстанга көчүп келишет.

1957-жылы Герон Харьковдогу транспорт институтун аяктайт. Институтту бүтөөрдүн алдында өзүнүн айылдашы Ли Вера Гирленовнага баш кошуп экөө үч бала көрүшүп тарбиялап чоңойтушту. Герондун үй-бүлөөсү ынтымактуулугу менен элди таң калтырбай койбойт. Окуу жайын бүткөндөн кийин эмгек жолун Украинадан баштады, андан кийин Түндүк Кореяга өз кесиби боюнча командировка менен жиберилет. Ал 30 жыл бою автотранспорт системасындагы жана шоссе жолдорундагы тармактарда жетекчилик кызматтарда жемиштүү иштеди. Фрунзе-Ош автожолун курулушунда эмгектенди. Кийин авточарбанын жетекчиси, ИВЦтин директору жана республиканын Минавтошосдорунда жүк ташуу башкармасынын начальниги болуп кызмат кылды.

Кыргызстанда иштеп жүргөн кезинде Герон Ли бүт республиканы төрт бурчун түрө кыдырып чыкты. Бул республиканын эли менен жерин өмүрү өткөнчө сыйлап өттү. Көп жылдар өткөндөн кийин «Слово Кыргызстана» жазган макаласында мындай дейт: « Есть историческая родина и родина вынужденная. Но вынужденная может быть мила и дорога сердцу, если тебя понимают. Жизнь корейцев в Киргизии – тому пример». Корейлер республиканын табиятынын кооздугу эле эмес Кыргызстанды сүйүп калагандыгы үчүн башка элге кыргыздардын жасаган кең пейил мамилелери мени таң калтырат. Жергиликтүү эл менен менин улутумдун жан дүйнөсүндө көп жакындыктары бар үчүн башка өлкөлөрдөн анын ичинде мурунку СССРдин республикаларынан бул жерге көчүп келип жатышат деп эсептейт Ли.

Герон Николаевич чыгармачылыгын транспорт сферасында иштеп жүргөндө эле баштаган. Кезиттерге макалаларын чыгарып турган. Кыргызстандын журналистер Союзунун мүчөсү болгон. 1992-жылы пенсияга чыккандан кийин корейлердин маданиятын изилдөө ишине тыкыр кириштi. Анда достору кыргызстадык корейлердин тарыхы, традициясы, адат-салттары боюнча китеп жазууга кеңеш беришкен эле. «Кыргызстандын корейлери» деген 298 беттен турган китептин биринчи тому 1998-жылы жарыкка чыгат.



Китепте корей диаспорасынын мыкты өкүлдөрүнүн портреттеринин галереясы берилет. Мамлекеттик жана коомдук ишмерлер, министирлер

жана ири ишканалар менен ведомстволордун жетекчлери, талантуу инженерлер менен педогогдор… Корей эли республиканын интеллектуалдык кыртышын бекемдөөдө салым кошуту. Ошону менен бирге автор ким кайсы тармакка-илимге, искусствого, адабиятка жана поэзияга, шахматка, спорттун сейрек түрлөрүнө өмүрүн арнаганын кеңири аңгемелеп берет.

«Корейцы Кыргызстана» деген эмгегинен кийин жыл сайын бирден китеп чыгарып турду. Жазуучу шашып жатканы, кийинки муунга чогултулган материалдарын китеп түрүндө толук калтырып кетүү үчүн жан талашып аракет кылганы байкалып турду. Ишинин көбүн дачасында жазды, материалдарды жер кыдырып жыйнады. Саякатка дайым чыгып туршу адат болуп кеткен. Бир эле китебине материал чогултуш үчүн Герон Ли басып өткөн маршрут: Москва, Нижний Новгород, Ростов–на–Дону, Краснодар, Волгоград, Элиста, Хива, Алматы, Новосибирск, Хабаровск, Владивосток. Бул 36 миң км.темир жолго, 3 миң шоссе жолуна тете келет. Мындан сырткары Бишкекете жашаган 10 миңдик диаспора менен маек курду. Архивдерди казып буга чейин белгисиз фактыларды таап чыкты.

2012-жылгы чейин автордун кеңири иллюстрациялаган 8 китеби жарык көрдү: «Корейцы Кыргызстана» (1998), «Гобонди» о любви корейцев к земле (2000г.), «Семейные устои корейцев Коре Сарам» (2002 г), «Журавли прилетели» (2003 г.), «Журавли хотят гнездиться на Иссык-Куле», (2004г.), «Великое покаяние» (2005г.) жана «Увлечение национальным духом» (2010г.)

Китептеринин экземплярлары КМШ өлкөлөрүнүн китепканаларына тарап кетти. Эки мыкты китептери бир нече жолу кайталанып басылып чыкты, «Гобонди» деген китеби Түштүк Кореяда корей тилине которулуп басылды, ал эми «Журавли прилетели» деген китеби кыргыз тилине которулуп Бишкекте жарык көрдү. Ал Кыргызстандын жазуучулар Союзунун сыйлыгына татыды. Азыркы кезде Ли Герон Николаевич корейлер менен кыргыздардын адат-салттарындагы окшоштуктар жөнүндө китептин үстүндө иштеп жатат.

## Параскевопуло Екатерина Николаевна

*Понтостон Бишкеке чейинки узак жол*



Грек тилинен которгондо «параскева» деген сөз «жума күн» дегенди билдирет. 1918-жылы түрк эзүүсүнөн баш калкалаган грек Анастас Читлаидинин үй-бүлөөсү түндүккө, Россиянын Красноярск крайына качып келет. Баш пана болгон Россияга алар - понтия грегинин үй-бүлөөсү жума күнү келип жетет. Читлаиди мына ушу жума күндү эске түйүп Параскевопуло деген фамилияны өзүнө жаздырып алат. Читлаиди-Параскевопулонун кийинки тукумдары ушу азыр да Кыргызстанда жашашат. Алардин бири Екатерина Николаевна Параскевопуло Бишкектеги темир жол ооруканацынын кадыр барктуу хирургдарынын эң көрүнүктүүлөрүнүн бири.

Екатерина Николаевна 1953-жылы 1-январда Ош обулусунун Ноокат районун Караван айлында төрөлгөн. Болочок доктордун үй-бүлөөсү Сталиндин буйругу менен 1942-жылы жүздөгөн гректер менен бирдикте Кубан крайынан Орто Азия чөлкөмдөрүнө зордук менен көчүрүлгөн эле. Екатеринанын энеси, София Алексеевна Хрисохоиди, атасы Николай Анастасович Параскевопуло Кыргызстандын Ош обулусуна көчүп келишет. Ошол жерде бири бири менен таанышып бирин бирин жактышып калышыптыр. Анан экөө баш кошуп үй-бүлөө курушат. Эмгекчил жана зендүү Николай тестиер кезинде эле бухгалтердин жардамчысы болуп ишке орношот. Кийин техникумду жана москвалык институтту бүтүрөт да сельподо бухгалтер болу иштейт.

Аны кызматынан жогорулатып кооперативдик техникумдун мугалими кылып дайындашканда ал үй-булөсү менен жаңы жерге которулуп көчүп келет. Ал эми бул жаңы жерде болсо Грециядан



көчүп келгендердер калкынын жарымын түзгөн Каравандагыдай болбой бир дагы грек улутундагы кишилер жок болуп чыгат. Бирок, жаңы үй-бүлөө жаңы шартта кысынып кымтынбай эркин сезишти. Гректер адат катары башка улуттарга жана башка динге карата ак пейил жана толерантттуу калк болот эмеспи. Анын үстүнө София менен Николай кыргыз тилинде эркин сүйлөшчү, кыргыздардын үрп- адаттарын, традициясын жакшы өздөштүрүшкөн эле. Жергиликтүү эл аларды бөлөк бөтөн деп санашпай тез эле бооруна тартып алышты. Буга экөөнүн тең кыргыз тилинде жакшы сүйлөш алышы да көмөк болгону анык. Николай Анастасович техникумда эки тилде сабак өткөрчү: орус жана кыргыз тилдеринде.

Параскевопулолор төрт баланы тарбиялап чыгарышты: үч кыз, бир эркек. София Алексеевна балдарды тарбиялоодон сырткары көп жылдары соода системасында эмгек кылды. Параскевопулонун үй бүлөөсүнүн өзгөчөлүгүн талыкпай эмгек кылуу түзүп турганы атайы белгилеп кетүү кажет. Эмгексиз өткөн күн бекер ушатылган учур менен барабар деп айткандан тажачу эмес үй бүлөөнүн башчысы. Үй бүлөдө, ата-эненин көрсөткөн тарбиясына ылайык балдары да жаштай-

ынан эмгек кылууга үйрөнүштү. Мектептеги кездеринде эле балдары бүлөөдө оокат тиричилиги жетиштүү болсо да тамеки талааларында эмгек этишти. Мына ушу тарбиянын негизинде, балдардын мүнөздөрү калыптанып, өз алдынчалык менен тырышчактык Параскевопулонун бүт балдары татыктуу билим алып чыгышып кадырлуу адистерден болуп чыгышканына тирек болуп берди десе болор. Улуу кызы, Елена чет өлкөлүк экономикалык факультетти бүтүрдү, азыр Швецияда жашайт. Ортончу кызы Екатерина – хирург, кенже кызы башкы бухгалтер болуп кызмат кылат, ал эми алардын иниси Николай техникалык кызматкер. Колунан көөрү төгүлгөн адам болуп өсүп чыкты.

Николай Анастасович, тилекке каршы, эзелтен бери жан дүйнөсүндө алдейлеп жүргөн тилеги болгон врач болу аракети ишке ашкан жок. Турмуштун кыйын кезеңи аны бухгалтердик кесипти тандап алууга аргасыздандырды. Атасынын тилегин ишке ашыруу экинчи кызы Екатеринанын энчисине берилди. Ал Жалал-Абаддагы орто мектепти аяктагандан кийин Фрунзедеги медициналык институттун дарылоо факультетине тапшырып жеңил эле өтүп кетет. Екатерина Николаевна өзү моюнуна алгандай кичинекей кезинен эле доктор болууну, элди дарылоону тилек кылчу экен. Кошунанын кичинекей кыздары курчактарын актриса же мугалим кылып жасалгалап кийиндирип ойношсо тестиер Катя курчагына ийне сайып жатканын көрүп кийин врач болот го дешчү көргөн кишилер. Мектепте окуп жүргөндө химия жана биология сабактарын берилип окуп жеңил өздөштүрдү, ал эми жогорку окуу жайында латын тилин окуду. Латын тилин өздөштүрдө кыйналган жок. Себеп дегенде ал тил Екатеринанын эне тили болгон понти тилине (аны көп учурларда байыркы грек тили дешет) тектеш көп жактары бар эле. Кыргызстанга көчүп келген гректер жазма тилин унута баштašканы менен ооз эки понти тилинде өз ара баарлашкан адаттарын сактап калышкан. Грек тилин унутушкан эмес.

Екатерина института окуп жүргөндө өзүнүн келечек жубайы Джавдат Ахметов менен кездешти, ал дагы хирургия бөлүмүндө окуп жаткан болчу. Биринчи курста көп сүйлөбөгөн токтоо жигит



аны сүйүп калганына Екатерина көңүл бурбаган, маани бербеген экен. Анын үстүнө кара көз сулуу кызды артынан ээрчип жүргөндөр да көп болот. Арийне, олутту татар жигит сулуу кыздын жүрөгүн багындырууга алы жетет. Екатеринын ата-энеси, православия дининдеги гректер, кызынын мусулман жигитке күйөөгө чыгышына каршы деле болушкан жок. Тескерисинче, кызынын өз тандаганына макул болушуп колдоп чыгышты. Кыргызстандагы гректер башка улуттан кыз алып, кыз бергенди олдоксон иш деп эсептешпеси башынан белилүү.

Сүйлөшүп жүргөн жаштарды бири биринен ажыратып экиге бөлүп кое тургандай бир кокус окуя болгонун айта кетүү керек… Алтынча курста мединститутту бүтүп чыгуучулардын кимдин кайда барып иштээри аныктала баштаганда Жаватка Ош обулусуна баруу, ал эми Ектеринага россияда жайгашкан Курган шаарына барып иштөө бөлүштүрүлөт. Ошондо экөө тезинен үйлөнүү чечимине келишет. Уйлөнүү тою болуп өткөндөн экөөнү тең бир жерге бөлүштүрүү боюнча маселе кырынан туруп калганын түшүнүктүү. Алар Москвага өтүнүч менен кайрылышат. Он күндөн кийин Москвадан экөөнүн суранычын канатандырган телеграмма келет. Ошентип экөө Лейлек районуна жиберилип эки жыл иштеп келүү тапшырылат. 1979-жылы ординатураны аяктагандан бери экзотикалык Параскевопуло деген фамилиясы бар хирург азаркы күнгө дейре ведомостволук темир жол ооруканасында эмгек кылып келүүдө. Ар күн сайын анын кабинентинин алдынан топураган элди көрүүгө болот: пациенттнрдин баары хирургдун кабылдоосунда болууну ак эткенден так этишип күтүшү адатка айланган. Врачтын ооруларды кабыл алуусу элдин көптүгүнө байланыштуу каш карайганга чей-

ин созулат, анын кызматтан өз маалында бошогон күнү болуп көрө элек десек ашкере кетпейт деле эмес элек. Өз ишине чын дили берилген врач көп оорулардын алкоосуна татыды. Параскевопуло көп адамдардын бутунан туруп сакайып кетишине шыпаа болду.

Ооруканада тар адистердин жетишпегендиги үчүн Екатерина хирург дагы, уролог дагы, онколог жана травматолог дагы болуп иштөөгө тура келди. Мындай кеңири профилдеги врачтар темир жол ооруканасында сейрек көрүнүш, азыр деле аз эмес. Азыркы учурда Екатерина Николаевна жогорку категориядагы врач, медицинанын отличниги, кыргыз темир жолунун ветераны деген наамга татыган, транспорт Министирлигинин грамотасы менен сыйланган. Практикалык иштер менен бир катар Параскевопуло көптөн бери изилдөө иштери менен алпырушуп жүрөт.Анын атайы илимий журналдарда беш макаласы жарыяланды. Бош болуп калган кезде ыр жазган учурлары бар. Кыскасы аны ар тарабы келишкен талантуу адамдардын бири десек болот.

Гректер үчүн үй-бүлөөдөн артык ыйык нерсе жок. Майрам күндөрү Параскевопуло-Ахмедовдордун үй-бүлөөсү бири калбай бир столдон жолугушуусу адатка айланган. Айрыкча Пасха менен Жаңы жылда үй-бүлөө бүт баары чогулушат. Көп улутуу үй-бүлөөдө ар кандай талкуулар, талаш тартыштар болору түшүнүктүү. Бирок да эч качан улуттар аралык маселер көтөрүлүп чыккан учурлар болуп көрө элек. Бул үй-бүлөдө ар бирине, ар мүчөгө эркиндик берилген, ошону менен бир бирин ызатоо жана сыйлоо орун алган.

Гректердин үйлөнүү тою өзгөчө традицияга багындырылган.

Гректердин бийи – сертаки. Кофени көп ичишкен жайлары бар. Маслина жөнүндө айтпаса деле болор. Лимонду сыгып сок жасоо алардын адаты. Фасол менен баклажанды грек этине теңештирсе болор эле. Чыныгы баш кошуу үчүн сөйкө салуу кажетсиз. Граждандык ЗАГСтан катоодон этүү менен чектелүү чыныгы үйлөнүү делинип эсептелбейт. Үйлөнүү тоюнда жаштардын келечеги үчүн ырым кылып бир боо тарелканы жерге согуп талкалоо үрп адаттары эмдигиге чейин сакталып калган.

# Ялома Петр

*Спортко арналган өмүр*



Чүй областынын Аламүдүн районунун Ленинск айылында Петр Ялома жашайт – грекрим күрөшү боюнча СССРдин мастер спортчусу, республиканын эмгек сиңирген тренери, физкультура менен спорттун эмгек сиңирген ишмери, ошондой эле тажирийбалуу судья. Петра Николаевич көптөгөн спортсмендерди, анын ичинде олимпиялык оюндардын чемпиондорун тарбиялап чыгарган. Анын колунан тарбияланып чыккан спорсмендерди бүт дүйнө билет. Өлкөнүн ичинде урматуу тренердин окуучуларсыз бир дагы республикалык турнирлер өткөрүлбөйт десек жаңылбас элек.

Петр Ялома 1955-жылы Молдова ССРинин болгарлар жашаган Тараклия деген айылда жумушчунун үй-бүлөөсүндө төрөлгөн. Атасы Николай Федорович, энеси Надежда Дмитриевна – болгарлар, 1963-жылы дың жерди өздөштүрүү үчүн Казакстанга көчүп келишкен, бир жылдан кийин он жаштагы Петрдин чоң атасы жашаган Кыргызстандын Чүй областына орун которушат. Яломалардын үй-бүлөөсү Молдовановкада үй сатып алышат дагы балдарды чоңойтуп-чочойтуу, айыл чарба иштери менен алектенишет.

Үй-бүлөөдөгү алты баланын эң улуусу Петра Яломанын спортко болгон ынтызарлыгы кичинекей кезинде эле пайда болду. 6-класста окуп жүргөндө ал мектептеги күрөш секциясына жазылгысы келет, арийне, айылдык тренер баланын күндөлүгүн карап көрүп орто баа

менен окугандарды албайбыз деп баш тартып коюптур. Бирок тестиер бала ага деле капа болгон жок. Бир жолу гезиттен Фрунзеде күрөш жана бокс боюнча мектеп бар экенин окуп калат. 8-класста окуп жүргөндө шаарга жөнөйт да түз эле «Спарттак» стадионуна барат. Ал жерден келечектеги тренери Олег Александрович Яковлев менен таанышып калат. Баланын спорт үчүн энтелеп турган аракетин көргөн тренер машыгууга уруксат берет экен. Жолдун алыстыгына карабастан ар жума сайын машыгууга шаарга жазбай келип турду. Машыгуу коверунда баланын аракетинен берекет чыга баштаганы тез эле байкалды. Ялома, ал түгүл, өзүнө курактуу балдардын ичинен суурулуп чыгып грек-рим күрөшүндөгү секцияда күчтүү балбандардын тизмесине киргизилет.

Мектепти аяктагандан кийин Петр Ялома стадиондогу аткычтардын стендасында майда жумушчу болуп бир аз да болсо иштеп калды. 1973-жылдан 1975-жылга чейин советтик армиянын катарында кызмат кылды. Армияда камылгасы мурдатан бар, физикалык даярдыгы анын нормативдерди жеңил эле тапшырууга мүмкүндүк берди. Турникке оңой эле тартыла алчу, чуркоодо да эч кимди астыга салдырган жок. Бош убактысын баарын күрөшкө жумшады. Армиядан кийин ал кайрадан машуугусун жандантып ошол эле кезде заводдо фрезеровщик болуп иштеп жүрдү. Анын өз өмүрүн спортко арноону көздөгөн тилеги акыры мамилекеттик физикалык институтка алып келди. 1979-жылы Ялома тренердин адистикке тапшырат. Институтта окуп жүргөндө спорттук мелдештерге катышып Азия кубогун (1981 ж.) жана эки жыл катары менен 1981-1982-жылдары республиканын чемпион деген титулун жеңип алат. Ата-энесин капа кылбаш үчүн институтка жакшы окууга жогорку стипендия алууга тырышат.



Жогорку окуу жайын аяктагандан кийин айылда мугалим болуп иштенүү чечет. Ал барган айыл азыр Ленинское деп аталат. Мектептин залында тренерге келечектеги спортсмендерди машыктыруу милдети турган. Тилекке каршы, грек-рим күрөшү боюнча тиешелүү шарт жок болчу. Кийинчерек гана атайы ковер алып келип тошөөгө мүмкүнчүлүк болду. СССРдин тарашы менен залды багып кармап туру кыйын болуп калган эле. Мына ушу шартка байланыштуу машыгууну жаздан күзгө чейин гана жүргүзүүгө туура келди. Ал эми, кышында болсо окуу аяктагандан кийин гана спортсмендер мектептин залына барып машыгууга аргасыз эле. Азыр спортсмендерге колдоо көрсөтүүнү «Ветка» деген айыл кооперативи моюнуна алган. Залда душ, туалет, жалпы дене чыңоо комнатсы менен кийим алмаштыра турган жай бар. Айыл өкмөтү да өз салымын кошуп келет – СДЮШОРдан электричество үчүн акы алынбайт, суу менен аренда акысын айыл өкмөтү төлөйт.



90-жылдары Яломаны достору менен коллега-тренерлер тарихий мекенин, башкача айтканда Молдовияга, же болбосо Россияга чакыра баштады. Бирок ал бул сунуштардан баш тартты: «Менин мекеним ушу жерде, Кыргызстанда өмүр бою, жаштайыман бери жашап келем. Мен...кыргызмын». Азыр Петр Николаевич Россияга же чет өлкөлөргө спортсмендерди алып барганда таң калышат бүт кыргыздар орус паспорту менен жүрүшөт, ал эми, орус кыргыз паспорту менен жүргөнү кызык дешет. Чынында эле Петр Николаевич нагыз кыргызстандык, ал түгүл кыргыз тилинде айрым кыргыздардан дурус сүйлөйт. Ошон үчүн өз спортсмендерине ал кайсы тилде жакшы сүйлөй билсең ошо тилде маектешиң артык деп эскерип келгени бар.

Петр Николаевич машыккысы келип андан өтүнгөдөрдүн баарына бирин калтырбай жок дечү эмес. Ага жакынкы айылдардан ар кандай улуттагы кичинекей балдар, тестиерлер келишет. Ал дагы бир мезгилде өзүнүн күндөлүгүн текшергениндей эле балдардыкын да текшерет, бирок документин туура толтурганына гана көңүл бөлөт. Эгер бала дыкаат жана тырышчаак болсо спортто деле ошондой болот, ийгиликке жетишет дейт машыктыруучу. Машыгуу ар дайым теориядан башталат: тренердин балдарга грек-рим күрөшүнүн тарыхын, техникасын айтып бериши сөзсүз иш. Башкысы Петр Николаевич үчүн күрөш бул спорт экенин, башка бирөөнө зыян келтирүү үчүн колдонбостугун балдарга түшүндүрүп берүү керек дейт. Балким, мына ушу принципти карманганы үчүн анын окуучуларынын тескери жолго түшпөй республиканы оң жагын, оң образын көргөзүп эл аралык чемпионата биринчи орунду ээлебегендир.

Ялома тарабынан жүргүзүлгөн моралдык жагынан таза болуу жана тарбиялоо аракеттери грек-рим күрөшүндө дүлөй жана начар көргөндөрдүн дүйнөлүк чемпионатында коло медалын жеңип алган Арам Акопян сыяктанган спортсмендерди пайда кылды. Адегенде Арам спортту таштап кетейин ниетте болгон эле. Бирок тренер менен эркекче сүйлөшкөндөн кийин ал оюунан баш тартты. Азыр Арам Акопян дүлөй жана начар көргөн балдардын Республикалык интернатында иштеп окуучуларын эрктүү болууга тарбиялап жатат. Бул до болсо Петра Николаевичатин психологиялык бекем колдоосунан жаралганы анык.

Болгар тренери Яломанын колунан Азиянын көптөгөн чемпиондору тарбияланып чыгышты, алардын ичинде Азиянын жаштар ортосундагы мелдеште эки жолку чемпиондукту жеңип алаган, спорттун эл аралык мастери, өзүнүн уулу Алексей Ялома да бар. Петр Ялома ошондой эле 2010-жылкы жаштарды I Олимпиадасынын чемпиону Урматбека Аматовдун тренери болуп эсептелет.

30 жылдык тренердик ишмердигинде Петр Ялома Кыргызстандын 10 дон ашык спорттун мастерлерин даярдап чыгарды, дагы эле болсо биздин мекендин спортсмендерин тарбиялоо ишин улантып келүүдө.

# Ланичек Алла Оттовна

*Интергельпонун кызы*



Бул кыргызстандык аял бүт өмүрүн Кыргызстадын жолундагы кырсыктарга каршы күрөшүү ишине арнады. Ал жол кыймылынын коопсуздугу боюнча жогорку инженердик билими бар адис болуп эсептелет. Анын демилгеси жана кошкон салымы менен Кыргыз ССРинин Минавтошосдор, Минсельстрой жана Минвнештордун автоишканаланаларында жол кыймылынын коопсуздук кызматы пайда болуп айдоочулар үчүн кыймыл коопсуздугу боюнча методикалык көрсөтмөлөр иштелип чыгарылган. Көптөгөн автоайдоочулар ДТПдагы кырсыктарда анын жогорку квалификациялык иштери аркалуу чыныгы себептери аныктап бергендиги менен күнөөсүз деп табылгандыгы үчүн милдетүүбүз деп эсептешет. Азыр Бишкек шаарынын тургуну болгон Алла Оттовна ардактуу эс алууда. Бирок пенсиялык жашка жеткендигине карабай активдүү иштер менен алектенип келет.

Алла Ланичек Фрунзеде 1941-жылы туулган. Ал Кыргызстанга биротоло көчүп келишкен чех интергельпочулардын кызы. Чоң атасы Донат Блаженович Ланичек аялы Франциско жана уулу Отто менен Кыргызстанга «Интергельпо» өндүрүш кооперативинин поезд менен келген биринчи эшалонунда 1925-жылы 24-апрелде келип түшөт. Чехословакиялык жолдоштор Кыргыз өнөр жайынын фундаментин түзүп беришти десек ашкере кетпес элек. Алар Фрунзеде биринчи столярдык жана слесардык мастерскойлорду, заводдорду, фабрикаларды, бала бакчаларды, мектептерди курушуп беришти.

Донат Ланичек Кыргызстандагы алгачкы кооперативдердин жетекчилеринен. Табиятынын коздугу, элинин кең пейилдиги алардын Кыргызстанды экинчи мекени катары көрүп калышын шарттады.

Алла Оттовна чоң атасын көрбөй калды, анткени ал 1938-жылы жалган жалаа менен репрессияланып кеткен болчу. Анын өлүмү жөнүндө кийин гана, бир нече жылдар өткөн соң үй-бүлөгө билдиришти. «Элдин душманы» деген айып тагылган үй-бүлөгө ал жылдары абдан эле кыйын болгону айтпаса да түшүнүктүү. Оттонун уулун мектепти беш менен окуп бүтүрсө да Кырпединституттун тарыхый факультетинен кур шылтоо менен кубалап чыгарышып эмгек армиясына жиберишет. Аялы Франциска жан багуу үчүн ашпозчу болуп иштөөгө аргасыз болот. Деген менен ынтымактуу үй-бүлөө чөгүп, чүнчүп кеткен жок. Бир бирине жөлөк таяк болушуп акыры кыйынчылыкты да артка калтырышты.

1959-жылы Донат Ланичек реаблитацияланганда анын уулу Отто үй-бүлөө күткөнгө үлгүрүп машина айдоочу болуп иштеп жүргөн эле. Көп өтпөй Ленинграддагы жетекчилердин курсуна окууга жиберилет. Окууну аяктагандан кийин Отто Донатович атасынын ишин улантат. Бүт өмүрүн өндүрүшкө жумшады, автотранспорт жана өнөр жай сферасында жетекчиликте кызмат кылып иштеп келди

Мүнөзү чечкиндүү, жаш кезинде негедир деңизди сүйүп калаган Алла адегенде мореходдордун окуусуна барууну чечет. Онунчу класста окуп жүргөндө Севастополь аскердик-деңиз училищасына окуусун улантуу жөнүндө кат жазат. Бирок ал жерде кыздарды кабыл албасы белгилүү болот. Анда Алла Москвага кайра кайтып келип Мосрыбвтуз деген окуу жайына документин тапшырат. Ал жерде 16 жаштагы кыздын деңиз менен океандардарда кесип сүзүп жүрүү тилегине катуу таң калышыптыр. Мындайды алар биринчи жолу көрүп жатышкан экен. Акыры мектепти медал менен аяктаган кызды окуу жайынын кеме куруучу факультетине кабыл алышат. Окуу жеңил болду дейт Алла, бирок Кыргызстандан, ак карлуу Ала-Тоодон, коңул калган жылдыздуу асмандан четте, үй-бүлөөсүнөн алыста жүрүү кыйын болуп мекенине кеткиси келип туруп алат.

Ошентип окуусун таштап Фрунзеге кайтып келгенден кийин ал токуу фабрикасына кызматка орношуп иштей баштайт. Иштеп жүргөндө Сибир автожол институтуна абитуренттерди кабыл алуу боюнча кулактандыруу чыгат. Кайрадан алыскы жол чакырат. Бул жерде автожол институтунда деле окуу кыйын болгон жок, жаны досторду күттү, аны группанын старостасы кылып шайлап алышты. Алла Ланичек окуу жайында автослесар, фрезеровщик жана токарь сыяктанга кесиптерин өздөштүрдү, машина айдаганага үйрөнүп укук алды. Бирок, мекенин сагынуу кайрадан аны беймазага салып туруп алды. Ошентип, Алла Фрунзедеги политехникалык институтунун автомобилдик транспортту экспулатациялоо боюнча инженер-механик деген адистикти даярдаган факультетине которулат. Политехникалык институтту 1964-жылы кызыл диплом менен аяктайт. Мындан соң ал оргавтодорстрой деген мекемеге кызматка кирет, көп өтпөй автосборочный заводдун машинаны сыноодон өткөргөн лабороториянын начальниктик кызматына көтөрүлөт. Бул иш жаш аялды өмүрүн жолдогу коопсуздук ишине арнап коюга алып келди.

Өз ишин Алла жакшы көрчү. Себеби ал биринчиден адамдын кырсыкка кабылышынан алдын алган кесип болсо, экинчи жагынан бүт республиканы кыдырып чыгып эл менен, жер менен жакындан таанышканга мүмкүндүк берип турган эле. Алла үчүн Кыргызстандын табияты ажайып экени да анын жан дүйнөсүнө жупташ болуп турду. Саякатты жакшы көргөн Ланичек Кырыгызстанды эле эмес, бүт Советтер Союзун кыдырып көрүүгө аракет кылды. Жаш кезинен бери суктанып келеткан деңизге болгон сүйүүсү жоголуп кеткен жок. Биринчи мүмкүнчүлүк болор замат ал Днепр, Кара Деңиз, Волга жана Москва-рекага круизге чыгууну адат кылып алды. Энеси





Тамара Линичек менен тарыхый мекени болгон Чехословакияга барышты. Уулу Игорь чоңойгондо алар үй-бүлөө менен Сочи, Гагра, Сухуми жана Рицеге саякат жасашты.

Отуз беш жыл бою Алла Ланичек өмүрүн жол кыймылынын коопсуздугуна арнады. Көп жылдык талыкпаган жана жемиштүү эмгеги үчүн ал «Эмгектин ветераны» медалына татыды. 1997-жылы пенсияга чыккан Алла Оттовна үйүндө тынч отура алаган жок. Ага «Саймалуу-таштагы» арт-галереяда кызмат сунуш кылышканда көп ойлонуп отурган жок, дароо эле макулдугун берди. Таштын сыры Ланичектин көптөн бери жан дүйнөсүн козгоп дүрбөлөн салып келеткан кубулштардын бири болчу. Алла Оттовнанын үйү деңиздин жана таштардын музейин эске салат. Андан түрдүү түрдүү таштардын коллекциясына жолугасың: иштелип чыкпаган асыл таш минералдарынан баштап Ат-Башынын сай таштарына чейинки түрлөрдү тапса болот.

Азыр Алла Оттовнанын коллекциясы достору алып келип берген белектери менен дайыма толтуруп турат. Ал эми анын күткөн досторун санап отуруунун өзү эле көп убакыт алышы мүмкүн. Ак көнүл жана жан дүйнөсү кенен адамга бардыгы магниттей тартылып турганын байкоо кыйын эмес. Алла Оттовнанын үйүнө телефон чалгандар андан көп. Бири чехтер диаспорасынын жыйынында чыгып сүйлөп беришсин өтүнүшсө, бири жол коопсуздугу боюча консултация беришин сураныщат. Анын баарынан жакшы көргөнү неберелери.

Алла Оттовна өзүн бактылуу адам деп эсептейт. «Мен эң ажайып өлкөдө тулуп өстүм. Менин мекенимдин эли да ак көнүл, меймандос эл. Мына ушундай элге гана Кудай дүйнөдөгү эң кооз өлкөнү бериши мүмкүн. Кийинки муундарга айтарым: «Биздин жомоктой болгон табиятыбызды карегинердей сактагыла. Ынтымактуу жашагыла, башка жерден мындай өлкөнү таппайсыңар. Билим алууга күчүңөрдү аябагыла»

# Юсуп Мусаев

## *Коркунуч жана жемеси жок бомбардир*




«Спартак» стадиону күйөрмандарга жыкжыйма болуп толгон. Бут коерго жер жок. Айрымдары кире бериш жерде тикесинен тик турушат. Аарылар сыяктуу миңдеген адамдар гүүлдөп турат. Эл дарыясы бирде толкуп кетсе, бирде тымып тынчый түшүшөт. Миллиондордун кунту бир чекитке топтолгон. Юсуп Мусаевдин бутсасында ойногон топтон көз алышпайт. Стадион бир азга тымтырс боло түштү. Секундага жеткен жок топ дарбазанын торуна тынчыды. Стадион жарылып кетти: «Г-о-о-о-о-л!!!». Асман жарылып чагылган жарк эте түшкөндөй эле болду дейсиң.

50-жылдардын мыкты футболистеринин бири 1936-жылы 26-февралда Фрунзе шаарынын Красноармейский көчөсүндө туулган. Бул хулигандыгы менен атагы чыккан чөлкөмдү эл ичинде Карпинка де аташаар эле. Ал жумушчунун үй-бүлөөсүндө өстү – атасы повар болуп иштечү, энеси--үй кызматчысы. Уй-бүлөөдө тогуз бала бар эле. Агасы Улуу Ата Мекендик согуштан кайтпай калды. Эжелеринин бири 1938 жана 1939-жылдарда Москвадагы физкультурниктердин параддына катышкан комсомолка, спортсменка эле. Юсуп эжеси кантип кызыл аянтта параддан өткөнү, Сталинди көргөнү жөнүндөгү айтып бергенин ынтызарлык менен угаар эле

Балдары атасынын жолун жолдоп ашпозчу болууну каалашкан жок. Юсуптун агасы Исманжан Мусаев бокс боюнча республиканыни чемпиону болчу. Кийин 1951- жылы бандиттердин колунан каза тапты. Мына ушундан кийин Юсуп төрөлөт. Ага 15 жашка толгондо Юсуп




мектепти таштап иштеп кетет. Жетишпеген турмуш аргасыз кылганы анык. Ал кезде атасы менен энеси картайып калышкан болчу. Кабыргасы ката элек чырымтал бала эки жыл курулушта иштеди. Андан кийин кендир фабрикасына барып орношууга туура келди. 22-жашында авиамастерскойго барып иштеп калат. Сыягы аны мастерскойдун футболдук командасы болгону кызыктырган түрү бар. Буга дейре мектеп окуучуларынын курама командасында ойноп жүргөн эле.

Күндөрдүн бир күнү «Искранын» ( кийин «Спартак» андан кийин «Алга» деген атка ээ болгон) тренери Федор Карабаджак жаш форвардын оюнуна көңүлү түшүп калып мастерлер командасына чакырат. Команда профессиналдардын катарына кирчү эмес, ошентсе да завод жана фабриканын штатында тургандыгы үчүн чеберчиликттери жогору болчу. Союзда спортсмендер оюндары үчүн айлык алып турушуна тыю салынган эле.

Булгары топтун чеберлеринин арасында жаш Юсуп Мусаевке оңой болгон жок. Футболчулар чарчап чаалыгып акыркы күчтөрү

бүтүп жүрбөй калганга чейин машыгышчу. Тырышчактыгы жана талыкпаган эмгеги менен ал республикадагы көрүнүктүү футболчулардын бирине айланды. Азыркы кезде жарып өтмө чабуулучу деп аталган барктуу футболчулардын катарына кирер эле. Мындай оюнчулар атандаштарынын командасынын жарымын алдап өтө ала турган жөндөмгө ээ келишет. Канчалык тосколдуука учурашпасын, кагылыштар болбосун өжөрлүк менен алдыга умтула бергендиги менен айырмаланышат. Мусаев ушундай футболчулардын бирине кирер эле.

Ал республиканын командасынын тутумунда 500 дөн ашык оюнга катышты. Союздун чемпионатында 70 жолу топ киргизди. Команданын капитаны болуп жүрдү. 1969-жылы Юсуп Мусаев футболдук карьерасын аяктайт да «Алганын» экинчи тренери болуп калат. Андан кийин партиянын чечими менен түзүлгөнүнө аз эле болгон «Алай» командасынын начальниги кылып дайындайт. Бул азыркы тилге которгондо менеджер деген түшүнүккө жакын. Башкача айтканда чарбачылык иштер менен алектенүү – спортсмендер үчүн квартира жасап берүү, аларды институттарга орноштуруу, тамак-аш, спорттук формалар менен камсыз кылуу, жол киресин чечүү ж.б. иштер начальниктин моюнуна тагылган. Юсуп Иманович өзүнүн ишинде алдына ат салдырбай ишин так аткарып жүрдү.

Кийин ошол эле кызматты аркалоо үчүн кайрадан эски көздөй болгон «Алгага» которушту. Бул жерде да чалыгып чарчап койгон жок. Дайым өзүнүн командасынын камылгасы менен горисполкомдо (азыркы мэрия) жүргөнүн көрөөр элең. Мусаевдин аракетинен берекет чыгып «Алга» командасы үчүн Борборазияда мыкты эсептелген окуу-тренировкалык базанын курулушу бүтүрүлдү.

Атактуу форвард «Алга» Союзда мыкты команда болгону менен, сонун оюндарды көргөзгөнүнө карабай СССРдин жогорку лигасына өтүп ойной албай калаганына эмдигиге чейин өкүнөт. Конкуренция анда чоң болчу. Бекеринене Советтер союзунуну курама командасы дүйнөлүк чыгаан футболистерден түзүлгөн оюнчуларды жеңбегендир. 1960-жылы бардык союздук республикага жогорку лигага өтүү

мүмкүнчүлүгү берилди. Бирок мындай мүмкүнчүлүк кимде, кайсы республикада 10 миң адам сыя турган стадиону бар республикалар үчүн ыйгарылчу эле. Кадимки эле бюрократиялык формалдуулук дечи. Бизде түркмөндөр, тажиктердей сыяктуу стадион жок болчу. Стадионду кийин 1963-жылы гана куруп бүтүштү. ЦКнын экинчи секратары Гаврилов жеке өзү курулушту көзөмөлгө алды. Ал ошо кезде ал «прораб» деген ылакап атка да конуп кеткен эле. Республиканын башчысы Турдакун Усубалиев дагы курулуштун жүрүшүн көз жаздымынан калтырган жок. Республиканын жогорку жетекчилигинин кирүүшүүсү менен стадион үч жылдын ичинде тургузулуп бүттү.



80-жылдардын башында Юсуп Мусаевди Олимпиадалык резервдер мектебине ага тренер кылып жөнөтүшөт. Бул жерде жаштар менен пенсияга чыкканга чейин иштеди. Анын колунан тарбияланып чыккандардын ичинде футбол боюнча олимпиадалык оюндардын чемпиондору, Москва, Украина жана башка командаларда ойногон спортсмендер көп чыкты

Азыркы күнү легендардуу футболист Кыргызстандын курама командасын кеңешчиси болуп иштейт, футбол федерациясынын аткаруу комитетинин мүчөсү. Аны ветеран деп балдардын футболдук командасына сый конок катары такай чакырып турушат. Таң калуучтуусу, азыркы балдар бразиялык жылдыздары сыяктуу футболистерден болууну самашат, бирок өзүбүздүн кезегинде ата-

гы таш жараган бразилиядан кем калбаган аксакалдарыбызды билишпейт. Юсуп Мусаев биздин курама мезгили келгенде дүйнөлүк стадиондордо ойноп мекендештердин кубандырбай койбостугуна бекем ишенет. ФИФАнын башчысы атактуу Мишель Платини Кыргызсанга келгенде биздин команданы көрүп, эгер кыргыз футболчулары аракет кылышса Бразияны деле утуу колунан келет деп айтканы бар. Бул тамаша дечи, асресе ар бир тамашада чындыктын үлүшү бар экени калп эместир.

Мусаевдин пикиринде кыргыз футболу дүйнөлүк аренага чыгышы үчүн мамлекет такай кам көрүшү зарыл. Ар бир областта спорт комитеттерин түзүү керек. Казахстан, Өзүбекистан, Таджикистанда балдар жаш кезинен чоң футболго даярдык көрө алышы үчүн футбол академиясын ачышканга жетишти. Кыйынчылыктар көп, бирок Кыргызстанда футбол №1 спорт боюнча кала берүүдө. Мусаев балдар кантип футбол ойноп жатканын көпкө көз салып турганды адат кылган, аларда өзү жаш кезиндегидей балдардын ынтызарлын көрүүгө болот. Түрү жакшыдан түңүлбө деп бекер айтылбайт эмеспи.

# Макеева Фатима Хусеиновна

## *Фатиманын адабий казнасы*



Филология илимдеринин кандидаты Фатима Хусеиновна Макеева дунган интеллигенциясынан ичинен биринчи илимий даража алган аял болуп саналат. Ал дүйнөнүн бир нече тилдеринде басылып чыкккан 4 монографиянын, ошондой эле, 50 дөн ашык илимий макалалардын, дунган совет адибиятынын калыптанышы (1984 ж.) жөнүндөгү уңгулуу китептин автору. Макеева акын Ясыр Шивазанын, жазуучу Арли Арбудунун жана да көптөгөн дунган жазуучуларынын, илимпоздордун чыгармачылыктары менен дүйнөлүк коомчулукту тааныштырды. Анын изилдөөлөрү, илимий очерктери, басма сөздө жарыяланган макалалары жана чыгып сүйлөгөн сөздөрү аркылуу совет элдеринин, анын ичинде кыргызстандык дунган элинин рухий маданияты, салт-санаалары, адат-салттары менен тааныша алышты десек болот. Азыркы күнү илимпоз-педагог Фатима Хусаиновна адабият, дунган таану боюнча изилдөө иштерин улантып жатат.

Келечектеги профессор Ысык-Көл областынын Жети- Өгүз районун Ырдык деген айылында мугалимдердин үй-бүлөөсүндө туулган. Атасы мектепте тарых сабагынын мугалими Хусеин Макеев, энеси да мугалим Халдар Шариповна Макеева. Фая үй-бүлөөдө балдардын ичинен экинчи көз жараган кыз эле. Фаядан кийин сегиз инилери менен сиңдилери төрөлдү. Макеевдин бардык балдары жогорку билимге ээ болушуп республиканын өнүгүшү үчүн колдон келген салымдарын кошушту.

Макевдердин ата-бабалары өткөн кылымда Кыргызстанга Кытайдан ооп келишкен. Үй-бүлөөдө айтылып келаткан санжыра боюнча энеси кытай, атасы – араб улутунан болуптур. Кашгарда Цин империясына каршы мусулмандардын көтөрүлүшү аесуз басылгандан кийин дунган калкынын бир бөлүгү Россияны көздөй качышат. Тянь-Шандын кар баскан бийик ашуусун басып өтүшүп азыркы Кыргызстандын, Казакстандын жана Өзүбекстандын территориясына келип орун очок алып конушат. Ала-Тоого келип жеткен качкындар ачкачылыктан, ооруу сыркоодон кыйналып, ашууда тоңуп көгөрүп үшүгөн качкындар эптеп эле сүлдөрү калыптыр. Аларага жергиликтүү эл менен орус бийлигинин өз учурунда берген жардамы биротоло кырылып жок болуудан сактап кала алды десек болор. Дунгандар бул жерде жаңы мекенин табышты. Отрукташкан жаңы айылга алар Ырдык деген ат коюшту, дунган тилинде Эрдогу деп аташат. Чечемелей келгенде «капчыгай» дегенди билдирет. 2012-жылы дунгандардын Кыргызстанга көчүп келишинин 135 жылдыгы белгиленди.

1917-жылдагы революция калың элдин катмарынын окуп билим алуусуна кеңири жол ачып бергенин танып кетүү кыйын. Фатиманын атасы Хусеин Макеев дыйкандын үй-бүлөсүндө чоңойду, анын ата-энеси баласын окутуп алууга эки көзү төрт болчу деп айтууга эч болбойт. Тескерисинче, каршы чыгып туруп алышты. Ата-энесин көндүрө албай айласы кеткен Хусеин шаарга качып кетет. Тил укпаган баласын кайра кайтарып алып келишип жазалашат. Эмки жолкусунда окууну катуу самаган ал жолдоштору менен жең ичинен сүйлөшүп алышып Ташкенге качышат. Ташкенден окууну бүткөнчө айылына бир дагы жолу келбептир – Борборазиялык коммунистик университеттин тарых факультетин эң жакшы баалар менен бүткөндөн кийин гана кайтып келиптир. Кийин ал Караколдогу пединиститутта мугалим, Кыргызбасмасынын дунган редакциясында кызматчы, «Дун Хуэ Щир» («Искры Востока)» жана «Шыйиуэди Чи» («Знамя Октября») деген кезиттерде, андан соң «Көк Мойнок» и «Оргочор» совхоздорунда саясый кызматкер, облпотребсоюздун башчысы

болуп иштейт. Кыргызча эркин сүйлөгөн, тамашаны жакшы көргөн, эрудициясы бийик Хусеин дунгандар гана эмес, аны менен чогуу иштеген кызматчылардын баары сыйлап турушчу. Анын бапестеп сүйгөн иши ыр жазуу эле. Ал ырды үч тилде; дунган, татар, кыргыз тилдерде жазчу экен. Макеев ондон ашык ырлар жыйнагынын жана табият илими боюнча дунган-орус тилдериндеги сөздүктүн (1938-жыл) автору.

Иш жана чыгармачылыгын Макеев балдарын тарбиялоо менен ийиликтүү жуурулуштуруп, экөөнү бирдей алпарганга аракет кылды. Балдарына билим алуунун маанисин сиңирүүгө далалатын аяган жок. Кечинде ишинен келгенде дунган жомокторун, дунган элинин тарыхын баяндап, татар, кыргыз, дунган тилдеринде балдары менен ыр ырдашканы адат болуп калган. Пушкин, Чайковский жөнүндө аңгеме куруп берүүдөн тажачу эмес. Хусеин Маккевдин үйүнөн келип-кеткен илимпоздордун куйругу үзүлчү эмес. Балдары алардын өз ара аңгелешип жатышканынына ар дайым күбө болушчу, айрыкча Фая жантыгынан түшүп өтө кызыгуу, ынтызарлык менен тыңшаар эле. Фатима кичинекейинде эле ошолорго окшогон окумуштуу болууну самачу. Илим деген эмне экенин терең түшүнүп билбесе да келекчекте «аспирантка боломун» деп келгенин бир туугандары эмдигеге дейре унутушпай айтып жүрүшөт. Анын тилеги атасынын жана устаттарынын аракети менен ишке ашты. «Атамдан талыкпастан өз алдынча билим алууну, кандай гана болбосун аракетин токтотпой көздөгөн максатка жетүүнү, үй-бүлөө менен коомго керектүү адам болуу үчүн пайдалуу иштерди жасай билүүгө үйрөндүм. Атамдын элдин ишенимин актай билүү кажет, ар дайым ар ишке жоопкерчилик жана чын пейилден мамиле кыла алуу гана мүдөө-максатка жеткирет деген сөзүн эмдигиге чейин унута албайм», – дейт Фатима. Чынында эле ар адамдын көңүлүн калтырбаган, сыйкор, эки жүздүүлүк деген эмне экенин билбеген, илимий иштерде талыгып чарчап көрбөгөн Фатима Хусеиновна коллегаларынын, студенттердин арасында кадыр баркы жогору, улуу урматтуу сыйга эгедер.

1961-жылы «учитель русского языка и литературы» деген адистик боюнча аялдар институн аяктагандан кийин Фатима Москвадагы Горький атындагы дүйнөлүк институттун аспирантурасына тапшырууну чечет. Ал окуу жайында дунган улутундагы жалгыз аспирантка эле. Институтта баардыгы сүйлөшүп алагандай болуп сурагандары эле: дунган эли кайсы улутка кирет, кайсы жерде жашашат дегендери болчу. Атүгүл институтка кирүү үчүн сынак тапшырып жатканда экзаменаторлордун бири так ушундай суроо бергени эсте дейт Фатима. Адегенде Фатима суроого таарына түшөт, көрсө мугалим андан өз эли жөнүндө кеңири айтып беришин, дунган тилинде сүйлөөр алаарын гана сураптыр, бар болгону. Макеева экземенаторлорго дунган жомокторунан бир түрмөктү аңгемелеп айтып берет. Комиссиянын мүчөлөрүнүн биринин өтүнүчү жана кеңеши менен фольклорист-китаист Борис Рифтиндин жетекчилигин тандайт, кийин ал кандидаттык диссертациянын жетекчиси да болуп калат.

Алгачкы кездери аспирантурада окуу кыйла кыйын болду дейт Фатима. Диссертациясынын темасы Ясыр Шивазанын чыгармачылыгы болчу. Дунган тилинде жазылган Шивазанын ырларын окуп талдоого алуу үчүн жаш изилдөөчүнүн тилди терең биле албагандыгы тоскоолдуулук кылып жатты. Ошондуктан Фатима дунган тилин изилдеген окумуштуу-лингвистерден көп консультация алууга туура келди. Өз алдынча изденип керектүү маалыматтарды жана материалдарды табуу талап этилди. Төрт жыл талыкпай иштеген эмгегинин акыры майнабы да чыкты. Көрүнүктүү адабият таануучулар менен этнографтар советтик дунган адабияты боюнча окумуштуулар Макееванын илимий изилдөөсүн олуттуу жана татыктуу деп табышты. 1967-жылы 12-октябрда дүйнөлүк адабий институттун окумуштуулар кеңеши Фатима Макеевага филология илимдеринин кандидатын берүү боюнча бир ооздон добуш беришти.

Аспирантуранын аяктаган 1965-жылдан жана 1977-жылга чейин Макеева Кыргыз ССРинин илимдер Академиясында эмгек этет. Илимий изилдөөлөр менен чектелип калбастан коомдук иштерди

да алып барат – ондогон жылдар бою Академиянын парткомунун секретарынын орун басары болот. Бул жылдары Фатима Хусаинова ММКга көп макалаларды жазды, көптөгөн илимий монографиясы менен илимий макалалары жарык көрдү. Алар: «Творчество Ясыра Шивазы», «Дунганская советская литература», «Токтогул и дунганская литература», «Пушкин на дунганском языке», «Тукай и дунганская литература» жана башка эмгектер. Дүйнөлүк дунгановеддер, атап айтканда Австралия, Япония, Китай жана КМШ өлкөлөрүнүн окумуштуулары менен тыгыз байланышты түздү. Академиядан кийин аялдар институнда орус жана чет өлкөлөр адабиятынын кафедрасында доценттик, Чүй университетинде профессор, улуттук көрком академияда лектор болуп кызмат кылды.

Фатима Макееванын эмгектеринин жаштарды тарбиялоодо мааниси чоң, Кыргызстандагы дунгантануу менен адабий таанууга кошкон салымы ченемсиз. Фатима Хусаинова 1990-жылдан баштап Кыргызстандын жазуучулар Союзунун мүчөсү, билим берүүнүн эмгек сиңирген кызматчысы (1995), элдик билим берүүнүн отличниги, «За доблестный труд» и «Ветеран труда» деген медалдар менен сыйланган. Министирликтердин ардактуу грамоталарына татыган.

## Сабырбек Жумабеков

*Кудай даарыган хирург*



Ал--медицина илимдеринин доктору, профессор, академик, эмгек сиңирген врач, Кыргызстандын башкы ортопед-травматологу. Травматология жана ортопедия боюнча илимий изилдөө борборунун (НИЦ) директору болуп кызмат кылат. Ошол эле кезде Кыргыз мамилекттик медициналык академиянын травматология, ортопедия, экстремалдуу хирургия кафедарсын жетктегенге да убакыт тапчу эле. «Наука и новые технологии» номинациясы боюнча лауреат, эл аралык Мустафа Камал Ататүрк эл аралык сыйлыктын, «Хирург-золотые руки» алтын медалынын ээси болуп саналат. Сент-Луис университети ага ардактуу профессору деген наам ыйгарылган, ага АКШга келип иштөө чакырыгы менен бирге «Профессора-визитер» деген диплом тапшырган. Жумабеков – 360 илимий эмгектердин, анын ичинде 60 ойлоп табуунун автору болуп эсептелет. Ал илимдин 27 кандидатын, 4 докторун даярдап чыгарды. Эл аралык планетаризм институту анын ысымы менен жылдыздын бирин атоону ылайык көрдү. Мындан ары деле ал татыган регалийлерди улантып санай берүүгө болот эле дечи, бирок ал көп убакытты талап кыларын эстен чыгараганыбыз дурус.

Сабырбек Жумабеков Талас облустунун Кара-Буура районун Сатыкей деген айылында 1964-жылдын 11-августунда төрөлгөн. Бала 8 жашка чыкканда атасынын буту сыздап катуу ооруп калат. Атасы уйкудан калат, катуу кыйналат, кочуштап дары ичсе да ооруган жери басылбай коюптур. Акырындап сыркоосунан айыгып кет-

кендей болгон, асресе, жаз менен күз маалында оорусунун кайталанышы өнөкөткө айланып кетет. Ар жыл сайын Иса Ахунбаевдин клинкасында дарыланууга шаарга келип туруууга аргасыз болгон экен. Оору үч жыл бою создуктуу, арийне, Сабырбектин атасы кыйналса да чыдаганга аргасыз болду. Жергиликтүү ооруканада Улуу Ата Мекендик согуштун ветераны Анарбек Ибраимов хирург болуп иштечү. Мына ошо врач атасынын бутунун шишигин жарып карап көрөт. Ириң оргуп чыгат. Оору адаттагы эле гематогенный остеомиелит – сөөктүн чучугунун суук тийип ооруганы эле. Бир айдын аркы беркисинде атасы бутунан туруп басып кетти. Тестиер Сабырбек ошондо таң калаган болчу – эмне үчүн сөөккө дагы залака тийет деп. Ал кезде көп нерсеге түшүнбөптүр. Мына ошондон кийин бала сөөк врачы болууну негизги максат кылып коет.

Жумабековдордун үйбүлөөсү көп баш болчу: 11 бала--7 төө эркек, 4 кыз. Келечектеги атактуу хирирургдун ата-энеси айылдагы карапайым катардагы колхозчулардын бири болчу – атасы адегенде бригадир болуп көп жыл эмгектенди, кийин башкарма болуп калды. Ал кезде Сатыкей айылы Талас обулусундагы эң кичинекей айылдардын бири болчу – бар болгону 40 жакын түтүн. Айыл Казакстандын чегинде жайгашып жашоочулар өлкөдөн обочолонуп бөлүнүп калгандай сезишчү. Бул жерде 70 жыл бою кыргыздын телеканалардарынын берүүлөрүн көрүшкөн эмес эле. 30 жыл Сабырбектин атасы башкарма болуп турган тушта биринчи жолу телетранцляторлуу телемунараларды орнотушту, мектеп курушту, мечит менен стадион салышты, жабык спортзалга ээ болушту, сугат каналдарын казышты, жол салышты.

90-жылдары Союздун ыдырашы менен өлкөдө «кимди ким көрдү быржыбайды там басты» болгон хаос башталды. Казакстандан келген кылмышкерлер таламандын так түшүндө айылдан үйүр үйүр жылкы менен, короо короо койду айдап кеткен күндөрү болду. Артисбек Жумабеков Бишкекке барып кирбеген чиновниктердин кабинети калган жок. Ал чиновниктерге чек ара заставасы үчүн мечиттин имаратын бөлүп берүүгө даяр экенин, солдаттар эле болсо

иш өз жайына келерин айтып жатып тили тешилгендей эле болду окшойт. Акыры, айылга аскер бөлүгүн жиберишти. Бирок солдаттарды абалы боор ооругандай эле оор эле – же кийим кечеси, же курал жарагы болсо десең. Ошондо башкарма ар бир түтүнгө бирден солдат бекитип берип фермерлер аларды ичиндирип, кийиндирип турууга арагасыз кылат. Айылдагы болгон мылтыктарды жыйнатып алып солдаттарга таратып берет. Уулунан Бишкектен керзи өтүктөрүн, камуфляж кийимдер, чылгоолор жиберүүнү өтүнгөн учурлары болду. Артисбектин өзү солдаттар менен бирге түнкү рейдерге чыгууга мажбур болгон учурлары көп эле. Ошентип үч жыл бою айылдыктар солдаттарды багып турушту. Азыр айылда солдаттар үчүн казарма, офицерлер үчүн үйлөр курулган. Чек ара ишенимдүү коргоого алынган десе болот. Чек арачылар мына ушундан кийин Артисбек Жумабековдун ысымын заставага берүү сунушун көтөрүп чыгышкан эле. «Менин атам өз өлкөсүнүн чыныгы патриоту, чыныгы гражданини болчу»- дейт сыймактануу менен хирург.

Сабырбека Жумабековдун айтымына караганда мүнөзү жагынан атасын тартыптыр: атасы талыкпаган эмгекчил адам эле, көктүгү менен ар дайым кыйынчылыктан чыгуунун жолун издегени, мээнеткечтиги жагынан ага эч бир айылдаштары тең келбес. Балдарды тарбиялап чоңойтуу апасынын моюнунда эле. Ал аябагандай таза, кыл жугузбаган дыкаат адам болчу дейт врач. Балдары бир жолу суук тийип пневония, бронхит, атүгүл ич откок менен ооруган болгон жок. Апасы үй тиричилигин бир жаңсыл иретке келтиргенден кийин гана баарынан кийин жаздыкка башын коер эле дейт врач.

Тогузунчу класстан окуй баштаганда Сабырбектин атасы аны үйдөн 15 чакырым алыстыкта жайгашкан чоң мектеби бар Аманбаево деп аталаган ири колхозго жиберет. Көп убакыт өткөн жок мугалимдер тырышчак жана талантуу баланы мисал кылып айта башташты: «бул кичинекей айылдан келген бала аябагандай жөндөмдүү экен, робот сыяктуу окуйт тим эле». Барабар класстагы ичи тарыган балдар жалаң беш менен окуган баланын сазайын берип коюу үчүн сабап коюдан тартынышчу эмес. Бул жыл Сабырбек үчүн

сибир каторгасынан артык кыйноо болду. Күн сайын мушташ, көгөрбөгөн жери калаган жок. Бирок ал ар дайым катылгандын катыгын берип беш менен окуганнын таңган жок.

Мындан кийин баланы ата-энеси Жаңы-Төбө деген айылдагы интернатка жөнөтүшөт. Чоң энеси жашаган үй мектептен 3 чакырым жерде болчу, бирок тестиер бала интернатта калууну артык көрдү. Себеп дегенде жолдо жаман балдарга кошулуп алып арак ичип, тамеки чеккенге үйрөнмөк. Максатсыз ишке убакытын короткмок болчу. Интернатта баардыгы уйкуга киргенде Сабырбек бош турган тынч коридорго чыгып алып светти күйгүзүп китеп окуганды адат кылып алды. Ар бир кечте балдардын режимин текшерип турууну милдетим деп эсептеген интернаттын директору Сабыр китеп окуп жатканын көргөндөн кийин бары жайында экен деп үйүнө жөнөчү. Сабыр физика, биология боюнча китептерди, ошондой кошумча сабактарды окуучу. Жогорку окуу жайына тапшырууга даярдана баштады.

Өз алдынча даярдануунун аркасы менен мектепти бүткөн бала Фрунзедеги召 мединститутка шыр тапшырып өттү. Алибетте алгачкы күндөрү кыйын эле болду дечи, Сабырбек орус тилин жакшы билчү эмес. Асресе, чыдамдуулук менен талыкпастык өз жемишин бербей койбогон жок. 1987-жылы жогорку окуу жайын аяктагандан кийин Крым медициналык институтунун (Украина) травматология жана ортопедия кафедрасында окуй баштайт. Жаш жигитке оңтой берди болуп легендардуу Илизаров менен бир катарга коюп келишкен союздагы мыкты хирургдардын бири Александр Иванович Блискуновдун колунан сабак алууга тура келди. Бул киши тек гана атактуу врач-ортопед болбостон эң сонун мугалимдердин бири эле. Окуучуларына катаал талап койгондугу менен айырмаланчу: эгер ким анын күтүп үмүт кылганын актай албай калса дароо кубалап тыштоочу дешет. Сабырбек күн-түн дебей эмгек кылды. Ал ооруканада бүт убактысын өткөрдү десек болот. Түндө үйүнө кетпей калып да калчу. Эки жылдык «оорукана» турмушунда башкалар ондогон жылдар жетише албаган тажрыйба топтоду. Блискунов планерка

болуп калганда «Эй еврейлер, кантип иштеп, эмгек этүүнү мына бу кыргыздын еврейинен үйрөнгүлө. Ал келечекте биздин институтун лидери болоруна шек кылбайм» деп айтып калуучу дешет.

25 жашында кыргызстандык Сабырбек Крымдын ойлоп табуучулар жана рационалистердин конкурусунда жеңишке жетишет. Мындан кийин 1989- жылы Донецки шаарында өткөн жаш илимпоздордун жана адистердин Бүткүлсоюздук конкурусунда колду буту узартуу боюнча жасаган доклады үчүн экинчи лауреаттык орунга татыйт. Кандидаттык диссертациясын 26 жашында, ал эми, докторлук диссертациясын 30 жашында жактады. Бир кыйла адистер мындай эрте ийгиликке жетишкен жаш окумуштууга шектенүү менен карашчу. Ал ишин окуп көрүү үчүн бергенде 35 жашка келдим деп жалган айткан учурлары болду. Ошентсе да окумуштуулар мындай олутту иште ал баары бир жаштык кылаарын дайым айтып келишээр эле. Бирок, да анын ишин окуп көрүшкөндөн кийин пикирлерин жаш окумуштууга карата кардиналдуу түрдө өзгөртүшчү.

Докторлук диссертациясын ал Союзда эң мыкты деп эсептелген И.М. Сеченов атындагы медициналык академияда жактады. Залда чачтарын ак баскан академиктер отурушуп өздөрүнчө бири биринен сурап жатышты «бул өзү ким деген эме, ыя. Канча жашта экен кайра кайталап айтчы» дешип. Жаш окумуштууга илимий наам берүү үчүн добуш берүүгө келгенде бир ооздон колдоп чыгышыты.

Сабырбек Жумабеков бүт дүйнөнүн ооруканаларында колдонулуп келеткан ондогон патенттердин автору болуп эсептелет. Ал өзү ойлоп тапкан ачылыштарын башкаларга ыраа көрбөй катып алгысы келбейт, врачтарды бары колдонушу үчүн Интернетке ачык илип койгон. Ушундай жол менен Кыргызстандын Жумабеков башкарган травматология жана ортопедия Борбору дүйнө медицинасынын өнүгүшү үчүн өзүнүн салымын кошуп келет.

Атасынын жолу менен баруунu уулу Марсел дагы көздөп жүрөт. Ал дагы атасы Сабырбека Артисбекович сыяктуу ортопед болууну самайт. Улуу баласы Салморбек Москвадагы ФСБнын академиясын аяктаган, кызы Салтанат тышкы иштер министирлигинде кызмат

кылат, ал эми эң кенже кызы Жамила мектептен окуйт. Көп балалуу ата уул-кыздарын тарбиялап киши кылган аялы Розага терең ыраазы. Анын колдоосу болбосо мынчалык ийгиликке жетиш кыйын эле дейт атактуу академик.

Белгилүү хирургду саясатчыларга караганда телевизордон көбүрөөк көргөзгөнүнө байкоого болот. Буту колу кумурскаладыкындай башка тарапты көздөй өсүп кеткен чегирке-адам деп аталып кеткен кишини кантип дарылап айыктырып чыгарганы бизде гана эмес көптөгөн башка өлкөлөрдө сенсация жаратканына өзүбүз күбө болбодукпу. Арийне доктор атак даңка кайдигер. Бул телеберүү адамга үмүт артуу керектигин эскертүү үчүн керек. Ал кандай сыркоо болбосун жардамга келүүгө, чөгүп кеткенден арачалап калууга даяр.

# Аракелян Ольга Владимировна

*Жошоонун өзү ажайып*



Ал педогог бул дүйнөгө оң эмоциянын зарядын алып келүү милдетин аркалап жүрөт деген бекем ишенимде. Мугалимдер анын баскан турганын шырп эттирбей кунт коюп турган окуучуларга үлгү болуш керек. Ольга Владимировна өз үйүң өлөң төшөгүң экенине б.а. өз мекениненң артык жерди таба албастыгына ишеними чоң. Наалыгандын ордуна көп иштешиң керек, ошондо гана максатыңа жетесиң, ошондо гана сенин кайсы улутка кирериңдин эч кандай мааниси жок болуп калат. Бир гана профессинализм менен өз ишиңе чын дилиң менен берилгендик талап кылынат.

Ольга Аракелян 1964-жылы Фрунзеде туулган. Анын чоң атасы, ал дайыма сыймык менен эскерген Аракелян Осип Григорьевич, Пишпек шаарына аялы менен өзү мезгилинде айыл чарба академиясын бүтүргөн Мичуринскиден көчүп келген. Ал алманын 15 жаңы сортун чыгарган адам. Анын карлик сорттуу алмалары республиканын бакчаларынын көбүндө болобосо жарымысына отурзулган десек болот.

Аркеляндын үй-бүлөөсү Селекционное деген станцияда жашап турушчу. Аларга жылуу, абасы таза күнөстүү өлкө абдан жагып калды. Ошентип калып калуунун чечишти. Бул жерде алардын үч баласы төрөлдү. Балдардын бири Владимир Осипович Аракелян, Ольганын атасы. Болчоктогу педогогдун энеси Татьяна Борисовна Куприянова, Чечен республикасынын Грозный шаарынан келген болчу. Ольганын ата-энеси Фрунзедеги политехникалык институтунда чогуу окуп жүрүшкөндө таанышкан экен. Кийин бири бири

менен баш кошушат. Жаш адистер Токтогул ГЭСин курулушуна жөнөшөт. Андан соң Ольганын энеси «Киргизглавэнергодо» бүт өмүр бою инженер болуп иштеди.

Ольга эки жашка келгенде трагедия болуп өттү – анын атасы аварияга кабылып каза болот. Ошондон кийин аны тарбиялап өстүргөн чоң атасы болуп калды.

Кичинекей кезинде Ольга Аркелян куунак кыз болчу, маскарпоздонгонду жакшы көрөр эле. Анда күжүрмөн энергия бар болчу, жаны бир тынып койгон учуру болгон жок, өзүн кандай ишке жумшаарын билчү эмес. Кийин ал коомдук иштерге баш оту менен кирип кетти, комсомол комитетинин курамына кирди, уюштуруу иш чаралары менен алек болду. Кийин гана ар бир иште профессионализм талап этилерин түшүнө баштады. Билимсиз өз ишинди мыкты билишиң мүмкүн эмес деген жыйынтыкка келет. Ошондуктан ал окуу китептерине болгон күчүн салат.

Кийин мектепте пионер вожатый болуп калат. Бул болсо чыгармачылык иштердин катарына кирет эмеспи. Жети жыл бою ал түрдүү иш чараларын уюштуруу жана өткөрүү менен алектенди. Андан соң ал мектептин мугалими болуу тилеги пайда болот. Мугалимдин эрдиги окуучуну ал каалабай моюн толгосо да аны билимге үйрөтө билүү жөндөмүндө турат. Ольга үчүн кимдир бироонун окуп үйрөнгүсү келбегени таптакыр түшүнүксүз эле.

Ошентип ал мектептеги иши менен коштошот. 1982-жылы «учитель русского языка и литературы» деген кесип боюнча жогорку жайына документин тапшырат. Ошо эле кезде иштеп да жүрдү. Кийин КГНУда сырттан окуп психолог деген кесипке ээ болду.

Жогорку окуу жайында лекторлордун бири педогикага тарыхты жасаган позициядагы адамды коюу керек деп айтканы эсинде калыптыр. Бул сөз Ольганын жан дүйнөсүнө дүрболөң салган фраза болду десек болор. Анын айтымында азыркы кезде өлкөдө чыгармачылык адамдарга жетиштүү. Эгер ар бир адамга талантынын ачылышы үчүн мүмкүнчүлүк берилсе анда республика таанымбастай болуп өзгөрмөк. Бул ой кийин Ольга Аркеляндын жашоосунда башкы принципке айланды.

«Жашоо дегендин өзү эле ажайып жана таң калычтуу. Мен турмуш жолумда мага жолугуп баарлашкан адамдардын баардыгына ыраазымын. Дүйнө күзгү сыяктуу: ага канчалык өзүңдү ыроолосоң, ошончолук кайтымын аласың. Бул менен абсолюттук жашоо позициям. Бактылуу адамдын жанындагы киши бактысыз болушу мүмкүн эмес. Ал эмес эгер бактылуу адамдын жанында бир эле минут туруп көрсөң эле сен кубанычка бөлөнүп көңүлүң көтөрүлүп кеткенин сезбей койбос элең», -дейт бегилүү педагог.

Он жыл өткөндөн кийин аны тагдырдын буйругу «Таберик» музыкалык театрга алып келди. Буга дейре ал райондун чыгармачылык үйүндө иштеп жүргөн, ал жактан шаардын өздүк чыгармачылык борборуна өтөт. Бул жерде 30 жыл бою «Таберикти» жетектеп келген Галина Владимировна Светличная перспективдүү кадр катары жетекчилердин көзүнө илинет. Ошону менен Ольга Аракелян легендардуу ансамблдин көркөм жетекчиси болуп калат. Анын тагдыры ошо күндөн бери «Таберик» менен ажырагыс байланыштуу.

Элди тамшандырган бул коллективдин тарыхы 1957-жылы 6-апрелде ар бири өз өзүнчө иш жүргүзгөн кружоктордун башы кошулуп Кычан Жакыпов атындагы бирдиктүү ыр жана бий ансамбли түзүлгөндө башталган болчу. Азыр «Таберикте» 500 адам бар. Балдар ыр, бий, сценалык чеберчилик, ораторлук искусство менен алектенишет.



«Таберикке» каалагандардын бары кабыл алынат- ылгоо-тандоо деген жок. Бир гана шарт: сабакка себепсиз келбей коюу деген болбош керек, педогогдун берген тапшырмасын так аткарууга милдетүүсүң. «Табериктеги» балдардын турмушу көңүлдүү тумуш, кийин алар «Таберикти» унутуп коюшу кыйын, мүмкүн да эмес. Буга чет элге болгон концерттерге катышуга жол ачкандгы эмес, ар бир кыз-бала өз алдынча болууга шарт түзүлгөндүгү өбөлгө. Ата-энелердин айтымында «Таберикте» тарбияланган кичинекей балдар кичинекей кездеринен жоопкерчиликке үйрөнүшөт, көбү тез эле ийгиликке жетишкенин байкайсың.

Тыштан профессионалдарды чакырууга келгенде театр эч каражат аябайт. Мисалга айтсак, балдар түзгөн элге белгилүү номердин бирин «Ак Марал» коллективинин көркөм жетекчиси Мелис Асылбашев койгон эле. Театрга борбордун балдарга сценалык искусствону үйрөтүү, сөздүн тактыгын өнүктүрүү боюнча сабак берүү үчүн борбордун артистердин келип турушу адатка айланган. Ошонтип балдар менен чыныгы элдик артистерден таалим алып, билимге жана жөндөмгө үйрөнүшөт. Кай бир татаал жанр болгон комедианттын чеберчилигин тандап алган тарбиялануучулар да кезигет. Эгер алар тандап алган артистик жолдон майнап чыкпаса да алардын кийинки жашоосунда пайдасы тийбей койбостугу талашсыз.

Он жыл болуп калды, «Таберик» Оман султанатына үзбөй барып келүүдө. Аптаптуу Оман элине бул коллектив ушунчалык жагып калаган экен алар кыргызстандыктарды өздөрүнүн эсебинен 40 күнгө чакырып алышы адатка айланды. Биздин балдар үй-бүлөө Фестивалына да катышышат. Ал жерде ар кайсы олкөлөрдөн келеген бий ансабльдери чогулат. Кыргызстандыктар көп саатка созулган сонун программалары менен эл алдына чыгышып концерт коюшат. Мындай урмат сый башка өлкөлөрдө сейрек болоорун белгилоо керек.

Коз карандыксыз алган жылдары ансабль бир топ өзгөрүүгө дуушар болду. Азыр алардын концерти Бродвейге коюлуп жүргөн шоуларга окшошуп кетет. Асресе, ар дайым осүп озгорүп туру муктаждыгы бар. Мисалы балдар өздөрү көлөко театрынын стилиндеги номер коюунун демилгесин котөрүп чыгышты. Натыйжасы отө кызыктуу.

Таберикчилерде идеялар жетиштүү. Алар Бишкекте бразилия карнавалына окшогон, кийин традиция айланып кете тургандай көчө фестивалын уюштуруу аракеттери бар. Бар болгону биздин граждандардын жашоого болгон мамилесин өзгөртө билүү керек. Барселонада, айтсак, танапис убагында стихиялык түрдө көчөнүн кан боюнда майрамдык фиеста пайда болот эмеспи. Баардыгы: жашы болобу, улгайганы болобу, баласы болобу, семизи-арыгы болобу бири калбай бийлеп киришет. Адамдар жашоого болгон ыраазычылын билдиришет, өлкөгө, шаарга, тарыхка тиешеси бар экендерин сезишет.

Ольга Аракелян сүйүктүү Бишкеги бир кездерде региондун гана эмес, бүт дүйнөнүн туристерин жана бийди жакшы көргөндөрдү өзүнө магниттей тарткан маданий борборго айланат деп кыялданат.

«Мен чыгармачылык конкурус дегендерди таптакыр түшүнбөйм, өзүңөр калыс болгула, кантип таланты бири бири менен салыштырса болот, анан да судья дегендери кимдер? Мисалы эл аралык конкрустарда балдар түрдүү улуттук бийлер менен бири менен мелдешет. Бул туурабы? Мейли дейли, спортсмендер, чоң кишилер мелдеше беришсин. Ал эми балдардын жан дүйнөсүнө киришип эмне кереги бар. Кээде регионалдык белгилерине карап турушуп жеңүүчүлөрдү аныкташкан учурлары болот. Бир жолу татыктуу болсок да биринчи орунду бербей коюшту, себеби регионалщиктерди колдоо керек болчу. Мен катуу капа болдум, балдар үчүн ызаа болдум. Мындан кийин «Табериктин» балдары конкуруска азыраак катышса катышсын, бирок жашоосу кызыктуу жана жандуу болушу үчүн болго күчүмдү аябайм деп өзүмө сөз бердим.

Биз жайгашкан имаратыбыз боюнча кыйынчылыктар бар. Биздин ансамбль төрт топтон турган бала бакчанын эски имаратынын кичинекей бөлмөсүндө баш калкалап турат. Бирок буга карабай балдардын ата-энелери бизге алып келишип, жаан болуп турабы, мээ кактаган ысыкпы көчөдө чыдап күтүп турушат.

# Алафердов Акиф Кадырович

## *Кыялын ишке ашырган өлкө*



Анын накта фамилиясы Аллахвердиев (Кудай буйурган дегенди билдирет). Анын ата-энесин, чоң атасы менен чоң энеси саясый мотивдер менен Азербейжандан көчүрүлүп алынып кеткени кезде, НКВДнын кызматкерлери жаңы берилген документке фамилиясын орус транскрипция менен жазышыптыр. Анда чекистер өздөрүнүн болгон акылдарына ченеп алышып «саясый жактан туура болбой» калат дешип «аллах» жана «түрк» деген сөздөрдү чийип ташташкан экен.

Анын атасы Кадыр Аллахвердиев менен энеси Күлзар Азербейжанда туулушкан. Репрессия мезгилиндеги 1933-жылдары алар кичинекей балдар экен. Ал кездеги зордук менен көчүрүлгөн азербейжандардын сан эсеби 100 миңдеп саналат. Аларды Казакстанга сүргүнгө айдашат. Акмоло обулустунун Шортанды станциясынан алыс эмес жерде мал ташыган вагондорду ачып ичиндеги кишилерди санап көргөндө бир нече миңдегендери элс калыптыр. Калгандары жолдо суукта жана ачкачылыктан башка дүйнөгө аттанып кетишиптир. Кырылып калышкан экен. Акиф Алафедиевдин чоң атасы, чон энеси, ошондой эле ата-энеси эптеп аман калышыптыр. Аларды Кыргызстанга келгенде жерге түшүрүшүп эмне болсоң ошо бол дешип кое беришет. Чоң атасы мекенинде бай купецтерден болгон экен, чыгыш өлкөлөрү жана Англия менен соода-сатык иштерин жүргүзүптүр. Репрессиялангандардын, айтымдарында, коомдун каймактары (элитасы) экен – теги жакшы, билимдүү кишилер сүргүнгө айдалышканы белгилүү.

30-40-жылдары Кыргызстанга азербейжандар эле эмес ингуштар, чечендер, карачайлар, дагестандар, түрк-месхетиндер дагы депортацияланган болчу. Кыргыз жеринде баарына тең орун табылды, эч кимди бөлөк бөтөн дешип чанышкан жок. Бул болсо кезегинде кыргыз элинин толеранттулугуна, гумандуулугуна күбө болуп бере алат. Анан да көчүп келгендер жергиликтүү эл бир катарда ийиндешип эмгек кылышып элдик чарбаны көтөрүүгө салым кошушту: Чоң Чүй каналын кетмен менен казышты, саздарды кургатып айдоо жерине айландырышты, айыл чарбасында талыкпай эмгек этишти.

Азербейжандан алып келингендер Чүй облустунда отрукташат, ал эми Грузиядан айдалгандар болсо Ош обулустунда жайгаштырылат. Азыркы кезде республиканын түштүгүндө 2 миңден ашык грузиндик азербейжандар жашайт.

1937-жылы сталиндин желдеттери жаш Кыргыз Республикасынын жаңыдан пайда болгон улуттук элитасы менен бирге Иран менен Турциянын пайдасы үчүн шпионаж жасашкан деген айып тагышып 38 азербейжанды атууга буйрушту. Бирок репрессияга карабай Кыргызстандын азербейжандары 1942-жылы башкалар сыяктуу эле фронтко жөнөшот.

1956-жылгы чейин эле азербейжандар үчүн спецкомендатуранын тыю салган эрежеси сакталып келген болчу. Бул болсо окуганга жана иштегенге каскагын тийгизип жаткан. Хрущевдун «оттепели» башталгадан кийин окууну самап жүргөн көптөгөн азербейжандар илим-билим алууга жан дили менен киришишти. Ошону менен кыргыз азербейжандарынын интеллигенциясылык катмары түзүлө баштады. Азыркы кезде илимий жигери кыйла жогору десе болот; үч илимдин доктору, 21 илимдин кандидаты, түрдүү эмгек тармактарында 9 эмгек сиңирген кызматкерлер бар. Үч азербейжан анын ичинде Акиф Кадырович «Даңк» медалы менен сыйланышкан.

Акиф Алафердов Чүй облустунун Кант шаарында тулуп өскөн, азыркыга дейре ошо жерде жашайт. Атасы айыл чарба тармагында эмгек кылды, кийин соодада иштеди, энеси болсо үйүндө беш баланы чоңойтуп, тарбиялап чыгарды.



Мектепти аяктагандан кийин ал Карагандадагы медициналык иниститутка тапшырып аны 1972-жылы аяктайт. Кыргызстанга кайтып келип травматология жана ортопедия клиникасында врач-ординатор болуп эмгек жолун баштайт. Акиф Кадырович 30 жылдан ашык ушу ооруканда эмгек этти. Жыл сайын анын бөлүмүнөн миңдеген пациенттер дарыланып чыгышты. Ооруканга республиканын бардык булуң бурчтарынан оорулуулар келип дарыланышат.

1986-жылы ал кандидаттык диссептациясын коргойт. Ага дейре Акиф Алафердов тандап алган диссертациясынын темасы боюнча ондогон рационалдык сунуштарды, методикалык рекомендацияларды, ойлоп табуну (фиксатор деп аталаган) даярдаган эле, 400дөн ашык операциялады жасаган болчу. Фиксатор боюнча ойлоп табуусу Москвада атайы беделдүү комиссия тарабынан каралып бекитилген.



1987-жылы Акиф Кадырович Медициналык институттун алдындагы Окумуштуулар советинин эң жаш мүчөсү болчу. «Тагдыр буюруп медицинанын корифейлери Мамакеев, Неля Ахунбаева, Намазбеков, Ражинский, Червинскийлер менен бир катар иштешүүгө туура келди. Бул мезгил менин тагдырымда чыгармачылыктагы жана пикир алмашуудагы кубанычтуу жана сыймыктуу учур болду»,- дейт белгилүү хрируг.

1988-жылдан 1993-жылдарга дейре медицинадагы рационализация жана ойлоп табуулар боюнча бюронун төрагасы болуп иштеди. Ооруларды дарылоо боюнча көптөгөн идеялар жана сунуштар болду, врачтар жаңы жабдууларды иштеп чыгышты. Алафердов дагы кол куушуруп отуруп алган жок. Жамбаштын кыйыгынын жана жамбаш сөөктөрүнүн медалдык сыныгын айыктыруунун жолдору боюнча монография жазып чыкты. Ал андан башка орулууну өзүнүн сөөгү менен сынган сөөктү калыбына келтирүү антомиясы идеясын пропогандалоо ишин колго алды. Сыныкты калыбына келтирүүдө кандын көп агышын токтото турган оорунун ырбап кетшин алдын алган кичинекей операция жасоо жетиштүү болот деген идясын көтөрүп чыкты. Ал идея кеңири колдоого ээ болду.

2003-жылы Кыргызстандын эмгек сиңирген врачы деген ардактуу наамга татыйт. Персоналдык пенсияга чыкты, бирок эмгек сиңирген эс алууга биротоло чыгып үйүндө жатып алууну ылайык көргөн жок – азыркыга чейин коллегаларын консултация берген

ишин таштай элек. 1997-жылдан баштап Кыргызстандагы азербейжандардын «Азери» коомдук бирикмесинин торагасы болуп кызмат кылат.

Уюмдун алкагында «Улдузлар» , ансамбли түзүлгөн. Артистер улуттук майрамдарда, Кыргызстандын официалдуу салтанаттарында эл алдында өнөрлөрүн көргөзүшөт. Азербейжандар компакту жашаган Сокулук менен Кантта азербейжан тилиндеги мектептерди ачлышына анын кошкон чоң салымы чоң. Бул мектептерге бир гана азербейжандын балдары эле барып окушпайт. Башка улуутун балдарына да эшик ачык.

2013-жылы Кыргызстанга азербейжандарынын көчүрүлүп келип байыр таап, тамыр жайышына 80 жыл толот. Бул жылдары жаңы мекенинен кетип калгандар болду. Бирок чанда гана. Акыркы эл катоо боюнча республикада 17 миң азербейжандар жашап турат. Алардын саны азайган жок, тескерисинче көбөйүүдө. Акыркы жылдары Азербейжандын Тоолу Карабахтан миграцияланып келип Кыргызстанга отрукташкандар пайда болду.

Азербейжанда улуу кыргыз жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгын жогору баалашат. Анын 80 жылдыгы Бакуда татыктуу тосулуп майрамдалды. Алафердов жогорку деңгелде кабыл алынган биздин классикти өзү коштоп барганын айта кетүү керек. Акыркы кездери эки өлкөнүн мамиле катыштары жаңы баскычка чыкты. Элчиликтер ачылды, биримдешкен ири өндүрүш объектилерин түзүү боюнча сүйлөшүүлөр жүрүп жатат.

Азыр Акиф Кадырович 65 жашка аяк басты. Жакында анын уулу кыргыздан колукту алды. Белгилүү врач кыргыздардан куда күткөнүнө кату ыраазы. Анын пикиринде эски ишенимге байланбаган жаңы муун пайда болууда. Улуу кызы доктор болуп калды, кенже кызы музыкалык мектепти «беш» менен аяктады..

«Кыргызстан –бул улуу өлкө, бул жерде булак дарыя сыяктуу агат, мындай жер дүйнөнүн эч бир өлкөсүндө жок. Мен үчүн Кыргызстандан башка альтернатива жок»,- дейт атактуу доктор.

# Афонина Галина Федоровна

*Эненин жүрөгү*



Күндөрдүн биринде Галина Федоровна троллейбуста келеткан. Анда ал шаардык кеңештин депутаты болчу. Салонго кирген бир аял токтоно албай эчкирип өзүнчө ыйлап жиберди. Экөөнүн ортосунда алым сабак сөз чыгып кетти. «Сизге кандай жардам бере алам» деп сурады андан Афонина. «Кеч болуп калды, жардам бере албайсыз» деди беркиниси. Көрсө аялдын баласы армиянын катарында кызмат кылчу экен, ал жерде катуу сабап ташташыптыр. Ал азыр өлүм менен өмүрдүн ортосунда ооруканада реанимацияда жаткан экен. Кийнки күнү Афонина горкеңештин чогулушунда чыгып ушул окуяны аңгемелеп айтып берди. Коллегалары атайы комиссия түзүүнү сунуш кылышты. Бирок, бара-бара комиссия түзүү жетишсиз экендиги билинди. Ошентип акыры солдаттардын энелеринин комитети пайда болду.

Галина Афонина Фрунзе шаарында 1940-жылы төрөлөт. Атасы милицияда оперуполномочу болуп иштеп жүргөндө аны үй-бүлөөсү менен Кыргызстанга чакырып келишет. Кыргызстандан фронтко кетип, ошо боюнча кайтып келген жок. Галина Федеровна анын сөөгү кайда жатканын эмдигиче билбейт. Айрым бир маалыматтар боюнча атасы кан майдандын биринде Россиянын Самара областында каза болгон.

Анна Даниловнанын энеси – белгигилүү стахановчу, өмүр бою эт комбинатында эмгек кылган адам экен. Аны бир нече жолу райондук советтин депутуты кылып шайлашкан. Афонинанын айтымына караганда таң кала тургандай киши болуптур, аял да болсо чыдап көптөгөн оор сыноолорду башынан өткөрүптүр.

Афониннанын эскерүүсү боюнча балалык кез ачкачылык учурга туш келди. «Ошентсе да ал кез бактылуу балалык болчу», - деп эскерет Афонина. Ал кичинекей кезинен баштап эле ырга шыктуу экен. Бирок, кийин негедир мугалимдин кесибин тандап алды. Ал Макаренконун эмгектери менен жакшы тааныш болчу. Окууну бүткөндөн кийин такшалган пионерважатый катары райкомкомсомолго чакырышты. Балдар эмгек колониясында тартипти чыңдоо деген партиялык тапшырма беришити. Кыз кезинде эле тың эле чыгып, өзүнө теңдүү эркек балдарга жемин жедирчү эмес. Мүнөзү ошондо эле калыптанганы байкалат.

Колонияда балдардын, белгилүү эмеспи, тартиби жагынан аксаганы анык. Алардын ичинде адам өлтүргөндөр, зордукчулар менен уурулар көп эле. Бирок, Афониннаны хулигандар биринчи күндөн баштап сыйлап калышыты. Атүгүл комсорг кылып шайлашты. Кийин көп убакыт болгондон соң мурдагы тарбияланган балдар жөнүндө маалымат алып көрдү. Далайы оңолуп тура жолго түшүптүр, далайы түрмөдө өлгөн экен.

Беш жыл өткөндөн кийин ал кызматтан кетүү үчүн арыз жазат. Ички иштер министри Масковдун өзү аны кое бергиси келеген жок, атүгүл университетке тапшырууга жардам берери жөнүндө убада кылып жиберди. Энеси кызынын кийинки кездери орой боло баштаганын байкаган эле. «Кыздын кыздай болгону жакшы» деп көп айтчу.

Кызматтан бошонгондон кийин ал КГУнун филология факультетине документин тапшырат. Журналист болгусу келген эле. Тилекке каршы, ошо кезде журналистика бөлүмү жабылып калган болот. Афониннанын алдында эки жолдун бирин--библиотекар же орус тили жана адабиятынын мугалими болууну тандоо керек эле. Ал экинчисин тандап алды.

Студенттик жылдары Афониннанын эң бактылуу учуру болду. Бир жолу окуу жайынын жеңил атлетика боюнча курама командасын Кара-Суу районунна пахта терүүгө жиберишти. Жаштарды жыланач ээн талаага алып барып таштаашты. Алчыкта жашаганга, тамакты очокко

от жагып даярдаганга туура келди. Тынбай нөшөрлөп жааган жаан менен ылай жадатып көкөйгө тийди. Ошондо Афонинина демилге көтөрүп чыгып, жолдошторун наразылык акциясына чакырат. Бул болсо студент кыздын биринчи жолку советтик иш таштоосу эле.

Студенттер чыгарган бунт райондо чуу чыгарды, дүрбөлөң түшүрдү. Оштон атайы чоң начальник келип иштин чоо-жайын аныктоого киришти. Ким бул чагымды көтөрүп деген маселе кырынан туруп калган эле. Студенттер эч ким чагым жасабаганын, өздөрү наразы болуп көтөрүлүп чыгышканын бир ооздон айтып чыгышты. Бир сөз менен Афонинаны сатып жиберишкен жок. Кийин аз да болсо, жамандыр жакшыдыр шартты жакшыртып беришти. Чайханада түштөндүрүп, баняга жуунуп тазаланып алууга шарт түзүштү.



Жеңишке жетишкен студенттер мындан соң ишке шымаланып киришип, планды ашыгы менен аткара башташты. Студенттерге ыраазы болгон колхоздун жетекчилери самолет менен үйлөрүнө чейин жеткиришкен эле.

Дипломду аларда аны деканатка чакырышып кайкка жиберилерин аныкташмак. Адегенде «партиянын катарында турасыңбы» деп сурашты. «Жок, партияда эмесмин» деп жооп берди Афонина. «Өкүнүчтүү, завучтун вакансиясы бар эле» дешти комиссиянын мүчөлөрү. Афонинага университетте окуп жүргөндө эле партиянын катарына кирүүнү сунушташкан. Анда ал даяр эмесмин, тажрыйба топтош керек деп эсептеген эле. Аны төртүнчү орто мектепке жиберишти. Параллель үч жетинчи классты беришти. Класстагы балдар тартиби аксаган окуучулардын катарына кирер эле, бирок алар менен жаңы мугалим тез эле жалпы тил табышып кете алды.

Кийин аны поварлар, кулинар, официанттарды даярдаган № 112 профтехучилищага кызматка жиберишти. Бул жерде республика-

нын жетекчилиги тамактанган эң мыкты деген ресторандарага кадрларды даярдачу. 1974-жылы Москвадагы кондитердик тамак аш көргөзмөсү ачылып ага коллегалары менен кошо барат. Кыргызстандын көрсөткөн тамак-аштарына чет элдиктер суктанышыканын жашырышкан жок. Канадалыктар, мисалы үй-бүлөөсү менен келип чет өлкөдө иштеп беришин суранышыты. Эч ким ага көнгөн жок, бири калбай баардыгы баш тартышты. Кийин гана алардын бирөө жөнөп кеткени белгилүү болду. Афонина кантип мекенин таштап бөтөн элге кетип калууга болот деп таптакыр эле түшүнбөй таң калып жүргөнүн айтат.

Бир жолу училищанын коллективи Афонинанын талапкердигин шаардык депутаттар кеңешине көрсөөтүүнү чечишет. Бир орунга 19 адам талапкер болуп конкуренция чоң болчу. Арасында райондун бөлүм башчысы, фабриканын директору сыяктуу талапкерлер бар эле. Бирок, арасынан тандап туруп шаардын тургандары Афонинаны шайлашты. Туура шайлашыптыр. Депутат шайлоочулардын тапшырмасын так аткарып турду. Анын үстүнө көздөй болуп калган коллективди уятка калтырбаш керек эле.



Солдаттардын энелери комитети түзүлгөндөн кийин ага алгач 180 активист жазылган эле. Бирок, тилекке каршы оор, анан калса күч менен нервти алган укук коргоо ишине чыдай албагандар комитеттен чыгып кетип жатышты, акырында чындап бюрократияга туруштук бере алгандар гана калышты. Калагандар бар болгону он чакты киши эле. Анткен менен кыйынчылыкты моюбай көтөрө бере ала тургандай темирдей эрки бар кужурмөндөр.

Аскер адамдары энелер комитетин кыртышы сүйбөй тосушканы түшүнүктүү дечи. Душман катары көрүшкөндөр болду арасын-

да. Атүгүл, жогорку даражадагы чиновниктердин бири Афонинаны ишке ыксыз кийгилише берсең татыктуу жообун аласың дегенге чейин барды. Кээде аскердик бөлүккө киргизбей койгон күндөр да болду. КППдан киргизбесе дубалдан ашып өтүшкөнүн көрүшүп акыры өз жайына коюшту. Бөлүктө болсо жыртылган шинел кийген, өтүгүнүн таманы түшкөн солдаттар турганда энелердин жүрөгү чыдап тура алышпайт эле.

90-жылдары армия ыдырай баштаган эле. Офицерлер укук коргоочулардын көзүнчө эле бөлүктөрдөгү картина, мебелдердин уурдагандан тартынбай калышты. Командирлер болсо айласы жок колун жайышат: же ачкадан өлөсүң, же уурдаганга аргасызсың. Ленинграддагы блокада кезиндей солдаттарга суткасына 200 граммдан нан берген учурдар болду. Муну көргөн укук коргоочулар чыдай алмак эмес.

Баткендеги согушта солдаттардын энелери гуманитардык жардамдын жеткирилишин өз көзөмөлдөрүнө алууга туура келди. Антпесе орто жолдон уурдап тутуп жоготушмак. Укук коргоочулардын мыдай активдүүлүгүн коргоо министри жактырган жок. Бирок, кийин акырындап болсо да аскердик начальниктерди мамилелери жакшыра баштады – комитети өздөрүнүн көзү менен кулагы деп атап калышты.

Комитеттеги аялдарга офицерлердин өздөрү кайрылыша турган болушту. Афонина офицерлер үчүн квартира, жер участокторун бөлүп берилишин колго алды. Ошол кезде аскерде кызмат кылган адамдарга айлык акыларын жогорулатуу, анын өз маалында берилиши маселесин көтөрүп чыкты. Себеби коррупционерлер банкта акчаны чуркатып жатышканда офицерлертөрт беш ай акчасыз отурган учурлары көп болгон эле.

Азыр армиянын иши бир кыйла оңолгон. Бирок, дагы эле болсо көптөгөн проблемалар бар. Афонина армияны кийим кечектер менен камсыз кылууну, тамак-аш менен жабдылышын талыкпай моюнуна көтөрүп келет. Афонинанын самаганы дедовщина дегени жок профессионалдуу чакан армия.

## Евгений Ваккер

*Жүрөгүм менен Кыргызстандыкмын*




Атактуу велогонщик Евгений Ваккер бүт дүйнө барктаган эл аралык мелдештерде Кыргызстандын желегин көп жолу сыймыктануу менен көкөлөтө көтөргөнү белгилүү. 20 жылдык эл аралык спорттук карьерасында Евгений Кыргызстандын бир дагы спортсмени татый албаган медалдардын комплексин жеңип алган. Веккер велоспорт боюнча Азиянын төрт жолку чемпиону, Азия оюндарынын төрт ирет призеру, «В» классындагы мелдештердин эки жолку чемпиону жана трек боюнча Азия Кубогунун жеңичүүсү. Азыр Ваккер жөн гана катардагы карапайым спортсмен эмес, бүт республика мурдагыдай эле ишеним артып келеткан Азиядагы велеспортунун лидери, эл аралык класстагы спорттун мастери жана Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген мастери болуп эсептелет.

Болочоктогу чемпион 1974-жылы Фрунзе шаарында төрөлгөн. Чоң атасы менен чоң энеси Волганын (Россия) боюндагы немецтер жашаган айылдан экинчи дүйнөлүк согуш башталып кан күйүп учурунда Кыргызстанга көчүп келишкен экен. Энеси болсо Өзүкбекстандан Кыргызстанга ооп келгени айтылат. Евгенийдин айтымына караганда өзү жарым жартылай орус жана немец улутунун б.а. эки улуттун кошундусунан турат. Жүрөгүнүн сокконуна караганда ал-- болгон болумушу боюнча кыргызстандык. 1997-жылдан баштап Германия көчүп барып жашап калганына карабастан ал Кыргызстандын гражданы. Эл аралык мелдештерге өзгө мамилекеттин эмес бир гана өз Мекенин желегинин алдында катышкан адаты бар. Бул анын негизги принциби. Кыргызстандан башка жерди менин мекеним деп эсептебейт. «Мен Кыргызстанда төрөлдүм, билим ал-

дым,чоңоюп чочойдум. Менин ал жерде миллиондогон досторум бар. Эгер чет өлкөлөрдө болуп көрсөңүз аларды биздин жаратылыш менен салыштырып көрүү кыйын экендигине көзүңүз жетээр эле. Себеп дегенде, биздин тоолорду, көлдү, айдың талааларды эч бир жерге теңештирүүгө болбойт, биздики ажайып дүйнө», - дейт белгилүү спортсмен өз мекени жөнүндө кеп козгоп жатканда. «Эң кымбат учур мен үчүн - дейт Евгений - качан эл аралык ири турнирлерде Кыргызстандын гимни ойной баштаганы».

Евгений өзүнүн спорттук карьерасын Фрунзедеги олимпиялык резерви училищасында окуп жүргөндө эле баштаган. 1990-1991-жылдары, 16 жашында эле СССРдин велоспорт боюнча жаштар командасынын курамасынын тутмуна кабыл алынган. Ырас, СССРдин таркашы менен мурдагы жаштар курамасы жоюлуп кеткенин эскере кетели. Көп өтпөй СССР спортунун мастерлигине жетишет.

Ваккердин биринчи жолку олутту ийгилике япониянын Хиросима шаарында болуп өткөн XII Азия оюндарында жетишти. Ал оюнда мурда кийин эч кимге белгисиз 20 жаштагы жигит, Кыргызстандын велоспорт боюнча курама командасынын катарына кирген спортсмен күтүлбөгөн жеңишке жетишти. 4 киллометрдик индвидалдуу кубалашуу ыкмасындагы жарышта Ваккер күтпөгөндөй болуп бардык квалификациялык жарыштарды жеңип чыгып финалга чейин жетет. Катуу атандаштыкты башынан кечирип XII Азия оюндарынын күмүш байгесине татыды.

1995-жылы Евгений Ваккер Колумбияда болуп өткөн трек боюнча дүйнөнүн Кубогунда ылгоо этабын ийгиликтүү өтүп көз каранды эмес Кыргызстандын Антлантада өтүүчү Олимпиядалык оюнга жолдомо алат. Ушу эле жылы Филипинде болуп өткөн Азиянын Чемпионатында коло медалга татыйт. Ал эми, 1997-жылы болсо Малайзиядагы тиректе дүйнөлүк «В» классындагы Чемпионатта жеңишке ээ болот.

Адан кийинки, 1998-жылы Таиланда болуп өткөн XII Азия оюндарында белгилүү спортсмен болуп калган Ваккердин медалга ээ болорун күтүшкөн. Айткандай эле ал жердештеринин үмүтүн ак-




тай алды. Өзүнүн жакшы көргөн тректеги төрт километрдик кубалашуу ыкмасындагы жарышта коло медалын жеңип алды.

1999-жылдан баштап Евгений тректеги жарыштан шосседеги ат салышууга биротоло өтөт да мурдагыдай эле эл аралык аренада мыкты көрсөткүчтөрдү камсыз кылат. 1999-жылкы Веронада (Италия) өткөн шосседеги дүйнөлүк Чемпионатта өз өзүнчө старт берүүчү 48 км. индвудалдык жарышта Веккер 11-орунду ээлейт. Кийинки жылы Австралия дагы бир нече күнгө уланган «Herald Sun Tour» жарышында да жеңишке жетишет. Ошону менен бирге келечекте боло турган Олимпиялык оюндарга катышууга жолдомо алат. 2000-жылы Сиднейдеги Олимпиядагы оюндарда эң кадыр барктуу, эң татаал деп эсептелген жарышта 16-орунга татыйт.

2002-жылдагы Түштүк Кореядагы XIII Азия Оюндарында Ваккер кайрадан күмүш медалды утуп алып Азиянын катары менен үч жолку чемпиону болуп калат. Кийнки, 2003-жылы кыргызстандык спортсмен Швейцариялык шосседеги индивидуалдык жарышта дүйнөлүк Чемпионатты «В» классындагы мелдеште жеңишке жетишип эки жолку чемпиону деген атка татыйт. Ушу эле жылдын сентябрь айында 11-орунду ээлеп Гамильтондо (Канада) боло турган Чемпионатка жолдомо алат. Ошону менен бирге эле Афинадагы Оюн-2004 деген аталыштагы Олимпиядага катышуу боюнча тандоодон ийгиликтүү өтөт. Өмүрүндө үчүнчү жолу катышып жаткан индивидуалдык атандашуу боюнча Олимпидиялык оюнда Евгений 23-орунга татыйт.

2006-жылы Доха шаарында (Катар) IV Азиаттык оюндар болуп өтөт. Кыргызстан татыктуу медалга ээ болуу үмүтүн кайрадан эле велоспорттун белгилүү мастери Ваккерге артат. Бул жолу да Евге-



ний кыргызстандыктардын үмүтүн актай алды: өз өзүнчө старт алган индивидуалдык жарышта күмүш медалды жеңип алып, Азия оюндарынын төрт жолку чемпиону болуп калды. Ал эми 2007-жылы Кейптаунда (Түштүк Африка) индвидуалдык жарыштагы «В» өлчөмүндөгү дүйнөлүк Чемпионатта Ваккер коло медалга татыды.

Бул ийгиликтен соң Евгений негизги көңүлүн Азия континентине топтойт. Кийинки беш жыл аралыгында Азиядагы спорттук мелдештерде мүмкүн болгон баардык жеңиштерге жетише алды десек ашкере кетпес элек. Ваккердин тренери Эркен Акрамов аны бул жылдары спорттук дүйнөдө башкы окуя боло турган 2010-жылдагы Азия оюндарына катышууга пландуу түрдө талыкпай даярдай баштайт. Өзүнүн тренери жөнүндө спортсмен өтө жылуу пикирде экенин жашырбайт. Кыйынчылык учур башка түшкөндө тренер ар дайым керектүү акылын айтып моюбаганга чакырган учурлары мага зор көмөк болду, баштаган ишти таштап койбош үчүн анын ролу ченемсиз чоң дейт Евгений. Баккердин айтымына караганда Эркен Хашимович Акрамов – ага ата болуп калгандай эле киши, ансыз мен спорттук карьерамды эбак эле жыйыштырып коймок болчумун .

Азия оюндары-2010 башталышына бар болгону үч жума эле калган эле, күйөрмөндарга спортсмендин сокур ичеги менен ооруканага түшүп калды деген кабар чагылгандай тез жетип аларды катуу беймазага салган эле. Тилекке жараша, атактуу хирург Эрнест Акрамовдун колуна түшүп тез эле сакайып кеткени асмандан түшкөндөй эле кубаныч болду. Жубайынын Азия оюнуна катышуу-

дан баш тартууга үндөгөнүнө, күйөрмандардын маанай чөгүп ишеними чөгүп кеткенине карабастан жоопкер деп эсептеген мелдешке катышып, бир гана да Түштүк Кореянын спортсмининен 10 секунд гана алдырып коюп күмүш медалды жеңип алганын спорттук эрдик катары бааласа болот. Ошон үчүн Евгений үчүн бул медал эң кыйын да, жана эң баалуу да жеңиштин бири болуп калганы талашсыз.

Азиядагы күмүш Ваккердин ушуну менен бешинчи медалы болуп калды. Мындан соң Азиянын Олимпиядалык кеңешинен атайы билдирүү келип түшөт. Ал кабарда Азиянын мелдешинде 5 ирет катышып баардыгында куру калбай медал утуп алган Азия континентиндеги жападан жалгыз спортсмен экендиги ырасталат! Ошентип Кыргызстандык спортсмен эл аралык спорт тарыхынын барагына биротоло жазылып калат. Буга дейре 20 жылдын ичинде бир дагы спортсмен, бир дагы спорттун түрүндө туруктуулук менен мындай жогорку ийгиликке татый элек болчу.

Арийне, бул деле болсо деле акыркы чек эмес экени анык. 2014-жылда Түштүк Кореяда боло турган XVI Азия мелдештерине Ваккер кайрадан Кыргызстандын желегин сыймыктануу менен бийик көтөрүү тилегин аздектеп келет. Алдыда чоң атандаштык алдыда турганын эске алсак алтынчы жолу жеңишке жетишүү абдан эле кыйын болору анык. Өзгөчө өтө оор сыноо спорттун татаал түрүнө кирген великожарышта экендиги кажетсиз. Ошентсе да, 38 жаштагы Евгений спорттук карьерасын жеңиш аккорду менен аяктоого бел байлаган. Эгер анын моюбаган талыкпас эмгекчил мүнөзүн эске алсак ийгиликке жетишээри күмөн күдүктү жаратып деле жиберрбейт.

# Шелике Карла-Мария

## *Кыргыз немкасы*



Американлык ВВСтин Дрезденди көз ачырбай бомбалагы учуру азыркыдай болуп эсинде турат. Эл баш койонго жер таппай калышкан. Энеси кичиней кызын бооруна кысып жан сактайт. Бомбадан урап түшкөн имараттардын талканы чыккан, баардык жерде өрт, тегеректин бары адамдын өлүктөрүнө толгон. Ошондогу коркуу сезими азыр да каныңда сакталуу турат. Эмдиге дейре майрам күндөрү салют атылса Мариянын өңү бузулуп коркуп кете турган адаты сакталып калыптыр.

Согуш азыркы «Үмүт-Надежда» деп аталаган реаблитациялоо боюнча балдар борборунун директорунун эс тутумунда бир көргөн жаман түш сыяктанган эскерүүнү эле сактап калган жок. Ал учурда чоң кишилердин баары орус солдаттарынан (бүт советтик аскерлерди ушинтип аташаар эле) коркуп турушчу. Жеңип чыккан солдаттардын массалык түрдө талап-тоноочулугу, зордукчулу жөнүндө калктын арасында кеп желдей тарап кеткен болчу.

Карла-Мария Шеликенин айтымына караганда советтик аскерлердин немецтерди жек көргөнү алардын жакындары, туугандарына жасаган фашистердин мыкаачылыктары, элдин башынан кечиришкен азап-тозокторy менен байланышкан. Бирок, алар кичинекей балдарга тийчү эмес. Аларды ыйык деп эсептешчү. Ачкалыктан айласы куруган балдар казармага тамак-аш сурап барган учурлары анын эсинде турат. Боору ооруган солдаттар немецтин кичинекей балдары менен өзөрүнүн жарыбаган паектору--нан, кант менен тең бөлүшчү. Мария өмүрүндө биринчи жеген шоколадды совет аскеринин колунан алганы эсинде.

Согуштан кийин Мария биринчи класска барат. Мамилекеттик мектепте окуу көңүлсүз болчу, жада калса сүрөттү да кара карандаш менен тартышчу. Анын курдаштары болсо түстүү карандаш менен сүрөт тарткан, ырдап жана бийлеген вальдорф мектептерине барышчу...

...Вальдорф педагогикасынын негиздөөчүсү болуп антропософияны түзүп чыккан Рудольф Штайнер эсептелет. Анын идеясы боюнча баланын интеллектисин гана эмес эркин, сезимин, жан дүйнөсүн, ден соолугун өнүктүрүү керек. Мындай принципке негизденген биринчи мектеп 1919-жылы Штутгарттагы «Вальдорф-Астория» сигарет фабирикасынын кожоюну жана башкаруучусу Эмил Мольтанын өтүнүчү боюнча ачылган. Алгач, ал фабриканын жумушчуларынын балдары үчүн деп ачылат. Кийин бүт дүйнөгө тарады. Азыр бул новатордук мектеп дүйнөнүн баардык булуң-бурчунда бар. Бул кыймылдын Кыргызстандагы кыймылдаткычы болуп Карла-Мария Шелике эсептелет.

Фашистер кандай формада болбосун эркин ой жүгүртүүнү жек көрүшчү. Гитлерчилер вальдорф мектебинин ишкердигин тыю салышты. Мугалимдердин бары концлагерге жиберилген. Кийин мектептер кайрадан ачыла баштады. Бирок Мария жашаган ГДРде көп узабай кайрадан жабылып калды. Бул жолкусунда коммунистер тыюу салып коюшту.

Класс жайгашкан бөлмолөр адат катары ачык боектор менен боелор эле. Лениндин мураскорлору класстарды кайрадан казарма түсүндөгү күнүрт-жашыл боектор менен сырдап чыгышты. Мугалимдерди кайрадан лагерге айдашты. «Бул адамдын инсандык эркиндигине кысым жасашкан бири бирине окшош системалар эле»,-дейт Мария.

Мариянын ата-энеси ГДРден ФРГга эмиграцияланып барат. Атасы автомашина сатып оокат кылчу, энеси секретарь болуп иштечү. Кызы болсо вальдорф мектебинде окуушу самачу. Бирок аларда балдарын окуутуга каражат жетишпей жаткан. Эң улуусу Мария 14 жашында көптөн кыялында бери кыялында алдейлеп жүргөн тилегин ишке ашыруу үчүн үйүнөн качып кетет. Аны вальдорф мектебинене бекер кабыл алышат. Көп жылдар өткөндөн кийин багын



алган Мария деген, кыргыз кызы дагы Германияга окуу үчүн барат. «Ошондо менин энем кандай абалда болгонун сезип ыйлап жиберген элем»,-дейт азыр Шелике айым.

Мектепти аяктагандан кийин ал Карлсруэдеги педагогикалык институтка, андан соң Берлиндеги университетке тапшырат. Жогорку окуу жайын бүтүрүп педагогиканын магистри деген дипломго жана немецтик айыл мектептерине сабак бере турган мугалимдик орунга ээ болот. Мындан кийин билим алууну кайрадан улантат-Нью-Йоркто Колумбий университетинде окуй баштайт. Илимий кызматкер болуп иштейт.

Өзүнүн баарынан чечкиндүү кадамы деп илимий кадрлар алмашуу программасы боюнча ФРГ дан Советтер Союзуна келген жоругун эсептейт Карла-Мария. А.С. Пушкин атындагы Москва институтунда докторлук диссертациясын жазып бүтүрөт. Москвада тагдырында чоң окуя болуп өттү. Бул жерде ал Игорь Шелике менен жолугат. Игорь ал кезде асирантурада окуп жүргөн. Кийин алар совет еврейинин баласы менен фашистик Германиядан качкан белгилүү немец коммунистин кызы Фрунзеге келип түшүшөт. Тагдырдын тамашасы деген кызык өзү.

Ошентип тагдырдын буйругу менен эки жаш Фрунзеге келип орун очок алышат. Советтер Союзунда калып калыш үчүн чет элдик граждандар Л.И. Брежневке ошондой эле ошо кездеги Кырыгыз ССРинин Министрлер Советинин төрагасы С. Ибраимовко кайрылуусу керек эле.

Реабилитациялык «Үмүт-Надежда» борборун түзүү идеясы Шеликенин тун баласы Герт-Михаил туулган кезде төрөт үйүндө пайда болду. Карлы-Мариянын коңшусу негедир эле эчкирип тынбай ыйылап жаткан, врачтар колдон келишинче соороттууга аракет кылып жатышты. Көрсө жаш аялдын төрөгөн ымыркайы келечекте телчигип кетери кыйын болгон мүчүлүш ооруу менен төрөлүптүр. Медиктер энени баладан баш тарпасына көндүрүп жатышкан экен. Карла-Мария үчүн бул окуя жан дүйнөсүн толкундаткан учур болду. Чет элдик аялдын «аны эч кимге бербегиле, мен жардам берем»!-дегени көбүн таң калтарбай койбогон жок.

Кийин алардын үйүдө кайгылуу окуя болуп кетти. Аллергия менен жапа чеке эки айлык Герт-Михаилге ийне сайуу анын чарчап калышына алып келди. Арийне бул кайгылуу окуя эки түгөйдү сындыра алган жок. Шелике мукурап чүнчүп кетпеди. Алардын алдында энелери таштап кеткен ымыркайларды сактап калуу деген максат пайда болду.

Ага, чет өлкөлүкко инвалид балдар менен иштөөгө тыюу салып коюшту. Ошондо Карла-Мария күйөөсү экөө педогогдор Никитиндер сыяктуу үй-үлөөнүн тажирийбасы аркалуу деле балдар менен иштөөгө болоорун далилдөөнү чечишет. Алар балдардын бешинчи оорукана менен байланышып кичинекейлерди багып алуу ишин баштапат.

1989-жылы Мария менен жакшы тааныш Кыргыз ССРинин Министирлер Советинин орун басары Роза Отунбаева «Жетишет, жалаяк менен чектелгениң жарабайт» деп чечет. Көз каранды эмес Кыргызстандын болочоктогу президенти «Үмүт-Надежда» деп аталган балдарды реаблитациялоо борборун түзүү демилгеси менен чыгат. Кийин борбордун ишине такай көз салып турду.

Адеп ишти баштаганда алар №6 орто мектеп тарабынан бөлүнгөн эки бөлмөлүү жайда баш калкалап турушту. Бул жерде психологдор, психиатрлар, педогогдор, юристер балдарга бекер жардам жатышты. Андан соң аларга бош калган бала бакчанын имаратын бөлүп беришет. Имаратты тарбиялануучулардын ата-энелери чогулткан каражатка ремонт кылышты. Борбор ачылардын жуп алдында бийлик Шеликенин балдарынын сыйынт кылаар жайды тартып алды.

Карла-Мария өз мектебин түзүүнү эчак эле максат кылып койгон болчу. Кыйынчылыкка моюн берген жок, Германияда «Үмүт-Надежда» реаблитациялык борборду коргоо коомун уюштурат. Ар жылы ал эки айга Германияга барып турат. Улгайып калган, анын үстүнө белин зак кетирип оорутуп алган аял бүт өлкөнү түрө кыдырып каражат чогулта турган эле.

Мариянын чакырыгын жүздөгөн немец калкы колдоп чыкты. Азыр балдардын реабилитациялык борбору тарамдалган филалдары бар өкмөттүк эмес уюмга айланган. Аларда чектелүү мүмкүнчүлүгү бар мектепке чейинки балдардан тартып жаштарга чейин тарбияланышат.

Кийинки убактарда Карла-Мария ата-энелерге колдоо көргөзүү борборун түзүү ишин колго алды. Аларга жардам беришин суранып көптөгөн адамдар кайрылышат, арийне, баарына тең жардам берүү мүмкүнчүлүгү аз. Ошондуктан алар үчүн консултация өткөрүү муктаждыгы пайда болду..

Карла-Мария Шелике «Данакер» жана ФРГнын мекендин алдында эмгек сиңирген ордендеринин кавалерии болуп эсептелет. «Тынчык үчүн 1000 аял» деп аталган долбоор аркалуу Нобель сыйлыгына көрсөтүлгөн. Башкы сыйлыгы ал баланын энеси экендигинде турат.

## Тагиров Юсуф Ибрагимович

*Бишкектин апологети*



Белгилүү архитектор, мезгилинде Кыргызстандын баш калаасынын борборун түзүүгө катышкан адам, азыр шаардын чыныгы коргоочусу. Архитектор өзү белгилегендей парктык-ландшафттык тип түспөлүндөгү Бишкектин борбору – шаардын сыймыктана турган жагы. Көптөгөн бизнесмендер борбордогу бош жана бош эмес орундарды өздөрүнүн тири суук курулуштары менен ээлеп алуу аркетин жүргүзүп жатышканы жашыруун деле болбой калды. Муну көзү менен көрүп турган Юсуф Ибрагимович алардын өз билемдигин ооздуктоо боюнча коңгуроо кагып жатат. «Борбор шаардыктар туш тараптан келип эс ала турган жай болушу керек, аны бүтүндөй соода борборуна айландырууга болбойт. Бул деген Москвадагы Кремлди же болбосо Париждеги Эйфелев башнясын бузуп алып көчүрүп кеткенге тете иш – борбор түбөлүктүү болушу керек, ал шаардын образын түзүп турат»,- дейт архитектор.

Юсуф Тагиров 1947-жылы Өзүбек ССРинин Каракөл кыштагында кызматкердин үй-бүлөөсүндө туулган. Анын атасы, Ибрагим, Башкирияда ямщиктин үй-бүлөөсүндө төрөлүптүр. Энеси, Сагдуна, балдар үйүндө чоңойгон экен. Аларды Өзүбекстанга келүүгө граждандык согуш учурундагы ачкачылык аргасыз кылыптыр. Күнөөстүү республикада анын ата-энеси турмуш куруп эки баланы тарбиялап чыгарышат.

Тагировдордун кенже баласы Юсуф мектепттеги сабак аяктагандан кийин пионерлер Үйүндө жоголуп жүрчү. Пионерлердин кенен залында фотомастерство, домоводство, край таануу жана сүрөт ис-

кусствосу боюнча «Умелые руки» деген кружоктор иштөөчү, ошондой эле жыгач устаканасы менен музыкалык оркестр бар эле. Ал жерде тирикарак жөндөмдүү бала трубада ойногонду үйрөндү, бардык кружоктордо өзүн сынап көрдү десек болот. Башка балдар менен устаканадан чыкчу эмес, экскурсияларга чыгып, спорттук мелдештерге катышып турду. Дубал кезитин чыгарууга катышчу. Бул мезгил жаны жер таппаган тестиер үчүн кызыктуу балалык болду.

Сүрөт тартуу кружогуна ал өзүнөн кырдуураак бир бала менен чогуу барып жүрөр эле. Анын аты Валерий Кузьмин болчу. Ал экөөнүн биргип сүрөт тартуу менен бирге өз ара достуктары бар болчу. Мектептин бүткөндөн кийин досу башка шаарга көчүп кетти. Ошону менен экөөнүн мамилеси бүткөндөй болгон. Бирок, бир нече убакыт өткөндөн кийин жолдошунан кат келет. Бул анын өмүрүндөгү биринчи жолу алган кат болчу. Айраң таң калган бала анын досу Валерий Кузьмин Харковдогу инженердик-курулуш институтуна өткөнүн, жана да өзүнө чакырганын окуйт. Ошондо Юсуфта кыштактан чоң дүйнөгө кетүү керек деген тилек пайда болот.

Мектепти бүтүп жаткан кезде жазган сочинениясында ал болчокто архитектор болорун ачык жазаган экен. Бир жолу айылга Фрунзеден анын туугандарынын бири, жеңеси келет, жаш баланын тилегин уккандан кийин ал борборго, өзүнө чакырат. Бала жеңесинин айтканы боюнча борборго жөнөйт. Политехникалык институтта архитектуралык факультет жок болчу, ага карабай Юсуф ушу окуу жайына документин тапшырат. Бир жылдан кийин институтта архитектуралык факультет ачылды. Юсуф Тагиров кайрадан архитектурага экзамен тапшырып кайрадан биринчи курстан баштады. Ал бир жыл талаага кеткенине өкүнгөн деле жок. Окуу учурунда башка студенттер менен бирге Кутателадзе, Курбатов, Лысенко, Абалян сыяктуу окутуучулардын чыгармачылык иштерине жардам берип жүрдү. Кийин алар кыргыз архитектурасынын «жылдыздарына» айланышканы белгилүү.

1970-жылы Тагиров институтту аяктап дипломдолгон адис болуп калат. Жогорку окуу жайында аскердик кафедра бар болчу, аны бүткөндөн кийин студенттерге лейтенат деген наам беришчү.



Бул учурда совет-кытай чек арасындагы Даманский деген аралчада конфликт чыгып кырдаал курчуп кетти. Чек араны тезинен бекемдөө керек эле, бирок кадрлар жетишпей жаткан. Аскердик училищалар тиешелүү кадырларды даярдоого чама-чаркы жок эле. Ошондуктан окуу жайларынын аскердик кафедраларынан офицерлерди армияга алууга туура келди. Ошентип, Юсуф Тагиров армиянын катарына чакырылып Ыраакы Чыгышта эки жыл кызмат кылууга арагасыз болду.

Аскерде жаңы катарга чакырылган офицерлер менен округдун командачысы генерал-полковник Толубко Владимир Федорович өзү кезигип жаш лейтенаттарга суроо берүүгө уруксат берет. Ошондо Тагиров граждандык кесип алгандар ишке пайдаланылабы деген суроо коет. Генерал кам санабай эле койсоң болот деп жооп бериптир. Чындап эле генералдын айтканы чыгып архитекура ишин жаңыдан баштап жаткан лейтенат ишин клубдун, солдаттардын казармасынын, плацтын проектисин түзүү менен баштады. Бирок, ал аскердик кызматтан деле бошотулган жок – башкалар сыяктуу нарядка чыгып турду. Аскердеги кызматынын акыркы кездеринде Улуу Атамекендик согушта каза болгон солдаттардын эстелигинин долборун түзүп чыкты. Мындай өтүнүч менен аскердик бөлүк жайгашкан айылдын эли кайрылышкан болчу.

Аскер бөлүгүнүн жетекчилигинин аскерде калып калуу жөнүндө канчалык үгүтөбөсүн ага карабай 1972-жылы Юсуф Тагиров Фрунзеге кайтып келет. Так ушу жылы борборду жаңылап куруу үчүн «Фрунзегорпроект» институту түзүлгөн болчу. Архитектуралык бөлүмдү бүтүргөн адистер бул жерде көздөн учуп турган, аларды

дароо эле улуу архитектор кызматына алышчу. Аки чүкүсүн карап отурушчу эмес. Тагиров башка жаш адистер менен бирдикте шаардын «Түштүк дарбазасы» деп аталган бөлгүн иштеп чыгууга киришишти. Типтүү долборлорго улуттук колорит берүү талап кылынды.

Жаштар алдыга койгон максатты ойлогондой ишке ашырышты десе болор. Ошону менен бир катар ал «Айчүрөк» ЦУМдун жасалгасы боюнча долбордун үсүндө иштеди. Кийин бул соода борборунун жанындагы эл оозуна алынып кеткен декоративдик бассейиндин долборун түзүп чыкты. Долборго ылайык бассейин техникалык жагынан айлана тегерекке мээлин режим түзө турган конденсация милдетин аткарышы керек болчу. Натыйжасы ойлогондон да артык чыгып бул жер шаардыктар сейил куруп эс ала турган бурчка айланды. Ишке берилген жаш архитектторлор жумуштун аягында чарчап калышчу. Арыктап да кетишти. Бир жолу башкы инженер: «Башында кадимки эле архитекторлор жүрчү эле эми алардын сөлөкөтү эле калды» деп айтканы бар. Иш канчалык кыйын болбосун кызыктуу эле. Кыйынчылыктар да болду, керектүү курулуш материалдары жетишпеген учурлар кезикти. Бирок жаштар кыйынчылыктардын баарын жеңип чыгышты. Юсуф Ибрагимович Кыргыз мамилекетик курулуш, транспорт жана архитектура университети (КГУСТА) жайгашкан имараттын долборунун автору болуп калды. Ал кездин ураану «жупуну, арзан, тез» деп аталаар эле. «Архитектура – бул экономиканын жүзү, ал эми дизайн болсо – анын макияжы», - деп тамаша кылат Тагиров.

Кийин ал Бишкектин башкы архитекторунун орун басары болуп калды. Архитетура башкармасынын жетекчилери шаардын тездик менен куруунун идеологдору болчу. Алар башка архитекторлорду ишке үндөгөн үгүтөөчүлөр десе да болор. Ал жылдары борборду деталдык түрдө пландаштыруу долбору ишке ашты. Фрунзе кескин өзгөрүүгө дуушар болду. Архитеторлордун сунушу менен шаардын борборунан сыртка нан заводун көчүрүштү, көзгө толумсуз почтамты алып ташташты, офицерлер Үйүн, ресторан өңдөнгөн имараттарды шаардын башка бөлүгүнө алып чыгышты. Тилкке каршы,



кийин эски адамдар эсинде сактап калган шаардык стадион менен жайкы театрды кайра калыбына келтире алышкан жок.

Креслосун мыкчып жатып алды дешпеси үчүн Тагиров начальниктин орун басары кызматын тапшырып берип кайрадан өзү жактырган проекти институна кайтып келет. 1991-жылы массалык түрдө жер басып алуу башталат. Мамилекет социалдык кысымчылыкты сезгенби архитекторлорго шаар тибиндеги конуштарды тандап алуу үчүн тапшырма берет. Мындай жерди алар Мраморное айлынан табышат. Бирок Союз ыдырап кетип архитеторлордун планы ишке ашкан жок. Борбор калаа сокмо тамдардан турган жаң конуштардын курчоосунда калды.

Буга карабай Тагиров иштеген ишин таштабай улантып жатты. Ал Ыссык-Көлдөгү «Алтын балалык» балдар санаториясынын, «Манас» университетинин кампусунун жана Жеңиш паркындагы эл аралык терроризм менен күрөштө курман болгондорго арналган «Аскердик каармандык» монументинин соавтору.

2000-жылы аны Алма-Атага ишке чакырышат. Ал жерде бир нече жыл иштегенден кийин Тагиров өзүнүн Фрунзесине кайтып келди. Бул жерде КГУСТА сабак берүүнү сунушташат. Азыр архитектор тажирийбасын жаш адистерге тажирийбасын өткөрүп берүү менен алектенүүдө, ошол эле мезгилде Кыргыз курортология жана физиотерапия илимий институтунда да иштейт, Ыссык-Көлдүн жээгине курулуштар обьектилерин тургузуу боюнча генпландын үстүндө иштеп жатат. Ошону менен бирге Юсуф Тагиров белгилүү публицист болуп калды. Анын эксперттик пикири адистердин арасында чоң салмакка ээ.

## Мамутова Светлана Калиевна

*Кан менен пайда болгон мээримдүүлүк*



Кыргызстанда официалдуу билдрирүүлөргө караганда 37 миң кант диабети менен ооруган пациенттер бар. Факт жүзүндө алардын саны бир кыйла жогору (болжол менен статистикада көрсөтүлгөндөн эки эсеге көптүк кылат). Бул сыркоо өнөкөт оорулардын катарына кирет, аларга өмүр бою медициналык көзөмөл салып туру талап этилет. Бул коркунучтуу жана «арамза» сыркоого каршы күрөшүү фронтунун алдыңкы катарында Бишкек эндокринологиялык диспансердин башкы врачы, Кыргызстандын Диабетикалык ассоциясынын президенти Светлана Мамутова турат.

Ал 1948-жылы 10-январда Борбор калаа Фрунзеде кызматчынын үй-бүлөөсүндө төрөлгөн. Атасы Калый Мамутов өмүр бою Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Прездиумунун сыйлыктар бөлүмүндө иштеди. Согушка катышкан, жеңиш күнүн Прагада тосту, андан кийин ал кызмат кылган аскердик бөлүктү Маньчжурияга которушат, бул жерде ал квантун армиясын талкалоого катышат.

Энеси Рабига Илиеванын тагдыры Чынгыз Айтматовдун «Биринчи мугалимдеги» Алтынайдын жашоосун эске салат. 14 жашка келгенде аны күйөөгө бергиси келишкен экен, кыз үйдөн качып чыгат. Караколдон кичинекей кеме менен Балыкчыга эки күндө араң жетет, андан кийин Боом капчыгайы менен арабага түшүп алып бир жума бою Пишпекке жол жүрөт, акыры 5күн жол жүрүп Ташкенге келет да Борбор-Азия коммунистик университетинин (САКУ)

комсомол бөлүмүнө тапшырып окуйт. Окууну бүткөндөн кийин Таласта, Караколдо, Бишкекте комсомолдук жана партиялык кызматтарда эмгектенет. Согуш жылдары Светланы Калиевнын энеси радиодо иштеп кыргыз тилинде Совинформбюронун фронтто болуп жаткан окуялар жөнүндөгү маалыматтарын эфир аркылуу элге жеткирип турду. Мындан соң пенсияга чыкканга чейин Республикалык китеп палатасынын директору болуп иштеди.

Ата-энеси бири бири менен согуштан кийин партшколдо окуп жүрүшкөндө таанышат. Алардын үйү дайым вокзал сыяктанып шакырдай кайнап турчу: тууган-туушкандары жана достору экөөнүн үйүнө келип түнөп, учурашып кеткенин жакшы көрүшчү. Светлана Мамутованын айтканына караганда адам менен адам болуп жашагандан артык эч нерсе жок деп эсептешээр эле, жеке өздөрүнүн бейпилдигин, жыргалчылыгын таптакыр ойлошчу эмес. Белгилүү врач дагы атат-энесинин жашоо принцибин сактоого аракет кылат – адамга жакшылык кылсаң ал кайра кайтып келбей койбойт деп эсептейт.

Анын балалык чагы башка совет балдар-кыздары сыяктуу болуп өттү. Эч айырмаланган жок. Мектеп, пионердик дружина, жайында эс алуу лагери, колхозго барып чөп отоо, түшүм жыйнаганга жардам берүү. Мектепте беш менен окуду, ошон үчү ал бүткүлсоюздук пионер лагери «Артекке» бекер путевка менен сыйланган учурлары болду. Китеп окуганды, сайма сайганды, кийим тиккенди жакшы көрөр эле. Бир жолу атасы ооруп калат, инсультка кабылат, анан ал экинчи жолу кайталанат. Кызы атасы кантип кыйналып жатканын көрүп туруп эмне кылаарын билбейт. Мына ошондо ал адамдардын ден соолугуна жардам берүү милдетим деген чечимге келет.

Мектепти Светлана 1966-жылы күмүш медалы менен аяктап Кыргыз мамлекеттик медициналык инеститутунун дарылоо факультетинин биринчи курсуна тапшырат. Жогорку окуу жайын аяктагандан кийин анестезилог жана эндокринолог болуп иштеди. 1980-жылдан баштап ушу күнгө чейин ал шаардык эндокринология борборунун башкы врачы болуп кызмат кылып келет. 15 жыл Бишкектин башкы эндокринологу болуу менен бирге он жылдан ашык

негизги ишин республиканын Минздравынын штаттан тышкаркы башкы эндокринологу кызматы менен жупташтырып иштеп келет.

Светлана Мамутова коомдук иштер менен дайым алпырушуп келген эле. 1990 – 1994-жылдары Бишкек шаардык кеңешинин элдик депутаты болду. Ал «Йододефициттик оорулардын профилактикасы жөнүндө» жана «Кант диабети жөнүндө» деген мыйзамдардын кабыл алуу демилгесин көтөрүү менен аларды иштеп чыгып даярдоого активдүү катышты. Ошондой эле ал 2004-жылы биздин республика үчүн кант диабети жөнүндөгү моделдүү мыйзамды кабыл алынган КМШнын Парламенттер аралык Ассамблеясынын алдындагы эксперттик Советтин мүчөсү болуп эсептелет.

Анын жасаган иштери кимди болбосун тамшандырбай койбойт. Анын активдүү жарандык позициясын баамдоо кыйынчылык деле жаратпайт. 2002-жылдан баштап диабетти иликтөө боюнча Европалык Ассоциясынын (EASD) мүчөсү. «Вопросы эндокринологии» (врачтар үчүн) жана «Диалог-плюс» (диабетке чалдыкка пациенттер үчүн) деген Борбор-Азиялык журналдардын редколлегиясынын курамына кирет. Көп жылдар бою 17 НПОнун башын кошкон «ачык-айкын бюджет» Альянсынын төрагасы, Кыргызстандагы БУУ турукту өкүлчүлүгүнүн алдындагы граждандык коомдун Консультативдик кеңешинин мүчөсү болуп жүрдү.



Ал 40-тан илимий эмгектин жана эндрокология боюнча 12 методикалык иштин автору. Мамутованын жасаган иштери үчүн «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы» деген ардактуу наам берилген.

Эндрокология борборунун башчысы өз адистеринин келечек тагдыры үчүн катуу сар санаа болуп турган кези. Адистердин бир кыйласы айлык акысынын төмөндүгүнө, алдыңкы жабдуулардын жетишпегенди-

ги, нормалдуу иштөө шартынын жоктугуна байланыштуу татыктуу жашоо үчүн чет өлкөлөргө кетүүгө аргасыз болушууда. Бир нечеси адистиктери боюнча АКШда кызмат кылышууда, экөө Германияга кетип калышты, дагы бирөө Италияда жүрөт. Бир караганда бул кыргыз адистеринин деңгели дүйнөлүк стандартка жеткенинен кабар берип тургансыйт. Бирок, ал кубана тургандай көрүнүш деле эмес.

Ишине байланыштуу Светлана Мамутова чет элдик командировкаларга көп чыгат. Европанын жана Азиянын 35 өлкөсүндө болууга тура келди, адистиги боюнча көптөгөн конгресстерге, съездерге, семинарларга, жыйындарга катышты. Баарынан ага чет өлкөлөрдө жакканы тууган-тушкан, тайке-жээн, жердеш дебей биринчи кезекте адамдын иштиктүү сапатынын ардакталып сыйланып турушу. Бир жолу аны коллегалары менен айтылуу Диснейлэндке, андан кийин Лос-Анжелестеги киностудияга алып барышты. Барып көргөндөн кийин катуу өкүнгөнү балдары мындай ажайып жерлерди көрө албай куру калганы эле. Ошондо балдары Медер менен Айсулуунун чет тилдерди үйрөнүшү керек экендигине, мыкты билим алуунун зарылдына, жакшы кызматка ээ болуп дүйнө кыдырып көрүү керектигине биротоло көзү жетти.

Уулу Медер, КТУну бүтүргөдөн кийин АКШдагы ири мамлекеттик жогорку окуу жайы болгон Остин шарындагы университетти аяктады. Андан кийин Гамбургдагы техникалык универститеттин магистратурасын бүтүрдү. Ал эми, кызы Айсулуу Кыргыз мамлекеттик медициналык академияны бүтүрдү. Азыр ал ультразвукалык диагностика боюнча мыкты адистердин бири. Светлана Мамутованын сонун неберелери бар: үч кыз – Тажиниса, Айнель и Айниса жана бир эркек, аты-Иса.

Кэзде үйбүлөөнүн жакшы көргөн немецтин боксер породасындагы Бату делинген кличкасы бар итти эстейт. Аны менен паркта бош күндөрү эс алып сейил курган күдөрү көз алдына келет. Светлананын досторунун бары анын ыр жазаарын жакшы билишет. 2011- жылдан баштап персоналдуу пенсионер болуп калды, бирок ишин таштаган жок, азыркы кезде мындай тажирийбалуу адистерди күндүз чырак менен издеп табышың кыйын эмеспи.

## Александр Воинов

### *Чемпиондордун жана жакшы адамдардын устаканасы*



Александр Воинов спорттук карьеранын бардык тепкичин басып өттү. Дзюдо боюнча тренерден баштап өкмөттүн алдындагы дене тарбия жана спорт, жаштар менен иш алып баруу жана балдарды коргоо боюнча мамлекеттик агенствонун директоруна чейинки кызматтарды аткарды. Ал көптөгөн профессионалдарды тарбиялап чыгарды. Аны демилгеси менен олимпидиялык чемпиондор жана ири мелдештерде жеңип чыккандар үчүн өмүрлүк стипендия бөлүп берүү боюнча чечим мыйзам жүзүндө бекитилди. Азыркы күнү жаңы кадрларды тарбиялоонун үстүндө талыкпастан эмгек этүүдө.

Александр Воинов Тажикстанда төрөлгөн. Ал интернационалдык үй-бүлөөдөн чыккан: энеси орус, атасы дунган. Алар Фрунзеге көчүп келегенде Александыр 17 жашта эле. Жаш жигит физкультура институна тапшыргысы келет. Анткени Александыр жаш кезинен баштап эле спорту жакшы көрчү. Болгондо да спорттун ар кандай түрлөрү менен алпурушаар эле. Гимнастика менен машыкты, сууда сүзүүнү өздөштүрдү, күрөшүп көрдү, алыстыкка чуркады. Бул машыгуулары анын келечегине олутту фундамент болуп бергени талашсыз. Профессионалдык такырыпта жетишилген олутту ийгиликтер анын ынтызаар спорттук машыгуулары аркалуу жетишилди.

Воиновдун жаш кезинде спорттон тышкары кызыккан сфералар көп эле. Ал көркөм мектепте окуду, а түгүл сүрөт көрсөт-

мөлөрүнө катышкан учурлары болду. Мугалим каалагандай сүрөт тартпаса тренировкага жибербей койгонн учурлар көп болгон экен. Машыгуу деп декилдеп турган бала болгон аракетин жумшап мугалимге жагуу амалын жасачу. Бирок, акыры келип спорт жеңип кеткени көрүнөт. Мында тренерлердин эмгеги чоң болду деп эсептейт Воинов.

Атасын бир өндүрүш мекемисине жетекчилик кылып жиберишет. Бирок алар барган жерде мектеп жок болуп чыгат. Бир тууган Воиновдор интернатта калууга туура келет. Областагы мыкты окуу жайы деп эсептелчү, бирок интернат деген интернат. Бул жерде Александр досторду кантип тандоо, жакын адамдарга кандай мамиле жасоо керектигине үйрөндү. Арийне, эң башкысы, интернаттын жанында, дубалдын сыртында олконун ири спорттук базасы жайгашканы болду. Воинов бүт бош убактысын ошо базада өткоргондү адат кылып алган болчу.

Воиновдун башкаларага жемин жедирип жибербөөсү керек болду. Интернатта бошондукту кечирчү эмес.

Күч менен эрктин бекемдиги боюнча ага өрнөк улуу агасы эле. Агасы аварияга дуушар болуп инвалид болуп калган эле. Бирок ордунан турбай калса да бутунан туруп кетүү боюнча аракетин ал эч качан токтоткон жок.

Армиядан кайтып келгенден кийин ал спорт менен баса отуруп машыкты. Воинов СССРдин бир нече жолку чемпиондугун жеңип алды. Кийин ушу-саньда боюнча мелдештерге катыша баштады. 80-жылдардын аягында кикбоксинге өтөт. Спорттун бул түрү Воиновдун өзүнө магниттей тартып алды десек болор. Анда катып калган классикалык ыкмалардын жоктугу, чыгармачылыкка кеңири жол ачаары аны көнүлүн буруп турган болчу.

1992-жылы Воиновду АКШга чакырышат. Ал профессионалдык рингге чыгып күч сынашат. Натыйжада кикбогсинг боюнча профессионалдардын ичинде чемпиондуту жеңип алат. Океандан ары жагынан Кыргызстанга кайтканда файтерлердин мыкты командасын түзүү деген бекем ишеним менен келген эле.

Ал кыска убакыттын ичинде эл аралык уюмдар тарабынан таанылган дүйнөнүн 10 чемпионун даярдап чыгарды. Азыркы кезде дүйнөлүк кикбоксингде кыргыз мектеби жөнүндө жакшы билишет, сыйлашат, себеби кыргызстандыктар бир нече жолу мыктылардын мыктысы экендиктерин көргө алган кызыктуу командасы менен белгилүү. Алар техникалык жагынан да көп түрдүү ыкмаларага ээ экендигин, күжүрмөн духу бекем экендиктерин далилдей алышты.

2000-жылы кыргызстандык атлеттердин тобу эл аралык мелдешке катышат. Бул команда азыр айкын жылдыздардын тобу катары белгилүү: Шабан Шадманов, Мирбек Суюмбаев, Руслан Абасов, Али Парсуков, Канат Садыгалиев. Алардын ар бири дүйнөнүн чемпиондугуна ат салышып ийгиликке жетишкен болучу.

Бажы текшерүүсүнөн өтүп жаткан кезде Воинов ар бир спорстмендин сумкаларында Кыргызстандын желеги бар экенине көңүл бурду. Бул болсо ким чемпиондукту жеңип ала турган болсо өз мекенин туусун көтөрүүгө даяр экендигин далилдеп турган эле.

Воиновдун тагдырында оор учурлар да болду. Анын аялы Анара трагедиялык кырсык менен кайтыш болгондо ал көпкө чейин өз калыбына келе албай жүрдү. Бул дүйнө кызыксыз болуп сезилип кеткен эле. Аялы Воиновдун бардык иштеринде комокчү болчу. Воиновдун балдары мелдешке катышууга камынып жаткан күндөрү аялы түн бою спорттук костюмдарды тиккен учурлары болду. Воиновдун аздектегени дүйнөлүк чемпиондорду даярдап, катаал конкуренцияга турушутук бере алуу эле. Муну аялынан артык түшүнгөн киши жок болчу. Аялы каза болгондо Воинов кантип мындан ары жашоо откорөөрүн ажыратып биле албай көпкө деңдароо болуп чайналып жүрдү.

Көп өтпөй анын тагдырын терең бурулушка туш кылган окуя болуп кетти. Аны Беловодскидеги жабык типтеги атайы мектепке чакырып калышты. Ал өзү менен кошо келечектеги дүйнөнүн чемпиондору: Джанбулат Амантаев, Али Парсуков, Анвар Ибраева жана Малик Борбашевдерди ала барды. Воинов мектептин балдарына алгачкы күндөрү спрот жөнүндө, кикбоксинг жөнүндө, мелдеш-

тер жөнүндө айтып берип жүрдү. Бирок көчө балдары Воиновдун аңгемесине негедир кайдигер экени билинди. Качан кайсы авторитеттик ууру жөнүндө сөз болгондо алардын ичинде жандануу пайда болгону байкалчу эле.

Бул менин маанайымды катуу түшүрдү дейт Воинов. Чынында кылмышкерлер эмес менин балдарым чыныгы каармандар эле. Алар канчалык травма алып кыйналышса, канчалык оор учурларды башынан кечиришпесе да Кыргызстандын намысын коргоп жатышпадыбы. Биздин өлкөнүн желеги желбиреп турушуна алар гана кызмат кылышты, кайдагы бандиттер эмес дейт Александр.

Акыры келип Воинов криминалдык романтика туткундап кетпеси үчүн балдарды көңүлүн башка жакка буру керек деп чечти. «Татаал балдар» дечү «контингент» үчүн атайы жайкы лагер уюштурду. Азыр болсо алардын көбү белгилүү спортсмен болуп калышкан. Азыр ачыгын айтканда чемпиондорду даярдоо приоритет болуудан калды, азыр мурунку хулигандар менен иштешип тарбиялоо биринчи орунга чыкты. Белгилүү атлеттин аракетинен берекет чыгып анын тарбиялануучулары жакшы кишилер болуп чоңоюшту десек ашкере кетпейбиз.

**Спорттук жетишкендиктери:**

***СССРдин дзюдо жана ушу-саньда боюнча спорттун мастери, 1992 –жылкы (АКШ. Сан-Диего) кикбоксинг боюнча профессионалдардын чемпиону.***

**Наамдары:**

***Кыргызстандын ушу-саньда и кикбоксинг боюнча эмгек сиңирген тренери, 1996, 1997, 1999, 2000, 2003-жылдардын эң мыкты тренери.***

**Сыйлыктары:**

***Өкмөттүн ардак грамотасы, мамлекеттик «Даңк» медалы, «Данакер» ордени, «Боорукер» атындагы (ЮНЕСКО) ардактуу наам***

## Гулнара Каликова

*Бизнес-леди*



Бизнестин дүйнөсүндө ийгиликке жетишүү оңой олтоң иш эмес, ал эми, профессионалдык бизнесте майнап чыгаруу эки эсеге кыйын. Гулнара Каликова – юрист, ал Кыргызстандын юридикалык рыногунда лидерге айланган «Каликова&Ассошиэйтс» компанию түзүп чыкканы анын талантына күбө болуп берет. Азыркы күндөрү Гулнара менен анын анын жаш коллегалары Кыргызстанда бизнес жүргүзүп жаткан ири компаниялады консультациялашат. Гүлнара Кыргыз мамилекеттик улуттук университеттин юрдикалык факультетин бүтүрүп, кандидаттык диссертациясын жактаган.

Андан кийин дүйнөнүн эң кадыр барктуу юрдикалык мектептердин бири болгон – Гарвард университетинин юрдикалык мектебинин магистр даражасына татыган. Ошону менен бирге ал Эл аралык юристер ассоциясынын мүчөсү, бул уюмдун башкаруу жана байкоочу кеңешинин курамына кабыл алынган. Гүлнара үч баланы тарбиялады, төрт неберелүү болду. Жаштар андан мындай ийгиликке кантип жетишсе болот деп сурашканда ал дайыма «мындан артык иштерди да жасоого болот!» деп жооп бергени кадыресе көрүнүш.

Гулнара Каликова 1961-жылы Казах ССРинин Целиноград облустунда төрөлгөн. Атасы – партиялык кызматкер болгон, татаал жана кызыктуу тагдырды башынан кечирген адам. Гүлнаранын атасы 8 жашка чыкканда зордуктап коллективдештирүүнүн залдары менен Казахстанда бир миллиондогон адамдын өмүрүн алып кеткен ачкачылык башталат. Аманжол бир айылда аман калган бирден бир тирүү жан эле. Чоң энеси өлөр алдында кичинекей баланы аман калган балдарды из-

деп жүргөн кишилердин колуна берүүгө үлгүруп калыптыр. Аманжол балдар үйүндө тарбияланды, башка окуучулардан жакшы окугандыгы, зиректиги менен айырмаланып туруучу, ошон үчүн аны отузунчу жылдары Москвага окууга жиберишет. 1940-жылы Улуу Ата Мекендик согуш башталаар алдында аны артиллерия училищасына которушат. Окууну аяктагандан кийин фронтко жиберишет. Аманжол согушту атактуу артиллерийлык кужүрмөн курал «катюшанын» дивизионун командири даражасында Прагада аяктады. Согуштан кийинки тагдыры партиялык кызмат менен байланыштуу. Ал эмгек жолун катардагы комсомол уюмунун катчылыгынан баштап Казакстандын Коммунистик партиясынын Борбордук комитетинин жогорку партиялык кызматкери катары аяктайт. Азыркы күнү Аманжол Каликов токсонго келгенге карабастан коомдук ишмердүүлүгүн улантып келүүдө.

Гүлнаранын атасы менен энеси Алма-Атада таанышышат. Энеси мезгилинде юрдикалык окуу жайын бүтүп, тергөөчү, прокурор, негизгиси жолдошу Аманжолдун төрт кызын төрөп тарбиялаган киши.

Гүлнара төрт кыздын эң кенжеси, Ленинградка барып билим алууну, Чыгыштын тарыхы менен тилдерин окуп билүүнү самачу. Атасы кызынын бул планын каршы эле, бирок энеси менен эжелери аны колдоп чыгышты.

Мектепти аяктаган жаш кыз Неванын жээгиндеги шаарага түн ортосунда келип түшөт да дароо таң атып атпай эле деканатка барып документтерин тапшыруу үчүн жөнөйт, ал жерде уйкусурап турган кызматкерлер аны буюм-тайымдары менен Василевский аралына студенттердин жатканасына жөнөтүшөт. Бул жерде союздук республикалардын ар тарабынан келген жаштар жашап турушкан эле. Алардын арасында Кыргызстандык студенттер да бар. Жаткандагы курбуларына конокко демейден тыш фамилясы бар – Туркмен Боотаев көп келээр эле. Аны аты Чүй боорунда 18 кылымда жашап өткөн атактуу баатырлардын бири болгон ысымына коюлуптур. Жаш жигиттин кызга дароо эле баамы түшүп калат, ага үйлөнүүгө өзүнө шерт берет.

«Кыргыздын жигитери өжөр болушат»- деп күлөт Гүлнара. Экөөнүн ортосунда сүйүү оту жанат. Ал эми үйүндө болсо чоң чатак

чыгат. Бирок, бара бара ата-энеси акырындап отуруп тагдырдын буюрганына аргасыздан көнүшөт. Кийин атасы кудалары коңшу Кыргызстанда жашарына кайра сүйүнгөн экен. Себеп дегенде, анын досторунун биринин кызы ата-энесинен бөлүнүп алыстагы Түштүк Азияга күйөөгө тийип кеткени эсине түшөт.

Гүлнара Каликова Ленинград университетиндеги окуусун аяктай электе күйөөсү менен Кыргызстанга келүүгө тура келет. Ал кезде Фрунзеде чыгыш таану факультети жок болчу. Ошондо ал КГНУнун юридикалык факультетине которулууну чечет. Окууну аяктагандан кийин Гүлнаранын факультетте окутуучу катары калып калуу мүмкүнчүлүгү бар эле. Арийне, ал адвокатурага барууну, юриспруденция менен практика жүзүндө таанышып көрүүнү артык көрдү. Адвокаттык иш ал мезгилде барктуу жумуш деп эсептелинүүчү эмес. Дипломдуу адистер прокуратурага, сотко же болбосо милицияга барып иштөөнү дурус деп эсетешээр эле. Бирнече жыл адвокат болуп иштеп, тажирийба топтогондон кийин Гүлнара универстетке мугалим болуп кайтып келет, андан соң аспирантурада билимин улантат. Анын илимий жетекчиси граждандык укуктар боюнча белгилүү адис профессор Виктор Аркадьевич Ойгензихт болчу. Мына ушу белгилүү окумуштуунун, чыныгы интеллигентин жана чыныгы Мугалимдин таалими менен ал кандидаттык диссертациясын бүтүрүп Казакстанда ийгиликтүү жактай алды.

90-жылдар дагы келип жетти, Советтер Союзу ыдырап бөлүндү, окумуштуулардын айлыгы тыйынга да татыбай калган кез пайда болду. Гүлнаранын иш издеп барбаган жери калган жок. Кыргызстанда биринчи чет өлкөлүк компаниялар пайда болуп аларга англис тилин билген юристер талап кылынып жаткан. Ал ошентип Кыргызстандагы чет өлкөлүк инвестерлорду консултациялоо ишин баштайт. Акырындап отуруп ал бизнес-коомчулугуна тааныла баштайт, ага юрдикалык көмөк көрсөтүү өтүнүчтөрү менен кайрылгандардын саны өсө баштады, аны эл аралык юрдикалык фирмаларга келип иштөөгө чакырган сунуштары менен чыгып жатышты. 40 жашка жакындап калган кезде Гүлнара кайрадан билимин өркүндөтүүнү чечет, эми чет өлкөдөн билим алууну тура көрөт. Гарвард университетинин юридикалык мек-

тебинин магистратурасына кабыл алынат. Гүлнара бүдүйнөгө атагы белгилүү бул окуу жайына кабыл алынган Кыргызстандык биринчи аял эле. Окуп жүргөндө Гүлнара Кыргызстанга сөзсүз кайтып келип өзүнүн бизнесин ачууга шерт берет.

Азыркы күнү Гүлнара Каликова ишин ийгиликтүү өнүктүрө алган профессионал жана бизнес-леди. Бизнестен тышкары анын башка кызыкчылыктары бар – ал башкалар менен тажрыйбасы жана билими менен бөлүшүүнү милдетим деп эсептейт. Гүлнара кийинки жылдары мамлекеттик-менчик шериктештиги моделин ишке ашыруу үстүндө аракет кылып келет. Анын оюнда мындай жол Кыргызстандын экономикасынын өнүгүшүнө өбөлгө түзүп бере аламак. Ошону менен эле бирге коомдук бирикме болгон «Курак» деп аталган аялдардын форумун түзүүгө катышты. Биркменин аялдар ишкердигин жандандыруу максатын көздөйт. Анын пикиринде окумуштуулар экономикалык реформаны ишке ашырууда аялдардан артык адамдар жок экендигин эбак эле далилдеп коюшкан. Адат катары аялдар кирешесинин 90 процентин үй-бүлөөсүнө, балдарына, билим берүүгө,социалдык өнүгүүгө жана медицинага б.а. келечекке жумшашат. Гүлнара ишин баштаган жаш бизнесмен кыздарга чоң көмөкчү болууну көздөйт. Анын окуучулары ишкердиктин түрдүү сферасында кезигет-- юриспруденцияда, информациялык технологияда, кийим тигүү өндүрүшүндө, консалтингде койчу бардык тармактарда бар.

Гүлнара Каликова азыркы саясый жана экономикалык кыйынчылыктарды Кыргызстан артта калтыраарына чоң ишеним арткан. Ал Кыргызстанда сонун адамдар жашаарына, алар ак пейил, эркиндикти аздетеген жана билимдүү кишилер экенинен чын пейли менен ишенет. Анын оюнда коомдун келечегине кайдигер болбогон мыкты жаңы муун өсүп келеатат. Гүлнаранын пикиринде өздөрүнүн талыкпаган эмгеги аркалуу өлкөгө салым кошо ала турган ишкерлердин жаңы табы пайда болду. Ишкердик жөндөм менен граждандык коом коңшу өлкөлөрлөргө салыштырмалуу жогорку деңгелде. «Мына ошо үчүн мен келечекте өлкө гүлдөп өскөн республикага айланарына ишенем»-дейт оптимизмден жанбаган Гүлнара.

## Раимжанов Абдухалим Раимжанович

*Арыстан жүрөк доктор*



Кыргызстандык профессора-гематолог Абдухалим Раимжановдун ысымы республиканын сырткары өлкөлөрдө да атын кашкасындай белгилүү. Анын жетекчилиги менен биринчи жолу сөөк мээсининин перифериялык стволдук клеткаларын көчүрүп өтүүдө жети жолку ийгиликтүү операцияларына жетекчилик кылган Борбордук Азиядагы биринчи профессор болуп эсептелет. Мына ошондой кийин гана кыргыз гематологиясына жаңы доор башталды десек ашкере деле кетпес элек. ЮНЕСКОнун «Эң мыкты боорукер адам» деген наамга татыган Академик, жогорку категориядагы врач, азыркы күнү да өзү түзүп жетекчилик кылган Кыргызстандын гематологиялык илимий борборунда элди өлүмдөн арачалап калуу ишмердигин улантып келет. Мындан тышкары, А.Раимжанов активдүү түрдө коомдук иштер менен да алектенет – Кыргызстандагы Рудаки атындагы тажик коомдук бирикмесинин ардактуу президенти, «Кыргызстан-Иран» достук коомунун президенти, ошондой эле гемотологдордун Кыргыз ассоциациясын жетектейт.

Абдухалим Раимжанов Ош обулусунун (азыркы Баткен) Кадамжай районун Уч-Коргон айылында, 1943-жылы, 5- октябрда туулган. Айылдын 30 миң тургундарынын 25 миңге жакыны тажик улутундагылар. Алардын ата бабалары мындан эки кылым илгери кыргыз жергесине Самаркандан, Ходженттен, бир бөлүгү Гармдан көчүп келишкен экен. Ошондуктан «кыргыз» тажиктери Ала-Тоонун чыныгы

жергиликтүү эли, бирдиктүү Кыргызстандын калкынын бир бөлүгү делинет. Көп жылдар бою «Рудаки» ассоциациясын жетектеп келеткан Абдухалим Раимжанович өзүн тажикмин дегени менен анын ата бабаларында кыргыздын каны турганын атайы белгилеп келет. Буга анын Абдусаламом Эргашев менен бирдикте 2012-жылы кыргыз тилинде жазылган «Уруулар санжырасы, урпактар казынасы» деген китеп айгине күбө болуп бере алат. Жарык көргөн фолианттын тиркемесинде Раимжановдордун генеалогиялык тарыхынын иллюстрирациясы да берилген. Генелогиялык сүрүштүрүүнү карап көрсөк академиктин бабалары Досек (Тейит) уруусунан тарайт, анын бир бабаларынын бири Молдо Тунатар эки аял алыптыр – бири тажик кызы, экинчиси кыргыз экен. Тажик аялдан Молдо Абдурахман төрөлөт, ал кийин тажик аялга үйлөнөт. Молдо Абдурахмандын неберелери тажик кыздарды алышат. Неберелеринин бири Абдухалима атасы Молдо Раимжан экен. Ошентип Раимжановдордкн канында тажиктин да, кыргыздын каны чуркап турат.

Раимжандын эки уулу Абдухафиз менен Абдухалим медициналык династияны негиздешти. Буга чейин үй-бүлөөдө эч ким докторлук ишмерлик менен иштери жок болуп келген экен. Эки бир туугандын врач болу чечимине мектепте окуп жүрүшкөндө эле келишиптир. Анткени оорукчал энеси жана ара төрөлгөн кичүү инисине жардам бергиси келишет. «Бир жолу үйгө келсек энебиз ордунда жок болуп чыкты. Көрсө көк жөтөлү көп кармачу, көкүрөгү сыздап ооруганы адат болуп калаган кичүү инбизди табыпка көрсөтөмөк болуп кетиптир. Биз бир тууганыбыз экөөбүз энебиздин артынан бардык, ошондо «элдик дарыгер деген неме пневмония менен ооруган баланын төшүнө муздак баткак жаап жатканына күбө болдук. Биз ал кезде жаш болсок да мындай процедура баланы жанын алып тынаарын түшүндүк. Инибизди «дарыгердин» колунан жулуп алып ооруканага алып жөнөдүк. Инибизди жанын ооруканада арачалап калышкан болчу. Ошондо биз келечекте врач болууга шерт берген болчубуз. Бул болсо жөн гана тилек эмес, конкреттү максат эле», - деп эскерет белгилүү эскулап.

Бирок, алгачкы учурларды Холимжондун тилегине объективдүү кырдаалдар каскак болуп турган болчу. Институтка тапшыруу үчүн орус тилинен экзамен берүү талап кылынаар эле. Халимжон болсо тажик мектебинде окуган, орус тилин жакшы билчү эмес, деги эле айылда орус тилин билгендер чанда эле кезикчү. Мед институтта окуп калган улуу агасы ага орус тилинде жазылган физика жана химия боюнча окуу китептерин жиберет. Адухалим өз алдынча экзаменге даярдана баштайт, бир жылдын ичинде физика менен химиянын закондорун жатка билгендей болгон деңгээлге жетет. 16 жашында мектепти алтын медалы менен бүткөрөт. Мектепте акыркы экзаменди тапшырып жатканда Москвадан мектептин бир бүтүрүүчүсү үчүн М.В. Ломоносов атындагы университеттин медициналык факультетинен чакыруу каты келип түшөт. Бүтүрүүчүлөрдүн арасында талаш башталат. Атаандашуу жогору болуптур. Бирок Ош шаарында өткөн бул сыноо экзаменин бир гана Абдухалим ийгиликтүү тапшырып өтөт. Бир жаман жери ал Москвага бара алган жок. Катуу ооруп калган энеси алыска кетпөөсүн андан өтүнуптүр, анткен менен Фрунзеден окууга макул болгон экен.

Борбор калаада бардык сынакты кайрадан тапшырууга тура келди, себеп дегенде мектепте алган алтын медал ар кандай бюрократиялык себептер колго тие элек болчу. Анан да медалды алуу үчүн Ошко баруунун өзү тозок эле, жол алыс. Growth Мединститутка тапшырып өткөндөн кийин жатаканда Күлчоро Аскаров менен ( азыр кайтыш болуп кеткен) ымала түзүп, мына ошо ашынасынын жардамы менен Абдухалим Раимжановду кыргыз тилине үйрөндү. Жогорку окуу жайын да кызыл диплом менен мыкты аяктады.

Мугалимдер биринчи курста эле анын жөндөмдүү келечекте жакшы адис болорун байкашкан эле. Үчүнчү курска келгенде биринчи жолу ал атактуу академик Мирсаид Миррахимов менен таанышат, кийин ал Халимжондун илимий жетекчиси болуп калды. Студент Миррахимов жүргүзгөн кружокко жазылып 4- курста фельдершер практикасы башталган учурдан баштап эле илимий иштерди жүргүзүүгө киришет. Клиникалык ординатурада атактуу

академиктен сабак алып, ошол эле кезде түн ичинде ооруканада да иштеп жүрөт-бул практикалык тажрыйба топтогонго көмөк болгону талашсыз. Академиктин окуучусу жетекчиси кайда жиберсе аный дебей жөнөп кеткени кадыресе көрүнүш эле. Барган жеринде кандидаттык диссертациясы үчүн материал топтой баштады. Памирде, Тянь- Шанда, Суусамырда, Иссык-Көлдө болуп, ар түрдүү бийиктикте жашаган жергиликтүү элдин кан басымдарын изилдеп көрдү. Алысты ойлогон жетекчиси Миррахимов ошол кезде шакиртинин жактай элек кандидаттык диссертациясын гана эмес докторлук темасынын аныктап коюптур. Окуучусу илимий жетекчисинин ишенимин аткарды- аспирантураны аяктай электе 1970-жылы кандидаттык диссертациясын бүтүрүп мөөнөтүнөн мурда, 27 жашында жактады. Ал эми 18 жылдан кийин Москвада докторлук диссертациянын ийгиликтүү коргоду.

Раимжановдун «гематолог» деген адистигин, «гематолог» болуп калышын да жетекчиси Миррахимов аныктады десек болор. Мына, 47 жылдын жүзү болду Абдухалим Раимжанов ушу багытта талыкпай эмгектенип келет. Кыргызстандагы гематология менен ооругандардын санын, абалын көргөн профессордун алдына койгон максаты – медициналык бул кызматты эл аралык деңгелге чейин көтөрүү болуп эсептелет. Азыркы күнү мындан 14 жыл илгери негиз салган Кыргызстандын гематология илимий борбору 2012-жылы өлкөдөгү мыкты дарылоо мекемеси деп табылган.

Белгилүү илимпоздун биографиясындагы уруктуктуу учур катары анын үч фильмде тартылганын көрсөтсө болор эле. Курманжан Датка жөнүндөгү «Тоо ханышасы» (2010-жыл) фильмининде бухар эмиринин ролун ойногон. Буга чейин СССРдин эл артиси Сүймөнкул Чокморов жана СССРдин эл артиси Идрис Ногойбаев менен бирдикте «Волны умирают на берегу» (1985ж.) деген көркөм картинасында, ошондой эле «Лечение высотой» (1988 ж.) деген бийик тоонун шартында анемия менен оорогандарды дарылоого арналган докуметалдык фильмдерде тартылган. Кийинки фильм үчүн Раимжанов СССРдин ВДНХ сынын күмүш медалы менен сыйланган.

А. Раимжановдун Кыргызстандагы тажик элинин тилин, маданиятын, тарыхын аздектеп келүүдөгү жана өнүктүрүүдөгү кошкон салымын ченеп-өлчөп болбойт. А.Раимжанов тарабынан Кыргызстан менен Тажикстандык достук мамилелерин чагылдырган «Таджики Кыргызстана» (2007 ж.) жана «Свет Дружбы» (2007 ж.) китептердин автору. Тажиктердин Ассоциации башында туруп, ар дайым тажик мектептерин жетишпеген окуу китептери менен жабдуу жана кары картандарга көмөк көргөзүү боюнча каражат издеп таап аларга колдоп келгени мактоого татыйт. Мындай кайрымдуулук, адамгерчилүүктүү иштерде ал кайрылган адамдардын бирине да баш тартпай жардамын аябаганын атайы айта кетүү керек.



Профессор А.Раимжановдун фарси, ошондой эле кыргыз, орус жана өзүбек тилдеринде эң сонун ырдаар аларын айта кетүү керек. Анын репуртуарында Керим Тураповдун «Туулган жерди сагындым» – «Скучаю по родным местам», ошондой эле сүйүү жөнүндөгү «Мухаббат» ырлары бар. «Мухаббат» жогорку профессионалдык деңгелде аткарганы таң калтырат.

Абдухалим Раимжанов 275 илимий эмгектерди жазган, анын ичинен 10 монографиянын жана 40тан ашык методикалык рекомендациялардын автору. Ал медицина илимдреинин 1 докторун жана 12 кандидатын тарбиялап чыгарды. КМШ өлкөлөрүндөгү гематологдор жана трансфизиологдор ассоциации президимунун мүчөсү, Россия академиясынын экология илимдеринин анык мүчөсү, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы жана илимдин эмгек сиңирген ишмери, ошондой эле эл аралык сыйлыктардын лауреаты: ЮНЕСКО, «Руханият», «Ата-Түрк» жана «Түгөлбай-Ата».

# Ким Татьяна Михайловна

*Жаңы бурулуш*



Эл ичинде кеңири тараган « салык же өлүм» деген бир сөз бар. Айткандай эле, мамилекеттик салык жыйналбаса өкмөттүн иштеп кетиши, өз функциясын аткара алышы мүмкүн эмес, мындайда мамилекетти кажетсиз кыйроо күтүп турары анык.

Кыргызстанда рыноктук мамилелер бекемделди, Салык кодекси бардык фискалдардын гана эле эмес бизнесмндердин, эксперттердин, катардагы граждандардын күн сайын пайдаланган негизги китепчесине айланды. Бул маанилүү документти иштеп чыккандардын бири 150 дөн илимий эмгектердин автору Татьяна Ким болуп эсептелет. Ал республикага кызмат кылуу негизги милдетим деп чечкен.

Татьяна Михайловна Ким 1952-жылы 15- марта Алма-Атада педогогдордун үй-бүлөөсүндө туулган. Атасы, Ким Михаил Васильевич, педогогика жана психология кафедрасын башкарган, ошол эле учурда Казахстандагы физкультура институнун педагогика факультетинин деканы болуп иштеген эле. Ал эми, энеси, Мария Ноксоновна, Казах ССРинин эмгек сиңирген мугалими, орус тилинен сабак берчү. Анын ата-энеси Россиядан көчүп келишкен эле. Татьянын энесинин үй-бүлөөсүн 1929-жылы күрүч өстүрүү боюнча адистер катары Казахстанга чакырып келишиптир. Чоң атасы Казахсандын Кызыл-Ордо областында машина-трактордук станцияны башкарып туруптур. Алар азык кургап калган Арал деңизине жакын

жерде жашап турушкан экен. Чоң атасы жашаган жерге жайкы каникулга анын неберелери, анын ичинде Таня да эс алууга келип турушчу. Анын айтымында Арал таң калычтуу деңиз эле, суусу акактай болуп тунук болчу, куму жибектей жумшак эле.

Ал эми, атасынын үй-бүлөөсү Казахстанга энесиникиндей болуп өз ыктыялары менен келишкен эмес – аларды Россиядан Ата Мекендик согуш адында көчүрүлүп алынып келишкен. Татьянанын атасы, Михаил Васильевич, Россиянын туулуп өскөн Хабаровск чөлкөмүн өкүнүч жана сагынуу менен дайыма эскерчү. Кундөрдүн биринде алардын үйүнө НКВД нын кызматкерлери келишип эртең менен чыгып кетүүгө даяр болгула деп буйрук беришти. Эртеси аларды мал ташыган вагонго жүктөп туруп Орто Азияга айдап жиберишет. Жолдогу ачкачылыкта сарамжал чоң энеси өзү менен кошо алган бир бочка чоконун туздалган эти менен оокат кылышат. Ошону менен үй-бүлөө аман-эсен калган экен.

Мугалимдик кылган ата-энеси балдарына туура, советтик тарбия берүүгө тырышышат. Атасы «психология жана педагогика» адистиги боюнча университетти бүткөн, бүт өмүрүн спортсмендерди тарбиялоого аранады. Педогогикалык иши менен бир катар өзү да спорт менен алектенген эле. 1957-жылы штанга боюнча Казахстандын чемпиондук титулун жеңип алаган. Михаил Васильевич анын балдары жогорку билим алуу менен эле чектелбей андан ары жогорулатууну улантышы керек, ар ким илим менен алпарууга милдетүү деп эсептөөчү. Энеси да болгон күчүн балдарына жумшады: ал өзү балдары үчүн өз колу менен кийим тигүүчү, айрыкча майрамга карата алар энесинин колунан чыккан жаңы костюмга ээ болушаар эле. Башкы байлык үй-бүлөөдө шыкалып турган китептер болду, негизинен орус классиктин чыгармалары.

Татьяна Ким мектепти алтын медал менен бүткөрдү. Мектепте окуп жүргөндө ал математика сабагын жакшы көрчү, ошон үчүн атесстат алгандан кийин КазГУнун «прикладдык математика» адистиги боюнча механико-математикалык факультетине тапшырат. Үч жыл окугандан кийин Фрунзедеги КГУга которулат. Себеби фрун-

зелик Тё Владислава Евгеньевичке турмушка чыккан эле. (Ал көп жылдар бою КГМИде доцент, жугуштуу оорулар боюнча кафедранын башчысы болуп иштеген).

Көп өтпөй ал математикалык факультетти таштайт, жаңы кесипке – университеттеги «экономика, курулушту уюштуру жана башкаруу» деген кесипке өтөт. Кыйынчылыгына тобокел кылган ага биринчи курстан баштоого туура келди. Ырас, кээде бул жасаган ишине өкүнгөн учурлары болоор эле. Студенттик жылдары балалуу болот. Ошентип баласын багып, оккусун улантуука аргасыз эле.

Кызыл диплом менен жогорку окуу жайын аяктагандан кийин Госпландын алдындагы пландоонун экономика и экономико-математикалык методдору илимий- изилдөө институтуна кызматка орношот. Бул жерде ал кандидаттык диссертациясын жазууга киришти. Диссертацияны коргоо Ленинграддын финансылык-экономикалык институтунда өтөт. Интеллигенттик үй-бүлөөдө илимий даражага ээ болуу негизги милдеттердин бири болчу.

Госпландын алдындагы инистинут башкаруу кадрлардын устаканасы болчу: бул жерде постсоветтик мезгилдин министирликтер менен ведомостволордун жарымына жакын жетекчилери тарбияланып чыкты. Көз карандыксыздыкты алгандан кийин бул институттан адат катары Кыргызстандын баажы жана салык кызматына кадрларды тандап алышаар эле. СССРде башка чет өлкөлөргө караганда экономиканы изилдөөнүн башкача методу колдонулат деген адашкан пикирлер бар эле. Ырасында методдор менен ыкмалары бирдей болчу, бар болгону алар башкача гана аталуучу. Изилдөөнүн максаты деле бирдей эле. Институтта экономиканын реалдуу өнүгүү тенденциясын жакшы билишээр эле.

Союз таркагандан кийин ал Госкомимуществого башкаруу методология бөлүмүнүн начальниги болуп штеп калат. Бул кызматтта анын институтта алган тажирийбасы менен билиминин пайдасы тийди. Татьяна маилекеттик приватизация боюнча мыйзамды иштеп чыккандадын бири болуп калат. Бул мекемеде иштөө ага абдан жагаар эле. Ал жерде орчундуу токтомдор иштелип чыкчу. Алып айт-

сак Коммунистик партиянын менчигиндеги байлыкты мамилекетке өткөрүү ишин көрсөтсө болор. Мекеменин кызматкерлери түндүн бир маалына дейре кызматынан кетишпей иштеген күндөр көп болду. Кээде жумушка алаксып жатып жаздын келгенин билбей калган учурлар болгонун күлкү кылып эскеришет.

90-жылдар анын профессионалдык жагынан өсүү жылы болду. Бул мамилекеттик башкаруунун жаңы механизмдери иштелип чыга баштагандыгы, элдин жашоо деңгели мурдагыдан төмөндөгөнү менен калктын башкача, «совколук» эмес менталитети калыптана баштаганы менен байланышат. Бул мааниден алганда Кыргызстан башка коңшу өлкөлөрдөн бир кыйла алдыга кеткени, балким, совет экономикасы тездик менен ыдырай баштаганы менен шартталаган болушу мүмкүн. Биздин өлкө төгүлүп-чачылбай аман эсен калуу мектебин ийгиликтүү өтө алды десе болор эле. Азыркы кезде элде, анын ичинде карапайым катмарда россиялык орто звенодогу чиновниктерге караганда рыноктук ой-жүгүртүү кыйла жогору деп айтса болчудай.

Көп өтпөй Татьяна Ким ишмердигинин багытын кайрадан кескин өзгөртөт: шериктери менен бирдикте эл аралык уюмдар менен кызматташкан менчик фонд түзөт. Анын санаалаштары Дүйнөлүк банк, Европалык өнүгүү банкы жана ушу сыяктуу донолор менен байланыш түзүшөт. Окумуштуу иштин жүрүшүндө европалык башкаруу ыкмалары менен таанышууга туура келди.

2000-жылы Татьяна Ким аудиторлордун квалификациялык сертификаты боюнча сынак тапшырды. Ошондон кийин анын турмушунда жаңы этап башталат. Ал болсо акырындап отуруп салык иштери менен алпурушууга алып келди. Мындан соң салык консультанты деген жаңы адистик боюнча квалификациялык сертификатка ээ болуу зарылчылыгы чыккан эле.

Азыркы учурда ал салык консультанттарынын Палатасынын башында турат. Бул коомдук уюм олутту агартуучулук иштер менен алектенет: салык төлөөчүлөрдү окутат, консультация берет, атайы журналдар, брошюраларды басып чыгарат. Уюмдун жардамы менен ак ниет жана сабатуу салык төлөөчүлөрдүн катары өсүүдө.

Ошону менен бирге эле анын салык мыйзамдарын жакшыртуу үстүндө такай иштеп келе жатканы көңүл бурдурат. Ал фискалдык саясат координациялоо боюнча Методологиялык советтин төрагасынын орун басары жана Кыргыз республикасынын экономика Министирлигинин коллегиясынын мүчөсү болуп эсептелет.

Татьяна Михайловна Кыргызстанда адистештирилген салык сотун түзүү аракетин жасап жатат. Анын демилгесин адистер ынтызарлык менен колдоп кабыл алышты. Башкысы жаңы демилге тез жана профессионалдык түрдө проблеманы чече алгандыгы менен салык төлөөчүлөргө пайда алып келиши керек.

Темир леди деген атка конгон Татьяна Михайловна салык тармагында жашоонун кайрадан кескин өзгөрүшүн кыялында уялап жүрөт – чоң эне болуу тилеги бар.

# Каракетов Казим Мудалифович

*Балдын аристократы*



Казим Мудалифович Каракетов – «Кыргыз бал челекчилер союзу» коомдук бирикмесинин жетекчиси. Союз тарагандан кийин ал республиканын бал челекчилеринин башын бириктирген чоң иш жасады. А гана түгүл балчылардын ишин жаңы сапаттык деңгелге көтөрө алды десек болот. «Кыргыз балы» деген бренд жакынкы жана алыскы чет өлкөлөргө белгилүү болуп калышына анын кошкон салымы чоң. Ошону менен бирге Казим Каракетов Кыргызстандын бал челекчилеринин кызыкчылыгы жана укуктарын коргоо иштери менен кошо кайрымдуулук ишмердигин да унуткан жок.

Кыргызстандын патриоту Чүй областынын Ысык-Ата районундагы Дмитревка деген айылда туулган. Анын үй-бүлөөсү өткөн кылымдын 40-жылдары Карачаево-Черкесиядан Кыргызстанга депортацияланып келинген. Анда сталиндик жылдарда 70 миңге жакын карачайлар Кыргызстан менен Казакстанга зордук менен көчүрүлүп келинген болчу. Карачайлар да башка калктар сыяктуу (балкарлар, чечендер, ингуштар жана калмактар) ак жеринен айыпталып, «Мекендин чыккынчылары» деген күнөө тагылып Орто Азияга сүргүнгө жиберилген болчу. Ал кезде Казимдин атасы 6 жашта, энеси болсо бар болгону бир айга толгон ымыркай экен. НКВД тараткан «чыкынчылар, киши өлтүргөндөр, каракчылар» деген жалган жалааларга карабай көчүп келгендер эптеп болсо башын аман сактап калуунун амалын жасашты. Репрессиянын катаал каарына туруштук берүүгө алардын жердигенен толерантуу эл экендиги көмөк түздү десек болор эле.

Хурущевдин мезгилинде калыстык кайрадан калыбына келтирилгени белгилүү. Бардык көчүп келгедер реаблитацияланды: коюлган күнөөлөр алынып ташталды, укуктары кайтарылып өлкөдө эркин жүрүүгө уруксат берилди. Ошону менен карачайлар кайрадан өз мекенине кайта башташат. Бирок алардын кыйла чоң бөлүгү өз мекенине кайтып кетүүдөн чочулашып калып калганды туура көрүштү. Себеп дегенде алардын мекенинде кыйрап күлү эле калган айылдар күтүп турган болчу. Казимдин ата-энеси да 70-жылдары өз мекенине кайтып барууну чечишти. Бирок ал жакта бир аз турушкандан кийин кайра Кыргызстанга кайтып келишти. Бул жолкусунда биротоло. Жаш үй-бүлөөнүн ал кезде төрт баласы бар эле--1970-жылы туулган Казим эң кичүүсү болучу. Казим Кавказда төрөлсө да мекеним деп Кыргызстанды эсептейт.

Балдардын кичүүсү эмгек жолун 13 жашында эле баштады. Адегенде Чүй областында жылкы фермасынын башчысы болуп жүргөн атасына жардам бере баштайт. Кичинекей кезинде эле Казим жылкы багуунун сырларын өздөштүрдү. Тестиер кезинде улуттук спорттун түрү болгон «Кыз куумай» мелдешинде 13 орунду ээлейт. Жаш экенине карабастан жылкы фермасында айлык алып жүрдү. Окуусун таштаган иш менен айкалыштыра алды. Иподромдо иштеп жүргөндө ооруп калаган жылкыларга кам көрүүгө туура келди, бул болсо келечектегин аныктап айыл чарба институтунун ветеринардык факультетине тапшырышына түрткүнчүк болду.

Жогорку окуу жайында окуп жүргөндө деле ат спортун таштаган жок. Сабак бүтөөр замат ат жарышына катышып калуу үчүн түз эле ипадромго жөнөп калчу. 1993-жылы айыл чабасын эң жакшы баалар менен аяктайт. Достору Казимди Россияга чакырып жатышты. Иш беребиз дешти. Бирок энеси кетпешин сураныл туруп алды. Башка өлколордү көрүп жаңы кубулуштарга күбө болгусу келип турса да энесин кыя алаган жок. Туулуп өскөн колхозго ветеринардык врач болуп орношту. Кичинекей айлыгы кенен жүрүүгө мүмкүндүк бербей жаткан болчу. Ошондо күлүк аттарды таптоо ишин колго алууга туура келди. Талыкпаган эмгек акыры өз жемишин бере баштады – Алматыдагы

эл аралык ат чабышта анын таптаган «Бүркүт» деген күлүгү маарага биринчи келип иномарка машинесин женип алды. Мындан соң атасы менен бирдикте ат фермасын өнүктүрүп өзүнүн «Тулпар» деген атын таптап чыгарды. Казмир күлүк аттар менен 10 бою алышты. Кийин жаңы кызыкчылыктар пайда болуп Россияга кетүүгө тура келди.

Россияда ал досу менен бирдикте бизнес менен алпурушат. Досунун кондитердик фабриканы бал менен камсыз кылып туру боюнча «Тульский пряник» менен келишим түзгөн экен. Мындан сырткары балды Москвадагы базарга чыгарып сатуу ишин колго алышты. Бал жана бал челекчилер жөнүндө түшүнүгү аз Казимдин алгачкы күндөрү кыйынчылыктары пайда болду. Бал бизнеси абалкы учурларда алар күткөндөй киреше алып келген жок. Тескерисинче финансылык чыгым гана алып келип жатты. Деген менен иштин кыйчалыштап турганын себептерин талдап көрүшүп ишти башкача нукка буру керектигин түшүнө башташты. Казим бал челегин азыркыдан башка жерге которуу керектигин түшүндү. Бул үчүн тажирийбасы бар эски бал челекчилер менен кеңешип таңашып көрүүгө туура келди. Бул



жолкусунда иш дурус кетип бараткан. Бирок ал аарынын чагышынан пайда болго аллергиянын алып келген каскагын эсепке албагандыгы ачыкка чыкты. Биринчи чаккан аарынын уусунан аз жерден о дүйнөгө кетип калган жок. Бирок Казим ага катуу деле капа болгон жок: аллергияга каршы каражат сатып алды. Акырындап бул иштин оң жана терс жактарын аңдап биле баштады. Ошондо ал бал челекчилердин башын кошкон союз түзүү оюна келет. Бирок оздору күйүп калышканбы адегенде бал челекчилер Казимдин сунушуна ишенбегендей мамиле жасашты. Анткени алардын иши башка кесиптен кыйла өзгөчөлүгү менен айырмаланат эмеспи. Союзга киребиз дегендер аз болду. Бирок бир жылдан кийин көбү иштин келечектүү экенине көздөрү жеткен экен колдогондордун катары көбөйүп, Союздун иши жолго салына баштады. Биринчи кезекте Казим Каракетовдун алдында бал челекчилердин ишин азыркы шартка ылайык мыйзамдык негизге өткөрүү милдети турган эле. Ошону менен бирге бал өндүрүү ишинин ыкмалары менен технологиясын өркүндөтүү максаты бар болчу. Анда бал челекчилерди жаңы билим, жаны технология менен



жабдуу керек болуп турган. Бул максатты жүзөгө ашыруу үчүн бирдиктүү информациялык мейкидик түзүү талап этилип жаткан. Дагы бир чоң маселе бал челекчилер өндүргөн товарлады сатуу үчүн рынок табу кажет.

Каракетов баам салып көрүп Кыргызстандын айыл чарба жерлеринин 5-7% гана пайдаланылаарына көзү жетти. Башкача айтканда айыл чарбасынын потенциалы чоң, жүздөгөн жумушчу орундаарын түзүүгө болот деген жыйынтыкка келди. Азыркы күнү бутунан туруп калган динамикалуу өнүгүп бараткан Союздун 368 балчелекчи мүчөсү бар. Атайы интернет-сайт иштей баштады. Уюм эбак эле эл аралык статуска ээ болгон. Анын тутумуна жалаң Кыргызстандыктар эле эмес Казахстандын, Россиянын а түгүл АКШнын граждандандары мүчө болуп киришкен. Союздун мүчөсү америкалык Леви Джонс бал челек ишмердиги менен (трудотерапия) менен жергиликтүү элдин ичиндеги наркомандарды айыктыруу ишин колго алган.

Союздун ишмердигинин натыйжасында Кыргызстандын тышкаркы жерлерде «кыргыз балы» брендиси белгилүү. Мурунку кездери аны тоо балы деп аташып, башкыр же алтай товары катары сатышаар эле. Иш мыйзамдаштыргандан кийин Союз бал челекчилер жайлоодогу жайыттарды пайдаланууда салыктан бошотулду. Бал челекчилердин эмгеги менен ишмердиги өкмөт тарабынан татыктуу баасын ала алды десек болот.

Мындан сырткары Союздун коллективи ар бир жыл сайын ярмарка уюштурганы адатка айланды. Алар дайым балдар үйүнө, кароосуз калаган жетим балдарга каралашып туруу ишин жолго коюшкан. Аларга майрам уюштуруп белек таратып берүү демейдеги көрүнүштөрдүн бири.

Азыр Казим Карактовдун жетекчилиги менен Союз аарыларды жасалма уруктандыруучу лабороториясын куруу жана аарынын кыргыз пародасын түзүү ишинин үстүндө аракет кылууда. Ийгилик каалайбыз.

## Алиев Магомед Жамалдинович

*Дагестандык башкарма*



90-«жапайы» жылдары Магомед Алиев үй-бүлөөсү менен Кыргызстандан ата-бабасынын мекени болгон Дагестанга көчүп кетет. Махачкала шаарында аны көп сандаган тууган-тушкандары кучак жайып тосуп алышты. Бир караганда бул жерде бардар оокат кылуу жана жетиштүү жашоо үчүн баардык шарттар бар сыяктанат. Бирок көп өтпөй коңшу Чечния менен конфликт башталып кетти. Адам өлтүрүү, жардыруу, качкындар. Ага кошул ташыл болуп дагы бир балекети чыкты – Ала-Тоону сагынуу анын тынчын алып унуткарбай көкөй өйүп жаткан эле. Күндөрдүн биринде ал ойлонуп отуруп Кыргызстанга кайра кайтып келүү чечимине келе. Качан Төйөкү-Чүйдөгү туулуп өскөн айылы көрүнгөндө сүйүнүчүнө чек жок болчу – биринчи кезиккен кыргызды баса калып өпкүлөп жиберүүгө даяр эле. Ошондон бери ал адамдардын ортосунда улутчулдуктун кичинекей эле белгиси боло калса жини кайнап кетет, улут жөнүндөгү кептер тайыз кишилердин чыгарганы деп эсептейт.

Магомед Жамалдинович Сокулук районун Нижне-Чүйск совхозунда 1948-жылы, 16-сентябрда төрөлгөн. Сталиндин режиминин тушунда, 1936-жылы Кавказдан бүтүндөй бир айыл депортациаланып Кыргызстанга алынып келинген эле. Анын чоң атасы Алиев Магомедди (туулганда анын ысымын небересине беришкен болчу) совет бийлиги кулак деп жарыялаган болчу. Чоң атасынын менчигинде чакан бир коро кой, уйлары болгон экен. Анын бүт малын ко-

лективдештирүү кезинде колхозго өткөрүп берүүнү талап кылышат. Ал эми тиги болсо таптакыр макул болбой тууралаНып туруп алат. Ошондо анын бүт үй-бүлөөсүн мал тарткан вагонго салышып Орто Азияга айдап жиберишиптир.

Болочоктогу аграрийдин атасы Жамалдин Дагестандын Хунзах районунда төрөлгөн. Энеси да ошо эле райондун өзүндө, бирок башка айылдан чыгыптыр. Алар кыргыз жергесинде бири бири менен таанышып баш кошушат.

Алиевдердин үй-бүлөөсү кишинин колу тийип көрбөгөн такырга көчүрүп келишет. Алгач алар Чүй суусунун боюндагы жарчаларда үңкүр казышып, ошо жерде сыйынт таап баш калкалашып турушат. Үнкүрдө үй-бүлө бир нече жылдар жашады. Анын чоң атасы орус тилин жакшы билчү, эркин сүйлөчү, аны жаңы курулуп жаткан совхозго тилмеч кылып кызмака алышат. Кыйын учурда жергиликтүү эл жаңы көчүп келгендерге колдон келген жардамын аяшкан жок. НКВД кишилердин жүрөгүнүн үшүн алып койгон эле. Бул карателдик органдын уруксаатысыз коңшу айылга барыш кыйын болчу. Бирок жергиликтүүлөр ага карашкан жок.

Акыры Алиевдердин үй-бүлөөсү чоподон болсо бир бөлмөлүү кепе тургузуп алганга жарады. Жетишпеген турмуш кендирди кесип жаткан. Магомед Жамалдинович талаадан машак терген күндөрүн эмдиге чейин эстейт. Чоңдор керээлден кечке талаада эмгек кылышчу. Бир жолу агасы жерди кетмендечү түндө жасала турган ишинде калып катуу чарчап көзү илинип кеткен экен, анын ордун Магомед барып алмаштырат. Ошондо бала болгону 14 жашта экен.

Атасы менен энеси үйүнө чанда эле келбесе керелдин кечке талаада болушчу. Дың жерди суу соргуч түтүктөр менен сугаруу керек эле. Талаа ээн, күндүн аптабы мээ кайнатат, баш калкалаганга кичинеке көлөкө жер да таппайсың. Магомед Жамалдиновичтын эсинде: бир жолу энесинин талаада толгоосу башталып ошо жерде бала төрөйт. Эртеси кайрадан талаага жөнөйт – балапандай беш баланы багуу керек эле.



Магомед Алиев кичинекей кезинде келечекте врач болсу келген эле. Адамдын өмүрү үчүн күрөшкөн медиктер бала бул дүйнөдөгү эң ак ниет адамдар деп эсептөөчү. Мектепти аяктагандан кийин мединститутка тапшырып өтүүгө аракет кылды. «Ошондо жакшы болуптур, мединистутка өтпөй калганым, менден жакшы врач чыкмак эмес»- деп тамаша кылып күлөт Магомед Алиев.

Анткен менен жаш баланы радистер жана телефонистерди даярдаган училищага кабыл алышты. Экинчи жылы жаны тынбаган Магомед кайрадан жогорку окуу жайына документин тапшырат. Бул жолкусунда К.И. Скрябин атындагы Айыл чарба институтунун зоотехникалык факультетине. Институтка жол каты совхоздун председатели өз колу менен жазып берет. Канткен менен аз да болсо совхозго сиңирген эмгеги бар болчу. Магомед Алиев жыл сайын бир нече ирет колхоздор баш кошуп уюштурган ат чабышына катышып, ал таптаган күлүктөр жеңишке жетишип жүргөн эле. Күлүктү кантип таптоонун жол-жобосун билүү үчүн ал коңшу жашаган казак аксакалдарга барып алардан байыркы көчмөндөрдүн ат суутунун сырын билүүгө аракет кылчу.

Диплом алгандан кийин ал өз айлына кайтып келет. Бош орун жок экен. Ал кезде совхоз 1200 саан уй кармап мамилекетке ар күн сайын 25 тонна сүт тапшырып турар эле. Магомед алгач музоо багыла турган фермага катарды малчы болуп орношот. Чыдамкайлык менен талыкпастан эмгек кылуу өз жемишин бере баштады. Аны музоо фермасына бригадири кылып дайындашты. Андан соң эки жыл ферманын башчысы болуп иштеди. Мындан кийин савхоздун бир бөлүмүн башкарууну ишенип беришти. Күн сайын ал таң атпай



саат 3 бутунда болчу. Жем чыгара турган цехти текшерчү, андан кийин мал чарба бөлүмүнө барып ишти жолго коюучу. Жумуштан кайтып келгенде балдары уктап калганын көрчү.

Эмгекчил малчыны жогорку жактын көзүнө илинген экен райком партияга чакырып алышып айыл аткаруу советинин төрагасы болуп иштеп берүүгө көндүрүшөт. Ар дайым фермада тынымсыз күн өткөрүп көнүп калган Магомед адегенде шашып калды-жаңы иште режим башкача болчу, эртең менен саат тогузда жумушка келишиң керек, дем алыш күндөрү болсо кол жолуң бош, кылаарга иш жок. Ишсиз отуруп калбаш үчүн ал кызмат унаасы катары берилген чиркөөчү күпкөсү бар үчүн эл ичинде «пирожковоз» деп аталып кеткен «Москвич» менен райондун борборуна чапкылап барганды өнөкөт кылып алды. Ал жерде башка малчылардын иш тажирийбалары менен жакындан таанышкысы келген эле.

1989-жылдын август айында совхозду биринчи жолу төраганы шайлоо компаниясы болуп өттү. Адатта миллионер чарбанын директорун Фрунзеден туруп эле дайындап коюшчу. Малчылар Алиевди талапкер кылып кандидатурасын сунуштоону өтүнүшөт. Шайлоого бир күн калганда эки эле талапкер калган: ошо кезде иштеп турган директор жана Магомед. Калагандары талапкерликтерин алып ташташкан. Совхоздун клубуна шайлоочулар жыкжыйма болуп толду. Клубга батпагандар көчөдө күтүп турушкан. Адегенде жашыруун добуш берүү керек дешти, бирок, айылдыктардын бири бирибизден жаап жашыргандан эмне табабыз ачык добуш берели деп демилге көтөрүп калды эле аны жапырт колдоп кетишти. Иштеп жаткан директор үчүн болгону беш эле киши кол көтөрүп берди.

Алиевди бүт бары колдоп кетишити--аны айылдаштары жакшы билишчү. Беш жыл директор болуп жүргөндө Алиевдин ар дайым беймаза кылып турган ой айылдаштарын ишенимин актай алаар бекемин дегени болчу. Олуттуу маселени чечээр алдында ал дайыма совхоздун коллектвинин пикирин билүү керек деп эсептөөчү.

90-жылдары Союз ыдыраганадан кийин тоталдык реформа башталды, ал айыл чарбасында да болуп өткөн эле. Магомед Жамалдинович чарбаны сактап калуу кыйын болуп калганына көзү жетет. Коңшу чарбаралар банкротко кабылышты. Бир киллограм этти бир литр бензинге алмаштырууга туура келди. Бакчадагы иштер жылбай токтоп калды, жашылча жемиштер тонналап чирип кеткен учурлар болду. Анткен менен жеке менчик чарбалар өздөрүнүн продукцияларын колхозго караганда он эсе жогорку баада саткан мезгил келип жетти. Ошентип коллективдүү чарбалар биротоло жоголуп кетүү коркунучунун алдында туруп калган эле.

Мына ошондо Алиев кызматын өз ыктыяры менен өткөрүп берип , үйүн сатып, үй-бүлөөсү менен Махачкалага көчүп кетет. Бирок бир жыл өтүп өтпөй кайра кайтып келет. Чоң атасы сыяктуу тиричиликти башынан, нөлдөн баштоого туура келди. Ал алгачкылардан болуп дыйкан чарбасын уюштурууга киришет. Жер менен техниканы арендага алат. Акырындап отуруп бутунан туруп кетти. Алгачкы кирешелерди алды. Түшкөн пайдага трактор сатып алат. Азыр анын ээлигинде 900 гектар жер бар.

Азыр Магомед Жамалдинович пенсияга чыккан. Эки уулу чарбаны иштетүү милдетин өз моюндарына алышкан. Кызы болсо күйөөгө чыгып Кавказда жашайт. Кубандырганы аны неберелери. Өткөндү, колхоз чарбасы өкүм сүрүп турган учурду өкүнүч менен көп эскерет. Ал кезде бай, кедей деген жок эле, эл бирине чын пейил, ак көнүл менен мамиле жасашчу.

# Кутателадзе Геннадий Платонович

*Шаарлардын куруучусу*



Бул атактуу курулушчу 20 жыл бою Кыргызстандын борбор калаасы Фрунзе шаарынын башкы архитектору болгон адам. Анын ишмердигини тушунда шаар болуп көрбөгөндөй өзгөрүүгө дуушар болду. Эски ийри буйру тар көчөлөр мен көр, сен көр жоголду, бир кабатуу үйлөрдү,чаң баскан жолдорду чимкиригин шор тартып жылаң аяк чуркап жүргөн балдарды азыр кезиктирүү кыйын. Таза парктар, аллеялар жана кенен магистралдар пайда болду, кең кесири аянтчалар, кооз фонтардар курулду, жаңы микрорайондор өсүп чыкты. Эски унут калган эл жашаган пунктун ордуна жашыл бакка бөлөнгөн, кооз, жаңы шаар пайда болду.

Геннадий Платонович Өзүбекстандын Маргалаң шаарында туулган. Анын ата-энеси билими да жок, кандайдыр бир адистиги да жок адамдар эле. Ошондуктан, эптеп көр турмуштун айынан бир орундан экинчи орунга көчүп конуп жүрүүгө арагасыз болушкан. Кичинекей Генанын жашоосу калейдоскопко окшош болду – бүгүн Бухарада болушса, эртең Самарканда, бүрсүгүнү Ташкентте дегендей...

Ал 15 жашка келгенде атасы баланы өзүнүн инисине, Грузияга жөнөтөт. Грузиядагы инисинин балдарынын баары кичинекей кезинен эле кайтыш болушуп тууганын тукумун тарбиялагысы келген экен. Гена Грузияда орус орто мектебин окуп бүтүрөт. Ал грузин тилин жакшы билчү эмес. Классташтарынын тентектеринин бир тобу өздөрүнчө бөлүнүп алышып Москваны барып көргүсү келип

калышат. Алардын ичинде Гена да бар. Жаш балдар Тбилисинин көчөлөрүн кыдырып сайрандап жүрүшкөндө борборго барып окууну улантуу жөнүндө кыялданышаар эле. Күндөрдүн биринде алардын кампаниясына театрдын имаратын долборунун үстүндө иштеп жүргөн жергиликтүү архитектор жолугуп калат. Архитектор тири карак ынтызар жаш балага симметрия, балюстрада жана рим портикасы жөнүндө аңгеме куруп берет. Анын аңгемеси балага катуу таасир калтырыптыр. Эсинде биротоло орноп калган экен.

Москвага барып окууну чечет. Бирок, Москвага чейинки жол чыгымына төлөй тургандай каражат Генадийде жок эле. Ошондо атсынын мектепте бирге окуган досу-- артиллерия бөлүгүнүн полковниги жардамга келип акча таап бериптир. Борборго келээр менен бала архитектура институтун көздөп жөнөйт. Адистер анын сүрөттөрүн карап көрүшүп анча ичи толбогондорун ачык айтышты. Жарабайт дешти. Эгер инстутка өтөм деп декилдеп калсаң, анда күн-түн дебей иштешиң керек дешти алар. Жатаканага орношкондон кийин ошондогу балдар менен өзүнчө топ түзүшөт. Алар бир гана сүрөт тартуу менен алектеништи, караңгы кирип түн түшкөнгө чейин бир тынып коюшкан жок.

Акыры кулча тынбай иштеген өз эмгек өз жемишин берип аны акырыкы төртүнчү аракеттен кийин институтка кабыл алышат. Алты жыл өтүп институтту бүтүп дипломду колго алганда үй-бүлөөсүнөн Рыбачье деген шаарга көчүп барышканы жөнүндө кабар келет. Атасы менен энеси картайып пенсияга чыга турган жашка жетип калышкан эле. Ошондо уулу ата-энесине жардам берүү үчүн өмүрүндө угуп көрбөгөн Кыргызстандагы шаарга бааруу үчүн жөнөп калат.

Жаш адис Фрунзеде орун-очок тапты. Ата-энеси менен үзбөй катташып турду. «Киргизгипрострой» Москвадан келген адис кучак жайып тосуп кызматка орноштурду. Бул болсо республикадагы эң ири, ошону менен бирге прогрессивдүү институттардын бири эле. Институтта Писарской, Головнев сыяктанган легандардуу архитекторлор эмгек кылышчу. Адегенде жаш адиске мектептердин типтүү долборун түзүү боюнча жупуну тапшырма беришти. Кий-

ин ал Юрием Петровичем Карих менен бирдикте М.В. Фрунзенин атындагы Музейдин планын түзүп чыкты. Тилекке каршы, имаратты куруп бүтүрүүгө чыгымдала турган каражатты 10 жыл күтүүгө тура келди. Акыры атактуу аскер башчысынын юбилейине карата имратты куруу үчүн акча бөлүштү.

Мындан кийин Совет көчөсү менен Фрунзенин кесилишинде жайгашкан аптеканын проектисин түзүп чыгууга тура келди. Куталадзе түзгөн эскиз менен курулуш Министирлигинин (Манас-Токтогул көчөлөрүнүн кесилишинде) жана транспорт Министирликтеринин имараттарынын курулуштарынын долборлору ишке ашты. Анын колунан чыккан проект боюнча курулган «Киргиздортранспроекттин», азыркы «Манас» атындагы кыргыз-түрк унивеситетинин корпусу жайгашкан имарат дагы Куталедзенин авторлугуна таандык.



Көзгө илинип калган Генадий Куталедзени 70-жылдардын башында Фрунзе шаарынын башкы архитектору кылып дайындашат. Ал мындан ары биротоло чыгармачылык иштерди таштагысы келген эмес, бирок начальство бир гана адмнистративдик иштер менен алектенишиң керек деп катуу тыю салып коюшту. Ал кезде шаардын өнүгүшү боюнча генплан жок болчу. Москвадан адис келип өз планын сунуш кылып калат.

Генпланда шаардын борбору (бул жер 1100 гектарга тура келет) территориалдык жагынан ченелип бычылган, бирок ал эмнелерден тураары белгисиз экен. Деталдык түрдө планировка керек болчу. Аргасыздан атайы шаардык проекти институтун түзүп чыгууга туура келди. Бүтүндөй бир шаардын планын түзүп чыгуу үчүн адистер

керек болчу: инжинерлер, жолчулар, байланышчылар, экономистер, энергетиктер. Жергиликтүү адистерде зарыл болгон тажирийба жок эле. Ошондо жардам үчүн атайы Москвадан келген адистер Геннадия Платоновича иштеген институттан керектүү эксперттерди издеп табышыты. Ишти жетектөө профессор Улас Николай Николаевичтин колуна тапшырылып берилди.

Ишти баштаар алдында Кутателадзе бир шарт коет – макул, каршы эмеспиз проектинин башында москвалыктар турсун, бирок биздин адистер сөзсүз шаар куруу ишине катышып, керектүү тажирийба топтоого тийиш. Проект бир нече жылга созулуп кетти. Ал иш ушунчалык маанилүү эле, Турдакун Усубалиев башында турган республиканын жетекчилиги тарабынан бекитүү талап кылынган болчу.



Өлкөнүн баш калаасынын борборун тургузуу үчүн турак жайларды, мамилекеттик мекемелерди бузууга, алардын ордуна монументалдуу курулуштарды тургузууга туура келди. Атап айтканда КГБнын имаратынын ордуна азыркы тарихий музейге айланган В.И.Ленин атындагы музей курулду. Жаңы имараттын алдында подвалда чекистердин машиналары коюлчу гараж бар эле. Аны да ылайыкташтырып пайдалануу талап кылынган болчу. Офицерлер Үйүн бузуп анын ордуна аскерлер кийин Кыргыз-россиялык (Славян) университетине өткөрүп берген жаңы кооз имарат тургузушту.

Политехникалык институттун окутучулары жашап турган бир кабатуу жатакананын ордуна Кыргыз драмтеатры пайда болду. Окутуучулар жаңы квартирага ээ болушканына сүйүнүп жүрүштү. Эл жаңы квартираларага муктаж эле ошо максат менен турак массиви

үчүн шаардын түштүк-чыгыш зонасы бөлүнүп берилди. Бул жерге 12 микрорайонду сыйдырууга мүмкүн эле. Турак жайлар тез темп менен тургузулуп жатты: жыл сайын 200 миң квадрат метр турак жайлалар курулуп турду.

Кыргызстандын жаш өнөр жайы тездик менен өнүгүп жаткан. Жумушчу күчтөр жетишпей аларды айылдан чакырууга тура келди. Камволдук-ноотук комбинаты, В.И. Ленин атындагы завод сыяктанган гиганттарды тургузуу үчүн атайы курулуш бригадалары түзүлүп иштеп жаткан. Өндүрүш өнөр жайлары үчүн заводдун жанында жайгашкан турак жайларды куру керек эле.

Мындай масштабдуу ишке күбө болгон Турдакун Усубалиев айласыз алакан жайганга мажубур эле-казнада акча жок болчу. Тилекке жараша курулушка талап кылынган каражатты машиналарды куру министирлик берди. Бул тармак түз эле Москвага баш ийчү. Натыйжада шаардын борборунда көп этаждуу бийик имараттар (высотные здания) пайда болду.

Мындан тышкары Фрунзеде жаңы автовокзал курула баштады, Чүй проспектиси жаңыланды, Жибек-Жолу проспектиси узартылды. Эски аэропорт шаардын тышына алынып чыгылды, күркүрөгөн үн менен вибрациядан уктай албай чийки майдай тажап калган шаардын жашоочулары энелери эркек төрөгөндөй сүйүнүп жатып калышты.

Геннадий Платовичтин принциби бир бар эле: ал борбор калага ашыкча оорчулук келтирбөө, ири өндүрүш жайларын региондорго бөлүп жайгаштыруу деген. Айткандай эле,Токмокто айнекзаводу менен радиозаводунун пайда болушу архитектордун аракетине байланыштуу. Азыр мындай принципти экологиялык кырдаалдын тең салмагын сактоо деп аталат.

Азыр ал пенсияга чыккан, КРСУда сабак берет. Анын айтымында азыр деле болсо бир кездеги өзүнө окшогон көптөгөн келечектүү кадрлар бар, ууч кур эмес, кор болбойбуз.

# Талгат Миррахимов

*Чебердин палитрасы*



Кыргызстандын белгилүү искусствоведдердин пикиринде бул чебердин, элге таанымал сүрөтчүнүн мыкты полотнолорунда анын живопостик манерасынын бийик сапаты айкын байкалат, боек менен иштөөнүн маданияты бийик экени көрүнөт, образдык мотивацияларында Чыгышты ынанымдуу аңгемелеп берүү менен бирге автордун өзүнүн тагдыры жөнүндө притча туюндурулат. Анын чыгармачылык туундуларында ал туулуп өскөн мекенин коздугу, ошону менен бирге бабалары жашап өткөн өлкө жөнүндө ностальгия айкын чагылдырылган. Сүрөтчү канткенде да кылчактап артка карабай алдыга, Чыгышка карай пейлин берип койгонун көрүүгө болот.

Ал КЭРнын Кулжа шаарында 1944-жылы Чыгыш Түркстандын 1944-1949-жылдардагы улуттук-боштондук кыймылынын катышуучусу, белгилүү уйгур зергери Агзам Миррахимовдун үй-бүлөөсүндө туулган. Атасы көп кырдуу кызыкчылыгы жана жөндөмү бар адам эле. Ал жаш Уйгур Республиканын өтүнүчү менен анын биринчи сыйлыктардын коллекциялык үлгүсүн түзүп чыккан киши. Бул талантуу адам театрда да ойногон, китеп да жазган, музыка чыгарган, бир сөз менен уйгур искусствосунун негиздөөчүлөрүнүн бири болуп эсептелет. Көп тилде эркин сүйлөп, фарси жана орус тилдерин жакшы билчү, куудул-юморист (уйгурча чах-чахчи) болгондугу көп эскерилет, бир дагы майрам ансыз өткөрүүлчү эмес дешет.

Талгат Агзамович өзү моюнуна алгандай чыгармачылыгындагы атасынын таасири ченемсиз зор болду. Кээде кезектеги зергер буюм-

мду жетээр чегине жеткирип бышыруу үчүн усталык кылып отурган атасынын элеси көз алдына келет.

1955-жылы Миррахимовдордун үй-бүлөөсү саясый куупунтуктан баш калкалап СССРге эмиграцияланып келет. Атасы, энеси, карындашы жана беш ага-иниси ичи кенен Кыргызстан жергесинен, Фрунзенин жака белиндеги Лебединовка айлынан конуш алышат.

Жетинчи классты аяктагандан кийин эле Талгат ата-энесине айтпай тымызын көркөм училищага документин тапшырат. Буга чейин ал Семен Чуйков, Гапар Айтиевдердин чыгармаларын көчүрүп тартып машыгып жүрчү. Сыноону белгилүү сүрөтчү Күлчоро Керимбеков алат. Сыягы маданиятка эмгек сиңирген такшалаган сүрөтчү андан келечекте чыныгы чыгармачыл адам чыгаарын баамдаган окшобойбу, окуу жайына кабыл алышат. Биринчи жылдары окуу кыйын болду. Күн-түн иштегенге туура келди. Кыйналган учурлар да көп болду. Арийне, үчүнчү курска жеткенде Талгат мыкты окуучу болуп калды. Бир жылдан кийин класстын старостасы болуп шайланга жетти.

Бирок, күтпөгөн бир окуялар болуп кетти. Аны «брону» бар экенине карабай армияга алып кетишет. Окуусун бүтпой калаган студентти Түркмөнстанга жиберишет. Алыскы кара кумдун таласында байланышчылардын армиялык бөлүгү жайгашыптыр. Бул жерде негизинен мосвалыктар кызмат кылат экен--аларга дүйнөнүн баардык тарабынан чыккан сигналдарды кармап туруу милдети тагылптыр. Жаңы келген Миррахимовту чарба бөлүгүнө дайындашып агитациялык материалдарды даярдоо ишин тапшырышты. Кийин Талагаттын чачын алып артынан сая түшүп жүргөн сержантка кантсең да сүрөтчү тапкын деп буйрук беришиптир. Анын ишин бөлүктүн командиринин саясат боюнча орун басары өзү жеке көзөмөлгө алат. Кызматтан бош учурларда солдат колуна этюдник алып чөлдүн катаал табиятын сүрөткө тартуу үчүн бархандарга чыгып кетер эле.

Армиядан келегенден кийин чемоданына толтура этюддар менен өз училищасына келет. Давид Натанович Флегман анын окутуучусу солдатттык формачан эски тарбиялануучулардын бири алдына өз

ишин жайып таштаганда айраң таң калды. «Мына көрдүңөрбү, эгер, адам иштейм десе армияда дагы искусство менен алектенет» деди ал.

Училищаны бүтүргөндөн кийин «Горофомление» деген мекмеге кызматка орношот. Борбор кала үчүн плакаттарды даярдады. Бир жолу Ташкенттеги театралдык-көркөм институттка тапшырып көрдү. Бирок, ал аракетинен майнап чыккан жок. Таанышы жок туруп булл ВУЗга өтүү мүмкүн эмес болчу. Өзүбекстанда жашаган агасы менен коштошуп жатканда пайгамдардын сөзүн айкан экен: «Сен баардыгына өз эмгегиң менен гана жетишесиң».

Өмүнүн көбүн ал чыгармачылыкка арнады. Региондорго тез тез арып турчу. Пахтачыларды тартты. Бир жолу анын «Жылуу жамгыр» деген ишин Москвага алып барышты. Москвада алыскы белгисиз жердин сүрөтчүсүнүн нөшөрлөп жааган жаандан целлофан жамын-



гычка корголоогон кызыдын образы жакшы таасир калтырды. Бул иш чет өлкөдө көргөзмөгө коюлуп мында да жакшы пикир жаратты. Борбордон ВДНХнын коло медалын жиберишет. Бирок Фрунзе каршы чыгып туруп албаспы, биздин өзүбүздүн татыктуу кандиатыбыз бар дешип. Бул сыйлыктан кийин Талагат өзүнө канат пайда болгондой сезди.

Көп аракеттен, майнапту иштеринен кийин гана аны СССР сүрөтчүлөр Союзуна, андан кийин Кыргыз ССРнин сүрөтчүлөр Союзуна кабыл алышты. Жакында эле Кыргызстандын эмгек сиңирген сүрөтчүсү деген наам беришти.

Союз тарагадан кийин көптөгөн сүрөтчүлөр ишсиз калышканы белгилүү. Кай бирлери акча иштеп табуу үчүн ал кезде мода болуп кеткен абстракция өтүп кеткендери болду. Асресе, Талгат Миррахимов өзү тандап алган стилин алмаштыргысы келген жок. Ал өзүн Мурат Бекжанов, Аман Асранкулов жана башкалардын традициясын улантуучу деп эсептейт.



Кыйын жылдары үй-бүлөөнү багуу аялынын моюнуна тагылды. Аялы соодегер-челнокторду Кытайга узатуу жана тосуп алуу менен оокат кыла баштаган эле. Кудай жалагап, 1992-жылы Алматыда көрсөтмө уюштурулат, ага сүрөтчүнүн айрым иштери коюлат. Капысынан АКШнын элчиси анын көрүп калып картинасын сатып алайын ниетте экенин билдирип телефон чалып калат. Бул эң алагачкы картинасын балаган ири соода болчу.

Сүрөтчү батышты багындырууну чечет. Карызга белчесинен батып жатып германиянын Тирер деген шаарына жөнөйт. Белгиз өл-

көдөн келген сүрөтчүнү бул жерде кайдигер тосушту. Бирок, кошуна Люксембургда анын иштерин сатып ала башташты. Көп кишилер Кыргызстан эмне болгон өлкө экенинен кабары жок экен. Ошондо Талгат Агзамовичке өзүнчө эле элдик дипломат болууга туура келди-мекени жөнүндө жергиликтүү элге аңгемелеп берип жатты.

Бир жолу Франциядан колунда бардар кишилердин тобу көргөзмөгө келет. Алар шашылышкан жок, картиналарды көпкө сынап карап турушту. Көрсөтмөнүн акыр жагында бир миллионер Талгаттын дароо төрт картинасын сатып алып жатпайбы. Ошентип, сүрөтчү мекенине кур кол кайтып келген жок. Ар бир жылы ал Батышка эмгектерин алып бара турган болду. Акыркы жылдары ал Еропада белгилүү сүрөтчүлөрдүн бирине айланган.

Талгат Агзамовдун айтымында биздин чеберлердин деңгээли кыйла жогору (эле).

Ошетсе да биздин сүрөтчүлөрдүн деңгээли канткен күндө тигилерден кем калышпайт. Бир жолу типтүү бюргерлердин бири көрсөтмөгө келип илинип турган иштер менен көпкө алаксыды акыры абстакция жадатып бүттү, адамдык жылуулук менен карым-катнашта болгум келет деп чын сырын моюнуна алды.

Сүрөтчүнүн бир уулу атасынын жолун жолдоп кетти – атасы сыяктуу сүрөтчү болуп калды. Азыр ал дизайнер болуп эмгектенет. Келечекте чоң иш менен алектенсем деген тилеги бар. Атасы да шаштырбайт – чыгармачылык деген адамдын жан дүйнөсүндө бугуп жатат, качандыр бир кезде ал өзү эле келет.

Талгат Миррахимов чыгармачылыкта өлкөлөрдү, элдерди, улуттарды көрүнбөс жибчелер менен бириктирип турган касиет бар экенине ишенет. Чыгармачыл адамдар дүйнө үчүн ачык, демек алар жаңычылдыкка жана адаттан тыш кубулуштарга ынтызаар келишет эмеспи.

# Басаров Рамазан Бубаевич

## *Алтын өрөөндүн иштерманы*



Мына жети жылга аяк басты, ал Төмөнкү-Чүй айыл аймагынын төрагасы болуп иштеп келет. Айылдын жашоочулары ага бир нече ирет ишеним көргөзүшкөн. Мунун өзүнчө чоо-жайы бар. Бул жетекчинин келиши менен бир кезде гүлдөп өскөн, анан уламдан улам чөгүп төмөндөп барткан совхоз-миллионердин иши кайрадан жандана баштаган эле. Талкаланган, Союзун тарашы менен уурдалып тонолуп кетткен имараттар азыр кайрадан калыбына келтириле баштады. Эл айыл чарбасы да көзгө көрүнөөлүк киреше ала башташты. Ар бир жеке чарбанын короосунда экиден машина турганына күбө болосуң. Топ тобу менен шаарга кызмат издеп кача баштан жаштар азыр борборго барып кызмат издөө жөнүндө ойлоруна да келбей калды. Айылдыктрдын келечекке болгон үмүттү артты…

Рамазан Бубаевич 1966-жылы 1-январда Чүй областынын Аламүдүн районун Октябрское деген айылында мугалимдердин үй-бүлөөсүндө туулган. Атасы физкультура институтун аяктагандан кийин Төмөнкү-Чүй мектебинде дене тарбиясынан сабак берген эле, энеси болсо балдар бакчасында иштечү.

Рамазан Басаров кичинекийинде башка балдар сыяктуу эле футбол ойногонду жакшы көрчү. Оор атлетика менен да алпурушту. Атасынын кылган иши бала үчүн үлгү болчу – тренер болгусу келди, физкультуралык институтка тапшырууну самады. Кийин бир аз чоңое түшкөндөн кийин тил үйрөнгүсү келди, айрыкча немец тилинде көп окуду. Мындан тышкары англис тилин да өздөштүрүүгө аракет жасап жүрдү.

1983-жылы Рамазан Төмөнкү-Чүй орто мектебин бүтүрөт. Ата-энеси уулу айыл чарба институтуна тапшырышын каалашат, бирок тагдырдын айтканы башкача болуп чыгып ал жогорку окуу жайына өтпөй калат. Жаш бала Жаны-Жер айлындагы трактористерди даярдоочу бир жылдык курстан окуй баштайт.

Жаш адистикти жаңы алган баланы армияга чакырып кетишти. Ленинграддагы инженердик бөлүккө барып түшөт. Армияда жүргөн мезгилди эмдигиге чейин унутпай эскерет. Чынында эле армия чыйралып кайратту болуунун мектеби болуп берген эле. Ал жерде көп нерсеге, биринчи кезекте, өз алдынчалыкка үйрөндү. Мүнөзү чыйралып калыптанды, ошону менен бирге чыдамдуу менен эптүү болууга бышыкты.

Армиядан кийин Рамазан Басров өз айлына кайтып келет. Бир нече күн формасын чечпей койкондоп жүрдү дечи, бирок, иштеп эмгек кылуу талап кылынып жаткан. 1986-жылы жаш жигит жем даярдоочу трактордук бригаданын кызматкери болуп иштеп калат. Бирок жаш жигит окугусу келген, жогорку билим алгысы келген эле. Ошон үчүн ал медициналык институттун тиш дарылоо бөлүмүнө тапшырат. Мындай чечимге ал врачтардын эмгегин сыйлагандыгы үчүн келген болчу. Тилекке каршы конкрустан өтө албай калды.

Жаш жигит мындай кыйынчылыкка моюн сунуп отуруп калган жок. Документин экономикалык факультеттин кечки бөлүмүнө тапшырды, экзамендердин жыйынтыгы боюнча Кыргыз мамлекеттик университетинин эсеп-эконономикалык факультетинин күндүзгү бөлүмүнө кабыл алынды.

Жайкы каникул мезгилинде башка курсташтары менен бирдикте практикададан өтүү үчүн соода ишканаларына жиберишити. Бул иште сабатту адис жана лидерлик сапатын көрсөтө алды десек болот. Бирок, көп өтпөй Союз ыдырап тарайт, аны менен бирге мамлекеттик соода системасы дагы урап түштү. Соода тармагындагы эски адистердин керeги жок болуп чыкты, челноктордун доору келди.

1993-жылы диплому колго тийгенден соң Рамазан Басаров өз айлына кайтып келет. Айылдагы нан жапкан кооперативдин

башчысы болуп ишке орношот. Бул мекемеде аны менчиктештиргенге дейре кызмат кылды.

Мындан соң ал бир тууганы менен башкаларга көз каранды болбой өздөрүнүн дыйкан чарбасын уюштуруу чечимине келишет. Чарбаны атасынын ысымы менен «Гирей» деп аташат. Ошентип бир туугандар айыл чарбасында ийгиликтүү ишти жолго коюшат. Кыска мезгилдин ичинде эле чарбаны бутунан тургузушуп натыйжалуу иштетип кете алышкандары айылдыктарды таң калтырбай койбогон жок. Бекер жеринен, сыягы, 2005-жылы шайлоо башталаганда Рамазан Басаровду айыл өкмөтүнүн төрагалыгы ордуна көрсөтпөшкөндүр дейсиң. Ошентип, ишитин көзүн билген иштерман Рамазан Бубаевичти төрагалыкка эл шайлап алышыты.

2009-жылы аны кайрадан шайлашты, ошондон бери ушу күнгө чейин Рамазан Бубаевич Төмөнкү-Чүй айыл аймагынын башчысы болуп кызмат кылып келет.

Кызматка жаңы киришкенде айыл өкмөтүнүн инфрактурасынын абалы мышык ыйлай тургандай начар абалда болчу. Бир кезде гүлдөп өскөн чарба варвардык менен таланы- тонолуп кеткен эле: жабдуулардын тамтыгы чыккан, техника уурдалып-тутулуп жоголгон. Бир кезде миллионер деп аталган совхоз банкротко кабылган. Гүлдөп турган айылдын боор ооруй эле турган калдыктары сакталып калган: эптеп, алда-жалда деп күн өткөрүп жаткан оорукана, мындан башка бир нече соцкультбыт обьектилери гана бар болгону. Мисалы клуб боор оруй турган абалда болчу: чатырынан сарыккан жаандын суусу тамчылап, ичиндеги бөлмөлөрдөгү тизеден келген сууга толгон. Бир мезгилдеги эки кабатуу имарат акырындап ишпалтайы чыгып бараткан. Рамазан Бубаевичтин жетекчилиги менен имраттын чатырын оңдоп чыгышты, капиталдык ремонттон өткөрүштү. Азыр ал жерде информациялык-ресурстук борбор жайгашкан, конференц зал бар. Айылда кафе жок эле, майрамды эл кайда өткөрүшөөрүн билишчү эмес. Азыр клубдун биринчи кабатында 120 кишиге эсептелген ресторанды жайгаштырышты. Акысы айылдыктар үчүн сиволикалык десе болот. 2012-жылы кошумча түрдө

300 отургуч сатып алышты, азыр ал жерде концептер, майрамдык «ыр-кеселер» өткөрүлүп турат.

Төмөнкү-Чүйдөгү клуб азыр райондо эң мыкты деп табылган. Спонсорлордун берген кажаттары менен, ашар методу аркалуу эл айылдын жолун ремонттоп жатышат. 2010-жылдан баштап «Манас» транзиттик ташуу Борбору менен кызматташуу ишин башташкан. Америкалык аскерлер айылдын №2 мектебин ремонт жасап беришти, жаңы оорукананын ачылышына жардам беришип аны толук жабдуулар менен камсыз кылышты. Садовое айлы үчүн эки суу соргучун сатып алышты. Ал эми, Мирное жана Северное айылдарына АРИСтин көмөгү аркылуу суу сактоочу мунара орнотушту, азыр ал айылдын элин таза суу менен толук камсыз кылып турат. Инвалидер менен кары картаң жакыр адамдарга өзгөчө көңүл бөлүнүп келе жатат.

Төмөнкү-Чүй аймагында азыркы күнү көп улуттуу 5 миң адам жашайт. Эл негизинен дыйканчылык жана мал чарбачылыгы менен алектенет. Тамеки, капуста, калемпир, жүгөрү жана башка бакча продукциялары менен барбор калаанын базарларын камсыз кылып турушат. Айылдыктар мындан тышкары Россияга экспорттолуп жаткан быштак, башка сүт продукцияларын өндүрүшөт.

Бир нече жылдардын аралыгында эле жергиликтүү элдин жашоо деңгели кадимкидей көтөрүлгөнүн көрүү кыйын эмес. Ар бир түтүндө машина бар. Районго түштүктөн, ал эмес Тажикстандан көптөгөн мигранттар көчүп келип жатышканын көрүүгө болот. Мигранттар эмгекке келгенде талыкпаган жагы бар. Натыйжасы дароо көзгө илинет – көчүп келгендер тез эле машина сатып алганын, үй тургузганына күбө болосуң. «Бекеринен Чүй өрөөнүн алтын өрөөн деп аташпагандыр. Бул Кудай берген жерде бел ийилтип иштеш гана керек, жалкоолук кылууга болбойт»,- дейт Рамазан Бубаевич

Төмөнкү-Чүй аймагында эл этникалык топторго бөлүнүшпөйт, майрам күндөрүн бир үй-бүлөөдөй болуп баш кошуп чогуу өткөрүшөт. Бул жерде татыктуу жана бардар жашоо үчүн баардыгы бар. Негизги байлык жашоочлары үчүн –элдердин ынтымагы.

# Мамасаидов Мухаммаджан Ташалиевич

*Айга кол жеткенде*



Академик Мамасаидов Кыргыз республикасынын илимине, билим берүү системасына зор салым кошкон белгилүү окумуштуу-педагог, атактуу коомдук ишмер болуп саналат. Космосттук станциялар үчүн «Луна-16» жана «Луна-24» деп аталаган уникалдуу кыртышкашаалар механизмин түзгөн кыргыз изилдөөчүлөрүнүн бирине кирет. Анын табият таштарын казып алуудагы түзгөн моделинин технологиясы республиканын тоо-кен өнөр жайы жана экономикалык кубаттуулугун өнүктүүрүүдө өзгөчө мааниге ээ.

Мухаммаджан Ташалиевич өлкөдөгү ири жана оргиналдуу жогорку окуу жайына айланган Кыргыз-Өзүбек университетин негиздөө менен мыкты уюштуруучу экендигин да көргөзө алды. Көп кырдуу таланты, табиятынан талыкпастыгы менен Кыргызстандын түштүк жергесинде сый-урматка ээ жана көрүнүктүү адам болуп эсептелет.

Мухаммаджан Мамасаидов 1949-жылы 1-апрелде Ош областынын Араван айлында жарык дүйнөгө келген. Анын атасы, Ташалы Мамасаидов, тарыхтан сабак берген, анын билимге болгон ынтызарлыгы эки партиялык мектепти – Фрунзедеги республикалык, Алма-Атадагы бүткүл союздук партиялык метептерди бүткөрүүсүнө өбөлгө болду. Көп жылдар ал партиялык-чарбалык иштерде эмгектенди. Акыркы жылдары мектепетин директору болуп жүрүп пенсияга чыккандан кийин өзү жакшы көргөн тарыхтан сабак берүүсүн улантып жүрдү. Келечектеги академиктин энеси Ишараткан Садыкова райсотто жооптуу секретар болуп иштеди. Жетинчи баласын

төрөгөндөн кийин ал үй кызматкери болуп калат. Балдарын тарбиялайт. Мамасидовдун ата-энеси азыркы кезде эсен-аман, активдүү иштер алпурушуп келишүүдө.

Кичинекей Мухаммаджандын балалык чагы согуштан кийинки учурга туш келди. Ал кезде Араван айлында жашоо кыйын эле, турмуштун жетишпестиги белден басып турган. Бирок, кыйынчылык учурга карабай адамдар бири бирине чын пейилден мамиле жасашчу, ынтымактуу жашашчу, бири бирине жардам беришер эле. Эч ким башкалар кайсы улутка кирери боюнча кызыгып сурап да койчу эмес.

Жаш бала үчүн мектептеги сабактар жеңил болду, баарынан аны көбүрөөк кызыктырганы так илимдер эле. Жогорку класстарда райондук, областык олимпиадаларда жеңишке жетишип жүрдү, республикалык олимпиада сыйлыкка татыды. Райондо тестиер бала көрүнүктүү спортсмендердин бири болчу, өздүк көркөм чыгармачылыкка активдүү катышты – мектептин театрда ойноор эле. Айылдагы тирикарак чыйрак балдардын бири эле.

Азыр академик бир нече академиялардын анык мүчөсү болуп саналат, А.Нобелдин медалынын жана башка бир топ сыйлыктарга татыган. Академик алгачкы билим берген айыл мугалимдерин дайыма ыраачылык менен эскерет. Айылда мугалимдер кыйынчылыкка карабай балдарга олутту жана терең билим берүүгө аракет кылышкандарын унутпайт.

Мухаммаджан Ташалиевич балалык чагын эскергенде анын алда немедей болуп көз алдында жүрөккө жакын жепирейген тамдар, жүзүм заарлар, огороддор келет. Бала айылдын бакчалары менен огороддордо толтура жемиш бышып турган жерлерде, тар көчөлөрдө жыланаяк чуркап жүргөнүн дайым эскерет. Жылына эки ирет окуучулар пахта талаасына чыгышчу- -адегенде пахта аянтын отоо чөптөн арылтуу, андан кийин «ак алтынды» терип жыйноо ишине катышаар эле. Бул кезде пахтага борбордон студенттерди алып келээр эле, мода менен кийинген, колдорунда транзитору бар аларды айылдын балдары суктануу менен узата карап турушчу. Мухаммаджан 1966-жылы мектепти алтын медал менен бүтүрдү.



Анын жердеши белгилүү геолог, кийин академик, Өзбекстандын ИА президенти болгон Хабиб Абдулла эле. Атактуу мекендешинин жетишкен ийгилиги Мамсаидов үчүн алга умтулуунун үлгүсү болуп калды.

Фрунзеге келгенде ал үчүн адегенде кайсы борбордук окуу жайы баарынан күчтүү да жана ардактуу да экенин аныктоонун мааниси чоң болчу. Ага билгендер «политехническийден» өтөөрү жок дешти. Айткандай, ошо жогорку окуу жайына документин тапшырат. Ошол 1966-жылы абитуренттер демейден башкача эки эсеге көп эле, себеби, бир эле учурда 10 жана 11-класстардын окуучулары бүтүрүшкөн болчу. Окуу жайларында болуп көрбөгөндөй конкурс болду. Бирок айылдан келген баланын таланты менен билими жеңип чыкты – ал Фрунзедеги политехникалык институттун механикалык факультетине өтүп кетти. Үчүнчү курста ал Лениндик стипендиант болуп калды, окуу жайын кызыл диплом менен бүтүрдү. Мухаммаджан Ташалиевич эмдигиге чейин бир дагы төртү жок беш менен толтурулган зачеткасын сактап жүрөт. Аны келечектен үмүн кылган адис катары институтта калып сабак берүүсүн сунуш кылышты.

1971-жылы күзүндө бөлүштүрүү боюнча Кыргыз ССРинин илимдер Академиясына жиберишет. Ошентип ал кыргыз илиминин Олимпине кеткен жолду баштаган болчу. Ал кезде илимпоздор коомдо ардактуу кесип катары баркталып туруучу, илим романтикалык кесип деп эсептелчү. Мамлекет дагы илимге моралдык-материалдык жагынан көмөк көрсөтүп өзгөчө көңүл бөлөөр эле.

Мухаммаджан Ташалиевич адегенде СССРдин космостук программасы менен иштеген кыргыз илимпоздорунун командасын аныктап чыкты. Команда терең изилдөө жүргүзүп космостук стан-

циядагы ай кыртыштын үлгүсүн алуу боюнча кыртышкашааларынын автоматык механизмин иштеп чыгышты. Бул биздин илимпоз инжинерлер иштеп чыккан аппарат союздук өзчө конкурста жеңип чыгып айды изилдөөдө пайданалынды.

1973- жылдын ноябрында ал аспирантуранын күндүзгү бөлүмүнө өтүп аны мөөнөтүнөн мурда бүтүрүп кандидаттык диссертациясын жактайт. Ал дүйнөдө зор ийгилик алып келген «Луна-24» космостук автоматтык станция үчүн кыртышкашаа автоматын иштеп чыгууга ишине катышат. Бул автомат, баарыбызга белгилүү, 1976- жылы Айга түшүрүлүп эч кынтыксыз түрдө айдын бетиндеги 2 метрлик тереңдиктен кыртыштын үлгүсүн алып чыгууга жараган эле.

Кыргызстан үчүн маанилүү тармак тоо массивдерин өздөштүрүү болуп калганы белгилүү. Мамасаидов табигий таштардын кенин өздөштүрүү, аларды казып алуу жана кайрадан иштеп чыгуу проблемалары менен алектенип келди. Ал технологиялык процесстин теориясын негиздеди жана ташттардын болокторун казып чыгуу боюнча тоо машиналарынын адистешкен түрлөрүн иштеп чыкты. Анын илимий изилдөөсү докторлук диссертациясына негиз болуп берген



болчу. Бул мезгил аралыгында ал үч монография жазып басмадан чыгарды, ошону менен бирге эки илимдин кандидатын даярдады.

90-жылдары түштүктө окуу-илимий борбору уюштурулат, кийинчерээк ал Кыргызстандын илимдер Академиясынын Түштүк бөлүмүнө айланат. Жаш докторду бул регионго билим менен илимдин деңгелин көтөрүү максаты менен атайы жиберишет. Бул жерде ал өзүнүн илимий мектебин түздү, 1993-жылы мүчө-корреспондент, ал эми 2000-жылы болсо КР нын ИА нын акедемиги болуп калат.

Ири илимпоз Мухаммаджан Мамасаидовду 1994-жылы жаңы түзүлгөн Кыргыз-Өзүбек жогорку колледжинин ректору кылып шайлашат. Окуу жайы бутунан туруп кеткендин кийин ал университетке айланды. Илимпоздун эл ичинде кадыр баркы чоң экендигин мындан билиңиз, аны Кыргыз республикасынын Жогорку Кенешине төрт ирет шайлашты. Бул мезгилде ал Кыргызстандын элдеринин Ассамблеясынын ири звеносу болгон өзүбек маданий борборун жетектеп келди. Азыркыга чейин ал Ассамблеянын советини мүчөсү болуп саналат.

Кийинки жылдары ал саясаттан өз ыктыяры менен кетип калды. Шайлоочуларын чогултуп аларга ыраазычылыгын билдирди да мындан ары өзү жакшы көргөн илим менен алпурушууга уруксат сурады. Азыр ал өзү түзгөн университеттин алдындагы «Табигий Таш» Илимий-изилдөө борбору менен Кыргызстандагы өзүбек тилинде сабак мектептерине окуучуларды даярдоо Борборуна жетекчилик кылат. НИИЦте иш жолго коюлуп табигий таштарды казып алуу жанан иштетүү боюнча келечектүү техника менен технологиянын теориясы менен практикасынын өнүгүү жолунда. Экинчи борбордо 78 аталыштагы мамлекеттик стандарттагы жалпы нускасы 1,5 миллионго жеткен окуу китептери даярдалып жана басылып чыкты.

Азыркы күнү Академик Мамасаидовду тынчсыздандырганы өлкөнүн булуң бурчтарындагы алыскы райондорундагы балдар окуган айыл мектептериндеги окутуунун сапатынын кескин төмөндөп кетиши. Асресе, мезгил өзгөрүп айылдык балдардан да билимдүү адамдар чыгарына, айрымдары өзү окшоп академик болуп калаарына терең ишенет.

# Слензак-Бегалиева Зенона

## *Европа менен Азиянын башын кошуучусу*



Белгилүү композитор, Кыргызстандын эл артисти Муратбек Бегалиев менен ал баш кошконун күмүш тоюун белгилешти. Алардын кызы Бахианга ысымды Чыңгыз Айтматовдун өзү берген болчу. Зенона Зеноновнанын мекени – миңдеген чакырым алыстыктагы, атактуу Шопендин сөөгү коюлган Польша Республикасы. Тагдыр биздин республикага алып келгенден соң белгилүү виолончелистка жана педагог Зенона Слензак-Бегалиеваны эки улуу маданияттын – чыгыш жана батыш, кыргыз жана поляк маданиятынын кызматташуусунун данакери болуп калды десек болоор эле.

Зенонанын ата-энеси уул-кыздарына (үй-бүлөөдө үч бала бар эле) искусство менен мекенди ардактап сүйүүнү үйрөтүүгө аракет кылышты. «Адам өз мекенин ардактай алса, башка өлкөнү да ардактай билет»,- деп көп айтаар эле анын атасы. Анын айтканында пайгамбарчылык маани жаткан экен.

Базалык билимди Зенона Слезнак Лодзи жана Варшава шаарларында алды, андан кийин Советтер Союзуна келип Москвадагы П.И. Чайковский атындагы мамлекеттик консерваторияга тапшырат. Окуу жайында дүйнөдөгү эң мыкты педогогдор, анын ичинде улуу Мстислава Ростроповичтин эң мыкты окуучусу профессор Марина Чайковская бар эле. Мына ошо атактуу музыкалык окуу жайынын аудиториясында тагдыр чекен жолгушуу болуп өттү- -ал келечектеги күйөөсү Муратбек Бегалиев менен таанышат. Бегалиев композиция бөлүмүндө окуур эле, анын жазган музыкалары Зенонаны тамшандырды. Алар достошуп кетишет, каникулдарда гана ажырашпаса бир бири ар дайым чогуу жүрүшчү. Алыскы Польшага Кыргызстан жазылган катар үзүлбой күн



сайын келип турар эле. Муратбек «Потомок Белого барса» фильми жөнүндө, белгилүү режиссер Төлөмүш Океев ага заказ берген партитура жөнүндө жазчу, кыргыздын үрп- адаттары, өзүнү балалык чагын, чыгармачылык пландарын аңгемелеп айтып берчү.

Алар 1986-жылы баш кошушат. «Биздин Европада жашап иштегенге толук мүмкүндүгүбүз бар болчу. Бирок Муратбек өз үйү болгон Кыргызстанга келүүнү чечти. Бул деле түшүнүктүү дечи: чыгармачыл адамды туулуп өскөн жер алга сүрөп турат эмеспи. Ошондон бери Кыргызстан менин экинчи мекеним болуп калды»,- дейт пани Зенона. Бегалиевдердин тагдыры адам тагдырларынын жана цивилизациялардын татаал кесилишинин мүнөздүү көрүнүшү болуп кала алат десе болчудай. Мындай мисалдар Борбор Азиянын тарыхында көп эле кезигет.

Тагдырдын буйругу менен Кыргызстанга келип Зенона жолдошунун мекенин чын жүрөктөн сүйүп калды. Аны ак кар баскан тоо чокулары, жана алардын кооздугу менен улуулугу өзүнө имерип тартып алды. Ал Б. Бейшеналиева атындагы искусство институнда, ошондой эле Кыргыз улуттук консерваториясында ачылган кылдуу инструменттер кафедрасында сабак берүү менен аткаруучулук өнөрүн--стилин жана методикасын кыйла өнүктүрдү.

Консерваториянын ачылышы көз каранды эмес Кыргызстандын маданияты жана билим берүү системасында маанилүү окуялардын бири болуп калды десек болот. Бегалиев Европадагы белгилүү дүйнөлүк музыкалык борборлордон стажировкада болуп чыгармачылык узак командировкадан кайтып келип мекенинде кайра куруулардагагыраак айтканда СССРдин ыдырашына күбө болду. Улуу держава менен кошо Кыргызстандын классикалык музыкасы да жан таасилим

кетпедиби. Көптөгөн музыканттар жан багыш үчүн профессияларын алмаштырышты, же республиканы таштап сыртка кетип жатышты.

Кандай гана болбосун классик музыканы сактап калуу жана кайрадан жандатуу зарыл деп чечкен Муратбек Бегалиев Кыргыз улуттук консеваториясынын ачылышына жетишишти. Консеваториянын алдына ошо мезгилдин мыкты музыканттарынын башын кошо алганы анын эрдиги десек болор эле. Анын бул чечкиндүү идеясы дароо эле колдоо таба алаган жок, акыры 1993-жылы консерватория ачылат. Азыр ал КМШ өлкөлөрүнүн ичиндеги өз келечегин көрсөтө алган мыкты чыгармачылык жогорку окуу жайларынын бири болуп саналат.

Консерватория ачылган күндөн баштап азыркыга чейин Зенона виолончель боюнча атайы классты алып барат, Кыргызстанда жана Тажикстанда виоленчель мектебинин калыптанышы анын ысымы менен байланыштуу. Демек, бул анын аты эки республиканын маданиятынын тарыхында жазылып калды дегенди билдирет. Кыргызстандын консеваториясына Зенона Бегалиева жыйырмадан ашык бүтүрүүчүлөрдү даярдап чыгарды, алардын ичинде Кыргызстанда жана чет өлкөлөрдө ийгиликтүү эмгектенип жатышкан республиканын эмгек сиңирген артистери, эл аралык жана республикалык конкрустардын лауреаттары бар.

Зенона Слензак-Бегалиева бир катар республикалык конкуруларды жана фестивалдарды уюштуруп жана ийгиликтүү өткөрдү: «Жаш таланттар», «Ысык-Көлдүн Жылдыздары», мастер-класстар, «Camerata» камерных ансамблей конкурсу, «Кыргызстан – Польша: достук ырлар» конкурсу, ар жылы өткөрүүлүчү жаш аткаруучулардын эл аралык «Ars Polonia» конкурсу. Жыл сайын Польшага, Познандагы музыкалык академияга жайкы каникулга Кыргызстандан ондогон балдар барып эс алышат, жайында ар жылы Ыссык-Көлдө музыкалык зээндүү балдар үчүн Жайкы мастер-класстар өткөрүлүп турат. Кыргызстанды консерваториясынын алдында окутуучулар жана студенттер үчүн польшанын жана европанын музыкасынын Ресурстук борбору уюштурулган.

Пани Зенона олутту интернационалдык иштерди алып барат, ал «Одродзение» («Кайра жаралуу») деп аталаган польшалык маданий-агартуу бирикмесин түзүүчүсү жана председатели болуп эсептелет, «Polonus» журналынын редактору, кыргыз радиосунда «Polonia» автордук берүүсүн алып барат. Талантуу уюштуруучу Кыргызстандагы поляктардын үй-бүлөөсүнүн тарыхын изилдеп, алардын бул жерге келип калшынын себептерин казып чыккан биринчи адамдардан болуп калды.

Зенона Слензак-Бегалиеванын демилгеси менен поляк маданиятынын жана искусствосунун Кыргызстанда бир нече жолу презентациясы болуп өттү: акын Адам Мицкевичтин чыгармачылыгына арналган көрсөтмө уюштурулду, Фредерик Шопендин туулган жылына араналып «Музыкалдык көпүрө Польша – Кыргызстан» деп аталган концерттердин сериясы болуп өттү, «IL Tempo» деп алаган эски музыкалар ансамблинин концерти коюлду, Петра Салайчика и Иоанны Лаврынович деген пианисттер, Барбары Малколм деген скрипачка, Шимона Бывальца деген дирижер жана көптөгөн башка белгилүү поляк мызыканттары кырыгыз жергесине келип өнөрүн көргөзүштү. 2009-жылы ал студенттер жанан окутуучулар менен бирдикте Польша күндөрүн өткөрүүгө активдүү катышты. Ал күндөр Бишкекте гана эмес, Ошто жана Жалал-Абадда өткөрүлдү.

Польша маданиятын Кыргызстанда популяризациялоого кошкон салымы, эл аралык кызматташууга активдүү катышкандыктары үчүн Зенона жана Муратбек Бегалиев 2009-жылы Польша республикасынын тышкы иштер министирлигинин ордени менен сыйланышты. Ал эми Зенона 2012-жылдын күзүндө аны Польша жогорку сыйлык--Командарский крест Ордени менен сыйлады. 2011-жылы КРдин эмгек сиңирген артисткасы Зенона Слензак-Бегалиева Кыргызстандын мамилекеттик сыйлыгы – «Даңк» медалына татыды.

Кыргыз улуттук консерваториясынын профессору Зенона Слензак-Бегалиева азыркы күндөрү келечек муундарды, жаңы таланттарды аярлык жана дитин коюу менен тарбиялап жаткан кези.

# Эрнесто Инаркиев

## *Каисса кудайынын сүйгүнчүгү*



Россиянын чемпионатынын Жогорку лигасынын жеңуучүсү, клубдук командалар ортосундагы (2005–2006) Европанын эки ирет чемпиону, гроссмейстер Эрнесто Инаркиев Кыргызстанда тулуп өскөн. Ал үй-бүлөөсү менен 15 жашында Россияга көчүп барып жашап калышат. Бирок алар Кыргызстанды унуткан жок. 2010-жылдан бери ал кичинекей шахматистердин профессионалдык жагынан такшалып өсүп чыгышына жардам берип келет. Биздин республиканын Шахмат федерациясынын көмөгү менен ар жыл сайын мектеп окуучулары үчүн турнир уюштуруп анын сыйлык фондусуна атайы каражат бөлүп келет.

Эрнесто Казбекович Инаркиев1985-жылы Ош обулусунун Хайдаркан айлында төрөлгөн. Анын чоң атасы Гандало Инаркиев жалган жалаа менен жүздөгөн ингуштар менен бирдикте 1944-жылы Чечено-Ингуш АССРинен Казакстанга Сталиндин буйругу менен депортацияланып келинген эле. Кийин чоң атасы Чүй шаарчасына отурукташып үй-бүлөлү болот. Уулу Казбек мектепти бүткөндөн кийин инженердик кесип алуу үчүн Кыргызстандын борбору болгон Фрунзе шаарына келет. Жогорку окуу жайында окуп жүргөндө ал Татьяна деген сулуу украин кызын сүйүп калат дагы ага үйлөнөт. Институтту аякташкандан кийин эки жаш Ош обулусунун Хайдаркан айылына барып иштөөнү чечишет. Бул жерде эки балалуу болушту: Карина деген кыз жана атасынын кумири болгон куба революционери Эрнесто Че Геваранын ысымы менен аталган уулду болушту.




Эрнесто беш жашка чыкканда айылдын мектебинде биринчи класска барат. Мындан кийин үй-бүлөөсү менен Инаркиев Бишкеке көчүп келишет, 6 жаштагы Эрнесто борбордогу №31 гимназияга тапшырып окуй баштайт. Мектепте Галина Отюцкая өткөргөн шахмат боюнча сабак бар болчу. Жөндөмдүү жана тырышчаак баланы педогог дароо байкап калды, ата-энесин мектептеги шахмат секциясына берүүгө көндүрөт. Мындан кийин Эрнесто башка мектепке которулат, бирок шахматты таштаган жок, баштапкы тренери Галина жана күйөөсү Валентин анын жетекчилиги менен машыгуусун уланта берди. Шахмат искусствосуна Инаркиевди бишкектик күчтүү шахматист Владимир Магай үйрөтүп жүрдү. Ал Кыргызстандын биринчи гроссмейтери болгон Леонид Юртаевден көп нерсеге үйрөдү, тажирийба топтоду. Жалпы даярдык менен анын атасы, шахмат боюнча биринчи разряды бар Казбек Инаркиевдин жетекчилиги менен машыкты. Атасы уулуна турнирлердин жана мелдештердин алдында моралдык-психологиялык жагынан бекем колдоо көргөзүп дайыма шыгын ойготуп, таптап турганын атайы айта кетүү керек. «Сен дүйнөнүн чемпиону болгондон кийин Бишкекете Эрнесто Инаркиевдин турнирин өткөргөн күндөр деле алыс эмес» деген шыктандырган сөздөрдү көп айтаар эле. Атасы баласынын дүйнөнүн мыкты шахматист болуп чыгарына чоң ишеним артчу. Эрнесто өзүнүн башкы тренери деп эсептеген атасы Казбек азыркы кезде да алдыдагы чоң максатына жетүү үчүн колунан келген жардамын аябай келет.

11 жашында Эрнесто Инаркиев 20 жашка чейинки жаштардын Кыргызстандагы чемпионатында жеңишке жетишип өлкө спорту-



нун мастери болуп калды. Жаш шахматистин таланты менен жөндөмү 14 жашында эле эркектердин ортосундагы мелдеште Кыргызстандын чемпиондугун жеңип алууга, ошону менен бирге 1999-жылы 16 жашка чейинки жаштардын Азия чемпионатында биринчи орунду ээлөөгө мүмкүндүк берди. Бир жыл өткөндөн кийин 2000-жылы Инаркиев спорттун эл аралык мастери деген наамга татыйт. Ошентип анын спорттук карьерасын улантуу керектиги боюнча эч кимде шек саноо болбой калат. Биринчи кезекте, Эрнестонун өзүндө ишенбестик менен артка кылчактоо сезими биротоло жоголот. Атасы ага «эгер мындан ары дагы шахмат менен алектенем десең ага бүт өмүрүңдү арнашың керек болот» деп кайрылганда ал көп ойлонбостон «макулмун» деп жооп берет. Мына ошондон кийин Инаркиевдер шахматтын мекеси деп аталаган калмакттардын борбору Элистага көчүп бару чечимине келишет. Анын үстүнө Эл аралык шахмат федерациясынын президенти Кирсан Илюмжинов эки жыл мурун Инаркиевдерди Калымкияга келүүгө чакырып талантуу тестиер балага колдоо көргөзүү убадасын берген болучу. Эрнесто Илюмжинов менен 1998-жылы Элистада өткөн олимпиадада Кыргызстандын курама командасынын өкүлү катары катышканда таанышкан болчу.

Туулуп өскөн, тууган-туушкандары калып жаткан Бишкекти таштап кетүү абдан эле кыйын болду. Арийне, бул жерде профессионалдык жактан өсүн өнүгүү мүмкүндүгү чектелгенин эске алуу керек эле. Спорстмендер башка өлкөлөрдөгү мелдештерге жиберээр жибербесин, тиешелүү финасы бөлүп берер бербесин акыркы мүнөткө чейин билбей зарыгып күткөн учурлары көп болгону эле көп нерседен кабар берер. Кезектеги эл аралык мелдештерге каты-



шуу акырысы болбосун деген шектенүү аны ар дайым беймазага салып турар эле. Мындай шартта, белгилүү эмеспи, мелдештерге жакшылап даярдануу кыйын болчу. Анын үстүнө Кыргызстанда профессионалдык оюнчулар бирин экин эле эле. Бул да болсо өз терс таасирин тийгизип жатканы анык.

2000-жылы Эрнесто эжеси менен Калмыкияга көчүп келет. Алгач кыйын күндөрү эжеси Карина үчүн менеджер менен тил табышуу жана энеси менен байланышты үзбөй кабарлашып туру маселеси кырынан турду. Адегенде алардын ата-энеси ар дайым катташып, келип кетип турушчу, кийинчерээк өздөрү балдарынын артынан Элистага көчүп келишти. Шахмат шаары кыргызстандыкты бөлөк бөтөндөй көрбөй жылуу тосту десек болор. Ал адегенде эле ыңгайлуу шартка туш келди. Үй-бүлөсүнөн, үйүнөн алыска чыкпаган жаш бала үчүн мунун мааниси ченемсиз чоң болчу. Жайлуу жана меймандос эли бар шаарда 15 жаштагы шахматистин өзү сүйгөн иши менен алпурушууга эч тосоолдук болгон жок. Ал дароо эле жогорку көрсөткүчтөргө жетише баштады: 2000-жылы 16 жашка чейинки жаштардын мелдешинде Европанын чемпиону болуп калат, ал эми 2002-жылы 20 жашка чейинки жаштардын шахмат боюнча мелдешинде Россиянын чемпиондугун жеңип алат. Ушу эле жылы ал Калмыкияда эл аралык гроссмейтери деген наамга ээ болот. Эрнесто 8 жылга жакын СССР менен ФИДЕнин эмгек сиңирген тренери Марк Дворецкийдин колунда анын жетекчилигинде машыкты.

Ошондон кийин ийгиликтин артынан ийгилктер жаралды. 2004-жылы Эрнесто Инаркиев эркекетеринин арасында – чемпион, 2006-жылы Россиянын Жогорку лигасынын чемпионатынын женүүчүсү жана Россиянын чемпионатынын суперфиналында коло медалын женип алат. Мындан сырткары 2004- 2012-жылдары биздин жердешибиз «Томск-400» командасынын курамында клубдук командалардын ортосундагы чемпионаттарда беш жолу женүүчү болуп чыгат, Европанын чемпионатында эки ирет биринчи орунга татыйт, ФИДЕнин дүйнөлүк Кубогундагы мелдештерге бир нече жолу катышат. 2012-жылы Эрнесто ФИДЕнин рейтинги боюнча 2700 делинген элиттик өлчөмдү багындырды.

Эрнесто россиялык граждандыкты алганы менен кыргыз жергеси өзүнүн таланту уулу менен сыймыктанат. Шахматистин өзү жана анын үй-бүлөөсү Кыргызстанды эч унутушпай дайыма эскеришет, алар өлкөнүн келечегине да кайдигер эмес. «Кыргызстан – мен туулуп өскөн жерим, менин жашоомдогу олуттуу учур ушул өлкөдө өттү. Кыргызстанда менин тууган-тушкандарым менен досторум жашайт. Шахмат профессиясы менен Кыргызстанда башка өлкөлөрдөн айырмаланып оокат кылып кетүү кыйын экени мен үчүн оор, бирок, республиканын келечек потенциалы бар экенине терең ишенем»,-дейт Эрнесто.

Азыркы кезде Эрнесто Инаркиев Москвалык мамилекеттик социалдык университеттин аспиранты, «Расходование времени в шахматной партии» деп аталган кандидаттык диссертациясын жазып жатат, бардык күчүн шахматтык карьерага багындырган, себеп дегенде бир мезгилдеги дүйнөнүн чемпиону болу тилеги азырынча ишке аша элек эмеспи. Акырындап өз максатына жетээрине жаш спортсмен бекем ишенет. Биз дагы шахматтын кудайы Каиссанын аны такай жылоолоп колдоп жүрүүсүнө тилек кылалы.

## Үкөй Мурataлиева

*Нон-стоп режиминде*



Ким модага кызыкса же кимдин кызматы Кыргызстандагы мода индустриясы менен байланыштуу болсо ал талантуу моделер, көркөм-стилист Үкөй Мурataлиеванын ысымын билбей койбойт. Анын аты кийинки мезгилде жаштардын оозунан түшпөй келетканына өзүбүз күбөбүз. Ишин жаңы эле баштаган жаш дизайнердин жасалгалуу коллекциялары борбодук модницалар менен катардагы мусулман аялдарды суктануусунун предмети болуп кала алды десек ашкере кетпес элек. Үкөй тек гана «чечкиндүү» жана «батымдуу» кийимдерди гана тикпестен, этникалык стилдеги мусулман аялдар жактырган жапкан модалуу көйнөктөр менен бешметтерди да тигет.

Анын чыгармачылык идеясын ишке ашырууда ден соолуктарына байланыштуу мүмкүнчүлүгү чектелген (карапайым тил менен айтканда майыптар) «Назик кыз» коомдук бирикмесиндеги достору-курдаштары жардам берет. Ү.Мурataлиева ошол эле «Назик кыз» бирикмесинин башкармачылыгынын жетекчиси болуп эсептелет.

Курдаштары аны Окей деп чакырышат, сыягы ал баардыгына тең ата, ак көңүл жана жайдары мамиле кылганы үчүн ушинтип аташса керек дейсиң. Үкөйдүн бир өзгөчө мүнөзү – анын тайманбаган каармандыгы, улам жаңы идея көтөрүп туруу жагына келгенде чаалыгып чарчабастыгы, алдыга койгон максатына жетүүдөгү туруктуулугу. Үкөй саякаттаганды, жер кыдырганды жакшы көрөт. Анын пикири боюнча алдыга койгон тилек-максатынын жүзөгө

ашаарына бекем ишеним жана аракет болуш керек, ошондо гана ойлогонуң орундалбай койбойт дейт Үкөй. Бирок, бул тагдырда дайым эле анын айтканындай болуп кеткен жок. Бала кезинде церебралдык оору аны чектеп матап таштады. Мындай диагнозду врачтар Үкөй бир жашка толгонда коюшкан болчу. Кысынып кымтынууну, алдыда күтүп турган келечектен коркуу сезимин, тынымсыз кыйнаган ооруну, өзүнө болгон ишенбестикти-- баарын жеңип өтүү талап кылынып турган.

Үкөй Мураталиева 1986-жылы 26-сентябрда төрөлдү. Ал үй-бүлөөдөгү эң кенже кыз эле. Агаларыннын аттары Бакай жана Атай, ата-энелери балдарынын аттары уйкаш болсун деп кызына Үкөй деген ысым берүүнү чечишет. Айтмакчы, айтылуу Боогачы акын сүйгөнү Уулканды эркелетип Үкөй деп атаганы белгилүү. Кыз чоңойгондо «опурталдуу» диагноз менен ооруганын көрүшүп бала бакчага, андан кийин мектепке кабыл алгысы келишпейт. Бирок, энесинин туруктуу талабы,өжөрлүгү менен кадыресе балдардын окуу жайына кабыл алууга арагасыз болушат. Кичинекей кыз интеллектуалдык өнүгүү жагынан башкалардан артка калбаганы ачык эле көрүнүп турган эле. Анын үстүнө кичинекей кыз он жашка чыкканда эле жакшы ырдай билерин, ажайып сүрөт тартканга шыктуулугун көрсөткөн болчу. Бул анын келечектеги профессиясын аныктады десек болор. Үкөй келечекте моделер болууну самачу.

Мектепте окуп жүргөндө анын достору дайыма колдоо көргөзүп келишти. Окуучулар өз ара айырмачылыктары бар экенине маани беришчү эмес, бири бирин артык же кем деп эсептешкен жок. Окууну бүтүп жаткандагы уюштурулган кечеде классташтары менен эртеден кечке ажырашпай чогуу болушту. Университететте болсо бир аз башкачаараак кырдал түзүлгөнүн белгилеп кетүү керек. Студент балдар менен кыздар бири бирине жаккысы келишет эмеспи. Бул жерде сулуулуктун жалпы стандарттарына баары эле жооп берип кете алышпайт. Кезегинде мындай жагдай ар кимдин жан дүйнөсүнө өзүнүн таасирин тийгизиши мүмкүн. Айрыкча ден соолукка байланышкан кырдаалдар пайда болору

анык. Мына ошон үчүн дейт Үкөй чектелген мүмкүнчүлүгү бар жашттар жогорку жайына сейрек тапшырышат, коомдук жайларга баруудан тартынып турушат. Бирок, Үкөй кыйынчылыкка оңой эле моюн сунуп берген жок – ал өз алдынча иш жасаганды жана аракетенүүнү билген, максатына жетүү үчүн тоскоолдуктарды жеңип өтүүгө кайраты жетиштүү кыздардын бири эле.

«Художественное проектирование костюма» деген адистик боюнча И. Раззаков атындагы техникалык университеттинде окутуучулары менен курсташтары башкалардан айырмаланып турган Үкөйгө адегенде сын көз менен карап келишти. Асресе, биринчи семестрден кийин окутуучулар Мураталиевада өзгөчө жөндөмдүүлүк бар экенине күбө болушуп мамлелерин өзгөртүп ага ишеним арта башташты. Үчүнчү курста «Интербилим» жана «Институт лидерства для женщин и девушек с ограниченными возможностями» (штат Орегон, США) деген эл аралык борборлордун «Лидерлер мектебине» өтөт. Ал жерде да активдүүлүгү менен өзүн көрсөтө алды.1996-жылдан бери Үкөй мүчө болуп келеткан инвалид балдардын ата-энелери Ассоциациясы чет өлкөгө барууга жол кире чыгымдарын төлөп берүүгө жардам берет. Кыргыз Республикасындагы эл аралык кызматташуу боюнча Япон агенствосунун (JICA) жана «Интербилим» эл аралык борборунун көмоктөрү менен активистика Польша, Япония, Пакистан жана Өзүбекистанда болуп кыдырып көрдү. Эл-жер менен таанышты. Өзүнө окшогон адамдардын жашоосуна күбө болду.

Үкөй бара бара жашоо майып адамдын кайгысы менен чектелип чүнчүп кетүүдөн артык трагедия жок экенине көзү жетет. Ал мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды үйдө отуруп калбай, чөгүп кетпей, толук кандуу жашоого чакыра баштайт. Бул максатта ал ден соолугу боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн түзүлгөн борбордо башкалардын үй туткунунан кутулуу үчүн болгон күчүн жумшап жардам берүүнү негизги иши деп эсептеп бүт аркетинин баарын жумшай баштайт. Үкөйдүн демилгеси менен «Назик кыз» уюмунда чектелген мүмкүнчүлүгү бар жаштарды

компьютерде иштөөгө, чет эл тилдерин өздөштүрүүгө, ошондой эле кантип жашоодо чүнчүп отуруп калбай күрөшө билүү боюнча сабактарды өткөрүү жолго коюлду.

«Назик кыздын» ишмердигинин негизги багыттарынын бири – модалуу кийимдерди түзүү жана мода Жумалыктарына үзбөй катышу. Үкөй Мураталиева менен анын окуучуларынын коллекциялары белгилүү дизайнерлердин автордук иштеринен калышпай атаандаш болууга жарап калды десек жаңылбайбыз. Көркөм табити өнүккөн чыгармачыл кыз моделдерине ылайык келе турган бут кийимдерди, аксессуарларды жана прическаларды өзү тандайт. Анткени коллекциянын бир бүтүндүгү жана адамга калтырган таасири боюнча алардын ар биринин мааниси ченемсиз чоң.

Финансылык кыйынчылыктарды кантип жеңип чыгуу жолун Үкөй жакшы өздөштүргөн – ал грант жазат, утуп алаган учурлары көп. Атап айтсак ал жакында кийим түгүүчү машинка жана трафереттик станок боюнча грант утуп алды. 2012-жылы Мураталиеванын командасы жазгы мода жумалыгында ийгиликке жетишти. Бул жеңиштен кийин атайы «Независимая леди» деген көрсөтмө уюштурулду. Жасалгалуу кийимдерди түзүүдөн тышкары «Назик кыз» сүрөт картиналарын жазышат, кийизден тигилген буюм тайымдарды жасоону да колго алышкан.

Үкөйдүн досторунун ичинде талантуу жаштар көп – мода көрсөтмөсү ачылганда белгилүү чыгармачылык топтордун колдоо көргөзүү үчүн атайын келишкенине күбө болосуң. Анын дагы бир ысык Досу хореограф Людмила Федотова Үкөйдүн аздектеген бир тилегинин ишке ашышына, бийлегенге үйрөттү.

Үкөй Мураталиеванын жашоосу менен ишмердиги үлгү катары калгандарды да алдыга сүрөйт. Ал баардыгына кызыгат, толук кандуу жашоо өткөрүүгө кубаты жеткени талаш туудурбайт. Башкаларга жардам берүү анын анын жашоо кредосу болуп калды. Үкөй түзгөн алдыда көптөгөн пландары бар, ал максаттарынын жүзөгө ашаары күмөн-күдүктүктүк деле жаратып жибербейт.

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:

**1)** Воропаева В.А. Российские подвижники в истории культуры Кыргызстана. Вып.1. / Под ред. А.Ч. Какеева. Бишкек, 2005.

**2)** Фрунзе К.В.. Детские и юношеские годы М.В. Фрунзе // Михаил Васильевич Фрунзе. Воспоминания родных, близких соратников. – Фрунзе, 1969. – С. 6.

**3)** Фрунзе М.В. Избранные произведения. – М., 1957. – Т. I. – С. 69.

**4)** Михаил Васильевич Фрунзе. Воспоминания родных, близких, соратников. – С. 211

**5)** Фонды Дома-музея М.В. Фрунзе. Разд. 4. Инв. № 242 (н/в).

**6)** Галицкий В.Я., Плоских В.М. М.В. Фрунзе в дореволюционном Семиречье (к 100-летию со дня рождения) // В кн.: Из истории дореволюционного Киргизстана. – Фрунзе: Илим, 1985. – С. 35.

**7)** Мануйлова М.А. Большая жизнь (Ольга Максимилиановна Мануйлова) // Сборник докладов научно-практической конференции, посвященной 110-летию народного художника Киргизской ССР Мануйловой Ольги Максимилиановны. – Бишкек, 2003. – С. 40–52.

**8)** Ольга Мануйлова. Страницы воспоминаний. – Фрунзе, 1980. – С. 85.

**9)** Ольга Мануйлова. Равнодушной никогда не была // Кульбюбю Бектурганова. Дочери Земли кыргызской. – Бишкек, 2003. – С. 63.

**10)** Виноградов В. А. Малдыбаев, В. Власов и В. Фере. – М., 1958. – С. 33.

**11)** Петров А. «Алтын кыз» // Советское искусство. – 2 июля 1939

**12)** Воспоминания С.А. Чуйкова // Фаворский В.А. Воспоминания о художнике. – М., 1990. – С. 194–195.

**13)** Чуйков. С.А. Образы Индии. Записки художника. – М., 1976. – С. 226.

**14)** Молдобасанов К. Торжество музыки // Михаил Раухвергер. – С. 132.

**15)** Раухвергер М. Богатство киргизского фольклора // Советская Киргизия. – 19 июня 1942.

**16)** Раухвергер М. От пьесы к опере // Музыка, театр и дети. – М., 1977. – С. 86–87.

**17)** Карнаух Т. Композитор М.Р. Раухвергер (очерк жизни и творчества) // Михаил Раухвергер. Статьи и воспоминания. – М., 1983. – С. 10.

**18)** Из воспоминаний В.Е. Нусова // Е.Г. Писарской. Архитектор Владимир Нусов. Очерк о жизни и творчестве. – Фрунзе, 1986. – С. 5.

**19)** Писарской Е.Г. Архитектор Владимир Нусов.

**20)** Екатерина Белинченко Константин Юдахин - наш легендарный филолог //«Комсомольская правда в Кыргызстане». Бишкек. 21 июля 2006.

**21)** Алексеев. Максим Аммосов. Кыргызстан. Трагические дни/ Егор Егорович Алексеев // «Илин». 1997. № 1-2

**22)** Центральный Государственный архив Кыргызской Республики: фонд 149, дело 1407.

**23)** Центральный Государственный архив кинофотофонодокументов Кыргызской Республики. Ласло Месарош.

**24)** А.Тузов. Исчезновение революционного скульптора // «Вечерний Бишкек». 6 декабря 1999 года N 236 (7392).

**25)** Официальный сайт Кыргызского национального ордена В.И.Ленина академический театр оперы и балета имени Абдыласа Малдыбаева\ Елена Мягкова http://www.operaballet.lg.kg/october.php

**26)** Михаил Корсунский «МСН» //Он был и остается первым. 20 декабря 2005.

**27)** Е. Романенко\ Сто памятных дат. Художественный календарь на 1987 год. М.: Советский художник, 1986.

**28)** Сайт студия Егора Чернорукова\ Гапар Айтиев – аксакал киргизской живописи. http://www.chernorukov.ru/articles/?article=418

**29)** Анастасия Карелина. Прощай, королева–бессребреница! // «Вечерний Бишкек», 26февраля 2010 года. №34 (9949) -

**30)** Анастасия Карелина. Утрите слезы, королева! // «Вечерний Бишкек», 5 мая 2006 года. №82 (9006).

31) Оксана Семеняк. Свет уходящей звезды // «Вечерний Бишкек» 13 декабря 2001 года. N241 (7913).

32) Нурия Шагапова, сайт Новая литература Кыргызстана \Свет немеркнущей звезды 2010 http://literatura.kg/articles/?aid=977

33) Уразгильдеев Роберт. Бибисара Бейшеналиева. Изд. 2-е, доп. – Фрунзе: Кыргызстан, 1974. – 124 с.

34) В.Джаманкулова. Проект AKIpress: «Люди Кыргызстана. Личная история» http://www.akipress.org/_htm/brudnyi.htm

35) Сайт, посвящённый памяти Толомуша Океева http://okeyev.kg

36) Гульбара Толомушова, Памяти Толомуша Океева «Кинофорум» №1, 2002г.

37) Дядюченко Л. Б., Толомуш Океев. Бишкек, Издательство "ЖЗЛК", 2005.

38) Сайт, посвященный памяти Суйменкула Чокморова http://chokmorov.kg/

39) Всегда верен себе. http://www.actorskino.ru/domesticactors/26-sujmenkul-chokmorov-vsegda-veren-sebe.html

40) В.И. Фуртичев. Суйменкул Чокморов. Фрунзе,1981г.

41) Э. Лындина. Суйменкул Чокморов. Москва,1985г.

42) А. Секимов. "Жизнь в искусстве" / Экран, 1992г. № 2 с 6.

43) Тимирбаев В. Р. Мирсаид Миррахимов. Бишкек. Издательство «ЖЗЛК», 2009.

44) Сайт http://el.kg Герои Советского Союза – кыргызстанцы

45) Али Аскеров. Автор блога «Танцы народов Кавказа». Махмуд Эсамбаев – гений, которому покорились все танцы народов мира http://tanci-kavkaza.ru/maxmud-esambaev-genij-tancealnogo-iskusstva/

46) Анастасия Карелина. Смешливый гений танца //«Вечерний Бишкек». 16 июля 2004 года. №130 (8557).

47) Ли Герон. И к 80-летию будоражит национальный дух!/ Ли Г. Бишкек.: Салам, 2012. – 5 с.

48) Ли Г.Н. Корейцы в Кыргызстане (Истории в лицах, обряды, обычаи и статьи)/ Ли Г.Н. - Бишкек: Салам, 1998. – 13 с.

**49)** Ли Герон. Увлечение национальным духом. )/ Ли Г.Н. - Бишкек.: Салам,:2010. – 223 с.

**50)** Бенлиян А. Татарская свадьба гречанки/ Бенлиян А.//Вечерний Бишкек. – 25 января 2008. - №12.

**51)** Ходыкина А. Новые мифы Древней Греции/ Ходыкина А. .// Вечерний Бишкек. – 15 декабря 2009. - №236.

**52)** Макеева Ф. С думой о народе/ Макеева Фатима. – Бишкек: «Бийиктик плюс», 2012. – 10 с.

**53)** Раимжанов А. Эргашев А. – Улуулар санжыраса - урпактар казынасы. Мезгил. Ру х. Эс татым/ Раимжанов А. Эргашев А. – Бишкек.: «Бийиктик плюс», 2012. – 40 с.

**54)** Кузнецов А.Г. Творцы и интерпретаторы. Очерки о киргизских музыкантах. – Бишкек: Изд-во КРСУ, 2009. – 343 с. Тираж 100 экз.

**55)** Бектурганова К.А. Дочери земли кыргызской. – Б.: «Бийиктик», 2007. — 234 с.

**56)** Википедия. Свободная энциклопедия. Видугирис, Альгимантас Стасевич.

**57)** Кино-Театр.ru Главная / Советские режиссеры / В / Альгимантас Видугирис / биография http://www.kino-teatr.ru/kino/director/sov/42492/bio/

**58)** Вехи истории уголовного розыска: сборник очерков, архивных аргументов, мемуаров. – Бишкек: Турар, 2008. – 172 с.

**59)** Сатыбеков Э. Мастер сыска/Сатыбеков Э.//Дело №. – 27 января 1999 - №4.

КАТТАШУУ МААЛЫМАТТАРЫ:

«Интербилим» борбору

Кыргызская Республикасы, Бишкек, Раззаков көч. 16/2.

Телефондор: (996312)-300-284, 300-284, 300-455.

Электрондук почтасы: interbilim@gmail.com,

Вебсайт: www.interbilim.org.kg

Кыргызстан, Бишкек
2013